Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КЫРГЫЗ ТИЛИ 10

Жалпы орто билим берүүчү мектептеринин
10-классы үчүн окуу китеби

Жаңы басылым

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги тарабынан басууга сунушталган*

ТАШКЕНТ – 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УЎК 811.512.154(075.3)
КБК 81.2(5Қир)я72
У 69

**Ш. Уринбаева, Г. Шерматова**

*Пикир жазгандар:*

**М. Темирова** – Андижан мамлекеттик университетинин Кыргыз тили жана адабияты багытынын филология илимдери боюнча философия доктору (PhD), доцент.

**Г. Маматхалилова** – Андижан облусунун Жалакудук районундагы 29-жалпы орто билим берүүчү мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими.

**М. Каламбекова** – Андижан облусунун Коргонтөбө районундагы 29-жалпы орто билим берүүчү мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими.

**Х. Усманов** – Ташкент облусунун Паркент районундагы 33-жалпы орто билим берүүчү мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими.

Оригинал макет “O‘zbekiston” басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө даярдалды.

Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.

ISBN 978-9943-8457-9-4

Республикалык билим берүү борбору, 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БЕТ АЧАР

Урматтуу балдар, буга чейинки класстарда кыргыз тилиңен алган билимиңерди дагы кеңейтүү жана тереңдетүү негизги милдеттерди түзөт.

Тил адамзаттын тажрыйбасындагы жетишкендиктеринин бардыгын өзүндө сактап, аларды улам кийинки муундарга жеткирип турат. Коом өнүккөн сайын тил дагы байып, толукталып отурат. Анын саясий жана социалдык кызматын түшүнүү менен эртеңки келечектин ээси жана атуулу катары мыкты өздөштүргөн маданиятыңар аркылуу өзүңөрдүн ишкердүүлүгүңөрдү көрсөтүүгө жетишесиңер.

Колуңардагы 10-класстын «Кыргыз тили» окуу китеби аркылуу коммуникативдик билгичтикти өстүрүү менен өз алдынча сүйлөй билүүгө, ой жүгүртүүнү өстүрүүгө жана зарыл болгон учурда кыргыз тилин сабаттуу колдоно билүүнү камсыз кылып, предметтик билим берилет.

Кыргыз тилинин практикалык багытын күчөтүү максатында , кептик ишмердүүлүктү байытуу үчүн кептин функционалдык түрлөрү, тексттер менен иштөө, аларга карата тил каражаттарын туура тандай билүү маалыматтары кеңири камтылды.

Окуу китебинде сунуш кылынган тексттер, кыргыз жана боордош элдердин акын -жазуучуларынын чыгармаларынан мисалдар, макал-лакаптар, күндөлүк турмушта колдонулуп жүргөн факты-материалдар, иш кагаздар фонетикалык, лексикалык, грамматикалык формаларды туура колдонуу аркылуу ой-пикирди билдирүүгө үйрөтөт. Алар – окуучуларды сабаттуу, логикалык жактан мазмундуу кеп ишмердүүлүгүнө (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) ээ кылат. Алар аркылуу окуучулардын сөз байлыгын байытып, айтыла турган ойду байланыштуу берүү көндүмдөрүн калыптандырса болот.Ошондой эле тексттер, дидактикалык, таанып-билүүчүлүк, үйрөтүүчү, өнүктүрүүчүлүк милдеттерди да кошо камтыйт.

Окуу китебине ар түрдүү булактардан алынган тексттер киргизилген. Мааниси жагынан элибиздин маданияты, жаратылыш байлыктары, тарыхы, белгилүү адамдары жөнүндө, кесиптик терминологиясы жана башка ар түрдүү темаларды камтыйт.

Урматтуу балдар, силердин ийгилигиңер окуудагы тырышчаактыгыңардан, каалооңордон жана тилге болгон мамилеңерден, издене билгениңерден байкалат. Окуу жылында ийгилик, жеңиштер жана жетишкендиктер арбын болсун!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МАЗМУНУ


**1 БӨЛҮМ**
**СҮЙҮҮ ДЕГЕН ЭМНЕ?**

1-СААТ**. СҮЙҮҮ – БУЛ ЧОҢ КҮЧ** 8

2-СААТ**. МЕКЕНДИ СҮЙҮҮ** 14

3-СААТ. **ЭНЕНИН СҮЙҮҮСҮ** 18

4-СААТ. **БАЙЛЫК, ИЙГИЛИК, СҮЙҮҮ** 21

5-СААТ. **ЭМГЕКТИ СҮЙҮҮ – ИЙГИЛИККЕ КАРАЙ ЖОЛ** 24

**II БӨЛҮМ**
**КООМДУН БИР БӨЛҮГҮМҮН**

1-СААТ. **КООМ ЖАНА АДАМ** 30

2-СААТ. **УЛУТТУК САЛТ ЖАНА БААЛУУЛУКТАР** 34

3-СААТ**. КААДА САЛТТАР** 38

4-СААТ**. ӨЗБЕКСТАНДА ЖАШАГАН ЭТНИКАЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫН КААДА-САЛТТАРЫ** 40

5-СААТ**. РАСМИЙ ИШ КАГАЗДАРЫ** 45

**III БӨЛҮМ**
**УКУКТАН БУРЧКА ЧЕЙИН**

1-СААТ. **УКУК БОЮНЧА ДАТАЛУУ КҮНДӨРДҮН КАЛЕНДАРЫ** 49

2-СААТ. **23-АПРЕЛЬ – БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК КИТЕП ЖАНА АВТОРДУК УКУК КҮНҮ** 55

3-СААТ. **АДАМ УКУКТАРЫ** 60

4-СААТ. **АДАМДЫН ЖЕКЕ УКУКТАРЫ** 63




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**IV БӨЛҮМ**
**МЕН ЖАНА БАШКАЛАР**

1-СААТ. **«МЕН» ДЕГЕН ЖАҢЫРЫК** 67

2-СААТ. **КИМГЕ КАНДАЙ МАМИЛЕ КЫЛУУ КЕРЕК?** 70

3-СААТ. **КИМ КАНДАЙ АДАМ?** 74

**V БӨЛҮМ**
**ПСИХОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯ**

1-СААТ. **ӨЗҮНӨ ИШЕНИМ — УКМУШТУУ КҮЧ** 80

2-СААТ. **ЧЫНЧЫЛДЫК ДЕГЕН ЭМНЕ:** 84

3-СААТ. **«ДАРОО МӨМӨ БЕРЕ БАШТАГАН КӨЧӨТ»** 88

4-СААТ. **ТАМЫРЫ ТЕРЕҢ ЖАМАН ЖОСУНДАР** 91

**VI БӨЛҮМ**
**ТИЛ БАЙЛЫГЫ – ЭЛ БАЙЛЫГЫ**

1-СААТ. **ӨНӨР АЛДЫ КЫЗЫЛ ТИЛ** 97

2-СААТ. **ЧЕЧЕН СӨЗ – СҮЙЛӨӨ ӨНӨРҮНҮН ТУУ ЧОКУСУ** 101

3-СААТ. **«БАШКА БАЛЭЭ КАЙДАН КЕЛЕТ?** 105

**VII БӨЛҮМ**
**ИЛИМ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАР**

1-СААТ**. НОБЕЛЬ СЫЙЛЫГЫ** 112

2-СААТ. **СЫЙЛЫКТЫН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ** 116

3-СААТ. **НОБЕЛЬ СЫЙЛЫГЫ: ФИЗИКА СЫЙЛЫГЫ КЛИМАТТЫК ӨЗГӨРҮҮНҮ БОЖОМОЛДОО АРАКЕТИНЕ БЕРИЛДИ** 121

4-СААТ. **СИЛИКОН ӨРӨӨНҮ – ДҮЙНӨЛҮК ДЕНГЭЭЛИНДЕГИ IT ТЕХНОЛОГИЯНЫН БЕШИГИ** 127



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

5-СААТ. **ИЙГИЛИКТИН АЧКЫЧЫ ЭМНЕДЕ?** 131

6-СААТ. **СЫЙКЫРДУУ МАМЛЕКЕТ** 135

**VIII БӨЛҮМ**
**БАЙ БОЛСОМ**

1-СААТ. **БАЙЛЫК ДЕГЕН ЭМНЕ?** 140

2-СААТ. **МИЛЛИАРДЕРДИН БЕРЕШЕНДИГИ** 143

3-СААТ. **ЧЫНЫГЫ БАЙЛЫК ДЕГЕН ЭМНЕ?** 146

4–5-СААТ. **ИЛОН МАСК ДҮЙНӨНҮН ЭҢ БАЙ АДАМЫ: ЖАШООДОГУ АНЫН НЕГИЗГИ АЛТЫ ПРИНЦИБИ** 149

**IX БӨЛҮМ**
**КИНО ИСКУССТВОСУ**

1-СААТ. **КИНО ИСКУССТВОСУ** 157

2-СААТ. **С. ЧОКМОРОВ – АКТЁ ЖАНА СҮРӨТЧҮ** 162

3-СААТ. **«СУЛУУ КЫЗСЫҢБЫ?»** 165

4-СААТ. **ТЕМИР АЯЛ** 169

5-СААТ. **КИНО ЖАНА АДАБИЯТ** 173

**X БӨЛҮМ**
**ТАБИЯТ ЖАНА ИНСАН**

1-СААТ. **ТАБИЯТ ЖАНА БИЗ** 179

2-СААТ. **ТАБИЯТТЫ КОРГОО – АР БИРИБИЗДИН МИЛДЕТИБИЗ** 185

3-СААТ. **ГЛОБАЛДЫК КӨЙГӨЙЛӨР** 189

4-СААТ. **КОЖОЖАШ МЕРГЕН БАЯНЫ** 193

**ЖЫЛ БОЮНЧА ӨТҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО** 199



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






# 1 БӨЛҮМ

## СҮЙҮҮ ДЕГЕН ЭМНЕ?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 1-СААТ

## СҮЙҮҮ – БУЛ ЧОҢ КҮЧ

1. Сүйүү деген эмне?
2. Бул сезимди ар кимиси ар кандай түшүнөт деп айтууга болобу?
3. «Махабат» кандай болот, ал эмнеден турат, башка сезимдерден эмнеси менен айырмаланат, зыян келтириши мүмкүнбү?
4. Эң башкысы «ыйык» сезимди кантип табуу керек?

Сүйүү — адам баласына таандык болгон сезим, терең байлануу жана башка адамга же объектке умтулуу, терең жактыруу сезими. Сүйүү деген эмне, анын аныктамасын ар түрдүү көз караште караса болот — философиялык, диний, психологиялык, ал гана эмес медициналык. Ага сuктанышат, шыктанышат, аздектейт, ардактайт, ырларды, сүрөттөрдү, музыканы, жашоонун өзүн арнашат. Бул темага абдан чоң дил баян, доклад жазса да болот.

Бекеринен В.А. Сухомлинский: «Сүйүү деген – бул бири-бирине кароо эмес, бир багытта кароо» дебесе керек.

Сүйүүнүн негизги принциптери: бири-бирин урматтоо, **боорукердик, мээримдүүлүк**, тарбиялуулук, сылыктык, **ак ниеттүүлүк**, тартиптүүлүк ж.б. жакшы сапаттар.

Сүйүүнүн максаттары: **турмуш жолун бирге басып өтүү**, балдарды тарбиялоо, бири-бирин бактылуу кылуу, **кыйын учурда бири-бирине жардам берүү**, **жашоонун кыйынчылыктарын** да, **кубанычын да тең бөлүшүү**, улгайганда бири-бирин колдоо.

Сүйүүнүн «достору», б.а. сүйүү өчпөй, узакка жашашы үчүн жардам бере турган сапаттар: ак көңүлдүк, токтоолук, **кең пейилдүүлүк**, **сабырдуулук**, **чыдамдуулук,** кубаныч, тынчтык, **бири-бирине ишенүү**, марттык, үмүт, кечиримдүүлүк.

Сүйүүнүн негизги душмандары: ачууланууу, жек көрүү, заар тил, **оройлук,** уруш- жаңжал, **чыр-чатак**, аракечтик, наркомания, тамеки тартуу, жокчулук, кечирбестик, **айыптоо**, кыжырдануу, калп айтуу, көктүк, таарыныч, адепсиздик, чыдамсыздык, **текебердик,** ичи тардык, **наадандык**, көңүл калуу, кайгы-капа, **өзүмчүлдүк**, каардануу, адилетсиздик, кызганчаактык.

Сүйгөндү билген адам сүйгөн сайын канчалык аз сүйгөндүгүн байкай алат. Дагы да көп сый-урмат көрсөтүү, сүйүү үчүн сезимдер дүйнөсүн байы-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



тууга, жакшы жакка өзгөрүүгө аракеттенет. Сүйгөн сайын толеранттуу болууну үйрөнөт жана башкаларга үйрөтөт. Үйрөнгөн сайын маалыматы көбөйөт. Маалыматы көбөйгөн сайын канчалык аз билгендиги, башкача айтканда, билбеген нерселеринин канчалык көп экендигин аңдай алат. Мындан улам дагы да көп маалымат жана сүйүүгө ээ болуу үчүн, күн-түн дебестен аракеттенет.

Эгер бүткүл адамзаттын руханий дүйнөсү бай, таза, сүйүктүү, урматтуу болгон болсо, чечилбеген көйгөй да болбойт эле. Жарыктык болгон жерде караңгылык болбогондой, достук бар жерде душмандык болбогондой, сүйүү менен курчалган адам бар жерде бардык жамандыктар, ыпластыктар да **түп тамырынан жок болот**. Жеке адам үчүн болсун, жалпы коом үчүн болсун руханий тазалыктын зарылчылдыгын сөз менен айтып түшүндүрүүгө болбойт. Негизгиси төмөндөгү суроолорго туура жооп берүүдө.

### Руханий ыраатуулук жана тазалык кандай калыптанат?

Сүйүү шамы кандай жанат? Башкача айтканда сырткы дүйнөсүн көрктөндүрө алган адам, ички дүйнөсүн көрктөндүрө алабы?

Ооба... Адам ички дүйнөсүн көрктөндүрө алат. Сүйүктүү адам болуп, өзүнө жана айлана-чөйрөсүнө бейкуттук жана бактылуулук тартуулай алат.

### Сүйүү – бул бөлүшүү

Адамдардын кайгысын, көйгөйлөрүн, кубанычын, жакшылыгын аны менен тең бөлүшүү – сүйүүдөн да маанилүү иш.

### Сүйүү – бул сабырдуулук

Сүйүү – бул сабырдуулук. Сүйүү сабырдуулукту жаратат. Сабырсыз, корс адам сүйүүсүнөн куру калат.

### Сүйүү – бул чоң күч

Сүйүү – бул чоң күч экендиги убакыт өткөн сайын дагы да түшүнүүдө. Акча, мал-мүлк, күч жана бийлик адамдарды бактылуу кыла албайт. Тескерисинче, өзүмчүлдүккө түртөт. Адамдар ортосунда душмандыкты жаратат.

Адамдарды бири-бирине жардамда шууну жайылткан, биргеликте ынтымакта жашоону үйрөткөн күч – бул сүйүү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Сүйүүнүн өтө чоң бир күч болгондугу, заман өткөн сайын дагы да жакшы билинип жатат. Акча, мал-мүлк, күч жана аброй инсандардын бактылуу болууларына жетиштүү болгон эмес. Тескерисинче, инсандардын өзүмчүлдүк сезимдерин козгоп, бөлүнүп жарылууга жана душмандык кылууларына жол ачкан. Инсандарды бири-бирине байланыштырып турган, жардамдашууну арттырган, бөлүшүп жана биримдикте жашоону үйрөткөн күч – сүйүү. Сүйүү азайган жерде кек сактоо, ичи тардык, амалкөйлүк, душмандык жана баш көтөрүү ортого чыгат. Бүгүнкү күндө эң көп наараазычылык туудурган тема так ушул эмеспи? Сүйүү толо бир жылмаюудан, мээримдүү көз караштан, жылуу сөздөн таасирдүүрөөк, дагы да күчтүү эмне болушу мүмкүн? Бүгүнкү күндө инсандар **«көп нерсени колго киргизгендигине**» кубанбастан, тескерисинче «сүйүүнү» жоготкондугунан улам капаланууда. Албетте сүйүүнүн эң жакшысы, тазасы жана эң узун өмүрлүүсү, эч бир пайда көздөлбөгөн сүйүү болуп саналат. Бокс боюнча дүйнөлүк чемпион Мухаммед Али Клейиндин төмөндөгү аныктамасы да темабызга мисал боло алат: «Чемпион болгон убагымда, эски шымымды кийип, эски шапка кийип, сакал коюп мени эч ким тааныбаган бир шаарчага барып айланам жана мени бир гана мен болгонум үчүн, башкача айтканда турган **турпатым боюнча сүйгөн бир инсан** тапканга чейин бул ишимди улантам. Тапканымда болсо, 250 миң долларлык үйүмө алып барам. Машиналарымды жана жамгыр жааганда колдонгон жогору жагы тосулган бакчамды көрсөтүп, ага баары сеники, себеби сен мени мен болгондугум үчүн сүйөсүң деп айтамын».

### СҮЙҮҮ ДЕГЕН ЭМНЕ? КАНТИП ТАБЫЛАТ ЖАНА КАНДАЙ КОЛДОНУЛАТ?

| | |
|---|---|
| 1. Сүйүү бир казына, киреше жана күч. ↔ | Бул күчтү колдонгон адам коомдун эң байы. Ушундай бай инсан болууну каалайсызбы? |
| 2. Чыныгы сүйүү, эч кандай пайда көздөлбөгөн таза жана дурус. ↔ | Канчалык коруган сайын азаят. Ал эми канчалык колдонулса көбөйөт. |
| 3. Жүрөктү жарытып туруучу бул сүйүү. ↔ | Сүйүүсү түгөнгөн бир жүрөк менен жолго чыккан болсоңуз ар кайсы куштарга жем болосуз. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



| | |
|---|---|
| 4. Эне тилиңизден башка бир тилди үйрөнүүнү каалап жатсаңыз. | Алгач жүрөктөрду бири-бирин байланыштырган универсалдуу сүйүү тилин үйрөнүңүз. |
| 5. Аябай сүйкүмдүү болууну каалап жатсаңыз, | Алгач өзүңүз да өтө күчтүү сүйө билүүңүз зарыл. |
| 6. Душманыңызды да сүйө билүүңүз зарыл. | Себеби сиздин кемчиликтериңизди бир гана алар ачык айта алышат. |

## ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

**Тапшырма 1.** Текстти окуп чыгып, төмөнкү маалыматтар боюнча өз пикириңерди билдиргиле.

| Маалыматтар | Менин пикиримче... |
|---|---|
| Сүйүүнүн түрлөрү | |
| Чын сүйүү эмнеге негизделиши керек | |
| Сүйүүнүн негизги принциптери | |
| Сүйүүнүн максаттары | |
| Сүйүүнүн достору | |
| Сүйүүнүн негизги душмандары | |
| Сүйүүнүн тилин билесизби? | |
| Сүйүүнүн мүнөздөмөлөрү | |

## ПРАКТИКАЛЫК ИШ

**Тапшырма 2.** Төмөнкү сөз жана сөз айкаштарын катыштырып, «Мен баалаган сүйүү» деген темада эссе жазгыла.

Сүйүү күчү — Эмнеге? — Чоң бакыт — сабырдуулук — Эң жакшы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



бактылуу — Менин тандоом — умтулуу — келечекте

## СӨЗДӨРДҮ ТАЛДОО

**Тапшырма 3.** Текстте ажыратылып көрсөтүлгөн сөздөрдүн маанисин чечмелеп түшүндүрүп бергиле

## АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ

### ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТ СУРООЛОРУ

**1-суроо** **Сырткы дүйнөсүн көрктөндүрө алган адам кантип ички дүйнөсүн көрктөндүрө алат?**

- **А** Сүйүктүү адам болуп, өзүнө жана айлана-чөйрөсүнө бейкуттук жана бактылуулук тартуулай алуу менен
- **Б** Айлана-чөйрөдөгүлөргө жакшы мамиле жасап, өз иштерин үлгү кылуу максаты менен
- **В** Жакшы көрүү сезимин билдирүү, өзүнө жаккан досторун тартуу менен
- **Г** Сүйгөн адамдарынын ички дүйнөсүн түшүнбөстүгү менен

**2-суроо** **Бокс боюнча дүйнөлүк чемпион Мухаммед Али Клейиндин сүйүүнүн эң тазасы, эң жакшысы жана эң өмүрлүүсү деп берген аныктамасы кайсы катарда туура берилген?**

- **А** Эч бир пайда көздөлбөгөн сүйүүнү
- **Б** Өзүн гана кадырлаган сүйүүнү
- **В** Мекенине, эли-жерине болгон сүйүүнү
- **Г** Үй-бүлөсүнө, өнөрүнө болгон сүйүүнү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

Эки же андан ашык жөнөкөй сүйлөмдөрдөн түзүлүп, бирдиктүү татаал ойду билдирсе татаал сүйлөм деп аталат.

**Тапшырма 4.** Төмөнкү берилген татаал сүйлөмдөрдү тексттен толуктагыла.

**Изден**

1. Сүйгөн сайын толеранттуу болууну үйрөнөт ______________________________________________.
2. Мындан улам дагы да көп маалымат жана сүйүүгө ээ болуу үчүн, ______________________________________________
3. ______________________ чечилбеген көйгөй да болбойт эле.
4. Тескерисинче, инсандардын өзүмчүлдүк сезимдерин козгоп, ______________________________________________.
5. ________ тескерисинче, «сүйүүнү» жоготкондугунан улам капалануда.
6. Тапканымда болсо, ______________________________________________.

**Баш катыр**

**Тапшырма 5.** Текстти окуп чыгып, биринчи жана экинчи абзацтардан татаал сүйлөмдөрдү аныктагыла жана аларды түрлөргө ажыраткыла. Татаал сүйлөм составындагы зат атооч сөздөрдү аныктап, алардын жалпы морфологиялык жана синтаксистик белгилерин төмөнкү таблицаны толтурууга аракеттенгиле.

| Зат атооч | Уңгусу | Мүчөсү | Морфологиялык белгиси | Синтаксистик кызматы |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |



**Чечен сөз топтому**

**Барар жер, басар тоосу жок.** Үмүт кылар, бел байлар, ишенер эч нерсе жок. Канчалык ойлонсом да жолум туюк.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 2-СААТ

### МЕКЕНДИ СҮЙҮҮ

Хилтон мейманканасы



Жер үчүн өз ара талаш-тартыш, согуш болуп, бирин-бири басып алып турган учур эле. Күчтүү армиясы менен башка элге чабуул коюуга даярданган генерал жоокерлерине «тил» кармап келүүгө буйрук берет. Жоокерлер ал жерде жашаган бир чабанды кармап келишип, андан жол көргөзүп берүүнү талап кылышат. Чабан жол көргөзүүдөн баш тартат. Аны алтын беребиз деп алдап да, коркутуп да көрүшөт. Бирок чабан: «Кудай мени мындай кыянатчылыктан сактасын. Мен эч качан мекениме чыккынчылык кылбайм. Мекенимди, туулган жеримди, өз элимди сатпайм!» – деп бекем турат. Бул убакта генерал келип, анын жол көрсөтпөйм дегенине катуу ачууланат. Себеби, чабуул ал күндөн калса пландын баары ойрон болмок. Ошондо генерал чабанга: «Же бизге жол көргөзөсүң, же сени атып салабыз!» – дейт. Анда чабан тартынбай: «Журтуна кыянаттык кылган киши катары тирүү жүргүчө, өлгөнүм миң эсе артык», – дептир. Генерал анын туруктуулугуна таң калып, мекенин сүйгөнүнө баа берип, жөнөкөй чабаны ушундай болсо, баатырлары кандай болду экен деп ойлоп, «Сени кечирдим, азамат жигит экенсиң! Жолду өзүбүз табарбыз, кайратыңдан жазба! Сени тарбиялаган ата-энең, элиң мыкты экен», – деп чабанды бошотуп жиберет.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**МЭЭ ЧАБУУЛУ** ТЕКСТ БОЮНЧА СУРООЛОРГО ЖООП БЕРГИЛЕ

1. Генерал кандай буйрук берди?
2. Чабан эмне себептен алардын шартын аткарган жок?
3. Душмандар эмнеге таң калды?
4. Чабанды эмне үчүн бошотуп жиберди?
5. Мекенди сүйүү дегенди кандай түшүнөсүңөр?

**АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ** ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТ СУРООЛОРУ

**1-суроо** **Текстте «Тил» деген сөз кандай маанини туюндурат?**

А Сүйүктүү адам болуп, өзүнө жана айлана-чөйрөсүнө бейкуттук жана бактылуулук тартуулай алуу менен

Б Душман тарабынан алып келген туткун деган мааниде адамдын тили деген мааниде

В башка элдердин тилин үйрөнүү деген мааниде

Г Чыккынчылык кылган адам деген мааниде

**2-суроо** **Тексттин мазмунунан кандай тыянак чыгарууга болот?**

А Мекенине кыянат кылбоо, Ата Журтун баарынан жогору коюу

Б Жети ойлоп, бир кес

В Адамдын баатырдыгын кадырлоо

Г Ата-эненин тарбиясын кадырлоо



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



| Сүйлөмдөр | Сөздөр |
|---|---|
| 1. Жоокерлер ал жерде жашаган бир ... кармап келишип, андан жол көргөзүп берүүнү талап кылышат.<br>2. Мен эч качан мекениме .... кылбайм.<br>3. Ошондо генерал чабанга: «Же бизге ... көргөзөсүң, же сени атып салабыз!» – дейт.<br>4. Анда чабан тартынбай: «Журтуна ... кылган киши катары тирүү жүргүчө, ... миң эсе артык», – дептир.<br>5. Сени тарбиялаган ата-энең, элиң .... экен», – деп чабанды ... жиберет. | Жол, мыкты, чабанды, бошотуп өлгөнүм, чыккыкчылык, кыянат. |

Сөздөрдү тиешелүү жерге коюп, сүйлөмдөрдү толуктагыла. Сүйлөмдөрдөгү ойду өз сөзүңөр менен айтып бергиле.

**Изден**

Чабанга мүнөздөмө бергиле

1. Чабан – ал ........адам.

2. Чабан – акылдуу, анткени.....

3. Чабан – журтуна кыянаттык кылган киши катары тирүү жүргүчө,......

4. Чабан – ...... жогору койгон адам.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

Составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр бири-бири менен багынбастан тең укукта байланышса, тең байланыштагы татаал сүйлөм деп аталат.

### Топтук ыкма

**Тапшырма 6.** Текстти окуп чыгып, тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү аныктагыла. Эки топко бөлүнүп, төмөнкү тапшырманы аткаргыла.

**1- топко:**

Байламталуу тең байланыштагы татаал сүйлөмдү көчүрүп жазып талдагыла.

**2-топко:**

Байламтасыз тең байланыштагы татаал сүйлөмдү көчүрүп жазып талдагыла

**Кичи топтордо иштөө**

**Тапшырма 7.** Тексттеги тең байланыштагы татаал сүйлөмдөрдүн составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн төмөнкү таблица боюча синтаксистик белгилерин аныктагыла.

| Сүйлөмдөр | Ээ | Баяндооч | Аныктооч | Толуктооч | Бышыктооч |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |



**Чечен сөз топтому**

**Адалдан түгү жок.** Колунда малы жок, кедей, жарды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 3-СААТ

## ЭНЕНИН СҮЙҮҮСҮ

Күндөрдүн биринде сыртта ойноп жүргөн балдар жарыша апасынын жанына чуркап келишет. Алардын **талашкан бир маселеси** бар эле: апасы кимисин баарынан жакшы көрөт?

Алардын талашын уккан апасы унчукпастан бир шамды алып, аны күйгүзүп коёт да, балдарына кайрылат: Мына **бул шам – мен**. Ал эми анын жарыгы – менин **силерге болгон сүйүүм.**

Жарык баарыңарга бирдей тийип жатабы? Балдары бир ооздон «ооба» деп жооп беришет. Андан кийин апасы биринчи шамдын экинчи шамды күйгүзүп, тун уулуна берет. Эми менин **шамымдын жалыны кемидиби** деп сураганда, балдары бир ооздон «жок» деп жооп беришет.

Ошентип, ал ар бир баласына бирден шам күйгүзүп берсе да кемибей, эненин колундагы шам ошол бойдон балдарынын **баарына бирдей жарык** чачып турат. «Мен алгач улуу агаңарга мээрим төгүп, **сүйүүмдөн бөлүштүм**. Менин сүйүүм ошол күйгөн шам сыяктуу андан кемип калбайт. Мен силердин баарыңарды жакшы көрөм, анткени силер **менин балдарымсыңар**», – деди апасы.

## МЭЭ ЧАБУУЛУ

**Тапшырма 1.** Тексттеги маалымат менен таанышкыла жана төмөнкү суроолорго жооп тапкыла.

1. Балдардын талашы эмнеде эле?

2. Эне өз сүйүүсүн балдарына кантип түшүндүрдү?

3. Эненин сүйүүсү балдарына бөлүнгөндөн кемидиби?

4. Өз энеңердин силерге болгон сүйүүсүн айтып бергиле.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**СҮРӨТТӨР МЕНЕН ИШТӨӨ**

**Тапшырма 2.** Төмөнкү берилген сүрөттөр боюнча «Мен эмне үчүн бактылуумун» деген темада презентация даярдагыла.







**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

Төмөнкү берилген макалдар жөнүндө өз пикириңерди түшүндүрүп, кыскача текст түзгүлө.

**Эненин сүйүүсү**

- Ата асмандагы ай, эне – нурун чачкан күн.
- Эне – касиеттүү от
- Эне – сүйүүсү баарынан улуу
- Эне мээрими балага нур
- Баланын бактысы – ата-эне.
- Эне мээрими баарынан жылуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ**

Составындагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн бири экинчисине багыныңкы абалда байланышса, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм деп аталат.

**Тапшырма 3.** Текстти окуп чыгып, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөрдү тапкыла жана алардын составындагы жөнөкөй сүйлөмдөр кандай жол аркылуу байланышкандыгын түшүндүрүп бергиле.

| Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөр | Кандай жол аркылуу байланышты? |
|---|---|
| | |
| | |
| | |
| | |

**Сөздөрдү талдоо**

**Тапшырма 4.** Текстте ажыратылып көрсөтүлгөн сөз айкаштарынын маанисин чечмелеп бергиле. Бул ажыратылган сөз айкаштарынын кайсы бири силерге башкача таасир этти?

*Талашкан бир маселеси, бул шам – мен, силерге болгон сүйүүм, шамымдын жалыны кемидиби, баарына бирдей жарык, сүйүүмдөн бөлүштүм, силер менин балдарымсыңар*

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма 5.** Тексттеги татаал сүйлөмдө төмөнкү таблица боюнча түрлөргө ажыраткыла.

| Тең байланыштагы татаал сүйлөм | Багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм | Аралаш татаал сүйлөм |
|---|---|---|
| | | |



**Чечен сөз топтому**

**Баш адашуу.** Өтө көп, же татаал нерсенин учу-кыйрын таба албай калуу. Окшош үйлөрдүн көбүн айтпа, кайсы экенин билбей баш адашат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 4-СААТ

## БАЙЛЫК, ИЙГИЛИК, СҮЙҮҮ

**БАЙЛЫК, ИЙГИЛИК, СҮЙҮҮ**

Бир күнү үйдүн эшиги такылдайт. Үй ээсинин аялы барып эшикти ачып, үч аксакал адамдын турганын көрөт. Ошол замат:

Кириңиздер, үйгө кирип даам ооз тийиңиздер, – дейт.

Биз баарыбыз чогуу кире албайбыз, бирөөбүздү гана чакыр, – дейт алар бир ооздон.

А сиздер өзү кимсиздер?

Менин атым – Байлык, бул – Ийгилик, ал эми үчүнчүбүз – Сүйүү. Сиз арабыздан бирөөбүздү гана чакырыңыз, – улуураагы.

Анда мен жолдошум менен акылдашып келейин, – дейт да аялы үйүнө кирип кетет.

Муну уккан күйөөсү сүйүнүп:

Байлыкты чакыр, жашоо-турмушубуз оңолуп, жакшы жашап калалы, – дейт.

Жок андан көрө ийгиликти чакыралы. Ар дайым ишибиз оңунан чыгып турса, бат эле байып алабыз, – дейт анда аялы.

Ошол учурда кызы келип:

– Андан көрө Сүйүүнү киргизели. Үйүбүзгө сүйүү толуп, тынчтык болуп турса, кандай жакшы! – дейт.

Анын сөзүнө ата-энеси макул болуп, Сүйүүнү үйгө чакырышат. Бирок Сүйүүнүн артынан келе жаткан экөөнү көргөн аял:

Мен Сүйүүнү гана чакырдым да, бирөөбүз эле киребиз дебедиңер беле? – дейт, таң калганын жашыра албай.

Сүйүү болгон жерде ар дайым Байлык менен Ийгилик коштоп жүрөт. Силер Сүйүүнү тандоо менен бизге да жол ачтыңар. Мындан кийин бул үйдө тынчтык болсун, короо малга толсун!

Ишеним шек-күмөндү таратсын, бактылуу маанай жаратсын! – дешет тигил экөө.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**Ойлон**

**Тапшырма 1.** Текстти окуп чыгып, төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Эмне үчүн күйөөсү байлыкты киргизгиси келди?
2. Аялы ийгиликти киргизебиз деп туура жол тандадыбы?
3. Сүйүү бар жерде эмне үчүн байлык менен ийгилик кошо жүрөт деп ойлойсуңар?

## ТОПТУК ЫКМА

«Кластер» методу аркылуу ар бир топтун окуучулары төмөнкү тема боюнча өз түшүнүгүңөрдү жазгыла




## БАЙЛАНЫШТУУ КЕП

Стиль адам баласынын оюн жазуу же оозеки билдирүүдөгү бир ыкма болуп эсептелет, ошондой тилдик өзгөчөлүктү изилдей турган илимдин тармагы стилистика деп аталат.

Мында адам баласынын чыгармачылыгына тиешелүү болгон чыгармачыл иштеринин жазылышындагы адабий норманын, сөз каражаттарынын, сүйлөмдөгү сөздөрдүн орун тартибинин жайланышынын принциптерин, сүйлөмдөрдүн типтеринин атайын ыкма катары колдонулуш өз жазуу учурунда колдонуу ыкмасы болсо, стилистика ошол материалдардын колдонуу өзгөчөлүктөрүнүн жалпы эрежелерин изилдейт. Стиль деген тил каражаттарын пайдалануу, тилдик материалдарын жазуу учурунда колдонуу ыкмасы болсо, стилистика ошол материалдардын колдонуу эрежелери деп эсептелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Тапшырма 2.** Жогорудагы тексти окуп чыгып, тилдин кайсы стилине туура келишин аныктагыла жана тилдик каражаттардын кайсы түрү көбүрөөк катышты? Текстте берилген төмөнкү сөздөрдүн маанисин айтып бергиле.

Үч аксакал, даам ооз тийиңиздер, жашоо-турмуш оңолуп, ишибиз оңунан чыгып, үйүбүзгө сүйүү толуп, бизге жол ачтыңар, шек-күмөндү таратып, бактылуу маанай,

**Тапшырма 3.** «Жашоонун маңызы» деген текстти окуп, оозеки сүйлөшүү стилине тиешелүү белгилерди айтып бергиле.

## ЖАШОО МАҢЫЗЫ

Бир күнү шакирттери устатынан сурап калышат:
– Устатым, жашоонун маңызы эмнеде?
Устаты терең үшкүрүнүп алып шакирттерине кайрылат:
– Кана, өзүңөр жооп берип көргүлөчү?
– Сүйүүдө эмеспи? – дейт шакирттерини бири.

– Жакшы, – дейт устаты, – башка жооп барбы? Карыганда « мен бактылуумун» деп айтууга бир гана сүйүү жетишсиз го.

– Жашоонун маңызы – жашоодо! Колдо бар нерсенин баркына жете билип, маанисиз нерселерге убакытты коротпой туура пайдаланып жашаса, мына ошондо ар бир адам жашоодогу максатына жетет деп ойлойм!

– Менимче, бул татыктуу жооп болду, – дептир устаты шакиртине ыраазы болуп.



**Чечен сөз топтому**

**Баш бербөө.** Тил албоо, айтканга көнбөө, моюн сунбоо, өз билгенин иштөө. Калпа ажынын миң жылкысын жылкылары баш бербей, он эки семизин тандап бөлүп союп жешет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 5-СААТ

### ЭМГЕКТИ СҮЙҮҮ – ИЙГИЛИККЕ КАРАЙ ЖОЛ





***«Мени таң калтырганы, жалкоолуктан алардын турмушунда кедейлик жана бактысыздык келип чыгуусун, адамдар түшүнүшпөйт.»***

***(Чыңгыз Айтматов)***

**ЭМГЕКТИ СҮЙҮҮ БУЛ:**

– Инсандын эмгекти сүйүүсүнө, умтулуусуна мүмкүндүктү түзүп берүү, ошондой эле өзүнүн жеке турмушун пландаштырып, аны акыл-эстүүлүк менен башкаруусун түшүндүрүп берүү;

– Дүйнөгө оң мамилени калыптандыруу;

– Окуучуларга өздөрүнүн көз карашын айтууга жана аны коргоого керектүү ыктарын өөрчүтүү;

Эмгек гана адамга сүйүнүч алып келет, анын кыска жашоосун узартат, ага ишенимдүүлүк берет, анткени өтүп кеткен адамдын урпагы, көзү тирүү кезинде жасаган эмгегин, жакшы сөздөр менен эстейт.

Бизге ийгиликтин эң керектүү болгон үч сөзүн жазуу керек эле. Бизде эмнелер жазылганын, чогуу көрөлү. Ийгилик биринчи кезекте биздин туруктуулугубуздан жана эмгекти сүйүүбүздөн көз каранды. Биз – өзүбүздүн ийлигибиздин куруучуларыбыз. Ч. Дарвиндин сөзү бар: «Эгерде сиз жумушту туура тандап алсаңыз жана ага чын көңүлдөн берилип иштесеңиз, кубаныч сизди өзү табат».

Адамды адам кылган – эмгек. Эмгек адамды бутуна тургузду, аны колун бекемдеди, анын уникалдуу мээсин өркүндөттү. Миңдеген жылдар бою жерде жасалган бардык нерсе – таш балтадан баштап микроскопко жана Эйфелево мунарасына чейин – эмгек менен жасалды.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Топтук ыкма**

**Тапшырма 1.** Төмөнкүдө берилген улуу сөздөрдүн негизинде эссе жазгыла.

**1-топко:**

Мени таң калтырганы, жалкоолуктан алардын турмушунда кедейлик жана бактысыздык келип чыгуусун, адамдар түшүнүшпөйт.»
*(Чыңгыз Айтматов)*

**2-топко:**

«Эгерде сиз жумушту туура тандап алсаңыз жана ага чын көңүлдөн берилип иштесеңиз, кубаныч сизди өзү табат».
*(Чарлз Дарвин)*

**МАГА КЫЗЫКТУУ**

Текстти окуп чыгып, төмөнку тапшырмаларды аткаргыла.

1. **Эмгекти акыл-эстүүлүк менен башкаруу, оң мамилени калыптандыруу, эмгек сүйүнүч алып келет, уникалдуу мээсин өркүндөтүү** деген сөз тизмектерин катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.
2. **Кедей, бактысыз, умтулуу, көз карашы, сүйүнүч** деген сөздөрдүн синонимин тапкыла жана аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.
3. Өзүңөрдүн үй-бүлөңөрдө эмгек кандай кадырланышы жана эмгекке болгон мамиле жөнүндө айтып бергиле.
4. Эгерде адам эмгексиз жашаса анда эмне болмок? Кандай деп ойлойсуңар?
5. Эмгекти сүйүү темасына байланыштуу макалдар жазып, алардын маанисин чечмелеп бергиле.

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

**Тапшырма 2.** Төмөнкү берилген тема боюнча азыркы учурда өз айылыңардагы эмгекчил адамдар турмушунан алып, көркөм стилде ар бир топтун окуучулары дил баян жазып келгиле.

**1-топко:**
Эмектен бакыт тапкандар

**2-топко:**
Адамды адам кылып баккан эмгек



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ

## ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТ СУРООЛОРУ

**1-суроо**

**Ч. Айтматовду таң калтырган нерсе эмне?**

- А Адамдардын жалкоолуктан кедейликтин, бактысыздыктын келип чыгышын түшүнбөстүгү;
- Б Адамдардын акыл-эстүүлүк менен иштөөнү билбестиги;
- В Адамдардын дүйнөгө оң мамилени калыптандырууну түшүнбөстүгү;
- Г Эмгек адамдардын турмуш-тиричилигин өзгөртүүсүн аңдай албастыгы.

**2-суроо**

**Эмгек кайсы учурда ийгилик алып келет?**

- А Жумушту туура тандап алса, ага берилип иштесе;
- Б Коллективдүү болуп иштеп, ынтымактуу болсо;
- В Адамдарга жакшылык кыла билсе;
- Г Жумушка эрте барып иш баштаса;

## КӨРКӨМ СТИЛЬ

Көркөм стиль образдуулук, эмоционалдуулук, экспрессивдүүлүк касиеттерге ээ экендигин жана көркөм чыгармаларга мүнөздүү болушу менен функционалдык стилдин ичинде өзгөчө мааниге ээ.

Көркөм чыгармаларга кирген ыр, аңгеме, поэма, повесть, романдарды жазганда көркөм стиль пайдаланылат. Анын максаты окуучуларга жана окуучуларга таасир кылуу. Ал үчүн акын-жазуучулар белгилүү бир образды сөз аркылуу сүрөттөп, диалектизм, архаизм, неологизм, идиома, эпитет, макал-лакап жана фразеологизмдерди кеңири колдонушат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ОЙЛОН:

Жогоруда берилген тексттердин кайсы бири көркөм стилде жазылган тексттер? Алардын атын атап көрсөткүлө жана андагы көркөм сөз каражаттарын аныктагыла.

**Тапшырма 3.** Тексттин кыскача бөлүгүндөгү баяндоого көңүл буруу менен эмне жөнүндө баяндалып жаткандыгын айткыла. Кандай тема койсоңор туура келет? Бул жерде кандай окуялык маанилүү бөлүк бар?

**Изден**

Бир күнү Хорун ар Рашиддин түшүндө тиштери бир да калбай төгүлүп калат. Эрте менен төлгөчүнү чакыртып, мунун жорушун сурайт:

Улуу калпабыздын өмүрү узун болот экен, бирок жакын ортодо тууган уруктарыңыз бир да калбай өлүп кетишет, – дептир.

Калпанын ачуусу келип: «Аны жүз бөлөп ургула», – деп буюруптур. Андан кийин башка төлгөчү чакыртырып, түшүнүн жорулушун сураптыр.

– Түш көргөнүңүздөн ушуну түшүнүүгө болот, – дептир төлгөчү сылыктык менен, – тууган-уруктарыңыздан көрө сиз узак өмүр көрөсүз.

Хорун ар Рашид кубанып төлгөчүгө жүз динар сыйлык бериптир.

Бир түштүн жорулушун ойлобой туруп, кокусунан сүйлөгөн төлгөчүнүн башына кайгы алды, калпанын дилин оорутпай, анын рухун түшүрбөй турган сөздөрдү таап сүйлөгөн акылман болсо байлыкка ээ болду.

**Тексттин темасын койгула. Көркөм стиль экендигин түшүндүргүлө. Ырдын терең мазмунун айтып бергиле.**

Өмүр өтөт, өтө берет билинбей,
Сен өткөргөн өткөн күндүн бириндей.
Толкуп кыял кээде жокко урунуп,
А да кетер сызып тоонун желиндей.
Өнөр, билим, эмгек менен гүлдөп ал,
Күлгүн жаштар күчүң барда эринбей.
Түбөлүккө ишиң калсын артыңда,
Кайран өмүр бошко кеткен дедирбей.

*(Н.Ж.)*



**Чечен сөз топтому**

**Жерде калбоо.** Короосуз калбоо, көңүл бурулбай калбоо, унута калбоо маанисинде. Бирок, мен ансыз деле жерде калбайм, жерде калган да жан эмесмин

*(Абдыраманова).*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Коммуникативдик тапшырма

**Тема: Сүйүү жана адеп ахлак**

| | |
|---|---|
| **Максаты** | Адеп ахлактуу адам гана туура сүйө билет жана сүйүүнү кадырлай алат. Сүйүү жөнүндөгү ой пикирлерин жамдай алуу, талдоо маданиятын калыптандыруу |
| **Убакыт** | 5 мүнөт |
| **Катышуучулардын саны** | Бардык окуучулар |
| **Тапшырманын шарты** | Окуучулар эки топко бөлүнүшөт. Ар бир топтон бир окуучу чыгып, доскада чийилген салыштырмалуу таблицаны өздөрүнүн чыгармачылыгы боюнча толтурушат.(энеге болгон сүйүү, мекенге болгон сүйүү,бир туугандарга болгон сүйүү, кесипке болгон сүйүү жөнүндөгү пикирлери, ырлары, тексттери |
| **Жыйынтыктоо** | Окуучулардын жоопторуна карай баа берилет. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# II БӨЛҮМ

# КООМДУН БИР БӨЛҮГҮМҮН

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 1-СААТ

## КООМ ЖАНА АДАМ

### ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ

Коом – адам болмушунун мейкиндикте жайгашкан жана убакыт боюнча өнүгүп туруучу чөйрөсү, анын жашоосу менен ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү жана өндүрмөсү. Коом адамдардын материалдык турмушту өндүрүү жана кайра өндүрүү процессинде негизделген мамилелеринин суммасы болуп эсептелет.

Коомдун пайда болушу адамдардын өндүрүштүк иш-аракеттеринин зарыл натыйжасы. Өз ишмердүүлүктөрү аркылуу адамдар бири-бири менен коомдук мамилелер деп аталган алакаларды күтүшөт, коомдук мамилелердин жыйындысы адамдардын ишмердүүлүгүнүн социалдык мүнөзүн аныктайт.

Коомдун убакыт боюнча өнүгүшү тарыхты жаратат. Тарых муундар аралык тажрыйбаны, маданиятты, маалыматты топтоонун жана өткөрүп берүү сыяктуу социомаданий удаалаштыктын негизинде өнүгөт. Тарыхта болуп жаткан өзгөрүүлөр ар кандай типтеги коомдун, маданияттын алмашышын, адамдын инсан катары өнүгүшүн шарттайт.

Этникалык каада-салттар социалдык нормативдердин моралдык-этикалык, этикеттик жана жүрүм-турум эрежелери сымал бөлүмдөрүндө үстөмдүк кылат; көркөм чыгармачылыктын бардык түрлөрү менен өнүттөрүнө эксплициттик же имплициттик маанайда сүңгүп кире алат; ошондой эле турмуш-тиричиликтин, айрыкча күнүмдүк жана үй-бүлөлүк турмуштагы маданиятты аныктагыч катары маанилүү ролду ойнойт. Этникалык каада-салттын жашоосунун негизги шарты болуп анын кандайдыр бир этностун жандуу жана коллективдүү эс-тутумунда сакталып калышы, муундан муунга тынымсыз берилип турушу эсептелет.

Эреже катары, этникалык жана улуттук маданиятты материалдык жана руханий деп аталган түрлөргө бөлүшөт. Материалдык маданияттын курамына тарыхка белгилүү болгон мезгил аралыгында кандайдыр бир мейкиндиктин чегинде жашаган эмгек куралдары, от тамызууга көмөк берген нерселер, курал-жарактар, оор нерселерди жылдырууга жана ыңгайлуу абалга келтирүүгө ылайыкташтырылган каражаттар, турак-жайлар жана башка курулуш объектилери, менен нерселер кирет. Руханий маданият муундан муунга аңгеме, жомок, үлгү түрүндө тамак-аш жана ичимдиктер, идиш-аяк жана үй эмереги, кийим-кече, баш кийим, кооздук буюмдары сыяктуу материалдуу буюм-тайымдар берилип, жүрүм-турумдун кандайдыр бир формалары түрүндө көрүнгөн маалымат болуп саналат. Ошону менен катар эле, көп учурда этникалык өзгөчөлүктү алып жүрүүчүсү катары кесипкөй руханий маданият, ири алдыда, көркөм маданият эсептелет.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Текстти окуп чыгып, төмөнкү берилген сүйлөмдөргө жооп таап толуктап жазгыла.**

**Изден**

1. Коом адамдардын материалдык турмушту өндүрүү жана кайра эмнеси болуп эсептелет?
2. Тарых муундар аралык тажрыйбаны, маданиятты, маалыматы эмненин негизинде өнүгөт?
3. Жашоосунун негизги шарты болуп анын кандайдыр бир этностун жандуу жана коллективдүү сакталып калышы, муундан муунга тынымсыз эмнеси болуп эсептелет?
4. Этникалык жана улуттук маданиятты кандай түрлөргө бөлүшөт?
5. Руханий маданият жүрүм-турумдун кандайдыр түрүндө көрүнгөн эмне болуп саналат?

**АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ** **ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТ СУРООЛОРУ**

**1-суроо** **Коомдун пайда болушу эмнеге негизделет?**

- **А** Адамдардын иш-аракеттеринин зарыл натыйжалары негизинде;
- **Б** Адамдардын өз ишмердүүлүктөрү аркылуу;
- **В** Тарыхта болуп жаткан өзгөрүүлөр менен;
- **Г** Этникалык салттардын өнүгүшү менен.

**2-суроо** **Кайсы катарда руханий маданият боюнча маалыматтар берилген?**

- **А** Аңгеме, жомок, ыр
- **Б** тамак-аш жана ичимдиктер, баш кийим
- **В** идиш-аяк жана үй эмерeги, кийим-кече
- **Г** коoздук буюмдары сыяктуу материалдуу буюм-тайымдар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**КӨРҮП ТҮШҮНҮҮ**

**Тапшырма.** Төмөнкү берилген сүрөттөр боюнча «Биздин улуттук салттар» деген темада презентация даярдагыла.









## ИЛИМИЙ СТИЛЬ

Стилдин бул түрү илимий иштерди жазууда колдонулат. Мунун негизги милдети – ойду так, системалуу, жыйынтыктуу жазуу.

Илимий стилге илим жана техника тармагында жазылган монографиялар, илимий-популярдуу справочниктер, энциклопедиялар, өндүрүштүк, илимий-техникалык адабияттар, окуу китептери, методикалык колдонмолор, реферат, докладдар, газета-журналдарга жарыяланган илимий макалалар, диссертациялык эмгектер кирет.

Илимий стиль илим-изилдөө мекемелеринде, окуу жайларында, орто мектептерде, илим менен алектенген бардык чөйрөлөрдө кеңири колдонулат.

**СЫНЧЫЛ ОЙЛОМ**

Эки текстти салыштыргыла. Суу эки башка стилде кандайча мүнөздөлгөнүн аныктагыла. Тил каражаттары кайсылар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Топтук Ыкма**

**Тапшырма 1.** Төмөнкү берилген тапшырма боюнча ар бир топтун окуучулары илимий стилге тиешелүү терминдерди таап жазгыла жана аларга сүйлөмдөр түзгүлө.

**1-текст**

Суу — ар кандай түрдө бардык жерде кездешет. Суу жер бетинин ойдуңдарын толтуруп, океандарды жана деңиздерди пайда кылат. Суу эң чоң массадагы кар жана муз түрүндө уюлдук өлкөлөрдү жана бийик тоонун чокуларын каптап турат. Суу өтө майда тамчыларга айланып, булутту пайда кылат, ал эми булуттардан жамгыр жаап, жерге сиңип, агын сууларды жана дарыяларды пайда кылат. («Химия», 7-кл.)

**2-текст**

Булак болуп тоолордон,
Кайнап чыккан аккан суу
Топуракты нымдатып,
Сүзүп чыккан аккан суу.
Жүрүп кетсе алтындай,
Жаркыраган аккан суу.
Сымап менен окшошсуң,
Сылыктыгың аккан суу.
Жайы-кышы мал ичип,
Семиз болгон аккан суу.
Барган сайын көбөйүп,
Деңиз болгон аккан суу.
*(Барпы)*

| Тил илимине тиешелүү | Математика илимине тиешелүү | Физика илимине тиешелүү | Медицина илимине тиешелүү | Архитектура илимине тиешелүү | Тарых илимине тиешелүү |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Төмөнкү аныктамаларды илимий стилге мүнөздүү белгилер менен толуктап, андан ары улап жазгыла.

Окуу китеби — жаш муундарга билим берүүчү курал...
Фразеология — тил илиминин бир бөлүмү...
Геология — тоо кен байлыктарын иликтейт...
Медицина — ооруларды дарылоонун жолун издейт...



**Чечен сөз топтому**

**Барар жер, басар тоосу жок**. Үмүт кылар, бел байлар, ишенер эч нерсе жок. Канчалык ойлонсом да жолум туюк.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 2-СААТ

## УЛУТТУК САЛТ ЖАНА БААЛУУЛУКТАР

Элибиздин кылымдардан-кылымдарга өтүп келе жаткан улуттук баалуулуктары да узак тарыхый жараянда калыптанган. Атап айтсак, өзү туулуп-өскөн Ата Журтуна урмат көрсөтүү, өз тагдырын мына ушул журтсуз элестете албастык, өткөн бабалардын элесине туруктуулук, улууларга дайыма урмат көрсөтүү, ар кандай шартта да ийменүү жана ар-намысты сактоо, мээр-акыбеттүү болуу, меймандостук, жардамга муктаждарга кечиримдүү болуу, турмушта адалдыкка өзгөчө көңүл буруу сыяктуу көптөгөн сапаттар биздин улуттук баалуулуктарыбыздын негизин түзөт жана алар – өлбөс руханий мурасыбыз болуп саналат.

Өзбекстандын өнүгүшү улуттук жана жалпы инсандык баалуулуктарга негизделет. Мекенибиздин маданиятында жалпы адамзаттык баалуулуктар жогорку орунду ээлейт. Жалпы адамзаттык идеялар жана баалуулуктардын калыптанышы улуттук маданияттардын өнүгүү касиеттери менен байланыштуу. Бул жөнүндө Биринчи президентибиз Ислам Каримов айткандай, «Биз өнүгүүбүздү башка мамлекеттердин өнүгүүсүнөн бөлөк элестете албайбыз жана бардык нерсе биздин өзүбүзгө байланыштуу болуп кала бербейт». Бул орунда дал ошол жалпы адамзаттык баалуулуктарга көңүл бурулган. Себеби, жалпы адамзаттык баалуулуктар менен улуттук баалуулуктар өз ара байланышта болот жана бири-бирин толуктап, байытып барат.

Жалпы адамзаттык баалуулуктар адамды ардактоо, жашоо, сүйүү, милдет, берилгендик, ата-бабаларга урмат, патриоттук, адилеттүүлүк, агартуучулук, тынчтык, ынтымактык, достук, шериктештик сыяктуу сапаттарды туюнтат.

### АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ — СҮЙЛӨМДӨРДҮ ТОЛУКТОО БОЮНЧА ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАРЫ

**1-суроо**

**Жалпы ______ жана баалуулуктардын калыптанышы __________ өнүгүү касиеттери менен ______________.**

А адамзаттык идеялар / улуттук маданияттардын / байланыштуу;

Б Элдик идеялар / улуттук үрп-адаттардын / туюнтат;

В адамзаттык баалуулуктар / бирин-бири толуктап / байытып барат;

Г мекенибиздин маданияты / жогорку орунда / бурулган;

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**2 суроо**

**_________, жалпы адамзаттык баалуулуктар менен улуттук баалуулуктар __________ болот жана бири-бирин толуктап, _____________.**

- **А** себеби /өз ара байланышта болот / байытып барат;
- **Б** анткени / шериктештикте болот / өнүгүп барат;
- **В** ошентип / эриш-аркакта болуп / сапаттарды туюнтат;
- **Г** мындайча айтканда / улуттук салттар / байланышта болот.

**Мээ чабуулу**

Тексттен төмөнкү суроо катарында берилген тапшырмаларга жооп таап, аларды улантып жазгыла.

1. Улуттук баалуулуктарыбыз_______________________________.
2. Руханий мурасыбыз_____________________________________.
3. Улуттук маданияттын өнүгүшү жөнүндө Биринчи президентибиз Ислам Каримов дун сөзү_____________________________________.
4. Жалпы адамзаттык баалуулуктар _________________________.

**Тапшырма 1.** Тексттен таблицага маалымат толтургула.

**Изден**

| | | |
|---|---|---|
| Элибиздин кылымдардан-кылымдарга | ______________ | калыптанган |
| ______________ | өлбөс руханий мурасыбыз | ______________ |
| ______________ | ______________ | инсандык баалуулуктарга негизделет |
| ______________ | жалпы адамзаттык баалуулуктарга | ______________ |
| шериктештик | ______________ | ______________ |

## ИЛИМИЙ СТИЛЬ БОЮНЧА ПРАКТИКАЛЫК ИШТЕР

### Реферат түзүүнүн үлгүсү:

Илимий стилдеги иштердин аткарылышы башка жазуу иштеринен айырмаланып, аларга окуу китептери, монографиялар, илимий изилдөөлөр, илимий докладдар, тезисттер, конспектилер, рефераттар, курстук, дипломдук иштер, илимий пикирлер кирет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Реферат — кандайдыр бир тема боюнча жазылган кыска илимий эмгек.

Конспект — окулган же угулган тексттин кыскача мазмунун негизги ойду кагазга түшүрүү.

Эгерде химия сабагы боюнча «Металл эместердин жалпы мүнөздөмөсү» деген темада реферат жазуу керек болсо, көрсөтүлгөн адабияттардан тышкары окуу китебинен да материал аласыңар. Планын болжолдуу мындай түзсө болот:

**Киришүү:** (Металл эмес элементтерге кыскача маалымат берүү менен, тандап алган темаңардын иликтөө зарылчылыгын көрсөтөсүңөр.

**I. Атомдук өзгөчөлүктөрү**. (Мында металл эместердин мезгилдик системадагы жайгашкан орду, алардын р-элементтер болуп эсептелиниши, химиялык реакцияларда электронду кошуп алуу касиети жөнүндө ж. б. жазасыңар.

**II. Физикалык касиеттери** (металл эместердин нормалдуу шартта кандай абалда болушу, жылуулук жана электр тогун кандай өткөрүшү жазылышы, мисалдар менен көрсөтүлөт).

**III. Химиялык касиеттери** (металл эместердин типтүү металл эместер менен иондук байланыштагы бирикмелерди пайда кылышы, өз ара бири-бирине таасири жөнүндө маалымат берилет.

**IV. Инерттүү газдар** (инерттүү газдарга жалпы мүнөздөмө химиялык активдүүлүгүн аз экендиги, мисалдар менен көрсөтүлөт.

Корутунду.

Шилтеме берүүнүн үлгүсү:

Силер жазып жаткан оюңардын чын, анык экендигин, илимий, так маалыматка кайрылуу зарылчылыгы келген учурда бүтүндөй сүйлөмдү, абзацты өзгөрүүсүз киргиздиңер дейли. Анда өзүңөрдүн оюңардын арасына тырмакча («») аркылуу берип, андан соң силер тандаган адабияттын маалымдамасын бересиңер.

**ТОПТУК ЫКМА**

**Тапшырма 2.** Төмөнкү берилген темалар боюнча ар бир топтун окуучулары реферат жазгыла.

**1-топко:**
«Өзбекстандын улуттук баалуулуктары»

**2-топко:**
«Биздин үрп-адаттарыбыз»

**ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШТӨӨ**

**Тапшырма 3.** Төмөнкү элдик салттарга тиешелүү болгон текстти окуп чыгып, конспект түзгүлө жана өз түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.

## Бешик той – бешикке салуу

Наристенин төрөлүшү – ошол үйдүн абдан чоң кубанычы. Бешик той берилет. Бешик тойго колдо бар малы союлат. Тойго чакырылгандар мал, көйнөк-кече, ороо-чулгоо, акча-тыйын ыроолошот. Адатта баланын таеке тарабы бешик алып келет. Бешиктеги төшөнчү-орончусун жасалгалап, шимегин кошо ала келет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Байбичелер дасторконго отуруп, даам сызган соң баланы бешикке салуу жөрөлгөсүн кылышат. Бешик менен шимекти майлап, арча менен «аластап», алат. Байбичелер оң-сол чүкөлөрдү бешиктин баш жагынан көтөрүп эңкейтип, «оң бол», «оң бол» дегенде, ал чүкөлөр култугүнө түшүп кетет.

Чүкөнү алып, колдорун тийгизип, ырымдашкан соң, наричтени бешикке жаткырышат.

«Бешик апа, бек карма, умам эне, уйку бер» – дешип, баланы бешикке таңышып, үстүнө жууркан – төшөгүн жаап апасына карматат. Апасы бешикти көтөрүп алып, төрдөн эшикке, эшиктен төрдү көздөй жүгүнөт. Байбичелер бата берип, алкашат. Анан бешик терметилет.

Бешик ыйык буюм. Анда бул жарык дүйнөгө келген наристе жатат. Баланын тазалыгы, организминин ойдогудай өсүшү үчүн бабалардан калган таберик, Ал көчүп-конууга да ылайыкташкан.



**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Төмөнкү тексттен илимий стилге мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн белгилегиле жана конспект түзгүлө.

Биздин улуу ата-бабаларыбыз да ар дайым Мекенди сүйүү сезими менен жашашкан. Томарис, Шырак, Спитамен, Нажмиддин Кубра, Амир Темир, Бабыр Мырза сыяктуу мекенин сүйгөн ата-бабаларыбыздын каармандыктарынын негизинде да ошол сезимдер үстөмдүк кылат. Айрыкча, он экинчи кылымда өлкөбүзгө бастырып кирген Чыңгызхандын кошуунуна каршы кайрат менен күрөшкөн султан Жалалиддин Мангубердинин эрдигин үлгү иретинде айтууга болот. Анын жасаган эрдиктери жөнүндө сөз болгондо, биринчи президентибиз Ислам Каримовдун төмөнкү пикирлерин эсте тутуу зарыл.

«Чыңгызхан эбегейсиз күчкө ээ болгондуктан, дүйнөдөгү өзүн эр санаган канча азаматтар анын каршысында чөгөлөп кулдук уруп жашоого даяр эле. Мукаммед Хорезмшахтын айланасындагы көптөгөн бектер да жоого багынууну макул көрүшкөндө, Жалалиддин бул пикирге каршы чыгып, өзүнүн салыштыргыс эрдигин жана туруктуулугун көрсөттү. Ошол доорго чейин жеңилбеген моңгол жоокерлерине каршы он бир жыл үзгүлтүксүз согуш алып барды. Ал душмандарына аёосуз соккулар бергендиктен, куу жана мыкаачы, дүйнөнүн жарымын ээлеген Чыңгызхандай душман да аны тан алууга мажбур болгон». (Ислам Каримов. «Азат жана абат Мекен, эркин жана бейпил турмуш – негизги максатыбыз». «Ташкент. 2000-жыл. 73-бет. «Узбекистон» басмасы.) Мекен ата-бабалардан урпактарга калуучу баа жеткис мурас болуп саналат. Мекендин ыраазылыгы ата-бабалардын ыраазылыгынын белгиси болуп эсептелинет.



**Чечен сөз топтому**

**Баш адашуу**. Өтө көп, же татаал нерсенин учу-кыйрын таба албай калуу. Окшош үйлөрдүн көбүн айтпа,кайсы экенин билбей баш адашат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 3-СААТ

## КААДА САЛТТАР

**Каада салт** – кандайдыр бир элдин турмуш тиричиликтеги, үй-бүлөдөгү жүрүм-турум нормалары, эрежелери, ырым-жырым, адеп-ахлак, каада-жөрөлгө, жол-жоболордун жыйындысы. Каада-салт улут менен кошо пайда болуп, узак мөөнөт жашап келген, белгилүү географиялык чөйрөгө жана тарыхый шарттарга байланыштуу калыптанган, ар бир элдин, этностук топтун, улуттун ичинде гана салыштырмалуу туруктуулукка ээ жана бир муундан экинчи муунга тынымсыз өтүп, коомдук пикирдин күчү менен аткарылып жана сакталып турат.

**Бата алуу:**

Кыргыз элинде бата алууда эл ичинде кадыр-барктуу, отуруп – турганы нарктуу, айткандары эм, улуу-кичүүлөргө дем, урмат-сыйы бирдей, жекече касиет жылоологон карыя-байбичелерге атайын жолдук менен кайрылат. Бата алуу бул балалуу болууга, алыс сапарга аттанууда, сапардан аман-эсен кайтууда, ойлогон оюна, тилеген мксатына жетүүгө карата кылган салттуу аракети.

Улууларды кастарлап, сый тамактар менен даам сыздыруу бул бата алуу болуп саналат. Бата даам таткандан кийин ыраазычылык менен берилет.

Бата тилеген келин-кесектер абалы жүгүнүп, улууларга баш ийип, таазим кылышат. Бата аларда туруп эки колун колдорун бооруна алышат. Эгерде, жаңы үйлөнгөндөр болсо, төмөнкүдөй бата берилиши мүмкүн.

– «Оо-мийин, алдыңды бала бассын, артыңды мал бассын. Алганың менен тең кары. Кудай менин жашымды берсин. Пайгамбар-сахабалар колдосун!» – деп бата беришет.

Кийин «Анын батасы тийген», «Тегин кишиден бата албаган», «Батадан жаралган бала»... өңдүү сөздөр уламышка айланат. Ушундан улам кан Кошойдун, кан Бакайдын жайган алакандары, алкаган сөздөрү тегин чыккан эмес деп айта алабыз.

**Жалпы элге айтылган батанын үлгүсү:**

Жакшы адамдарды
Теңир жаман көздөн,
Жалган сөздөн сактасын!
Эл намысын коргогон
Эр азаматтардын башынан
Сыймык кетпесин!
Карылар дөөлөттүү,
Балдар сөөлөттүү,
Келиндер келбеттүү,
Жигиттер албеттүү болсун!
Барчылык болуп,
Токчулук келип,
Түндүктөн түтүн булап,
Очок жанып, ордо толсун!
Эл тынч, журт аман болсун,
Ата-баба арбагы колдосун!

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Мээ чабуулу**

Текстти окуп чыгып, төмөнкү суроолорго жооп тапкыла.

1. Жекече касиет жылоологон карыя-байбичелер кимдер? Бардык карыяларды ушундай атай алабызбы?
2. Бата кайсы учурларда берилет?
3. Бата эмне үчүн даам таткандан кийин берилген?
4. Үйүңөрдөгү ата-энеңерден кандай батаны уктуңар?

**Тапшырма 1.** Жогорудагы берилген текстке таянып, сүйлөмдөрдү бүтүргүлө.

**Изден**

Каада салт– кандайдыр бир элдин турмуш тиричиликтеги, үй-бүлөдөгү жүрүм-турум нормалары, эрежелери, ______________________________.
Бата алуу бул балалуу болууга, алыс сапарга аттанууда, сапардан аман-эсен кайтууда, ______________________________________________.
Бата даам таткандан _____________________________________________.
Бата аларда туруп _______________________________________________.
Барчылык болуп,
Токчулук келип,
Түндүктөн түтүн булап, __________________________________________.

## КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

Кыргыз элинин кандай улуттук каада-салттардын билесиңер? Дептериңерге тизмелеп, жуптарда ой бөлүшкүлө. Ар бир жуп бирден салт жөнүндө айтып бергиле.

**Үлгү:**

| Каада-салттар | Мүнөздөмө |
|---|---|
| | |
| | |
| | |
| | |



**Чечен сөз топтому**

**Баш бербөө**. Тил албоо, айтканга көнбөө, моюн сунбоо, өз билгенин иштөө. Калпа ажынын миң жылкылары баш бербей, он эки семизин тандап бөлүп союп жешет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 4-СААТ

### ӨЗБЕКСТАНДА ЖАШАГАН ЭТНИКАЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫН КААДА-САЛТТАРЫ

Статистикалык маалыматтарга караганда Өзбекстанда 370 миңден ашык кыргыздар жашайт. Кыргыздар негизинен Анжиян, Фергана, Жызак, Сырдарыя, Самарканд, Ташкент облустары, Каракалпакстан аймактарынан орун алып, жашап калышкан. Дал ушул аймактардагы этникалык кыргыздарга тиешелүү каада-салттар сакталып калганбы? Кайсыл салты өзгөрүүгө учураган деген суроолорго жооп алуу үчүн төмөнкү маалыматтарды сунуштайбыз.

Ташкент, Сырдарыя облустарындагы кыргыздардын басымдуу бөлүгү казак, өзбектер менен чогуу жашап, өзбек, казак мектептеринен билим алгандыктан, алардын руханий дүйнөсү, каада-салттары, тили өз таасирин тийгизген. Андижандык кыргыздар жашаган аймактарда болсо көптөгөн кыргыз мектеп-лицейлер бар. Ошондуктан алар эне тилин жакшы сактап калышкан.





Кыргыздардын көпчүлүгү Ташкент облусунун Бөкө, Чырчык, Газалкент, Чимган, Паркент, Күмүшкен, Кавардан деген аймактарда жашап жатышат. Болжол менен ал жактагы кыргыздардын саны 25 миңге жакын. Ташкенттик кыргыздар жалпы жонунан өздөрүн **«чапкылдыктар»** дешет. «Чап» - сол, «кол» - «сол колдогулар», «сол канаттагылар» дегенди түшүндүрөт. Чапкылдыктардын бир бөлүгү Баткен облусундагы Лейлек, Баткен, Жалал-Абаддын Сузак райондорунун аймактарын байырлашат.

Санжырасына кайрыла турган болсок, чапкылдыктар кыргыз урууларынын ичинен **ичкилик уруулук** тобуна кириши мүмкүн. Мындан сырт-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



кары, ошол эле аймактарда кыргыздардын ават, оргу, нойгут сыяктуу уруулары жашай турганы аныкталган. Санжырачылардын айтымында, чапкылдыктардын туугандары Андижан, Кокон, Сүлүктү, Лейлек, Кызылкыя жана башка жерлерде жашашат. Ташкенттик кыргыздар мурун Чаткал кырка тоолорунун батыш капталдарынан орун алган **Нуреката, Аксаката** деген абдан кооз жерлеринде жашашкан деген маалымат бар.

Сырдарыялык кыргыздар Сырдарыя, Жызак облустарынын аймактарында жашашат. Бул аймактарда кыргыздын ичкилик уруусуна кирген тейит, кесек уруусунун өкүлдөрүнүн бир бөлүгү жашайт. Алардын жайгашкан жерлери Замин, Бахмал, Достук районунун аймактары. Сырдарыялык тейиттердин уруулук курамы Лейлек, Каратегин кыргыздарындагы тейиттердин уруулук курамы менен толук дал келет. Демек, аталган кеңири аймактардагы кыргыздардын тукуму дегенге толук негиз бар. Ташкенттиктерден айырмаланып Жызактык кыргыздардын негизги бөлүгү **тоо аймактарда** жашайт. Ошондуктан аларда тил, улуттук каада-салттар жакшы сакталган.

Эми Өзбекстандык кыргыздардын каада-салттары кандай? Ташкентте чоңойгон Ибрагимова Гулнура Ташкенттеги этникалык кыргыздардын каада-салттары жөнүндө төмөнкүдөй айтып кетти:

– *Ташкенттик кыргыздарда жаңы келген келин ар күнү эрте менен көчөнү, эшигинин алдын шыпырат жана ошондой эле,* ***«келин салам»*** *деген үрп-адаттары бар. Келин саламда келин бүтүн кайын-журтуна жүгүнүп салам берет да, ар биринен белек алат. Дагы бир салттардын бири «бешик той». Мында келиндин үй-бүлөсү жаңы төрөлгөн наристеге бешик алып келип, элге той берет. Ал эми бешиктеги бала уул болсо, ал бир аз чоңойгондон кийин келиндин ата-энеси небересине кулун алып барып, ар түрдүү белектер менен сыйлашып, дагы элге чоң той берет.*

– *Жаңы келин келгенде аны үч жолу ысырыктап айлантып, колуна май сүйкөйт. Анын мааниси келечекте келиндин үй-бүлөсү бекем болуусун билдирет жана жаңы келин жаңы үйүнө кирээрде кайненеси жоолук салат да, ошол үйдүн эң кичүү эркек баласы менен келиндин бетин ачат.*

Ошондой эле, сырдарыялык кыргыз кызы **Саматова Хумора** Сырдарыялык кыргыздар жөнүндө төмөнкүдөй маалыматтарды билдирди: *Ошону менен бирге Өзбекстандык кыргыздар сөзсүз түрдө элге эки күн той берет. Биринчи күнү кыздын үйүндө элге аш берилип, кудаларды жана күйөө-досторду конок кылып, кечинде элдерди чакырып той өткөрөт. Эртеси күнү кызды узатып кетип, тойду улантышат.*

Мээ чабуулу. Текстке карата суроолуу тапшырмалар

1. Өзбекстанда канча кыргыздар бар жана алар кайсы аймактарда жашашат?
2. Чапкылдыктар кыргыз урууларынын ичинен кайсы уруулук тобуна кирет?
3. Ташкенттик кыргыздар алгач кайсы аймактарды баарлашкан?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



4. Ибрагимова Гулнура Ташкенттик этникалык кыргыздардын каада-салттары жөнүндө кандай маалыматтарды айтты?
5. Саматова Хумора сырдарыялык кыргыздар жөнүндө кандай маалыматтарды билдирди?

**АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ** — **ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТ СУРООЛОРУ**

**1-суроо**

**Санжырачылардын айтымына караганда чапкылдыктардын тууган-дары кайсы аймактарда жашашат?**

А. Андижан, Кокон, Сулүктү, Лейлек, Кызылкыяда;

Б. Замин, Бахмал, Достук райондорунун аймактарында;

В. Бекө, Чырчык, Газалкент, Чимган, Паркент, Күмушкен, Каварлдан деген аймактарда;

Г. Андижан, Наманган, Фергана аймактарында.

**2-суроо**

**Сырдарыяда ичкилик урууларынын тобуна кирүүчү кайсы уруу өкүлдөрү жашашат?**

А. тейит, кесек уруусунун өкүлдөрүнүн бир бөлүгү;

Б. ават, нойгут уруусунун өкүлдөрүнүн бир бөлүгү;

В. оргу, кесек уруусунун өкүлдөрүнүн бир бөлүгү;

Г. бугу, мундуз уруусунун өкүлдөрүнүн бир бөлүгү.

**ТОПТУК ЫКМА** Тексттеги ажыратылып көрсөтүлгөн сөз жана сөз айкаштарынын маанисин чечмелеп бергиле, аларды катыштырып сүйлөмдөр түзгүлө.

**1-топко:**
Этникалык кыргыздар, руханият дүйнөсү, каада-салттар, Нуреката, Аксаката

**2-топко:**
Ичкилик уруулар, тоо аймагында, «келин салам», кызды узатуу, элге аш берүү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ПУБЛИЦИСТИКАЛЫК СТИЛЬ

Учурдагы маанилүү окуялар, иш-аракеттер, жаңылыктар жөнүндө маалымат берген чыгарманын түрү публицистика деп аталат.

Публицистикалык стиль газета-журналдарда, радиоуктуруу, телекөрсөтүүлөрдө, өкмөт, мекеме жетекчилеринин докладдарында, макала, очерк, репортаж, мемуардык чыгармаларда жана башка учурларда колдонулат.

Публицистикалык стилдин милдети — коомдук турмушта, саясий чөйрөдө, эмгек процессинде же чет элде болуп жаткан алдыңкы идеялар, алга жылуулар, өзгөрүүлөр, жаңыруулар тууралуу маалыматтарды өз убагында элге тез, таасирдүү, жеткиликтүү баяндоо, ал окуяларга карата коомчулуктун пикирин пайда кылуу, агитациялык, пропагандалык ролду аткаруу болуп саналат.

### ОЙЛОН

Текст публицистикалык стилдин кайсы түрүнө кирет?

Бүгүнкү биздин берүүбүз борбордук спорт аянтынан болмокчу. Анткени, бул жерде республиканын мектеп окуучуларынын арасында спорттун беш түрү боюнча мелдеш башталат.

Спорт аянтында эл абдан көп чогулган, отурарга бош орун жок болгондуктан, айрымдар тике турушат. Чогулган элдин көпчүлүгү – мектеп окуучулары. Алар өз мектебинин командасын колдоо үчүн келишкен.

Мына, мелдештин биринчи түрү болгон 100 метрге чуркоо боюнча көптөн күткөн жарыш башталды.

### СЫНЧЫЛ ОЙЛОМ

Текстте көркөм стилдин элементтери барбы? Публицистикалык стилдин кандай белгилери орун алган?

«Келкел» романы — Токтогулга арналган бирден-бир прозалык чоң чыгарма. Токтогулдун жигиттик доорунан тартып, өмүрүнүн акыркы күндөрүнө чейин баяндалган бул чыгармада улуу акындын ойчул жетик образы чагылдырылган. Токтогулдун өмүрү, образы романдын бүт өзөгүн түзүп, ошол замандын үмүтүн, күрөшүн, жеңишин, философиясын айкын көрсөтүп турат. Бул роман жеке автордун гана жеткилең ийгилиги болбостон, жалпы кыргыз адабиятынын чоң ийгилиги болоруна шек жок.

*(Т. Сыдыкбеков)*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**СҮРӨТТӨР МЕНЕН ИШТӨӨ**

**Тапшырма 1.** Төмөнкү берилген сүрөттөр боюнча биринчи топтун окуучулары репортаж, экинчи топтун окуучулары интервью даярдап жазгыла.










**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Төмөнкү берилген темалар боюнча очерк же макала жазгыла.

«Менин айылымдагы үрп-адаттар», «Мен үчүн кадырлуу инсан».



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 5-СААТ

### РАСМИЙ ИШ КАГАЗДАРЫ

Кептин расмий иш кагаздарына мамлекеттик мекемелердин уюмдардын аты толук берилип, датасы көрсөтүлүп, пайдаланган сөздөр түз маанисинде колдонулат.

Расмий иш кагаздарына өкмөт тарабынан кабыл алынат жана ар кандай закон, указ, программа, устав, токтом, келишим, жобо ж.б. мамлекеттик билдирүүлөр кирет.

Программа өз ичине бир топ жылдык иш-чараларды камтып, алардын аткарылуучу мөөнөтүн белгилейт, андан келип чыгуучу натыйжалар аныкталат.

Указ мамлекет башчысы тарабынан чыгат, ал тарабынан белгилүү деп эсептелген жалпы жоболор чыгарылат, белгилүү даталар белгиленет, мамлекеттик кызматкерлер дайындалат.

Мыйзам программадан жана уставдан айырмалуу. Ал эл тарабынан шайланган Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруучу органы тарабынан бекитилген болот. Бекитилерден мурун элдин талап-мүдөөсүн эске алуу менен, мамлекеттик түзүлүштүн бардык иш-чараларын жүргүзүү үчүн иштелип чыгуу керек.

**Тапшырма 1.** Төмөнкүдө берилген расмий иш кагаздарынын үлгүлөрү менен таанышып, андагы тилдик каражаттардын өзгөчөлүгүн айтып бергиле.

16 жашка чейин болгон жашы жете электер жумуш убактысын үчтөн бир бөлүгү, жүктөр колдо көтөрүү жана ташуу менен байланышта болгондо, колдо жүк көтөрүү жана ташуу нормаларынын чеги: уул балдар үчүн – 6,5 кг, кыз балдар үчүн – 3,5 кг дан оор болбостугу керек.

16 жашка чейин болгон жашы жете электердин жумуш убактысы жүктөрү колдо көтөрүү жана ташуу нормасынын чеги 2 кг дан оор болбостугу керек.

16 жашка чейин болгон жашы жете электерге дүкөн арабасы жана вагонетка жардамында жүк ташууга уруксат бербейт.

(«Он сегиз жашка толбогон жүктөр көтөрүүлөрү жана ташуулары мүмкүн болгон оор жүк нормаларынын чегин белгилеш жөнүндө»гү Устав)

Эмгектеги жетишкендиктери үчүн мамлекеттик сыйлыктар «Шухрат» медалы менен республикада экономиканы, илимди жана маданиятты өнүктүрүү, жаш урпакты патриоттуулук менен улуттук эгемендүүлүк жана коомдук өнүгүү идеяларына берилгендик рухунда тарбиялоо ишинде өзүнүн ак ниеттүү эмгеги менен чоң ийгиликтерге жетишкен Өзбекстан Республикасы жарандары жана Өзбекстан Республикасы жараны болбогон адамдар сыйланат.

*Өзбекстан Республикасынын Мыйзамы 1994-жыл 5-май.*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



«Мехнат Шухрати» ордени менен экономика жана маданияттын жогорулашына, элдин жыргалчылыгын ашырууга. Өзбекстанда тынчтык стабилдүүлүктү сактоого көмөк берген, эмгектеги чоң кызматтары үчүн Өзбекстан Республикасы жарандары сыйланат.

*Өзбекстан Республикасынын Мыйзамы 1995-жыл 30-август.*

**Тапшырма 2.** Жогоруда берилген «Эмгектеги жетишкендиктери үчүн мамлекеттик сыйлыктар жөнүндө»гү мыйзамды окуп чыгып, эки сыйлык кимдер үчүн жана кандай кызматтар үчүн берилгендигин жана алардын арасындагы айырмачылык жана окшоштуктарды аныктагыла.

| Сыйлыктар | Окшоштуктары | Айырмачылыктары |
|---|---|---|
| «Шухрат» медалы | | |
| «Мехнат Шухраты» ордени | | |

**Тапшырма 3.** Төмөнкү берилген расмий иш кагаздарынан алынган үзүндүнүлөрдү окуп чыгып, кандай жыйынтык чыгарасыңар.

1. «Шухрат» медалы менен республикада экономиканы, илимди жана маданиятты өнүктүрүү, жаш урпакты патриоттуулук менен улуттук эгемендүүлүк жана коомдук өнүгүү идеяларына берилгендик рухунда тарбиялоо ишинде өзүнүн ак ниеттүү эмгеги менен чоң ийгиликтерге жетишкен Өзбекстан Республикасы жарандары жана Өзбекстан Республикасы жараны болбогон адамдар сыйланат.

2. 16 жашка чейин болгон жашы жете электер жумуш убактысын үчтөн бир бөлүгү жүктөрдү колдо көтөрүү жана ташуу менен байланышта болгондо, колдо жүк көтөрүү жана ташуу нормаларынын чеги: уул балдар үчүн – 6,5 кг, кыз балдар үчүн – 3,5 кг дан оор болбостугу керек.

**ТОПТУК ЫКМА** Мугалимдин жардамы менен «Кыргыз тили» же «Кыргыз адабияты» боюнча түзүлгөн программа менен таанышып, чейрек боюнча план түзүп көргүлө.

**1-топко:**
Кыргыз тили 5-класс 1-чейрек боюнча

**2-топко:**
Кыргыз тили 6-класс 1-чейрек боюнча

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма 4.** Мектебиңердин көрүнөр жеринде мектептин уставы, программасы илинип турган болуу керек. Ошону менен таанышып, программа менен уставдын айырмасын карап, дептериңерге эскертме жазгыла.

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Кийинки чыккан указдар менен таанышып, алардын өзгөчөлүгүн белгилегиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Коммуникативдик тапшырма

**Тема: «Коом»**

| | |
|---|---|
| **Максаты** | Катышуучулардын эмоциялык лексикасын байытуу, ой жүгүртүү, топто иштей билүү. |
| **Убакыт** | 15-20 мүнөт |
| **Катышуучулардын саны** | Окуучулардын бардыгы эки топко бөлүнүшөт. |
| **Жабдылышы** | 2 батман, фламастер |
| **Тапшырманын шарты** | Эки топко батман берилет. Сабак учурунда топтун мүчөлөрү сезимди чагылдырган сөздөрдү жазып чыгышат. Сөздөр кайталанбашы керек, ал эми жаңы сөздөрдү ойлоп табуу кубатталат. |
| **Тапшырма** | Ар бир батманда жазылган сөздөрдү катыштырып, диалог түзүп, презентациялайт. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE









# III БӨЛҮМ

# УКУКТАН БУРЧКА ЧЕЙИН

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 1-СААТ

## УКУК БОЮНЧА ДАТАЛУУ КҮНДӨРДҮН КАЛЕНДАРЫ

2001–2010-ж.ж. – Жергебиздегы балдардын кызыкчылыгы үчүн тынчтыктын жана зомбулуксуздуктун эл аралык он жылдыгы.

1-июнь – Эл аралык балдардын укугун коргоо күнү.

4-июнь – Агрессиянын курманы болгон балдардын эл аралык күнү болот.

20-ноябрь – Дүйнөлүк балдар укугунун күнү.

10-декабрь – Адам укугу күнү.

8-декабрь – Өзбекстан Республикасынын Конституция күнү.

**Адамдардын жеке укуктары жана эркиндиктери.**

**1 Адам укутары деген эмне?**

Өзбекстан Республикасынын Конституциясына ылайык адамдардын жеке укуктары жана эркиндиктери төмөнкүлөр:

**Жашоо укугу**

- Сотто коргонуу жана жеке коопсуздук укугу
- Ар-намыс, абийири жана жеке турмушуна кооп салынуудан коргонуу укугу
- Турак-жайдын кол тийгистик укугу
- Бир жерден экинчи жерге көчүү жана жашоо жайын эркин тандоо укугу
- Пикир, сөз жана ишеним эркиндиги
- Ыйман жана динге сыйынуу эркиндиги

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1. **Адам** укуктары – мамлекеттик мыйзамдарда белгилеп коюлган укуктар болуп эсептелип, мамлекетте ар бир жарандын укук жана эркиндиктерин камсыздайт.

2. Ошондуктан да мыйзам менен белгиленген **учурда** укук деп, башка учурларда эркиндик деп аталат. Мында эскерте кетүүчү нерсе, иш-аракетти тандоодо кеңири эркиндикти көрсөтүү аркылуу укук алардан пайдалануунун анык чек арасын да белгилеп берет.

3. **Өлкөдө** демократиянын бар экендигин аныктаган адамдын эң негизги жеке укугу – бул жашоо укугу болуп саналат.

**Жашоо укугу ар бир адамдын ажырагыс укугу болуп саналат. Адамдын өмүрүнө кол салуу эң оор жаза болуп саналат.**

*Өзбекстан Республикасынын Конституциясы, 24-статья*

4. Сотто коргонуу жана жеке коопсуздук укугу бул **инсандын** ар кандай абалда өз **ыктыяры менен** иш көрүү укугу болуп саналат. Мында мамлекет органдары жана кызмат кишилери тарабынан анын укуктарын мыйзамга каршы келе турган абалда чектөөгө жол коюлбайт.

5. Ар-намыс, абийири жана жеке турмушуна кооп салынуудан коргонуу укугу адамдын жеке **өмүрү** дегенде эрежеден тышкары түрдө конкреттүү адамга таандык болгон жана мыйзамсыз түрдө ашкере кылынган учурда ошол адамга руханий **зыян** жеткирилиши мүмкүн болгон жазышууларды, телефон аркылуу сүйлөшүүлөрдү, телеграф аркылуу жана башка түрдөгү билдирүүлөрдү, медициналык мүнөздөгү жана башка маалыматтарды түшүнөбүз.

6. Өзбекстан Республикасынын Конституциясында (27-статья) көздө тутулгандай, мамлекеттик органдардын турак-жайдын кол тийгистиги укугуна кийлигишүүсү мүмкүн эмес. Бирок мамлекет коомдун коопсуздугун, коомдук тартипти, калктын ден соолугун сактоо же башка адамдардын укугу жана эркиндиги боюнча мыйзамда белгиленген учурлар буга кирбейт.

7. Бир жерден экинчи жерге көчүү жана жашоо жайын эркин тандоо укугу Өзбекстан **территориясында** законду улуктун негизинде жашап турган адамга гана тиешелүү.

8. Пикирлөө, сөз жана ишеним анын кыймыл-аракеттерини негизи болуп саналат. Конституция пикирлөө жана сөз эркиндигин камсыздоо менен бирге конституциялык түзүлүшкө каршы багытталган ар кандай кабар же мамлекеттин сыры болгон мааалыматтарды **таратууга** тыюу салат.

9. Өзбекстанда өзүнүн ордун тапкан ыйман эркиндигин урматтоо элибиздин терең руханий баалуулуктарына кирет. Диндин мамлекеттештирилиши ар кимдин жеке иши болуп саналган диндин маани-маңызына мамлекеттин кийлигишүүсүн билдирет.

10. Мамлекет менен диний уюмдардын ортосундагы мамилелер Өзбекстан Республикасынын «Ыйман эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндөгү» Мыйзамы негизинде башкарылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Тапшырма 1.** Текстти окуп чыгып, төмөнкү берилген суроолорго жооп бергиле.

1. Өзбекстан Республикасынын Конституциясында адамдардын кандай укук жана эркиндиктери белгиленген?
2. Жашоо укугун ишке ашыруу мамлекет үчүн эмнени туюндурат?
3. Инсандын турак-жайынын кол тийгистиги эмнени билдирет?
4. Жеке турмуш эмне, аны кандайча коргоого болот?
5. Ыйман жана динге ишенүү эркиндиги дегенде эмнени түшүнөсүңөр?

**АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ** **ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТТИК ТАПШЫРМАЛАР**

**1-суроо**

**Өлкөдө демократиянын бар экендигин аныктаган адамдын эң негизги жеке укугу кайсы катарда туура берилген?**

А Жашоо укугу;

Б Турак-жайынын кол тийгистиги укугу;

В Пикир, сөз жана ишеним эркиндиги укугу;

Г Ыйман жана динге ишенүү эркиндиги укугу.

**2-суроо**

**Бир жерден экинчи жерге көчүү жана жашоо жайын эркин тандоо укугу кимдерге тиешелүү?**

А Өзбекстан территориясында законduулуктун негизинде жашап турган адамга гана тиешелүү;

Б Өзбекстан территориясында жашап турган ар кандай адамдарга тиешелүү;

В Өзбекстан Республикасы жараны жана Өзбекстан Республикасы жараны болбогон адамдарга тиешелүү;

Г 18 жаштан ашкан Өзбекстан территориясында законduулуктун негизинде жашап турган адамга гана тиешелүү.

**Тапшырма 2.** Жогорудагы берилген текстке таянып, сүйлөмдөрдү бүтүргүлө.

**Изден**

1. ________________________________ мамлекетте ар бир жарандын укук жана эркиндиктерин камсыздайт.
2. _____________ кетчү нерсе, иш-аракетти тандоодо кеңири эркиндикти көрсөтүү аркылуу ________________________________.
3. Сотто коргонуу жана жеке коопсуздук укугу ______________________.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



4.__________ мамлекет коомдун коопсуздугун, коомдук тартипти, калктын ден соолугун сактоо же ____________________________________________.
5. ____________________________ элибиздин терең руханий баалуулуктарына кирет.

## ТОПТУК ЫКМА

**Тапшырма 3.** Текстти окуп чыгып, биринчи топтун окуучулары кара тамга менен берилген сөздөрдүн синонимдерин аныктап, экинчи топтун окуучулары көк тамга менен берилген сөз жана сөз айкаштарынын маанисин чечмелеп бергиле жана аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

**1-топко:**
Адам, үчүрда, өлкөдө,инсандын, ыктыяры менен, өмүрү, зыян, территориясында, таратууга

**2-топко:**
Чек арасын,жашоо укугун, ар-намыс, абийири, жашоо жайы, сөз эркиндигин камсыздоо, руханий баалуулуктар

### ТЕКСТ МЕНЕН ИШТӨӨ

Төмөнкү берилген сүрөттөр адамдардын жеке укуктары жана эркиндиктеринин кайсы бирине таандык экендигин аныктап айтып бергиле. Адамдардын жашоосу, турак-жай, Сотто коргонуу жана жеке коопсуздугу, ыйман, дин эркиндиги, сөз эркиндиги боюнча сүрөттөр









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE









## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

**Фонема жөнүндө түшүнүк**
**ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАРДЫН ЖАСАЛУУ ОРДУНА КАРАЙ БӨЛҮНҮШҮ**

Фонема – тилдин бөлүктөргө ажырабай турган, сөздөрдү, морфемаларды, сүйлөмдөрдү түзүүгө катышып, аларды бири-биринен айырмалоого жардам берүүчү эң жөнөкөй элементи – тыбыштары.

Кыргыз тилиндеги үнсүз тыбыштардын жасалуу орду анын айтылышында өпкөдөн келе жаткан абанын кайсы жерде тоскоолдукка учурап, ага активдүү речтик аппараттардын, атап айтканда, тил менен эриндин жана тиштин катышы канчалык даражада болгондугуна байланыштуу аныкталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Мына ошолорго байланыштуу үнсүз тыбыштар жасалуу ордуна карай төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт.
1. Уччулдар. : д, т, н, з, с, ш, л, р, ж, ш, ц, щ.   2. Орточулдар:  ч, ж
3. Түпчүлдөр. к (к), г (г)   4. Кош эринчилдер: б,п,м
5. Эрин-тишчилдер:  в, ф

**Топтук ыкма**

Жогоруда берилген текстти окуп чыгып, андагы 1,2,3,4-бөлүктөрүндөгү сөздөрдү үнсүз тыбыштардын жасалуу орду боюнча ажыратып көрсөткүлө.

**Үлгү**: ***укуктары деген сөздө*** *к, т, р деген үнсүз тыбыштар бар. Жасалуу орду боюнча к-түпчүл,  т-уччул, р-уччул*

**1-топко:**
Тексттин 1-жана 2-бөлүгү

**2-топко:**
Тексттин 3-жана 4-бөлүгү

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ** Тексттин 5, 6 бөлүгүнөн өзүнөр он беш сөз тандап, төмөнкү таблица боюнча беш топко бөлгүлө. Ар бир топко ажыраткан сөзүнөрдөгү уччулдар, орточулдар, түпчүлдөр, кош эринчилдер, эрин-тишчилдер деп ажыратып чыккыла.

| Сөздөр | Уччулдар | Орточулдар | Түпчүлдөр | Кош эринчилдер | Эрин-тишчилдер |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Тексттин 7, 8, 9, 10- бөлүмдөрүн окуп чыгып, уччул, орточул, түпчүл, кош эринчил, эрин-тишчил  үнсүздөр менен башталган сөздөрдү таап көчүрүп жазгыла жана ал сөздөрдү катыштырып, «Менин укугум» деген темада чакан текст түзгүлө.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 2-СААТ

### 23-АПРЕЛЬ – БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК КИТЕП ЖАНА АВТОРДУК УКУК КҮНҮ



**23-апрель – бүткүл дүйнөлүк китеп жана автордук укук күнү**

Дүйнөлүк **адабият** менен маданияттын көч башында турган Сервантес, Шекспир жана Инка Гарсилио де ла Вега сыяктуу классиктер 1616-жылдын 23-апрелинде дүйнөдөн кайтышкан. 1995-жылдын 15-ноябрь күнү ЮНЕСКО Баш конференциясынын 28-сессиясында резолюция кабыл кылды. 1996-жылдан баштап 23-апрель — Бүткүл дүйнөлүк китеп жана **автордук** укук күнү катары майрамдалат. Бул күндүн символикалык мааниси бар болгондуктан, ЮНЕСКО китеп менен автордук укукту **урматтоо** максатында аталган күндү атайын белгилөө **жөрөлгөсүн** иштеп чыккан.

Ошол жылы балдар жана **өспүрүмдөр** адабияты демилгеси менен иш алып баргандардын ишин баалоо максатында ЮНЕСКО сыйлыгы жарыяланды. Анткени китеп илимди кең түрдө жайылтуу жана билимди сактап калуунун бирден-бир булагы болуп саналат.

Кабыл кылынган **резолюцияда** ошол күнү китеп көргөзмөсү жана ярмаркаларын өткөрүү сунуш кылынат. Иш-чара өткөрүүдө башка мамлекет жана уюмдардын тажрыйбасынан пайдалануу да көрсөтүп өтүлгөн. Мисалы, 1926-жылда Испания королу Альфонс XIII Мигеля **Сервантес** дүйнөдөн өткөн 23-апрелде мамлекетте испан китеби күнүн өткөрүү жөнүндө декретке кол койду. 1931-жылдан баштап ким китеп сатып ала турган болсо, ага атыргүл белек кылышкан. Бул күндү акын-жазуучулар жана китепканачылар кең түрдө **майрамдашат**. Китеп сизди ар кандай кырдаалдар жөнүндө ойлонуу процессине канчалык көп камтыса, ошончолук ал сиздин жеке жүрүм-турумуңуздун себептерин түшүнүүгө жардам берет.

Китептер билим берет. Көп жылдар бою **эркинен** ажыратылган адамдар тынымсыз окуй баштаганда, бир гана китептердин жардамы менен чет тилдерди үйрөнүп же көрүнүктүү илимпоз болуп калышкан учурлар бар.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Турмушубузга **жаңылыктар** менен таанышуунун электрон булактары тездик менен кирип келе жаткандыгына карабай китеп өз маанисин эч качан жоготпойт. Себеби жазуу аркылуу аң-сезимдүү адамзат тарыхы башталган. Китеп аркылуу бир гана өзүбүздүн эмес, ошондой эле башка **элдердин** маданияты, каада-салттары менен да таанышабыз. Китеп аркылуу инсан дүйнөнү өзүнчө түшүнөт. Өз каармандарын жаратат.




Бүткүл дүйнөлүк китеп жана автордук укуктары күнүн майрамдоо менен ар бир эл жана мамлекеттин маданиятын сактоо жана аны дүйнөгө жайылтуудагы ордуна атайын көңүл бурушубуз керек. Китеп адамзат тарыхында маданий мурасты тереңдетүү жана коргоодо негизги жардамчы болуп саналат. Ошол себептүү жылдан-жылга бул майрамга кызыгуучулар саны көбөйүп барууда.

2001-жылдан баштап жакшы бир салт пайда болду. Мындайча айтканда бир жыл аралыгында кайсыдыр бир шаар. Дүйнөлүк Китеп борбору наамына ээ болот. Шаар ЮНЕСКО тарабынан жарыяланган комитет тарабынан тандалат. Комитетке ЮНЕСКО, Эл аралык басмакана шериктештиги, Эл аралык китепканалар бирикмесинин федерациясы жана Эл аралык китеп соодасы федерациясы өкүлдөрү кирген.

Бул жылы Дүйнөлүк Китеп борбору катарында Афина жарыяланды. Бул шаар китеп иштеп чыгаруудагы активдүү аракети үчүн тандалды.




**Мээ чабуулу.** Айтылган сөздөргө комментарий бергиле.

**Тапшырма 1.** Классиктер, көч башында, дүйнөдөн кайтышкан, символикалык мааниси, ЮНЕСКО сыйлыгы, уюмдун тажрыйбасы, китеп көргөзмөсү, китеп күнү, электрон булактар, дүйнөнү өзүнчө түшүнүү, өз каармандары, мамлекеттин маданияты, дүйнөгө жайылтуу, маданий мурас.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ** **ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТТИК ТАПШЫРМАЛАР**

**1-суроо** **Эмне үчүн 23-апрель Бүткүл дүйнөлүк китеп жана автордук укук күнү деп майрамдалат?**

**А** Дүйнөлүк адабият менен маданияттын көч башында турган ири классиктер 23-апрелде дүйнөдөн кайтышкандыгына байланыштуу;

**Б** Кабыл кылынган резолюцияда 23-апрель китеп көргөзмөсү жана ярмаркаларын өткөрүү сунуш кылынгандыгына байланыштуу;

**В** 1995-жылдын 15-ноябрь күнү ЮНЕСКО Баш конференциясынын 28-сессиясында резолюция кабыл кылынгандыгна байланыштуу;

**Г** Турмушубузга жаңылыктар менен таанышуунун электрон булактары тездик менен кирип келе жаткандыгына.

**2-суроо** **Тексттен алынган төмөнкү маалыматтардан кайсы бири Афина шаарына тиешелүү эмес?**

**А** Жылдан-жылга бул майрамга кызыгуучулар саны артып баруда;

**Б** Дүйнөлүк Китеп борбору наамына ээ болот;

**В** Бул жыл Дүйнөлүк Китеп борбору катарында жарыяланды;

**Г** Китеп иштеп чыгаруудагы активдүү аракети үчүн тандалды;

**Тапшырма 2.** Текстти окуп, ар бир абзацка тема койгула. Таблицага маалымат толтургула.

| | | |
|---|---|---|
| 1996-жылдан | ____________ | майрамдалат. |
| ____________ | китеп көргөзмөсү жана ярмаркаларын | ____________ |
| Бул күндү акын-жазуучулар. | ____________ | ____________ |
| | | өзүнчө түшүнөт. |
| ____________ | бул майрамга. | ____________ |

**Тапшырма 3.** Сүрөттөр менен иштөө. Берилген сүрөттөр боюнча төмөнкү суроолорго жооп бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE















1. Биздин турмушубузда китеп эмне үчүн керек?
2. Мектеп китепканасында кандай китептер болушун каалайсың?
3. Сенин өздүк китепканаң барбы, анда канча китеп бар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



4. Китеп жумалыгы кандай өткөрүлөт?
5. Мектепте китепке байланыштуу кандай майрамдар өткөрүлдү?

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАРДЫН ЖАСАЛУУ ЫГЫНА КАРАЙ БӨЛҮНҮШҮ

Үнсүз тыбыштар жасалуу ыгына карай жарылма, жылчыкчыл, мурунчул, капталчыл жана дирилдеме болуп бөлүнөт.
1. Жарылмалар: б, п, т, г (кагаз), г (гүл), к (көл), к (кол).
2. Жылчыкчыл үнсүздөр: з, с, ж, ш, й, г (ага), в, ф, х.
3. Мурунчул үнсүздөр: м, н, ң тыбыштары кирет.
4. Капталчыл үнсүз тыбышы: л.
5. Дирилдеме үнсүз: р.

**Өз алдынча иштөө**

Текстти окуп чыгып, кара тамга менен басылган сөздөрдү терип, көчүрүп жазгыла. Андагы үнсүз тыбыштарга жасалуу ыгына карата оозеки талдоо жүргүзгүлө.

**Үлгү:** *майрамдашат – м-мурунчул, й-жылчыкчыл, р-дирилдеме, ш-жылчыкчыл, т-жарылма.*

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ** Талдоо үчүн 10-15 сөздү тандап алып, бир сапка бирден сөз жазгыла да, анын тушуна ошол сөздөрдөгү үнсүздөрдүн жасалуу ордун көрсөткүлө. Ошол эле жол менен үнсүздөрдү жасалуу ыгына карата да талдоо жүргүзгүлө.

| Сөздөр | Үнсүздөрдүн жасалуу ыгына карай бөлүнүшү | Үнсүздөрдүн жасалуу ордуна карай бөлүнүшү |
|---|---|---|
| Китептер | | |

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Тексттин үчүнчү абзацындагы сүйлөмдөрдү окуп чыгып, төмөнкү тапшырманы аткаргыла.

жарылма үнсүздөр менен бүткөн сөздөр:

жылчыкчыл үнсүздөр менен бүткөн сөздөр:

мурунчул үнсүздөр менен бүткөн сөздөр:

капталчыл үнсүздөр менен бүткөн сөздөр:

дирилдеме үнсүздөр менен бүткөн сөздөр:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 3-СААТ

### АДАМ УКУКТАРЫ

Адам укуктары негизги укук болуп саналат, ал бардык элде болуш керек. Адам укуктары адам баласына эркин жашоого, коомдук жашоого катышууга, өзүнүн дараметин жогорулатууга мүмкүнчүлүк жана адамдарга сый-урмат, адилеттүү мамиле жасоого кепилдик берет. Биз адам баласыбыз жана ал укуктарды тартып алууга болбойт, ошондуктан бизде адам укугу бар. Силер кайсы бир мамлекеттин жарандары болгонуңар үчүн эмес, адам болгонуңар үчүн укугуңар бар. Адам укугу дүйнө жүзүнүн кайсы гана жери болбосун бардык адам баласы үчүн бирдей, мындайча айтканда жалпы. Бул адам укугу улутуна, расасына, диний көз карашына, жынысына, жашына жана башка айырмачылыктарына карабай бардыгына тиешелүү. Адам укугун бузуу бул аны адам катары көрбөй мамиле жасоо дегенди түшүндүрөт. Негизги принцип бул укуктун улуулугу. Адам баласында болгон айырмачылыктарга карабай бардыгы мыйзамдын алдында бирдей. Адам укугу бекитилген азыркы замандагы негизги документ – бул адам укугу боюнча жалпы декларация болуп саналат, ал 1948-жылы Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) тарабынан иштелип чыккан жана кабыл алынган.

Ар бир адам баласынын төмөндөгүдөй укуктары бар: билим алууга, жашоого, азыктанууга, мыйзам чегинде тең мамилеге, саламаттыкты сактоого, адилеттүү сот, шайлоого, эркин ой пикирин айтууга, эркин дин тутууга, мүлкко ээ болууга, басмырлануудан коргонууга, коомчулуктун маданий жашоосуна катышууга укуктуу. Өзбекстан Республикасынын Конституциясы жарандарынын ар-намысын, кадырын сыйлоо укугуна, тең укуктуулук, жынысына, расасына, улутуна, диний көз карашына, динге ишенүү эркиндиги боюнча басмырланбаганга кепилдик берет.

Балдардын дагы укугу бар. Алардын кандай укугу бар? Балдардын укугу боюнча конвенцияда бала жашоого, ата-эненин камкордугуна, медициналык жардам алууга, билим алууга, эс алууга укуктуу. Бардык балдар эркин жүрүүгө, ой пикирин эркин айтууга, жеке жашоого жана ар тараптан өнүгүүгө укуктуу. Эч кайсы бала кыянат мамилеге, зордук-зомбулукка, кемсинтүүгө кабылбоосу керек жана ар бир бала кадыр-баркын урматтоого укуктуу. Ар бир бала урматка укуктуу. Бирок, сени урматташ үчүн сен өзүңдү өзүң урматташың керек.

**Өзүн – өзү урматтоо**

*Бул адам өзүн-өзү сыйлагандык. Ата-энени, үй-бүлөнү сыйлагандык, бул ишенимди жана токтоолуктукту берет. Башкалардын ой-пикирине көз каранды болбойт, дайыма өзүнүн пикири болот. Башка бирөөлөрдү дагы урматтай билет. Ар дайым аракет кылат. Алар дайыма өзүнө-өзү ишенет, өздөрүнүн укугун, ой пикирин коргошот.*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## СЫНЧЫЛ ОЙЛОМ

**Тапшырма 1.** Текст боюнча тапшырмалар.

а) Белгиленген сөздөрдү кандай түшүнөсүңөр? Сөздүк менен иштегиле.
б) *Коомдук жашоого катышуу, адилеттүү мамиле жасоо, укуктун улуулугу* деген сөз айкаштарына сүйлөм түзүп, маанисин айтып бергиле.
в) *сыйлоо, тең, эркин, басмырланбаганга* деген сөздөрдүн синонимин тапкыла, аларды катыштырып, сүйлөм түзгүлө.
г) Өзүңөрдүн укугуңар жөнүндө айтып бергиле. Тексттеги сөздөрдү жана сөз айкаштарды пайдалангыла.
д) Эгерде адамдын укуктары жок болсо, анда эмне болмок? Кандай деп ойлойсуңар?

## КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 2.** Текст боюнча тест суроолоруна жооп бергиле.

1. Адам укуктары ________ укук болуп саналат.
   а) негизги в) биринчи
   б) башкы г) жалпы
2. Негизги принцип бул укуктун _________.
   а) улуулугу в) чынчылдыгы
   б) бийиктиги г) акыйкатчылдыгы
3. Адам баласында болгон айырмачылыктарга карабай ________ мыйзамдын алдында бирдей.
   а) бардыгы в) көпчүлүгү
   б) кээ бирлери г) жалпы
4. Бирок, сени урматташ үчүн сен ________ урматташың керек.
   а) өзүңдү-өзүң в) чоңдорду
   б) ата-энеңди г) башкаларды

## ОЙ КЫЛЧОО

**Тапшырма 3.** Текстти окуп чыгып, төмөнкү корутундулоо боюнча кичи топтордо кеңешип, өз оюңарды төмөнкү сүйлөмдөрдө улантып жазгыла.

Мен … деп ойлойм.
Биринчиден, … .
Демек, … .
Үчүнчүдөн, … .
Демек, … .

**Тапшырма 4.** Сүйлөмдөрдүн шеригин тапкыла.

| | |
|---|---|
| Биз адам баласыбыз жана ал укуктарды тартып алууга болбойт. | |
| | бул адам укугу боюнча жалпы декларация болуп саналат. |
| Адам укугу дүйнө жүзүнүн кайсы гана жери болбосун бардык адам баласы үчүн бирдей. | |
| Эч кайсы бала кыянат мамилеге, зордук-зомбулукка, кемсинтүүгө кабылбоосу керек | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### ҮНДӨШТҮК (СИНГАРМОНИЗМ) МЫЙЗАМЫ

Бир сөздөгү тыбыштардын бири-бирине таасир этип, бир кылка ыргакка ээ болушун үндөштүк (сингармонизм) мыйзамы (закону) дейбиз.

Мисалы: *Берекелерим, жыйынтык, үйдөгүлөргө, энелерибизге, сүймөнчүктүү, тоолордо, китептерде, талаалардагы, көрүнгөндөргө, күлкүлүү, окуучу ж.у.с.*

Үндүү тыбыштардын окшошуусу башка тилдерге караганда кыргыз тилинде күчтүү өнүккөн. Кыргыз тилинин төл сөздөрүнүн дээрлик бардыгы үндөштүк мыйзамына (законуна) баш ийип турат.

Мисалы: *бадал, бадалдан, бадалдуу, акыл, акылман, жыгач, жыгачтарды, кымыз, кымыздан, нөшөр, нөшөрлөп, нөшөрлүү.*

Кыргыз тилинде үндүүлөр боюнча үндөштүк законуна ылайык экиге бөлүнөт: 1) үндүүлөрдүн тилдин күүсүнө карата; 2) үндүүлөрдүн эриндин күүсүнө карата үндөшүп өзгөрүшү (окшошуусу).

Үндүүлөрдүн тилдин күүсүнө карата үндөшүп өзгөрүшү (окшошуусу). Сөз ичиндеги үндүү тыбыштардын тил артына (жоон үндүүгө) жана тил алдына (ичке үндүүгө) карата үндөшүүсү үндүүлөрдүн тилдин күүсүнө карата өзгөрүшү (окшошуусу) деп аталат.

**Тапшырма 5.** Жогорудагы текстти окуп, андагы 1-абзацтан үндөштүк законуна байланыштуу өзгөргөн сөздөрдү таап, аларга мүнөздөмө бергиле. Ошондой эле андай өзгөрүүгө учурабаган сөздөргө токтолуп, анын себебин түшүндүргүлө

| Үндөштүк законуна байланыштуу өзгөргөн сөздөр | Алардагы бир кылка өзгөрүү |
|---|---|
| Баласына, мүмкүнчүлүк | |

**Тапшырма 6.** Текстти окуп чыгып, андагы 2-жана 3-абзацтагы үндүүлөрдүн тилдин күүсүнө карай өзгөргөн сөздөрдү көчүрүп жазып, аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

**Үлгү:** баласынын – жоон үндүүлөргө карай өзгөрүү болду;

*Асан баласынын Өзбекстан Республикасынын Конституциясы жөнүндөгү билимдерин сынады.*

**Тапшырма 7.** Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү сөздөрдүн кайсынысында тил алды (ичке) жана тил арты (жоон) үндүүлөр боюнча үндөштүк (сингармонизм) законуна ылайык өзгөрүүлөр болгондугун айтып бергиле.

1. Абийиринди жашыңдан сакта. 2. Адам аласы – ичинде, мал аласы – сыртында. 3. Ашың калса калсын, ишиң калбасын. Илим алуу ийне менен кудук казгандай. 4. Билеги күчтүү бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат. 5. Адамды сүйө албаган адам, ата мекенин да урматтай албайт. 6. Өз кемчилигин сезбөө – наадандык. Адилет адамдын адилеттигине шек келтирүү – кечирилбес күнөө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 4-СААТ

## АДАМДЫН ЖЕКЕ УКУКТАРЫ

Сенин оюнча, кайсы учурларда адамдын жеке укуктары бузулган? Төмөнкү жагдайларды окуп, өз чечиминерди билдиргиле.

**1-жагдай**

1. Өспүрүмдөр тобу уурулук жасады. Бул окуя сотко чейин мектеп педагогика кеңешинин чогулушунда талкууга алынып, анда өспүрүмдөрдү кылмышкерлер деп аташты. Ошону менен бирге, чогулуш катышуучулары аларды сот сөзсүз жазалайт  деп үмүт билдиришти.

***Сынчыл:***

1. Өспүрүмдөрдүн уурулук кылганы туурабы?
2. Кандай балдар уурулук кыла алышат?
3. Бул окуяны сотко чейин мектеп педагогика кеңешинде көрүп чыгып, токтом чыгарышын туура деп эсептейсиңерби?
4. Бул балдарды сот эми кандайча жазалайт деп  ойлойсуңар?

Бул суроолорго ойлонуп, жеке топтордо кеңешип жооп бергиле.

**2-жагдай**

Өспүрүмдөрдүн **тобу** медицина институтунун тажрыйба бөлмөсүнөн күчүк уурдашкан. Окуяны **териштирүү** учурунда аныкталышынча, **тажрыйба** жүргүзүлгөндөн кийин күчүктөргө **тамак** берилбегендиги жана **каралбагандыгы** себептүү кыңшылагандыктан, балдардын аларга боору ооруган.

**МЭЭ ЧАБУУЛУ:**

1. Уурулук кылуу туурабы?
2. Өспүрүмдөр  тобу медицина институтунун тажрыйба бөлмөсүнөн эмне себептен  күчүк уурдашкан?
3. Тажрыйба бөлмөсүнүн кызматкерлеринин иши туурабы?
4. Балдар эми ууру аталышты, буга кимдер күнөөлүү?
5. Биз кимдерди жазалашыбыз керек?

**3-жагдай**

Онунчу класстын окуучулары мурдагы сабакта спорт залында дене тарбия сабагында болушканда жетинчи класстын окуучулары алардын кабинетинде сабак өтүшкөнүн, натыйжада акчалары жоголгондугун шылтоолоп, ошол класстын окуучулары арасында тинтүү өткөрүштү.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### ОЙ КЫЛЧОО

1. Дене тарбия сабагында кимдер болушту?
2. Онунчу класстын окуучулары эмне себептен жетинчи класстын окуучуларын тинтүү кылышты?
3. Алардын бул окуучуларды тинтүүгө акысы барбы жана кылган иши туурабы?
4. Текстти окуп, мазмунун чечмелегиле. Акча чындап жоголду деп ойлойсуңарбы? Бул жерде адамдын кандай укуктары жөнүндө сөз болду?

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### ҮНДҮҮЛӨРДҮН ЭРИН КҮҮСҮНӨ КАРАП, ҮНДӨШҮП ӨЗГӨРҮҮСҮ (ОКШОШУУСУ)

Сөздүн аяккы муунундагы үндүүнүн эрин же эринсиз болушуна карата ага уланган мүчөдөгү үндүү тыбыштардын да эрин же эринсиз болуп ээрчишип өзгөрүп кетишин үндүүлөрдүн эрин күүсүнө карата үндөшүп окшошуусу (өзгөрүүсү) деп айтабыз.

Эгерде сөздүн акыркы муунундагы үндүү эрин үндүү болсо, ага уланган мүчөлөрдөгү үндүүлөр да эрин үндүү болуп өзгөрөт.

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма 1.** Текстти окуп чыгып, тил жана эриндин күүсүнө карата үндөшүп турган сөздөрдү таап, көчүрүп жазгыла да аларга мүнөздөмө бергиле

**Үлгү:** уңгусу – өс эрин күүсүнө карай үндөшүп, мүчөлөрү – пүр-үм-дөр;



**Чечен сөз топтому**

**Баскан изине чөп чыкпоо.** Жөн жүрбөй, жүргөн жерин бүлүнтүп, былгытып жиберүү, куулук – шумдугу ашынуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Коммуникативдик тапшырма

**Тема: «Биздин укуктар»**

| | |
|---|---|
| **Максаты** | Проблеманы аныктоо, түшүнүү, ой жүгүртүү, топто иштей билүү, өз оюн жеткире айта алуу, суроо берүү жөндөмүн өнүктүрүү. |
| **Убакыт** | 15-20 мүнөт |
| **Катышуучулардын саны** | Окуучулардын бардыгы |
| **Оюндун шарты** | Дискуссиянын темасын окуучулар күн мурун тандап алышат. Шайланган окуучу, темага жараша суроолорду даярдап келет. |
| **Дискуссия темалары** | «Жаштардын укуктары», «Менин укуктарым», «Жеке укуктар», «Биздин Конституция» |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE









# IV БӨЛҮМ

# МЕН ЖАНА БАШКАЛАР

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 1-СААТ

## «МЕН» ДЕГЕН ЖАҢЫРЫК

Калкым, калкым дебесе, Калктын камын жебесе, Эр жигитте не пайда. Элден **Өз көмөчүнө күл тартып,** өз кызыкчылыгын ойлогон адамды өзүмчүл деп атайбыз. Андай адам баардыгынан өз кызыкчылыгын жогору коёт. «Өзүм аман болоюн, өзгөлөр эмне болсо, ошол болсун» деген ураан менен гана жашайт. Өзгөлөрдүн кызыкчылыгына кайдыгер мамиле кылат. Кайдыгерлик – бул адам сапатынын терс көрүнүшү. Кайдыгер адамда өзгөгө үлгү болорлук сапаттардын белгилери жокко эсе. Андай адамдарда бирөөгө боор оору, **кубанычына ортоктош**, **кайгысын тең бөлүшүү** деген изги сапаттар сезимден жат болору талашсыз. Анын табиятына жалаң гана «Мен» деген жаңырык мүнөздүү. Баарын мен жасадым, баары мен үчүн деп, **акчанын, байлыктын кулу** болуп гана жашайт. Өзүнүн ырыскысын башкалар менен бөлүшүүнү каалабайт. Демек, мындай адамдан кандай жакшы жөрөлгө алууга болот? Сенде ушундай жамандалган сапаттын уялашына эч качан жол бербе. Өзүңдүн кызыкчылыгыңдан өзгөнүкүн жогору кой, досторуңан, класссташтарыңан жардам колун аяба. Аларга кайрымдуу бол, жардам бер. Эне уулу эмес **эл уулу** бол. Кадырлуу калктын батасын ал. «Бата менен эл көгөрөт, жамгыр менен жер көгөрөт» деген макалды эсиңе ал. Эң негизгиси кайдыгерликтен алыс бол.

**Тапшырма 1.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү тексттен таап, көп чекиттердин ордуна туура келүүчү сөздөрдү аныктагыла.

**Изден**

**1. Элден өз көмөчүнө күл тартып, өз кызыкчылыгын ойлогон адамды ... деп атайбыз**
а) өзүмчүл; б) жаман; в) акылдуу; г) мээрбан.

**2. Өзүн ойлогон адам баардыгынан өз .... жогору коёт.**
а) кызыкчылыгын; б) бактын; в) туугандарын; г) ишин.

**3. Алар өзгөлөрдүн кызыкчылыгына .... мамиле кылат.**
а) кайдыгер; б) жакшы; в) жаман; г) көңүлдөгүдөй.

**4. Ал өзүнүн ырыскысын башкалар менен бөлүшүүнү ....... .**
а) каалабайт; б) түшүндүрдү; в) каалады; г) айтты.

**5. Сенде ушундай жамандалган сапаттын .... эч качан жол бербе.**
а) уялашына; в) бар болушуна;
б) көбөйүшүнө; г) сакталып калышына.

UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 2.** Текст боюнча берилген маалыматтарды окуп, туура жана катасын аныктагыла.

| Маалыматтар | Туура | Ката |
|---|---|---|
| Текстте өзүмчүл адамдар жөнүндө айтылат | | |
| Өзгөлөрдүн кызыкчылыгына туура мамиле кылат. | | |
| Анын табиятына жалаң гана «Биз» деген жаңырык мүнөздүү | | |
| Кайдыгерлик – бул адам сапатынын терс көрүнүшү | | |
| Өзгөнүн кызыкчылыгынан өзүндүкүн жогору кой, досторуңан, классташтарыңан жардам колун аяба | | |

## КЫРДААЛДЫК ТАПШЫРМА

Төмөнкү берилген тапшырма боюнча даярданып, өз пикиринерди баяндагыла.

Сенден бир адам бүгүн жардам беришин сурады. Бирок сенин убактың жок, бүгүн үйдөгү усталарга керектүү курулуш материалдарды алып келишиң керек. Сен өз кызыкчылыгыңдан өзгөнүкүн жогору коё аласыңбы, Кандай жол тутасың?

**Тапшырма 3.** Тексттеги кара тамга менен берилген сөздөрдүн маанисин чечмелеп бергиле жана аларга сүйлөмдөр түзгүлө.

*Өз көмөчүнө күл тартып, ооруу, кубанычына ортоктош, кайгысын тең бөлүшүү акчанын, байлыктын кулу, эл уулу*

## СҮРӨТТӨР МЕНЕН ИШТӨӨ

Төмөнкү берилген сүрөттөр боюнча кандай адамдар көрсөтүлгөндүгүн айтып бергиле. Бул адамдардын коомдогу орду кандай?





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

Сөзгө мүчө уланганда сөздүн аягындагы үнсүз менен мүчөнүн башындагы үнсүз тыбыштын, же удаа айтылган эки сөздүн башкы үнсүз тыбышын өз ара таасир этишүүсүнүн натыйжасында өзгөрүүгө учураса, андай кубулуштарды үнсүз тыбыштардын өзгөрүшү деп айтабыз

1. Бир сөз ичинде үнсүздөрдүн алга жана артка карай окшошуп өзгөрүүсү.

2. Эки сөз аралыгындагы үнсүз тыбыштардын алга же артка карай окшошуп өзгөрүүсү. Эгерде удаа келген эки үнсүздүн кийинкиси өзүнөн мурдагы үнсүздүн таасири менен ага окшошуп (өзгөрүп) айтылса, андай кубулушту үнсүздөрдүн алга карай окшошуп (өзгөрүп) айтылышы дейбиз.

Мисалы: кат + нын = каттын, китеп + га = китепке, бас + ба = баспа.

**Изден**

Текстти окуп, кайсы сөздөрдө каткалаң тыбыштардын таасири менен үнсүздөрдүн окшошуп (өзгөрүп) кеткенин айтып бергиле. Андай учурларды түшүндүрүү үчүн, ал сөздөрдү уңгу, мүчөгө ажыратып, мүчөлөрдүн алгачкы варианты кийин өзгөргөнүн же каткалаң тыбыштын таасиринде ага окшошуп кеткенин көрсөткүлө.

**ТОПТУК ЫКМА**

**Тапшырма 4.** Текстти окуп, кайсы сөздөрдө каткалаң үнсүз тыбыштардын, кайсы сөздөрдө жумшак үнсүздөрдүн таасиринде алга карай окшошуулар (өзгөрүүлөр) болгондугун аныктагыла.

**1-топко:**
каткалаң үнсүз тыбыштардын таасиринде алга карай өзгөргөн сөздөр

**2-топко:**
жумшак үнсүз тыбыштардын таасиринде алга карай өзгөргөн сөздөр

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Текстти окуп чыгып, уңгу түрүндөгү сөздөрдү аныктап, аларга тиешелүү мүчөлөрдү жалгап, аларда үнсүз тыбыштар боюнча кандай өзгөрүүлөр болгондугун төмөнкү таблица боюнча аныктап жазгыла.

| Уңгу сөздөр | Мүчөлөр | Мүчө уланган сөз | Сөздөгү үнсүздөрдө кандай өзгөрүү болду |
|---|---|---|---|
| Адам | -лык | Адамдык | Жумшак үнсүз тыбыш таасиринде алга карай өзгөрүү |
| | | | |
| | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 2-СААТ

### КИМГЕ КАНДАЙ МАМИЛЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

Элдин нарк мурасы сенин инсан катары калыптанышыңа, толук кандуу ыймандуу адам болушуңа өз таасирин тийгизери талашсыз. Мында айтылган ар бир насаат алтынга тете. Аны терең түшүнүп өз турмушунда пайдаланууга, ыйман – ызааттуу, нарк-насилдүү өмүр кечирүүгө жан дилиң менен аракет жаса. Адамдар менен мамиле түзүүнүн сырларын үйрөнүүгө, баарлашуу маданиятын аңдап түшүнүүгө белсенип киришсең, ким менен кандай мамиледе болуунун усулун терең өздөштүрүп аларыңа шек жок.

Кимге кандай мамиле кылуу керек? «Энөөлүк, элебестик-элдешпес душмандарың», «Этияттык – канжардан да күчтүү курал», «Сырынката билген пенде ар дайым эркин болот». Адегенде душман арттырып албоого аракет кыл. Кокусунан бир киши душманың экенин билсең, каала ачык, каала жашыруун абалда анын сактануусунан, купуя аракетинен ар дайым кабардар болуп тургун, энөөлүк кылбагын. Ага сен өзүңдү ашкере коркок кылып көрсөтпө, душманыңды майда, күчсүз деп элебей койбогун. Айрыкча, өзүңө оолак жүргөн адамдын душмандыгына караганда, өз жанында көбүрөөк жакындашып жүргөн кишинин душмандыгынан корккун. Анткени анын кылган арамдык ишин жат душман кыла албайт, а сен сабыр кылгын, душмандарыңды көбөйтпөгүн, чыныгы досторуңду көбөйтүүгө аракет кылгын. Ачуун келген чакта өзүңдү тыйгын. Акырын, жумшак сүйлөгүн. Бирөөнүн жүзүнө ачык айта албаган сөзүңдү ал жок учурда айтьш ушакчы атка конбогун. Эч качан эки жүздүү, ьплас болбогун. Эки жүздүү адамдардан ыраак болгун. Чагымчы адамдардан этият болгун. Анткени чагымчынын бир саатта бузган ишин бир жылда дагы түзөтүп болбойт. Фисогурс (Пифагор) аким айткан экен: «Караандай балээлерден кутулууну кааласаң, ар дайым мына бул он накылды өмүрүңдө эстеп жүр.

1. Өзүңдөн улуу киши менен урушпагын.

2. Орой, ачуусу чукул адам менен тартышып отурбагын.

3. Ичи тар, көралбас, кызганчаак менен бир жыйында болбогун.

4. Наадан менен сөз талашпагын.

5. Сыналбаган адам менен дос болбогун.

6. Жалганчы менен мамиле түзбөгүн.

Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



7. Наадан менен маектешпегин.

8. Аял кишилер менен айтышпагын.

9. Кызуу кандуу, кызганчаак адамдар менен мамиле түзбөгүн.

10. Өз абийириңден кол жууп калууну каалабасаң, сырыңды айтпагын.

**Жакшы мамиле кылуунун жолдору**

Өзүңүздү достукка даярдаңыз. Кемчиликтериңизди билип, анын себептерин аныктаңыз; Коомдо сый-урматка ээ, досу көп жана өрнөк инсандарга көзөмөл жүргүзүп, алар менен мамиле куруңуз. Алардан мамил кылуу жолдорун үйрөнүңүз; Терс адамдык сапаттарыңызды жоюңуз. Анткени адамдар жаман мүнөздүү адамдар менен дос болууну каалашпайт; Тазалыкка жана кийимиңизге маани бериңиз. Сүйлөшүүдө маданияттуу сактап, досуңузду капа кыла турган сөздөрдү сүйлөбөңүз;

Достук, мамилеле кылуу жөнүндө жазылган китептерди көп окуп, мамиле жана достук тууралында теориялык маалыматка ээ болуңуз; Айлана-чөйрөңүздөгү адамдарга сылык-сыпаа мамиле кылыңыз, капа кыла турган сөздөрдү айтпаңыз. Жылмаюу жана сылык сөз адамдарды жумшартат жана жүрөктөрүндө сизге болгон сүйүүнү пайда кылат; Сүйлөшүп жаткан адамыңыздын мактоого татыктуу болгон тарабын аныктаңыз.

## СЫНЧЫЛ ОЙЛОМ

**Тапшырма 1.** Текстти окуп чыгып, төменкү суроолорго ойлонуу менен жооп бергиле.

1. Кандай деп ойлойсуңар толук кандуу ыймандуу адам болушубузга эмненин таасири көбүрөөк?
2. Жакшы жашоонун сыры эмнеде?
3. Жакшы мамиле кылуунун эң жакшы жолдору кайсы?
4. Жакшы мамиле адамдын жашоосуна, ишине, келечегине, ийгилигине кандайдыр байланышы барбы?
5. Фисогурс (Пифагор)дун он насааты биздин жашообузда кандай зарылчылыгы бар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ

## ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТ СУРООЛОРУ

**1-суроо**

**Адамдар менен жакшы мамиледе болуу үчүн эң биринчи кандай жол тутуу керек?**

А мамиле түзүүнүн сырларын үйрөнүүгө, баарлашуу маданиятын аңдап түшүнүүгө белсенип киришүү менен;

Б жакшы адамдар менен дос болуу, жакшылык кылуу менен;

В жалган сөз сүйлөбөй, жакшы жүрүш-туруш менен;

Г эч качан эки жүздүү, ыплас болбостон эки жүздүү адамдардан ыраак болуп, алардан оолак болуу менен.

**2-суроо**

**Төмөнкү берилген макалдар Фисогурс (Пифагор) аким адамдарга калтырган он насаатынын кайсы бирине мааниси жагынан үндөш келет?** 1-Сыналбаган адамдын сыртынан өтпө, 2-Улууну урматта, кичүүнү ызаатта, 3-Абийиринди жашыңдан сакта, 4-Өз кемчилигин сезбөө – наадандык.

А 1–2

Б 4–2

В 3–4

Г 4–10

## КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 2.** Жогорудагы тексттеги көк түстө ажыратылып көрсөтүлгөн сүйлөмдөр кандай маанини берет?

а) насаат айтуу
б) эркелөө
в) таң калуу
г) сыймыктануу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ОЙ КЫЛЧОО

**Тапшырма 3.** Жогоруда жашыл түстө ажыратылып көрсөтүлгөн тексттен жакшы мамиледе болуу үчүн билимдин керектиги жөнүндө берилген насаат маанисинде айтылган сүйлөмдү көчүрүп жазгыла.

**Тапшырма 4.** Кептик конструкцияларга таянып, кеңеш бергиле.

а) Мага ______________ текст жакты. Анткени … .
б) Жакшы мамиле кылуу үчүн:----------------
Биринчиден, … тексттин … . Анткени … .
Экинчиден, … тексттин … . Анткени … .
Үчүнчүдөн, … тексттин … . Анткени … .

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### БИР СӨЗ ИЧИНДЕ ҮНСҮЗДӨРДҮН АЛГА ЖАНА АРТКА КАРАЙ ОКШОШУП ӨЗГӨРҮҮСҮ

Бир сөз ичинде үнсүздөрдүн алга карай окшошуп өзгөрүүсү. Бир сөз ичинде же удаа айтылган эки сөздүн ортосундагы үнсүздөрдүн алгачкысы өзүнөн кийинки үнсүз тыбыштын таасири менен өзгөрүүгө учурап айтылышын үнсүздөрдүн артка карай өзгөрүп айтылышы дейбиз.

**Изден**

**Тапшырма 5.** Текстти окуп чыгып, сөздүн аягы н тыбышы менен аяктап, ага **л, г, б, м** тыбыштары менен башталган мүчөлөрдүн улануусунун натыйжасында үнсүз тыбыштардын артка карай өзгөрүп айтылышын таап, аларга түшүндүрмө бергиле.

**Үлгү:** алтын+га

## КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 6.** Жогоруда жашыл түстө төмөнкү сөздөрдү катыштырып, айтылышы негизинде эмес, жазылышы негизинде сүйлөм түзүп жазгыла. Кайсы принципке негизделгенин айтып бергиле

*Качаңга, жакыммын, ишеммек, кыргысча, комусчу, ашты, күштүү, карамай, малалат*

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Текстти окуп чыгып, бир сөз ичинде сөздөрдүн артка карай өзгөргөн сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү аныктап, көчүрүп жазгыла жана андагы өзгөрүүлөрдү айтып бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 3-СААТ

### КИМ КАНДАЙ АДАМ?

Бир адам **ар дайым** шакирттерине **туура жол** көрсөтүп, кеп-кеңешип айтып турат. Бир күнү да адаттагыдай шакирттерин чогултуп: «Силер ачууңар келгенде адамга кандай сөз айтасыңар?» – деп сурайт. 2. Ар ким ар кандай жооп айтат: бири тилдейбиз десе, бири жазалайбыз, дагы бири туура эмес экендигин сөз менен айтып жеткиребиз дейт. Ошондо акылман адам аларга кайрылып: «Бирөөгө жаман сөз айтып жатып, бир нерсени **эсиңерден** чыгарбагыла, акмак адам башканы да акмак дейт. Себеби ал өзүндөгү мүнөздү башкага ыйгарып, тааныш сөздөр менен гана тилдейт. 3. **Жөндөмсүз адам** башканын жасаганына акылы жетпей, аны жамандайт. 4. Коркоктор өзүнүн коркоктугун билдирбеш үчүн үнүн катуу чыгарып, **мушт көтөрөт.** 5. Көп нерсени билбеген адам **көптү көргөндөй** сүйлөп, өз кемчилигин билдирбегенге аракет кылат. 6. Ошондуктан, ар дайым бийик болгула жана жаман сөз айтпагыла», – дептир.



**Тапшырма 1.** Текстти окуп чыгып, төмөнкү тапшырмалар боюнча талдагыла.

**Изден**

1. Текстте негизги ой эмне жөнүндө?
2. Устаттын шакирттерине суроо берүүдөн негизги максаты эмне эле?
3. Тексттин 6-сабындагы сүйлөмдө баяндалган ой 5-саптардагы сүйлөмдө айтылган.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



ойду –
а) тактап турат; б) бышыкктап турат;
в) сүрөттөп турат; г) кайталап турат.

4. 3-4–5-саптардагы сүйлөмдөрдө айтылгандан кандай тыянак чыгарууга болот?
а) адамдардын терс мүнөздөрүн, жаман адаттарын көрсөтүү
б) коркок адамдардын өздөрүн коргонуу үчүн кылган аракеттерин көрсөтүү;
в) көп нерсени билбеген адамдын көптү билгендей сүйлөгөндүгүн айтуу;
г) жакшы сапаттарды үйрөтүү.

5.Тексттеги төмөнкү сүйлөмдөргө маниси жагынан жакын болгон макалдарды таап жазгыла.

| Сүйлөмдөр | Макалдар |
|---|---|
| Бир адам ар дайым шакирттерине туура жол көрсөтүп, кеп-кеңешин айтып турат. | |
| «Силер ачууңар келгенде адамга кандай сөз айтасыңар?» | |
| Жөндөмсүз адам башканын жасаганына акылы жетпей, аны жамандайт. | |
| Коркоктор өзүнүн коркоктугун билдирбеш үчүн үнүн катуу чыгарып, мушт көтөрөт. | |
| Көп нерсени билбеген адам көптү көргөндөй сүйлөп, өз кемчилигин билдирбегенге аракет кылат. | |

## ТОПТУК ЫКМА

**Тапшырма 2.** Тексттеги кара тамга менен берилген сөздөрдүн маанисин чечмелеп бергиле жана алардын синонимин тапкыла.

**1-топко:**
ар дайым--------------------------------
туура жол-----------------------------------
эсиңерден---------------------------------------
акылман адам---------------------------



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**2-топко:**
жөндөмсүз адам------------------------------------
муш көтөрөт------------------------------------
көптү көргөндөй--------------------------------------
бийик болгула-------------------------------------------

**Тапшырма 3.** Үзүндү тексттин кайсы түрүнөн алынган?

а) илимий макалдан
б) көркөм чыгарманын текстинен
в) расмий билдирүүдөн
г) публицистикалык макаладан

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### ЭКИ СӨЗ АРАЛЫГЫНДАГЫ ҮНСҮЗ ТЫБЫШТАРДЫН АЛГА ЖЕ АРТКА ОКШОШУП ӨЗГӨРҮҮСҮ ЖАНА АЛАРДЫН ЖАЗЫЛЫШЫ

Удаа айтылган эки сөздүн биринчисинин аягындагы же экинчи сөздүн башындагы үнсүз тыбыштар өзүнүн катарындагы тыбыш-тардын таасири менен өзгөрүп айтылса, аны эки сөз аралыгындагы үнсүз тыбыштардын өзгөрүүсү деп атайбыз.

Эки сөз аралыгындагы үнсүз тыбыштардын өзгөрүп айтылышы, ага таасир берген тыбыштын алга же артка карай өзгөрүп, окшошуп кетүүсүнө байланыштуу алар өз ара экиге бөлүнөт.

Эки сөз аралыгындагы тыбыштардын алга карай ээрчишип (окшошуп) өзгөрүүсү.

Эки сөз аралыгындагы үнсүз тыбыштардын артка карай ээр-чишип (окшошуп) өзгөрүүсү.

**Тапшырма 4.** Текстти окуп, анда эки сөз аралыгында үнсүз тыбыштардын өзгөрүүсү кайсы сөздөрдүн аралыгында болорун жазып көрсөткүлө.

**Изден**

**К, п** тыбыштарынын эки сөз аралыгындагы өзүнөн мурда же кийинки келген тыбыштардын таасири менен өзгөрүп айтылышына далил болчу он сүйлөм түзгүлө. Өзгөрүүгө учурап айтылуучу сөздөрдүн жазылышы менен айтылышындагы айырмачылыктарды жана алардын алга же артка өзгөрүүсүн көрсөткүлө.

**Үлгү:**
1. Аттык аткан азат, топ ойногон тозот, көп окуган озот. *(Макал)*
2. Сатыбалды тоого барып отун алды, келе жатса жолунан коён чыкты, тарс эттирип аны да атып алды, ал олжосун койнуна катып алды. *(Эл оозунан.)*
3. Ала койду бөлө кырккан жүнгө жарыбайт. *(Макал)*
4. Газетага жазылган сөз суу кечпей калды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



| Айтылышы | Жазылышы | Кандай өзгөрдү |
| --- | --- | --- |
| Ашыгаткан<br>Тобойногон | ашык аткан<br>топ ойногон | артка карай<br>артка карай |
| | | |

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Текстте көк тамга менен берилген сөздөрдүн айтылышы жана жазылышындагы айырмачылыктарды жана алга жана артка карай болгон өзгөрүүлөрдү аныктап көрсөткүлө



**Чечен сөз топтому**

**Баскан изине чөп чыкпоо.** Жөн жүрбөй, жүргөн жерин бүлүнтүп, былгытып жиберүү, куулук – шумдугу ашынуу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Коммуникативдик тапшырма

**Тема: «Маданият...»**

| | |
|---|---|
| **Максаты** | Проблеманы аныктоо, түшүнүү, ой жүгүртүү, топто иштей билүү, өз оюн жеткире айта алуу, суроо берүү көндүмүн өнүктүрүү. |
| **Убакты** | 10–15-минут. |
| **Катышуучулардын саны** | Окуучулардын бардыгы. |
| **Тапшырманын шарты**<br>Алып баруучу окуучулар болуп шайланган темага жараша суроолорду даярдап келишет. | Дискуссия. Окуучулар эки топко бөлүнүшөт. Бир алып баруучу шайланат.<br>*1-топ:* Мадания – кайсы бир улуттун кулк-мүнөзүн (менталитетин), каада-салтын, нарк-насилин, үрп-адатын, уз-чеберчилигин жана өнөр – чыгармачылыгын камтыган руханий терең түшүнүк же башкача айтканда бир улутка таандык жашоо образы деп айтсак болот.<br>*2-топ:* Маданиятты каада-салт жана үрп-адаттар менен алмаштырбагыла! Маданият – жүрөктөгү ыйык сезимдер. Ыйык деп төмөнкү сезимдерди айтсак болот: КУБАНУУ, СҮЙҮНҮҮ, СҮЙҮҮ, АЁО, НАМЫСТАНУУ, УЯЛУУ, МЭЭРИМ ТӨГҮҮ, ӨКҮНҮҮ, КАЙГЫРУУ жана башка ушул сыяктуу адамды жолго салуучу сезимдер. маданиятту деп жүрөгүндөгү ыйык сезимдери көп болгон адамды айтат, себеби ичиндеги ыйык сезимдери башкача айтканда маданияты ага жаман иштерди жасатпайт. |
| **Дискуссиянын суроолору** | 1. Маданият деген эмне?<br>2. Материалдык жана рухий маданият деген эмне?<br>3. Ички жана тышкы маданиятты кандай түшүнөсүңөр? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






# V БӨЛҮМ

# ПСИХОЛОГИЯЛЫК ТАРБИЯ

*Книга предоставлена исключительно в обра
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 1-СААТ

### ӨЗҮНӨ ИШЕНИМ — УКМУШТУУ КҮЧ

Жакшы максат жолунда **ишеним** менен аракет кыл**. Бактылуулук** сырткы факторлорго каршы **физиологиялык** күрөшүү эмес, ичкериде — аң-сезимде орношуп алган шектенүүнү ишеним аркылуу жеңүү  дегени. Себеби, бул дүйнөдө биздин көпчүлүгүбүз эң көп жеңиле турган душман, бул — ичибиздеги коркуу.

Чарчап алдан тайган таранчы дарактын бутагына конду. Кооптон алыста эс алып**, коодуктан** ырахаттанды. Күтүлбөгөндө болгон шамал даракты кулатчуудай  термелсе да, таранчы бутакта отурганча тынчын жоготподу. Анткени, дарак куласа да, эки канаты себеп ал өзүн  коопсуз сезчү.

**Билим –  ишеничтүү калкан.**

Француз аалымы Блез Паскалдын университеттеги **таасирдүү** докладынан соң, студенттерден бири ага: «Илим – билимдин келечеги жөнүндө ишеним менен сүйлөгөнүңүз мактоого арзырлык. Эгерде мен да сиздеги сыяктуу ишенимге ээ болгонумда, илим жөнүндө ушундай жогорку ишеним менен сүйлөмөкмүн», деди суктануу менен. «Сен оболу илимди **өздөштүр,** ошондо мендеги ишеним сенде да болот» деди философ жылмайып. Аристотель айткандай, «Адам үчүн турмушта **эң ишеничтүү** калкан — билим болуп саналат».



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма 1.** Өзүң жөнүндө күчтүү элестетүү жарат.

Сен эмненидир жасашың үчүн буга ишенүүнүн өзү жетиштүү эмес. Чыныгы ишеним – эмне кылып жатканыбызды көрүп билишибизде.

Бат-бат көзүңдү жум жана көз алдыңда өзүңдү чечкиндүү, токтоо жана татыктуу түрдө элестет. Бул визуалдык көнүгүү сага ишенимди өзүңдөн үйрөнүшүңө жардам берет. Айталы, көзүңдү жумаарың менен сен телевизордо пайда болдуң жана фильмдин каармандары сыяктуу ишеним менен аракеттене баштадың. Бул көнүгүүнү канчалык көп аткарсаң, ошончолук көбүрөөк «фильмдеги өзүң» сыяктуу аракеттене баштайсың.

**Тапшырма 2.** Текстти окуп чыгып, тыянак чыгаргыла жана төмөнкү тапшырмаларды аткаргыла.

**Изден**

Өзүңө болгон ишеним кандай пайда болот?______________________
Эмгектенүү учурунда арттырылган тажрыйба себеп_______________
Тынымсыз окуп-үйрөнүү аркылуу_____________________________
Чечкиндүүлүк менен жетишкен ийгилик себеп____________________

## ТОПТУК ЫКМА

**Тапшырма 3.** Үч топко бөлүнүп, төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

**1-топко:**
Бүгүн менин маанайымды көтөргөн окуя, бул _________.
Мен _____ да өзүм менен сыймыктанам.
Мен бүгүнкү окуядан ыраазымын, себеби ____________.

**2-топко:**
Менин жашоомду коздогон маанилүү нерсе, бул ____.
Бул жумада мен жетишкен эң маанилүү ийгилик, бул __
_____ Мен ______ өзүмдү бактылуу сеземин.

**3-топко:**
Менин айырмаланып туруучу сапатым, бул__________.
Мен ______ лар бар экенине шүгүр кыламын.
Мен өзүмдү ______ лар алдында бактылуу сеземин.

**Тапшырма 4.** «Кластер» методунда төмөнкү тапшырманы аткаргыла.

**Изден**

**Ишенимге ээ болоюн десең**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Тапшырма 5.** Текстти окуп, төмөнкү сүйлөмдөрдү толтургула.

1. Мен өзүмө ишенемин, анткени _________ жөндөмдөрүм калыптанган.
2. Келечекте өзүмдү _____________ элестетем.
3. Досторум алдында _____________ көрсөтө аламын.
4. Жамаабызды көпчүлүк жактырат, себеби ______________.
5. Келечекте _______________ сыяктуу максаттарым бар.
6. Өзүмдөгү жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү үчүн __________ аракет кыламын.

**ОЙЛОН:**

**Тапшырма 6.** Жогорудагы текстти окуп чыгып, төмөнкү сүйлөмдөрдү аяктагыла.

1. Себеби, бул дүйнөдө биздин көпчүлүгүбүз эң көп жеңиле турган душман __________________________________________________.
2. Кооптон алыста эс алып, ______________________________
3. Күтүлбөгөндө болгон шамал даракты кулатчуудай термелсе да, _____ _____________________________________________.
4. Эгерде мен да сиздеги сыяктуу ишенимге ээ болгонумда, ___________.

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### ОРФОГРАФИЯ ЖАНА ОРФОЭПИЯ

Адабий тилдин жазууда колдонула турган бирдиктүү нормаларын туура сактап, сөздөрдү бир түрдүү жазыш үчүн, атайын иштелип чыккан эрежелердин системасы **орфография** деп аталат.
Сөздөрдү адабий тилдеги бирдиктүү норма боюнча айтууга жетектей турган жалпы эрежелердин жыйындысы **орфоэпия** деп аталат.

### КЫРГЫЗ ОРФОГРАФИЯСЫНЫН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ

Кыргыз тилиндеги уңгу сөздөрдүн жана сөз мүчөлөрүнүн жазылышы эки түрдүү орфографиялык принципке негизделген:

*1. Морфологиялык принцип.*

*2. Фонетикалык принцип.*

1. **Морфологиялык принцип.** Бул уңгу сөздөрдүн бир түрдүү жазылышын камсыз кылат.

2. **Фонетикалык принцип.** Кыргыз орфографиясында сөз мүчөлөрүнүн жазылышы фонетикалык принципке негизделген. Тактап айтканда, уңгуга уланган мүчө кандай өзгөрүүлөргө учурап айтылса, ошол тыбыштык түрү жазууда толук сакталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма 7.** Тексттеги уңгу сөздөрдү көчүрүп жазып, анын кайсы сөз түркүмүнөн түзүлгөнүн аныктагыла. Айтылышы менен жазылышын түшүндүргүлө.

**Үлгү:** *максат – зат атооч, айтылышы – максат, жазылышы-максат;*

**Тапшырма 8.** Текстти окуп чыгып, төмөнкү сүйлөмдөрдөгү кайсы сөздөрдө ката берилгендигин аныктагыла.

**Изден**

Өзүнө болгон ишеним кандай пайда болот?
Эмгектенүү учурунда арттырылган тажрыйба себеп _____________.
Тынымсыз окуп-үйрөнүү аркылуу ________________________________.
Чечкиндүүлүк менен жетишкен ийгилик себеп ____________________.

«Сен оболу илимди өздөштүр, ошондо мендеги ишеним сенде да болот» деди философ жылмайып.

«Адам үчүн турмушта эң ишеништүү калкан — билим болуп саналат».

Бактылулук сырткы факторлорго каршы физиологиялык күрөшүү эмес, ичкериде – аң-сезимде орношуп алган шектенүнү ишеним аркылуу жеңүү дегени.

Күтүлбөгөндө болгон шамал даракты кулатчудай термелсе да, таранчы бутакта отурганча тынчын жоготподу.

Бул көнүгүүнү канчалык көп аткарсаң, ошончолук көбүүрөк «фильмдеги өзүң» сыяктуу аракеттене баштайсың

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Текстте кара тамга менен берилген сөздөрдү көчүрүп жазып, аларды уңгу жана мүчөгө ажыратып, алардын айтылышы жана жазылышын айтып бергиле.

*Укмуштуу, ишеним, бактылуулук, физиологиялык, таасирдүү, өздөштүр, жетиштүү, ишеничтүү, коолдуктан*



**Чечен сөз топтому**

Билерман, мыкты, баштоочу, башкаруучу. Бирок, экөөң тең түпкүрдөгү тоо элинин таасирдүү баш билгиси катары тааныласыңар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 2-СААТ

### ЧЫНЧЫЛДЫК ДЕГЕН ЭМНЕ?

Чынчылдык башкаларды урматтоого жана чындыкты коомдогу жашоонун негизги баалуулугу катары баалоого негизделген. Бул **адеп-ахлактык баалуулуктар** менен башкарылган, **коомдук нормаларды** урматтаган жана ага ылайык келген, башкача айтканда, иш-аракетинде да, ой жүгүртүүсүндө да өзүн адилеттүү, тике жана ажырагыс абалда алып жүрөт.

Ошентип, чынчыл иш кылган адам ар дайым **башкаларга зыян келтирүүдөн** алыс болуп, туура, чынчыл жана чынчыл иш-аракет кылууга аракет кылат, чынчылдык адамда өтө баалуу сапат деп эсептелет, анткени бул алардын **ишенимге татыктуу адам** экендигин билдирет.

Чынчылдык күнүмдүк иш-аракеттерден байкалат. Чынчыл адам уурдабайт, калп айтпайт, алдабайт, чыккынчылык кылбайт. Чынчыл адам адеп-ахлактык баалуулуктарды, мыйзамдарды сыйлоону жана башкаларды урматтоону жетекчиликке алат.

Эгерде дүйнөдөгү адамдар ар дайым **чынчылдыктын буйругу менен** иш алып барышса, эч кандай киши өлтүрүү, коррупция жана согуш болмок эмес. **Чынчылдыктын принциптерин** бузуу адамдардын эбегейсиз көп чыр-чатактарынын башаты болуп саналат.

Демек, **чынчылдыктын баалуулугун** жаш кезибизден баштап эле өзүбүзгө сиңиришибиз керек, ошондо биз жаш кезибизден баштап өзүбүздү жашоодо чындык, акыйкаттык жана акыйкаттык менен жетектөөнүн маанилүүлүгүн түшүнө алабыз.

**БАШЫҢА КЫЛЫЧ КЕЛСЕ ДА ЖАЛГАН СҮЙЛӨБӨ.**

Илгерки замандарда илим издеп башка шаарга кетип жаткан жигитке апасы насыят кылып: «Уулум, илим ал, адамдарга жакшылык кыл. Мага адамдарды эч качан, аркандай абалда алдабастыкка убада бер», – деди жана чапанынын ичине тыйындарды тигип берди. Уулу апасына убада берип, кербен менен жолго чыкты. «Сениң эмнең бар?» – деп сурады.

Чөлдө кербенге каракчылар тобу кол салып, кербендегилердин барыгын тартып алышты. Каракчылардын бири жигиттен: чапанымда апам тигип койгон кырк даана тыйыным бар», – деди жигит. Каракчы: «Ал тамашалап жатат» деп ойлоп, басып кетти. Башка каракчы келип, ушул суроону берди жана жигит ага да чынын айтты. Көп өтпөй каракчылар аны курчап алып, чапанды жыртышат, алтын тыйындарды көрүп таң калышат. Баланын чындыкты сүйлөгөндүгү үчүн анын тыйындарын өзүнө кайтарып беришет.

UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## МЭЭ ЧАБУУЛУ:

**Тапшырма 1.** Текстти окуп чыгып, төмөнкү тапшырмаларды аткаргыла.

1. Чындык деген эмне?
2. Эгерде дүйнөдөгү адамдар ар дайым чынчылдыктын буйругу менен иш алып барышса, элестеткиле кандай жашоо өкүм сүрөт?
3. Тексттеги кара тамга менен берилген сөздөрдүн маанисин чечмелеп бергиле.

*Адеп-ахлактык баалуулуктар, башкаларга зыян келтирүүдөн, ишенимге татыктуу болуу, чынчылдыктын буйругу, чынчылдыктын принциптери, чынчылдыктын баалуулугу*

4. Тексттен алынган төмөнкү сөздөрдүн синонимин таап, аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

*Чындык, урматтоого, ылайык келген, адилеттүү, киши, жетекчилик, өзүбүзгө сиңдирилген*

**Тапшырма 2.** Жогорудагы текстти окуп, сүйлөмдөрдү андан ары уланткыла.

Мен чынчылдыкты сүйөмүн себеби ________________________________.
Сен чындыкты кадырлайсыңбы? Эмне үчүн? ________________________.
Ал чын сүйлөөнү каалайт, ошону үчүн ______________________________.
Биз чынчылдык эмнеге негизделгендигин түшүнөбүз, анткени __________.
Силер чынчыл адам кандай болушун билесиңер да, ошондуктан________.
Алар чынчылдыктын баалуулугун жаш кездеринен баштап эле өздөрүнө сиңдирип алышкан, ошол себептүү________________________________.

**ТОПТУК ЫКМА**

**Тапшырма 3.** «Башыңа кылыч келсе да жалган сүйлөбө» деген текстти окуп чыгып, төмөнкү тапшырмаларды аткаргыла.

**1-топко**: Сүйлөмдөрдү толуктагыла.
Уулу апасына убада берип, кербен менен жолго чыкты_____________
Каракчы: «Ал тамашалап жатат»_________________________________
Баланын чындыкты сүйлөгөндүгү үчүн___________________________

**2-топко:** Төмөнкү берилген сөздөрдүн антонимин аныктагыла:

*илгерки, жакшылык, эч качан, чынын, кетип бараткан*

### ОЙЛОН

**Тапшырма 4.** Берилген текст боюнча энеге, балага, каракчыларга мүнөздөмө бергиле.

| Эне | Бала | Каракчылар | Корутунду |
|---|---|---|---|
| | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ОЙ КЫЛЧОО

Төмөндөгү бермуд үч бурчтугундагы адамдык сапаттар менен таанышып, алардын ичинен кайсы бири биринчи деп ойлойсуңар? Өз пикириңерди билдиргиле.

Чынчыл бол, Чынчылдык инсандын кадыр-баркын көтөрөт.

Калыс адамдарды ук. Ийгиликтүү баарлашуунун сыры маектешиңди уга бил.

Каарданба, бейкуттукту сакта. Тынчтык, ынтымак, бейпилдик, бейкуттук – жеңиштин ачкычы.

Өз каталарың үчүн башкаларды күнөөлөбө. Бирөөлөрдүн айыбы жөнүндө сүйлөөдөн мурун, айыпты өзүңдөн кыдыр.

Өзүңө ыраа көргөнду башкаларга да ыраа көр.

Кыймыл-аракетиң башкаларга кандай таасир этишин ойло. Көйгөйлөрдү чечүүдө баарына пайдалуу жолду танда.

Өзүңө зыян болсо да, дайыма чын сүйлө, адилеттүү бол, чын сүйлө.

Бермуд аралы жөнүндө укkансыңарбы?

Ой пикириңди жыйынтыкта.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

Кыргыз орфографиясынын атайын иштелип чыккан эрежелеринин системасы негизинен төмөнкүдөй бөлүмдөрдөн турат:

Сөздөрдүн уңгусу жана сөз мүчөлөрүн жазуу эрежелери.

Сөздөрдү бирге жана бөлөк жазуу эрежелери.

Баш тамгаларды коюп жазуу эрежелери.

Сөздөрдү ташымалдап жазуу эрежелери.

Кыргыз тилиндеги уңгу сөздөрдүн жана ага жалганган мүчөлөрдүн жазылышы морфологиялык жана фонетикалык принципке негизделген.

Уңгу сөздөр морфологиялык принцип боюнча ар кандай тыбыштык өзгөрүүлөргө учурап айтылышы эсепке алын бастан, жазууда алардын уңгу түрүндөгү баштапкы тыбыштык көрүнүшү сакталат. Ал фонетикалык принцип боюнча ага уланган мүчөлөрдүн тыбыштык өзгөрүүгө учурап айтылышы (мүчөлөрдүн варианттары) боюнча жазылат.

**Сөздөрдү бирге жана бөлөк жазуу эрежелери**

Сөздөрдү бириктирбей, ар бирин айрым-айрым жазуу айтылып жаткан ойду так, туура түшүнүүгө, сүйлөмдөгү ар бир сөздүн чегин ажыратып таанууга толук мүмкүнчүлүк берет.

**Тапшырма 5.** Тексттерде берилген уңгу сөздөрдү көчүрүп жазып, алардын жазылышындагы өзгөчөлүктөрдү айтып бергиле.

**ТОПТУК ЫКМА**

**Тапшырма 6.** Тексттен биринчи топтун окуучулары мүчө уланган зат атооч, сын атооч сөздөрдү, экинчи топтун окуучулары ат атооч, этиш сөздөрдү көчүрүп жазып, алардагы мүчө улангандагы өзгөрүүлөр жана жазылышын айтып бергиле.

| мүчө уланган зат атооч жана сын атоочтор | мүчө уланган ат атооч жана этиш сөздөр |
|---|---|

**Тапшырма 7.** Текстти окуп бирге жана бөлөк жазылган сөздөрдү аныктап, алардын жазылышын айтып бергиле.

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

**Тапшырма 8.** Тексттен морфологиялык принцип толук сакталбай, фонетикалык принцип үстөмдүк кылган сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү аныктап көчүрүп жазгыла.

**Улгу**: Бул адеп-ахлактык баалуулуктар менен башкарылган, коомдук нормаларды урматтаган жана **ага** ылайык келген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 3-СААТ

### «ДАРОО МӨМӨ БЕРЕ БАШТАГАН КӨЧӨТ»

Жаз жаңы келген күндөрдүн бироонде Султан Хусейин падыша сарайында эригип отуруп, вазири Мир Алишерди эстейт да, анын бир топтон бери көрүнбөй калганы үчүн **жоктоп** үйүнө барып коюуну чечет. Барса Алишер акын багбанчылык кылып жатыптыр. – Көктөм келсе, көчөт эк деген экен машайыктар, – дептир Алишер, – мен да эскирген алмаларды түбү менен оодарып таштап, ордуна жаңыдан үч-төрт жаңгак **көчөтүн сайып** коёюун деп жатам. – Ооба, досум, эй, экөөбүз жаштарыбызды жашап, ашыбызды ашап бүттүк, анан бул жаңгактар качан чоңоюп, качан мөмөсүн берет?! – Досум, жакшыдан бак калат деген, мен бул көчөттөрдү өзүм үчүн эмес, мына бул көчөдө чаңытып ойноп жүргөн балдар үчүн, балким алардын да балдары үчүн **тигип жатам**. Алар мөмө бере баштаганда адамдар келип муну Мир Алишер атабыз эккен десе, мындан өткөн бата болобу, мындан өткөн байлык болобу? – дептир Наваий. Алишердин жообуна жана анын жасап жаткан **ишине ыраазы болгон** Султан Хусейин ага бир калта алтын бердирет. – Мына көрдүңбү, – дейт Алишер Наваий, – эгип аткан көчөттөрүм эми эле түшүм бере баштады. Бул окуяда адамдарга жакшылык кылууну өзүнүн жеке кызыкчылыгынан артык көргөн Алишер Наваийни жана анын инсандарга **ак ниеттик** менен мамиле кылганын көрүп, баалай билген, адамгерчиликке адамгерчилик менен жооп берген өкүмдар Султан Хусейинди көрөбүз. Мына **ушундай инсандар** турмушта адамдар кандай болушу керектигин бизге айтып берип турушат.

**МЭЭ ЧАБУУЛУ**

**Тапшырма 1.** Текстти окуп, төмөнкү тапшырмалар боюнча талдагыла.

1. Тексттин жанрын аныктагыла: аңгеме, уламыш, жомок. Бул чыгарма – (аңгеме, уламыш, жомок). Анткени ________________.
2. Султан Хусейин эмне үчүн Алишер Наваийни жоктоп барды, себеби __________________________________.
3. Алишер Наваий көчөт эгип жаткан болчу, анын көчөт эгүүдөгү максаты __________________________________.
4. Тексттерди абзацтарга бөлүп жазгыла. Ар бир абзацка тема койгула.
5. Текст менен иштегиле. Ар бир ишти төмөндөгү кадамдар аркылуу аткаргыла: 1. Сүйлөмдөгү айрым сөздөрдү кыскарткыла. 2. Кээ бир жөнөкөй сүйлөмдөрдү бириктиргиле. 3. Эки-үч татаал сүйлөмдү бириктирип, бир татаал сүйлөмгө айландыргыла. 4. Чыгарманын мазмунун олуттуу өзгөртүүгө учуратпастан, 4–5 сүйлөмдөн турган чыгармага айландырып жазгыла.

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



6. Ассоциация бергиле. Силердин балалыгыңарда ушундай окуя болду беле? Же 1-класска алгач барган күн эсиңердеби? Ушулар боюнча чакан текст түзүлө.

**Тапшырма 2.** Тексттеги кара тамга менен берилген сөздөрдү маанисин чечмелеп бергиле.

*Жоктоп, көчөтүн сайып, тигип жатам, ишине ыраазы болгон, ак ниет-тик, ушундай адамдар*

## ОЙЛОН

**Тапшырма 3.** Тексттеги төмөнкү сөз тизмектерине мааниси жактан туура келүүчү макалдарды таап жазгыла.

| Сөз тизмектери | Макалдар |
|---|---|
| Көктөм келсе, көчөт эк | |
| Жашарыбызды жашап, ашарыбызды ашап | |
| Жакшыдан бак калат | |
| Мындан өткөн бата болобу | |
| Эгип аткан көчөттөрүм эми эле түшүм бере баштады | |
| Жакшылык кылууну өзүнүн жеке кызыкчы-лыгынан артык көргөн | |

**Тапшырма 4.** Сүйлөмдөрдү толуктоо боюнча тест тапшырмалары.

**1. Жаз ____________ күндөрдүн биринде Султан Хусейин падыша са-райында ___________ , вазири Мир Алишерди эстейт да, _______ калганы үчүн жоктоп үйүнө барып коюуну чечет.**

а) жаңы келген / эригип отуруп/, анын бир топтон бери көрүнбөй
б) башталган / сыртка чыгып / сарайга келбегенине бир топ убакыт болуп
в) кечтеп калган / ойлоп отуруп/, анын бир топтон бери көрүнбөй
г) жаңы келген / ойлоп жатып /аны сагынып, көргүсү келип

**2. Алишердин ___________ жана анын жасап жаткан ишине _____________Султан Хусейин ага ____________ бердирет.**

а) жообуна / ыраазы болгон / бир калта алтын
б) ишине / макул болгон / бир калта акча
в) сөзүнө / көңүлүнө жаккан / бир топ алтын
г) акылына / көңүлү толуп / чоң сыйлык

**3. Мына ушундай инсандар турмушта адамдар кандай болушу ке-ректигин бизге айтып берип турушат.**

а) ушундай / керектигин / айтып берип /
б) ошондой / зарылдыгын / түшүндүрүп
в) ушул сыяктуу / пайдалуулугун / уктуруп
г) ошентип / маанилүүлүгүн / эскертип



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

БАШ ТАМГАЛАРДЫ КОЮП ЖАЗУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ

Жазуу иштеринде баш тамгалар төмөнкү учурларда колдонулат:

а) сүйлөмдүн башында;

б) энчилүү аттарды жазганда;

в) баш тамгасынан кыскартылган сөздөрдө.

Сөздөрдү ташымалдап жазуу эрежелери

Эгерде жазып келе жаткан сөз саптын аягына батпай калса, анын батпай калган бөлүгүн жаңы сапка ташып жазууга туура келет. Бирок сөздөрдү бир саптан экинчи сапка туш келди эле ташый берүүгө болбойт.

**Тапшырма 5.** Текстти окуп чыгып, кайсы учурларда баш тамга колдонулгандыгын түшүндүрүп бергиле жана алардын айрымдарын көчүрүп жазгыла.

**Изден**

**Үлгү:** *Жаз жаңы келген күндөрдүн биринде Султан Хусейин падыша сарайында эригип отуруп, уазири Мир Алишерди эстейт да, анын бир топтон бери көрүнбөй калганы үчүн жоктоп үйүнө барып коюуну чечет. (баш тамга сүйлөмдүн башында жана энчилүү аттарда колдонулду).*

**ТОПТУК ЫКМА**

**Тапшырма 6.** Текстте көрсөтүлгөн бөлүктү туура ташымалда. «Кластер » методу боюнча төмөнкү көрсөтүлгөн бөлүктү туура ташымалдагыла.

**1-топко:** жашыл түстө көрсөтүлгөн бөлүк

**2-топко:** көк түстө көрсөтүлгөн бөлүк

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Текстти окуп, төмөнкү таблица боюнча иштегиле.

| Ташымалданбай турган сөздөр | Ташылбай турган эки муундуу сөздөр | Ташыла турган эки муундуу сөздөр | Үч муундуу сөздөр |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 4-СААТ

### ТАМЫРЫ ТЕРЕҢ ЖАМАН ЖОСУНДАР

**Калп айтуу**, жалаа жабуу, алдамчылык – рухий дарт. Кыраакылык менен парасаттуулук – **бакыт-таалайдын** ачкычы болсо, калпычылык, жалаа жабуу, алдамчылык, өзүн-өзү алдоо **– бактысыздыктын** булагы болуп саналат. Рухий өнүгүүнү ойлобогон, ички ааламдын абалына көңүл бөлбөгөн, анын абалына баамы жетпеген адамдар башкаларды, өзүн-өзү алдоо жолуна түшөт, бирөөлөргө жалаа жабат. Натыйжада көңүл кумарына баш ийип, калпычы болуп калат. Бактысыздыктын себебинен кутулбаган адам, бактысыздыктан кутула албайт. Калп айтуунун, алдамчылыктын бүгүн коомго, башка адамга **зыяны** тийсе, эртең өзүнө зыяны тиет, ошондуктан алар – наалаттоого **татыктуу** сапаттар.

Суроо: Калп айтуунун себеби эмнеде? Жооп: Адам бир нерсени чындап каалаcа, өз максатына жетүү үчүн ар кандай айла-амалдарды ойлоп табат, кишинин чыныгы максаты – ыймандуу АДАМ болуу, адеп-ахлагын оңдоо, чындыкты сүйүү. Бул максаттын чыныгы максат экендигин билбегендер көңүл кумарына жетүүнүн айла-амалын табам деп калп айтышат. Адам болуу үчүн аң-сезимдүүлүк, **билим,** зээндүүлүк керек. Ар кандай иште адамга аң-сезимдүүлүк менен **баамдуулук** жардам берет. Адамдын өзүнүн ким экендигин, кайдан келгендигин, кайда барарын ойлонуу керек, ички ааламын тартипке салуу менен адам болууга жетишет. Адам болууну максат кылбаган киши өзүн-өзү алдоодон кутула албайт, анткени **каалоолор** адамды алаксыта берет.

### МЭЭ ЧАБУУЛУ

**Тапшырма 1.** Текстти окуп, төмөнкү тапшырмаларды аткаргыла.

1. Эмне себептен тамыры терең жосундар катарына калп айтуу, ушак айтуу, жалаа жабууну киргизебиз?
2. Бактысыздык булагы эмнеде деп ойлойсуңар?
3. Кандай адамдар калп айтышат, анын себеби эмнеде?
4. Рухий дарт, өзүн-өзүн алдоо, эртең өзүнө зыян тиет, ички ааламын тартипке салуу бул сөз тизмектеринин маанисин чечмелеп бергиле.

**Тапшырма 2.** Тексттеги кара тамга менен берилген сөздөрдүн синонимин жана антонимин аныктап жазгыла, калп айтуу, бакыт-таалай, бакытсыздыктын, зыяны,татыктуу, билим, баамдуулук, каалоолор

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**УШАКЧЫЛЫК**

Ушакчылык – бул эң жамандалган сапаттардын бири болуп саналат. Элибизде сөз бар эмеспи «Эки үйдү эриктирбеген, бир үйдү бириктирбеген» деген сыяктуу. Бул ушакчыларга тиешелүү макал. Ушакчы адам бирөөдөн уккан сөздү экинчиге жеткирип, анын сөзүн кайра башкага жеткирип турат. Ага адат болуп калган жумуш. Элибиз бекеринен «Ушакчыдан безе кач», «Айткан ушакчы эмес, айтып барган ушакчы», «Ушакчыда уят болбойт» деген сөздөрдү айтышпаса керек.

**ЧАГЫМЧЫНЫН ЖАЗАСЫ**

Байыркы заманда акимдерден бири ууга чыгып, аны менен чогуу ууга чыккандар бир жерге келип өргүштү. Бардыгы тең өз иши менен алек болгон кезде аким өз ат багарын жанына чакырып:

– Сени менен бирге ат чабууну көптөн бери арзуу кыламын, кимибиздин атыбыз учкаяктыгын билүүнү каалаймын, – деди. Атбагар макул болуп, атына минип экөө чаап жөнөдү. Аң уулаган жерден көп эле алыстап узакка кетишти. Аким атынын башын тартып, атбагарга токтоого буйрук берди, анан аны жанына олтургузуп:

– Эй, атбагарым, көңүлүмө келген бир пикирди айтмакчы болуп, сени менен бирге ушул жерге чейин чаап келдим. Көпчүлүктүн ичинен сага ишенгенимден, сырымды бир гана сага баян кыламын, этият болгун, эч ким сезбесин, – деди. Атбагар ага таазим кылып:

– Сиз канчалык мага ишенген болсоңуз, сырыңызды дагы ошончолук даражада эч кимге ашкере кылбаймын. Эч ким эч нерсе билбейт, – деп акимге убада берди. Аким атбагардын сөзүнө курсант болуп, көңүлүндөгү түпөйүл сырды ага ачык айтты:

– Инимдин ушул азыркы учурдагы жасап жаткан аракеттеринен күмөндөнүп калдым, мени өлтүрмөкчү болуп жатса керек. Ошол себептүү мен инимди жок кылмакчымын. Сен менин жанымдан алыстабай мени күзөтүп жүргүн. Атбагар акимдин бул купуя сырын сактоого, акимдин өзүн дайыма көзөмөлгө алып күзөтүүгө убада берип, касам ичти. Аким аңчылыктан кайтып өз сарайына кирери менен эле атбагар бапасыздык кылып, кыянат көчөсүнө кадам койду. Убакыт таап акимдин инисине укандарын түгөлдөй баян кылды. Акимдин иниси бул чагымчы атбагардан курсант болуп, ага насыя тартуулар менен убадаларын айтты. Акимдин иниси жакшы амал менен өзүн асыроочу. Арадан көп убакыт өтпөй, аким дүйнөдөн кайтты. Анын ордуна иниси аким болду. Ал тезинен атбагарды дарга асууга буйрук берди. Чагымчы атбагар өзүнүн жасаган кызматын сүйлөп, көп жолу жалынып-жалбарса дагы жаңы аким ага кулак салбай:

– Сырды ашкере кылуудан, чагымчылыктан өткөн жаман күнөө жок. Агам сага ишенип сырын айтты, сен кыянаттык кылып, анын сырын ашкере кылдың, мага келип чагым салдың. Агама бапаа кылбаган адам, мага бапаа кылмак беле? Мына эми чагымчылыгыңдын жазасын тартып, «сыйын» көр! – деп дарга астырды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ОЙ КЫЛЧОО

**Тапшырма 3.** Текст боюнча тапшырмалар.

1. Ушакчылык сапатты кантип жоюуга болот?
2. Турмушта чагымчы адамды учураттыңбы?
3. Акимдин сырын атбагар эмне үчүн сактай албады?
4. Өлүмдөн калышына себепкер болгон атбагарды эмне үчүн дарга астырды?
5. Залкар ойлорду талкуулагыла.
6. Ушакчылык, чагымчылык сапаттардан арылуунун жол-жобосун иштеп чыккыла.

**Залкар ойлор**

*Чагым – өлтүрөт, мактоо – жеткирет. Ушакчыны жолотпогун жаныңа, Сырыңды жайып салат баарына. Ушак-айың кеп уксаң, көңүлүңдү аздырба. Ушакчыны узатпайт, Элдер аны тузактайт. Ушактын түбү жок. Ушакчынын оозу тынбайт*

**АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ** — **ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТТИК ТАПШЫРМАЛАР**

**1-суроо.** **Аким өз атбагарын эмне максатта жанына чакырды?**

- **А** иниси жөнүндөгү ички сырын айтуу максатында
- **Б** аны менен бирге ат чабууну көптөн бери арзуу кылгандыгы үчүн
- **В** аттарынын учкаяктыгын билүү масатында
- **Г** көпчүлүктүн ичинен ага ишенгенин айтуу максатында

**2-суроо.** **Тексттеги чагымчылыктын «сыйын» көрүү деген туюнтма кандай маанини билдирет?**

- **А** чагымчылыктын жазасын, акыбетин
- **Б** чагымчылыктын ишин, сөзүн
- **В** чагымчылыктын урматын, сыйын
- **Г** чагымчылыктын келип чыгышын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 4.** Калп сүйлөө, чагымчылык, жалаа жабуу, ушакчылык боюнча кичи топтордо кеңешип, өз оюңарды төмөнкү сүйлөмдөрдө улантып жазгыла.

Мен ______________________ деп ойлойм.
Биринчиден, ____________________.
Демек, _________________________.
Экинчиден, _____________________.
Демек, _________________________.
Үчүнчүдөн, _____________________.
Демек, _________________________.

### КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

**ОРФОЭПИЯНЫН НЕГИЗГИ ЭРЕЖЕЛЕРИ**

1. Уңгу сөздөрдү туура айтуунун эрежелери
2. Мүчө уланган сөздөрдү туура айтуунун эрежелери
3. Жанаша турган сөздөрдү туура айтуунун эрежелери

**Тапшырма 5.** Текстти окуп чыгып, орфоэпиянын негиги эрежелерине негизделген сөздөрдү аныктап, айтылышы жана жазылышын көчүргүлө.

**Изден**

**Үлгү:** жазылышы: чаап жөнөдү _____________ айтылышы: чааб жөнөдү.

### КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 6.** Төмөндө келтирилген сөздөрдү дептериңерге туура жазылышы жана туура айтылышы боюнча эки тилкеге бөлүп чыккыла. Аларды орфоэпиялык, орфографиялык эрежеге ылайык экендигин көрсөткүлө.

*Качты, кашты, таңгалды, экөө, таабалды, таап алды, өкөө, жообал, түңкү, клуб, клуп, куванышту, чебер, убада, чевер, кубанычтуу, портфель, партфел, увада, көп иште, жыгаччы, көбиште, жыгашчы, сен гим сиң, сен кимсиң, комузчу, комусчу.*

### ҮЙГӨ ТАПШЫРМА

Энчилүү татаал аттардын жазылышы боюнча эрежелерге таянып, адам аттарына, жер-суу аттарына, мекеме-уюмдардын, газета-журналдардын аттары катышкан 10-15 сүйлөм түзгүлө. Ал сүйлөмдөрдөгү энчилүү татаал аттардын жазылышында кетирилген каталардын себептерине байланышкан оюңарды айтып, өз пикириңерди билдиргиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Коммуникативдик тапшырма

**Тема: «Ой»**

| | |
|---|---|
| **Максаты** | Кызматташууну өнүктүрүү, топто шериктештик кызматташууну түзүү, сынчыл ойломду өркүндөтүү, өзүнүн оюн башкаларга жеткире алуу.<br>«Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу»:<br>1. Ар бир ой баалуу.<br>2. Башка бирөөнүн оюн уга билүү.<br>3. Айтылган ойду сыйлай билүү.<br>4. Ар бир идеяга зиректик, сылыктык менен кароо.<br>5. Топто иштей билүү. |
| **Жабдылышы** | Карточкалар |
| **Убакыт** | 10 мүнөт |
| **Катышуучулардын саны** | Бардык окуучулар. Топто бөлүнүп иштөө. |
| **Тапшырманын шарты** | Берилген асыл ойлордун бирин тандап алып, тегерек стол уюштургула. |
| | Ой жүгүртүүнү майып кылуу оңой, бирок аны айыктыруу кыйын. |
| | Адам үчүн эң кыйын нерсе – бул күн сайын адам болуу. Максатың жок болсо, максаты бар адамдарга иштегенге туура келет. *(Ч. Айтматов.)* |
| | – Суу сыйлаган зор болоор, суу кордогон кор болоор. *(Жеңижок.)* |
| | Ойлонбой окусам–баарын билем деп ойлойм, ал эми ойлонуп окусам – эч нерсе билбегенимди байкайм. *(Вольтер)* |
| | Баары менен дос болгусу келгендер эч ким менен дос боло алышпайт. *(Омар Хайям)* |
| | Билим – бул эс тутуму менен гана эмес, терең ой жүгүртүүсү менен алынган билим. *(Лев Толстой)* |
| | Адамдын үч сапаты бар: жылуулук,нурдуу акыл жана жылуу жүрөк. *(Абай Кунанбаев)* |
| | Ачууланганда акыл жоголот. *(Махмуд Кашкари)* |
| | Адамдын эң баалуу сапаты – акыл эмес. дагы бир жолу, акылды башкара турган сапаттар: мүнөз, жүрөк, боорукердик,таза ой. *(Ф.Достоевский)* |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






# VI БӨЛҮМ

# ТИЛ БАЙЛЫГЫ – ЭЛ БАЙЛЫГЫ

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 1-СААТ

## ӨНӨР АЛДЫ КЫЗЫЛ ТИЛ

Туура сүйлөш үчүн ойлонуу керек. Адам сүйгөн кишиси менен сүйлөшүп, ой бөлүшкүсү келет. Устат менен шакирт да сүйлөшүп ой бөлүшөт, пикир алышат. Ой позитивдүү (дурус), рационалдуу болсо, сүйлөшүүдөн экөө тең канааттанышат. Сөз акыл-эстен чыгат, **акылмандын акылы сөз аркылуу билинет**. Сөздүн кубаты чоң. **Жагымсыз сөз чыр баштайт**, ырайымсыз сөз жашоого бүлүк салат, жаман сөз жаман ой туудурат, орой сөз көңүл калтырат, **кубанычтуу сөз көңүл көтөрөт**, керектүү сөз оор жүгүңдү жеңилдетет, мээримдүү сөз жүрөккө дары, сүйүктүү сөз маанайыңды көтөрөт. Адамдардын тайыз же терең экенин сүйлөп турган сөзүнөн билсе болот. Сөз адамды жаман же жакшы кылат, каргаса какшатат, жакшы сөз адамдын духун көтөрөт. Сүйлөшүү аркылуу эл сөз чеберчилигине үйрөнүшкөн. Демек, тилди көзөмөлгө алыш керек. Ооба, **сөздү таап сүйлөгөн тил**. **Эл ичинен чукугандай сөз тапкан**, акыл таба билген, тууганына жан тартпай, туура сөздү айта билген ак таңдай ырчылар чыккан. **Акылы тунук** акындар элдин аң-сезиминде болуп жаткан өзгөрүүлөрдүн табиятын калктын калың катмарына жеткирип, көөдөндөрүн агартуучу тарбия берип, насаат сөз айтышкан. Мисалы: Молдо Кылыч, Арстанбек, Калыгул, Жеңижок ж.б.

«Томуктай баштын ичине тоодой сөздү батырган» (Б.Сарногоев) толук элдин түбөлүк жашоо мыйзамы тууралуу Улуу сөз – «Манастагы» ой толгомунун тереңдигин, кенендигин, чебердигин, көркөмдүгүн караңыз: Ошол күндөн ушул күн төккөн кумдай күн өттү, түгөнбөс нечен түн өттү, Эсеп жеткис Бай Жакып: «Сөөгү бышып катыксын, сөз айтууга жатыксын», – деп, бала Манасты Ошпурга табыштап бергенинде элдин таалим-тарбиялык түпкү мүдөөсү таасын чагылган. Тилде ар бир сөздүн өз орду, жөнү, жүгү, даамы, баамы бар. Ошого жараша: накыл сөз, насаат сөз, тамсил сөз, үлгү сөз, санат сөз, нарктуу сөз, кереэз сөз, кайрат сөз, айбат сөз болуп улана берет.

**ДААНЫШ КАРЫЯНЫН ЖООБУ**

Эт желип кымыз жутушканча, эч сөз болгон жок. Ормон көк ташка отуруп сурады:

– Кайсы жерден болосуз, карыя?

– Асманында шумкар айланган, тооруло булут челген, жайнаган малы бар, арча жыттуу абасы бар жерден болом.

– Кайсы элден болосуз, карыя?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



– Башы бар, мээси жок, байлыгы бар, ээси жок, малын тынч бакпай, ашын аш кыла албай эсирген элден болом.

– Кайсы айылдан аттандыңыз, карыя?

– Каткырыгы таш жарган, төрүндө отуруп тапкан акылы босогодон ашпаган, бир баштап миңдин убалына калган айылдан чыктым.

– Кимди тосуп чыктыңыз, карыя?

– Алы бар, акылы жок, өз деп жакынын гана баккан, өзгө деп коңшусун чапкан, алыска уча албаган, кыска өмүрүн узун деп жүргөн, ырысын көтөрө албай тебелеп күлгөн бир баатыр боло турган эле. Ошону тосуп чыктым. *(Качкынбай Осмоналиев, «Көчмөндөр кагылышы» романынан)*

### ОЙЛОН

**Тапшырма 1.** Текстти окуп, сөздөргө мүнөздөмө берип, төмөнкү таблица боюнча иштегиле. Жоопторду тексттен таап жазгыла.

| Тапшырма | Тексттен мисалдар |
|---|---|
| Сөздүн милдети | |
| Сөздүн түрлөрү | |
| Сөз адамдын мүнөзүн билдириши | |
| Сөздүн эмнеге алып келиши | |
| Сөздүн орду | |

### КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 2.** Туура сүйлөө үчүн төмөнкү сапаттардын кайсынысы маанилүү? Досуңдан / курбуңдан сура жана макулдугуңду / каршылыгыңды билдир.

**Үлгү:** – Туура сүйлөө _____________ Сен кандай деп ойлойсуң?
– Мен макулмун. (Албетте. Ооба. Мен да ушундай деп ойлойм.)
Мен каршымын. (Мен макул эмесмин. Мен андай деп ойлобоймн.
Койчу! Андай эмес.)

**Тапшырма 3.** Текстти угуп калтырылган боштуктарды толтургула.

Эт желип __________, эч сөз болгон жок. Ормон _________ отуруп сурады:
– Кайсы _____________, карыя?
– Асманында шумкар айланган, тоолору булут челген, ______________ жерден болом.
– Кайсы элден болосуз, ____________ ?
– Башы бар, мээси жок, байлыгы бар, ээси жок, малын тынч бакпай, ашын аш кыла албай __________ болом.
_________________ аттандыңыз, карыя?
– Каткырыгы таш жарган, төрүндө отуруп тапкан акылы босогодон ашпаган, бир баштап____________ айылдан чыктым.
– Кимди __________________, карыя?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



– Алы бар, акылы жок, өз деп жакынын гана баккан, өзгө деп коңшусун чапкан, алыска уча албаган, кыска өмүрүн узун деп жүргөн, ________________ бир баатыр боло турган эле. Ошону тосуп чыктым.

*(Качкынбай Осмоналиев, «Көчмөндөр кагылышы» романынан)*

**Тапшырма 4.** Тексттеги кара тамга менен берилген сөздөргө комментарий бергиле.

*Акылмандын акылы сөз аркылуу билинет, жагымсыз сөз чыр баштайт, кубанычтуу сөз көңүл көтөрөт, сөздү таап сүйлөгөн тил, эл ичинен чукугандай сөз тапкан, акылы тунук*

**Тапшырма 5.** Тексттин мазмунунан кандай тыянак чыгарууга болот?

а) акылмандын акылы сөз аркылуу билинет.
б) жакшы сөзгө жылан ийинден чыгат.
в) орой сөз көңүлдү калтырат.
г) сүйүктүү сөз маанайыңды көтөрөт.

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### ЛЕКСИКА ЖАНА КЕП МАДАНИЯТЫ

Бир тилдеги сөздөрдүн жалпы жыйындысы лексика деп аталат. Ал эми сөздөр жөнүндөгү окуу, илим лексикология болот.

Заттын өзүнө тиешелүү, мүнөздүү белгилери (сапаты, формасы, даамы ж.б.) атоо катары сын атоочту (чоң, сүйрү, ачуу ж. б.), кыймыл-аракеттин мүнөзүн туюндурган (тез, ылдам, жай ж. б.) тактоочту, санды туюндурган сан атоочту, заттын кыймыл-аракеттик белгилерин, абалын туюндурган этиш сөздөр пайда болот. Мына ошентип, биздин айланабыздагы туюмдар менен байланыштуу атоолор – сөздөр лексиканын корун түзөт.

Түшүнүктөр менен байланышкан атоолор сөздүк маанини туюндурат, сөз маанилери жөнүндөгү илим семасиология деп аталат.

**Тапшырма 6.** Текстти окуп, жашыл түстө берилген бөлүктөгү сөздөрдөн заттык түшүнүктү билдирген сөздөр, сын-сыпаттык түшүнүктү билдирген сөздөр, сандык маанини билдирген сөздөрдү аныктап көчүрүп жазгыла.

**Изден**

| Заттык түшүнүктү билдирген сөздөр | Сын-сыпаттык түшүнүктү билдирген сөздөр | Сандык маанини билдирген сөздөр |
|---|---|---|
| | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**ТОПТУК ЫКМА** **Тапшырма 7.** Тексттен  көк түстө берилген бөлүгүн окуп чыгып биринчи топтун окуучулары кыймыл-аракеттин ар кандай кырдаалын билдирген сөздөрдү, ал эми экинчи топтун окуучулары кыймыл-аракеттик маанини билдирген сөздөрдү таап көчүрүп жазгыла.

| **1-топко:** Тактооч сөздөр | **2-топко:** Этиш сөздөр |
|---|---|

**Тапшырма 8.** Тексттен омоним, синоним жана антонимге  ылайыктуу сөздөрдү таап көчүрүп  жазгыла.

**Үлгү:**

| Сөздөр | Синоними | Антоними | Омоними |
|---|---|---|---|
| туура | чын | жалган | |
| | | | |

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Текстти окуп чыгып, эч кандай маани бере албаган сөздөрдү көчүрүп жазгыла жана алардын эмне себептен эч кандай маани бере албагандыгын түшүндүрүп бергиле.



**Чечен сөз топтому**

**Бармакбасты көз кысты.** Башкаларга билгизбей, астыртан, тымызын бүтүрө салмайамал, амал көйлүк деген маанидe айтылат. Ташкенттен келген өкүл Кызылбаш менен «бармак басты көз кысты» кылганын эл да укту.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 2-СААТ

## ЧЕЧЕН СӨЗ – СҮЙЛӨӨ ӨНӨРҮНҮН ТУУ ЧОКУСУ

Ал терең, курч маани менен таамай, так, кыска жана куюлуштура сүйлөшүп, айкалышынан турат. Эгер мааниси өксүсө, кеп кургак чечендикке өтүп кетет. Ал эми жөө чечендер келсе, келбесе деле койгулаштырып, өзүн сөзмөр, билгир көрсөтүүгө далбасташат. Чыныгы чечендик – өз учурунда керектүү жеринде табигый түрдө пайда болгон, чагылгандай жарк этип баарына таасир берген сүйлөө кубулушу. Ал бирин тушап, тап жылдырбай жүйөгө жыгып, тилин байлап, экинчисин жеңишке чакырган. Мисалы:

Илгери бир көпкөлөң тарткан мырза жигит жолоочулап келе жатып бир үйгө токтойт. Үйдөн бир сулуу жаш келин чыга калып, коноктун атын алып, үйгө киргизет. Мырза жигиттин куржуну бар экен. Үйгө киргенде ал бой көтөрүп, бир жагынан жардыраак турмушту шылдыңдап: «Бул куржунду кайсы жерге илейин, келинчек», – деп кекирейет. Анда келин: «Эгер сексен баштуу керегеден куржунуңуз илине турган баш табылбай калса, анда мойнуңузга илип алыңыз», – дейт. Жигит келиндин туура сөзүнө жыгылат. Күйөөсүнүн жок экенин билгизбей келин эт бышырып, конокту сыйлайт. Мырза жигит бир жиликти алып мүлжүгөндөн кийин аны сындырмакчы болуп, маки менен ургулай баштайт. Аны көргөн келин, чыгдандан бир табак сары май салып келип: «Издегениңиз май болсо, мына бул даяр майды жеңиз!» – деп кашыгы менен жигиттин алдына коёт. Жигит бул жолу да туура сөзгө сынат. Эртеси келин конокту узатат. Мырза жигит аттанып жөнөөрдө, конгон үйдүн чоң дөбөтү үрүп, жигиттин үзөңгүсүнө асыла кетет. Жигит эңкейе калып, дөбөттү камчы менен башка тартып жиберет. Дөбөт каңшылап калат. Анда келин: «Кой, Маңгыт, ыйлаба! Агасы инисин уруп койсо эчтеке болбойт» – дейт. Ошентип, чечен келинден мырза жигит үйгө киргенде үч жолу сөзгө сынып, сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болуптур.

**АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ** **ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТТИК ТАПШЫРМАЛАР**

**1-суроо**

**Чыныгы чечендик жөнүндө кайсы катарда туура маалымат берилген?**

А. өз учурунда керектүү жеринде табигый түрдө пайда болуп, чагылгандай жарк этип баарына таасир берген сүйлөө кубулушу

Б. келбесе деле койгулаштырып, өзүн сөзмөр, билгир көрсөтүүгө далбасташкан сүйлөө кубулушу

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**В** терең, курч маани бере албай, кыска жана куюлуштура сүйлөшүүгө аракеттенген сүйлөө кубулушу

**Г** мааниси өксүсө деле жеңүү үчүн аракеттенген сүйлөө кубулушу

**2-суроо** **Мырза жигит бир үйгө киргенде «Бул куржунду кайсы жерге илейин, келинчек», – деп үйдүн келинине кандай маанайда сөз катат?**

**А** келиндин жардыраак турмушун шылдыңдап

**Б** келин менен таанышуу максатында

**В** келинди сөзгө жыгытуу максатында

**Г** куржунду иле турган жер таппай

**Тапшырма 1.** Сөздөрдү тиешелүү жерге коюп, сүйлөмдөрдү толуктагыла. Сүйлөмдөрдөгү ойду өз сөзүңөр менен айтып бергиле.

| Сүйлөмдөр | Сөздөр |
|---|---|
| 1. Ал бирин тушап, тап жылдырбай жүйөгө жыгып, ___ байлап, ___ жеңишке чакырган.<br>2. Илгери бир ______ тарткан мырза жигит жолоочулап келе жатып бир _______ токтойт.<br>3. Күйөөсүнүн жок экенин ______ келин эт бышырып, _________ сыйлайт.<br>4. Мырза жигит аттанып ________ , конгон үйдүн дөбөтү үрүп, жигиттин ________ асыла кетет. | Чоң, көпкөлөң, билгизбей, экинчисин, үйгө, үзөңгүсүнө, жеңөөрдө, тилин, конокту |

## КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 2.** Аралашкан сүйлөмдөрдү логикалык жактан байланыштырып, текст формасына келтирип, тизмектеп чыккыла. Талкуулагыла.

| Сүйлөмдөр | Катар номери |
|---|---|
| Ата-бабаларыбыз сөздү тартынбай туура, мазмундуу, маанилүү сүйлөгөн адамды өтө кадырлашчу. | |
| Сөзгө жараша жооп бере албаганды «сөзгө жыгылды» дешет кыргыздар. | |
| Сөз адамдын эң күчтүү куралы десек жаңылышпайбыз. | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



| | |
|---|---|
| Чыныгы акылдуу, даанышман адам сөзүн даярдап алып, ачык, даана, мазмундуу сүйлөйт. | |
| Эл алдында тайманбай таасын сүйлөгөндөр аратор деп аталат. | |
| Себеби ойлогон оюңду сөз менен гана билдире аласың. | |
| Чукугандай сөз таап, акылдуу сүйлөгөндөр чечен деп аталып калган. | |

**Тапшырма 3.** Тексттерди окуп, пикириңерди билдиргиле.

**Үлгү:** Унутпа! __________ жакшы, эгер аны ______________.
Кел аракеттенип көрөлү, сөздөрдү _________________.
Балким, сен да ___________________________________.

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### СӨЗДҮН КӨП МААНИЛҮҮЛҮГҮ (ПОЛИСЕМИЯ)

Полисемия – көп маани, көп маанилүүлүк жөнүндөгү илим. Сөздүн көп маанилүүлүгү кантип пайда болот?

Полисемия пайда болуу ыгына карата метафоралык, метонимиялык, синекдохалык жолдор менен пайда болот.

Метафоралык жол менен пайда болгон көп маанилүүлүк заттардын, кубулуштардын, окуялардын тышкы окшоштугунун негизинде маанилер оошот.

**Тапшырма 4.** Төмөнкү полисемиялуу сөз маанилеринин кайсы жол менен жасалганын аныктап, ар бир маанисине мисал келтиргиле.

**Изден**

**Кыял** 1. Ойлогон ой; тилек кылган, эңсеген ой; фантазия. 2. Мүнөз. 3. Оюнун бир түрү.

**Мүлтүлдө** 1. Бир калыпта турбай кылтылдоо, ойноктоо.

2. Улам бирине жагынып, же өз пайдасына карай эки тараптын улам бирине ооп кылтылдоо, чыныгы жүзүн билдирбөөгө аракет кылуу.

**Муун** 1. Адамдын жана жаныбарлардын сөөктөрүнүн же чемирчектеринин кыймылга келип турууучу кошулган жери. 2. Каруу, күч, кубат. 3. Өтмө мааниде. Кээ бир өсүмдүктөрдүн бөлүк-бөлүк болуп турган жери, муунактары. 4. Ата-бабанын укум-тукуму; жаш-таш адамдар, курбулар. 5. Грамм. Сөздөгү бир ыргак менен айтылган бир же бир нече тыбыш.

**Ички** 1. Ич жагын караган. 2. Ич жактагы, төр жактагы. 3. Ичтеги, жарыялана элек, көмүскө. 4. Өз ич арасына гана таандык, башкаларга, бөтөн тарапка тиешеси жок.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма 5.** Төмөнкү «Көз» деген сөздүн маанилеринин ичинен метофоралык, метонимиялык, синекдохалык маанилерди ажыраткыла. Ар бирине мисалдар келтиргиле.

1. Адамдын, жан-жаныбарлардын көрүү мүчөсү.
2. Бир нерсенин тешиги, жылчыгы, ачык бөлүгү, көзөнөгү.
3. Куржундун бир жак бөлүгү.
4. Көбүнчө шакектин кичине асыл таш, мончок ж.б. орнотулган жери, бөлүгү.
5. Терезенин ачылууга ылайык бөлүгү.
6. Күндүн, айдын бети.

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Текстти кунт менен окуп чыгып, көп маанилүү сөздөрдү аныктагыла.



**Чечен сөз топтому**

**Ай дээр ража, кой дээр кожо жок.** Акыл айтып башкарар, «кой, ай» деп теске салар, жол көрсөтүп, тарбиялар кишиси жок. Ай дээр ажа, кой дээр кожо жок болсо, балдардын кылары ошол да.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 3-СААТ

### «БАШКА БАЛЭЭ КАЙДАН КЕЛЕТ?

«Күндөрдүн биринде Султан Хусейиндин сарайында чоң отуруш өтөт. Сөзгө сөз улашып отуруп падыша «Ат аягы менен суу ичсин» деген сөздү тапкандыгы үчүн Мир Алишерге эки миң теңге сыйлык берилерин билдирет. Муну уккан падышанын жакын кишилери кызганып, эмне үчүн эле ушул Алишер сыйлык ала берет деп, биз да, ушундай сөздөрдү табабыз деп чыгышат. Падыша макул болот. Табышмак катары ал сөөмөйү менен башын көрсөтөт да жоош күтүп калат, вазирлер эч кимиси эч нерсе дей албай калат, бир гана Мир Алишер ошол эле сөөмөйү менен тилин көрсөтөт. Султан Хусейин Байгара тигил оозун ачып тургандарга кайрылат: – Мен сөөмөйүм менен башымды көрсөттүм, Алишер болсо ага жооп кылып сөөмөйү менен тилин көрсөттү, ушулардын маанисин чечмелеп бергиле? – дейт. Үч күнгө мөөнөт берилет. Үч күндө эч бири жообун таппайт. Анан алар Мир Алишерден мунун маанисин сурайт. – Эгер ар бириң миң теңгенден берсеңер, айтып беремин! – дейт Алишер Наваий. Алар кырк киши экен. Кырк миң теңгени санап берет. Алишер болсо бир ооз гана: – Султан башка балээ кайдан келет деп сурады, мен болсо, башка балээ тилден келет деп айттым, – деп койду. Анан алар чурулдашып, «мен таптым», «мен таптым» деп падышага барат. Падыша болсо «эгер жалган айтсаңар башыңарды алам» дегенде баары коркуп Алишер айтканын моюндарына алат.

### ТАПШЫРМА. ТЕКСТ БОЮНЧА СУРООЛАР

1. Текстти окуп анын негизи айтайын деген ою эмнеде экендигин аныктагыла?
2. Мир Алишерге эмне үчүн  үчүн эки миң теңге сыйлык берилет?
3. Табышмакты  падышанын жакын кишилери эмне үчүн таба алышпайт?
4. Тапкыч сөздүн маанисин  түшүнүү  үчүн кандай болуу керек деп ойлойсуңар?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



ОЙЛОН **СҮЙЛӨМДӨРДҮ ТОЛУКТОО БОЮНЧА ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАРЫ**

**1-суроо**

**Муну _____ падышанын жакын кишилери кызганып, __________ эле ушул Алишер сыйлык ала берет деп, биз да _________ сөздөрдү табабыз деп чыгышат.**

А уккан/ эмне үчүн / ушундай/

Б билген / эмне себептен / ошондой

В айткан / ошол себептүү / ушул сыяктуу

Г тааныган / эмнеге дегенде / жакшы

**2-суроо**

**Эгер _____ миң _______ берсеңер , айтып беремин! – ____ Алишер Навайи.**

А ар бириң / теңгеден / дейт

Б ар кайсыңар / тыйындан / деди

В ар кимиңер / сумдан / деп

Г баарыңар / теңгеден / дейт

**3-суроо**

**Падыша болсо «эгер – башыңарды алам»дегенде – коркуп Алишер ________ моюндарына алат.**

А жалган айтсаңар / баары / айтканын

Б калп айтсаңар / көпчүлүгү / тапканын

В туура сүйлөсөңөр / бардыгы / укканын

Г чынын сүйлөсөңөр / жанындагылар / билгенин



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**СҮРӨТТӨР МЕНЕН ИШТӨӨ**

**Тапшырма 1.** Төмөнкү берилген сүрөттөр боюнча « Жээренче чечен жана Акыл Карачач» жана «Жээренче чечен жана Төлөмырза» деген темада аңгеме түзгүлө.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

**Эскертүү!**

Көп маанилүү сөздөр сөздүктөрдө араб цифрасы менен, ал эми омонимдер рим цифрасы менен берилерине көңүл бургула.

Көп маанилүү сөздөр туунду жана өтмө маанилердин негизинде пайда болот. Омонимдин ар бир мааниси түз маани катары колдонулат, андай болбой туунду, же өтмө маанини (мындай маани коннотациялык маани деп аталат) пайда кылса, анда ал көп маанилүүлүккө айланат.

Мисалы: **жык** деген сөздүн омоним да, полисемия экенин да карагыла:

**Жыйнаштыр.** Этиш 1. Жыйнаштыруу, жыйнап, иреттеп коюу.

2. Токтотуп коюу, кандайдыр бир ишти андан ары улантпай, ток-тотуп таштоо.

**Жык I**. Этиш. 1. Тикесинен турган нерсени узунунан түшүрүү, жыгылган абалга келтирүү. 2. Жеңүү, жеңилүүгө аргасыз кылуу. 3. Буруу, бир жакка багыт алдыруу (суу жөнүндө). 4. Дуушар кылуу, бир нерсеге милдеттүү кылуу, чыгымдатуу.


**Жык II.** Абдан толуу, абдан көп болуу.

Көңүл бурдуңарбы, **жыйнаштыр** сөзү көп маанилүүлүккө гана ээ, ал араб цифрасы менен гана белгиленди. Экинчи **жык** сөзү омоним I, II рим цифрасы менен, ал эми полисемиялык маанилер 1, 2, 3, 4 араб цифрасы менен берилди.

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма 2.** «Баш» жана «Тарт» деген сөздүн маанилерин сөздүктөн карап, жогоркудай талдагыла.

**Тапшырма 3.** «Кластер» методунда төмөнкү берилген сөздөрдүн ар кандай маанилерин тапкыла жана аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.




**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнөн бир канча полисемиялуу луктарды таап, дептериңерге көчүргүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Коммуникативдик тапшырма

### Тема: «Бир сөз»

| | |
|---|---|
| **Максаты** | Көнүгүү коммуникация процессинде интонациянын маанилүүлүгүн баса белгилөөгө жардам берет. |
| **Керектүү жабдыктар** | Эмоциялар жазылган карточкалар. |
| **Окуучулардын саны** | 10–20 окуучу. |
| **Убакыт** | 10–15 мүнөт. |
| **Тапшырманын шарты**<br>*1-варианты* | Мугалим эмоциялардын аттары жазылган карточкалардын окуучуларга таратып, бири-бирине көрсөтпөөнү өтүнөт. Андан ары, мугалим катышуучунун карточкасында жазылган эмоцияга туура келген интонация менен баарынан бир гана сөз менен «Ооба», «Жок», «Саламатсызбы» же ж.б.у.с. деп айтууну суранат, тургандар окуучу айткан эмоцияны табышы керек. |
| *2-вариант* | Төрт сап ырды карточкада берилген интонация (окуучулар чогуу бир интонацияны тандашат) менен айтып берүү. |

| | | |
|---|---|---|
| **Интонациялар** | Кубануу, таң калуу, өкүнүү, көңүл калуу, күнөм саноо, кайгыруу, көңүлдүү, | Чарчоо, толкундануу, кайраттуулук, жайы тынч, ишенимдүүлүк |

| **1-карточка** |
|---|
| Эсиң болсо интернетке кирбегин,<br>Кирип жүрүп мен аябай кирдедим<br>Деп айтканда улуурак бир адам,<br>Койчу эй – деп, аны келди тилдегим.<br>Интернетсиз өтпөй калды өмүрлөр.<br>Интернетке байланыштуу көңүлдөр.<br>Өчүп калса каш кабактар бүркөлүп<br>______________________________ (уланткыла) |
| **2-карточка** |
| Сөз – улуу тарбиячы, акылман насаатчы, мыкты мугалим. Жоокердин куралы – кылыч, жасоолдуку айбалта. А тарбиячынын куралы – сөз. Ал курал баарынан күчтүү, курч да баарынан өткүр. Сөз ____________ уланткыла. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# VII БӨЛҮМ

# ИЛИМ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАР

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 1-СААТ

### НОБЕЛЬ СЫЙЛЫГЫ

| | |
|---|---|
| **Аблетум падыша:** | «Перзентиңердин илими менен адебин силер өзүңөрдүн илимиңер жана адебиңер менен өлчөбөгүлө. Аларды кийинки мезгил үчүн даярдагыла. Анткени алар силердин ушул заманыңарга тиешелүү эмес, алар келечектики». |
| **Саади:** | 1. «Билимди алып, аны пайдаланбаган адам жерин айдап анан ага үрөн сеппеген дыйкандай». 2. «...пайда келтирбеген окумуштуу – жемиш бербеген даракка тете». |
| **Ризоуддин ибн Фахриддин** | «Ар бир адамдын, ар бир элдин таалайлуу болушуна негизги себеп – илим. Эгинзар үчүн жамгыр жана сугат кандай зарыл болсо, адам баласы үчүн илим дагы дал ошондой даражада зарыл жана керек. Балдарын билимдүү, адептүү кылып өстүрүү – ата-эненин ыйык милдети». |
| **Абуязид:** | «Акылдуулар жана даанышмандар менен бирге болуңуз, илимиңиз канчалык көп болсо да, өзүңүздү илимсизмин деп эсептеп, дагы да илим үйрөнүүгө киришиңиз. Мал-мүлкүңүз менен эмес, илим, өнөрүңүз, жакшы жүрүш-турушуңуз менен сыймыктанасыз». |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






Нобель сыйлыгы (англ.*Nobel Prize*) – академикалык, маданий же илимий жетишкендиктер үчүн шведдик жана норвегиялык институттар тарабынан бир нече **категориялар** боюнча жыл сайын ыйгарылган **эл аралык** сыйлыктардын жыйындысы.

Сыйлыктар шведдик ойлоп табуучу Алфред Нобелдин керээзи менен 1895-жылы негизделген. Химия, адабият, тынчтык, **физика жана физиология** же медицина тармагындагы сыйлыктар биринчи жолу 1901-жылы ыйгарылган. 1980-жылга чейинки медалдар 23 **карат алтындан** чегилген, андан кийин 18 карат жашыл алтындан куюлуп, 24 карат алтын менен капталган. 1901-жылдан 2016-жылга чейин Нобель сыйлыктары жана экономика илимдери боюнча сыйлыктар 911 адам менен уюмдарга 579 жолу ыйгарылган. Айрымдары Нобель сыйлыгын бир нече жолу алып, жалпы 23 уюмду жана 881 инсанды түзгөн.

Сыйлык тапшыруу аземдери жыл сайын Швециянын Стокгольм жергесинде болуп өтөт (Норвегиянын Осло жергесиндеги тынчтык сыйлыгын эске албаганда). Ар бир сыйлык ээси же лауреат бир алтын медаль, диплом жана Нобель фонду тарабынан белгиленген бир суммадагы акчаны алат. (2017-жылга карата, ар бир сыйлык SEK 8,000,000 же 920,000 АКШ долларына, €823.000, £716.000 же CNY 6.630.000 барабар болгон). Нобель сыйлыгы адабият, медицина, физика, химия, тынчтык жана ошондой эле экономика илимдер тармактарында жеткиликтүү болгон **эң абройлуу** сыйлык деп саналат.

Швед падышалык илимдер академиясы физика, химия тармактарында Нобель сыйлыгын, экономика илимдери боюнча Sveriges Riksbank сыйлыгын ыйгарат; **Каролинска институтундагы** Нобель ассамблеясы физиология же медицина тармагындагы сыйлыкты тапшырат; Швеция академиясы адабият тармагындагы Нобель сыйлыгын берет; Нобель **Тынчтык сыйлыгы** Швеция уюму тарабынан эмес, Норвегия Нобель комитети тарабынан ыйгарылат.

## ОЙЛО

**Тапшырма 1.** Жогорудагы окумуштуулардын илим жөнүндөгү айткан сөздөрүн окуп чыгып, төмөнкү текст боюнча сүйлөмдөрдү түгөйүн таап толуктагыла.

| | |
|---|---|
| Билимди алып, аны пайдаланбаган адам | ата-эненин ыйык милдети |
| мүлкүңүз менен эмес | жемиш бербеген даракка тете |
| Балдарын билимдүү, адептүү кылып өстүрүү | болушуна негизги себеп – илим |
| Ар бир адамдын, ар бир элдин | жерин айдап анан ага үрөн сепкен дыйкандай» |
| Эгинзар үчүн жамгыр жана сугат кандай зарыл болсо, | илим, өнөрүңүз, жакшы жүрүш-турушуңуз менен сыймыктанасыз» |
| Пайда келтирбеген окумуштуу | адам баласы үчүн илим дагы дал ошондой даражада зарыл жана керек. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ОЙЛОН

**Тапшырма 2.** Текст боюнча тапшырмалар.

1. Кара тамга менен берилген сөздөрдү кандай түшүнөсүңөр? Сөздүк менен иштегиле.
2. Академикалык, маданий же илимий, сыйлык тапшыруу аземдери деген сөз айкаштарына сүйлөм түзүп, маанисин айтып бергиле.
3. Кандай адамдар Нобель сыйлыгына татыктуу болушат?
4. Нобель сыйлыгын алган кандай адамдарды билесиңер?
5. Текстти окуп, кызыл түстө берилген сөздөрдүн синонимин аныктап жазгыла.

## АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ — ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТТИК ТАПШЫРМАЛАР

**1-суроо. Нобель сыйлыгы илимдеги кайсы тармактар үчүн негизделген?**

А) Химия, адабият, тынчтык, физика жана физиология же медицина тармагындагы

Б) Математика, адабият, тынчтык, физика жана физиология же медицина тармагындагы

В) Химия, биология, тынчтык, физика жана физиология же медицина тармагындагы

Г) Химия, адабият, астраномия, физика жана физиология же медицина тармагындагы

**2-суроо. Адабият тармагындагы Нобель сыйлыгы кайсы жерде берилет?**

А) Швеция академиясы

Б) Швед падышалык илимдер академиясы

В) Sveriges Riksbank

Г) Каролинска институтундагы Нобель ассамблеясы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

**Табу** деген түшүнүк элдин аң-сезими менен байланыштуу. Жаратылыштан, табияттан коркунуч алып келет деген сезимде түшүнүктөрдү башка сөздөр менен айырбаштайт, б. а., **тергөө сөздөр** деп да аталат: *Карышкыр* деген сөздү айтса, малды жеп, кырып кетет деп, *кудайдын ити, кашабаң, бөрү, көк серек* деген синонимдер менен алмаштырышкан.

**Эвфемизм** одоно, айтууга ыңгайсыз сөздөрдү башка жагымдуу сөздөр менен алмаштыруудан келип чыгат.

**Эвфемизмдер** – синонимдердин бир түрү. Эвфемизмдер лексикалык составда өтмө маанини пайда кылып, айрымдары адабий нормага айланат.

**Эвфемизм** – көркөм сөз каражаттарынын бири. Элдин жашоо турмушу, ички маданияты менен тыгыз байланышта.

**Фразеологизмдер** өтмө мааниде туруу менен түз маанидеги сөздөргө маанилеш келет: *Жыш токой, эгин* дегендин ордуна *чычкан мурду жөргөлөгүс* деген фразеологизм колдонулат.

**Фразеологизм** – өтмө, образдуу маанини берүүчү ыкма.

**Диалектизм** же тилдин территориялык чектелген түшүнүгү болуу менен адабий тилде синонимди пайда кылат.

**Тапшырма 3.** Төмөнкү синонимдерге мисалдар түзүп, маанисинин алыс-жакындыгын аныктагыла

Чөнтөк, калта, чонтой; үлгү, өрнөк, таалим, нуска, мисал; кумар, мооку, ышкы; жашы, жашоору, ыйламсыра, бошо; акылсыз, бейакыл, наадан, эселек, эсер; кекеч, сакоо, чүчүк.

**ТОПТУК ЫКМА** Бул эвфемизмдердин, табулардын колдонулуш себебин айткыла. Доминантын тапкыла. Ар бирине мисал берип, сүйлөмдөр түзгүлө; катарын таап, ага да мисал келтиргиле.

| **1-топко** | **2-топко** |
|---|---|
| Төрөдү, оозунан ак ит кирип, кара ит чыкты, бети ачыла элек кыз | жаман оору, сылтып баскан адам, азиз киши, көзү өттү |

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма 4.** Өз аты менен аталбастан, тергелип жана сылык айтылган сөздөрдү тапкыла. Ал сөздөр өзүнүн накта, түз маанисинде кандайча колдонулат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1. Жакшылык колдосо, кичине бала аман кайтып келет.

2. Душман менен кармашып жатып, ээн жерде окко учтуңбу, же токойдо адашып кеттиңби? Сен ошентип жаздым болдуңбу? Жайнагым, Кенжетайым! жаш кетип элдин эсинде да анча калган жоксуң? *(Ч.А.)*

3. Бузулса турмуш мейли эле,
Булбулум бактан качыптыр.
Булбулду көрбөй мактандым,
Булбулдун тили катыптыр... *(Т.)*

4. Тоодон токум ыргыттым. Аягы-зоо, ортосунда кызыл тоо. Бир түп караган баары – жокко жараган.



**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Төмөнкү фразеологизмдердин маанисин чечмелегиле, өзбек тилиндеги аларга маанилеш фразеологизмдерди жазгыла жана окшоштуктарын айтып, сүйлөмдөр түзгүлө.



**Чечен сөз топтому**

**Ай баткандай болуу**

1. Катуу кайгыга, оор кырсыкка учуроо, үмүтсүз мүнкүрөгөн абалга жетүү. Чал-кемпир эңкейип калган кезде жалгыз баласына жырап, ай бат кандай болуп мөгдөп калышты

2. Жок болуу, өлүү. Бечара ай баткандай болуп, жаштайынан соолду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 2-СААТ

### СЫЙЛЫКТЫН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ

Нобелдин керээзи боюнча калган казынасынан Нобель фондусу түзүлгөн (31 миллиондон ашык швед крону); бул каражат акцияга, заёмго жана облигацияга айландырылып, алардан түшкөн киреше тептең бешке бөлүнөт да, Нобель сыйлыгы катары **физика, химия, физиология** же **медицина** жана **адабият** жаатындагы мыкты эмгек авторлоруна жана тынчтык чыңдоого эмгеги өткөндөргө берилет. 1968-жылы **Швециянын** мамлекеттик банкы өзүнүн 300-жылдык тоюнда Нобелдин урматына жыл сайын экономика илим жаатына да берилчү сыйлык бекитти. Нобель сыйлыгы Альфред Нобелдин сүрөтү бар алтын медаль, диплом жана акчадан (30-70 миң доллар) турат.

**Сыйлыкты ыйгаруу тартиби**

Нобель сыйлыгын ыйгаруу А.Нобелдин керээзине ылайык **Стокгольмдогу** Король ИАга (физика, химия, экономика боюнча), Король Каролин мед-хирургия институтуна (физиология же медицина боюнча) жана Швед академиясына (адабият боюнча), Норвегия парламентинин Нобель комитетине (тынчтыкты чыңдоо иши боюнча) тапшырылган. Нобель сыйлыгы кандидаттардын расасына, улутуна, динине жана жынысына карабастан ыйгарылат. Нобель сыйлыгынын тынчтыкты чыңдагандарга берилүүчүсүнөн башкасы бир кишиге бир гана жолу берилет. Өтө баалуу ийгилик жаратышканы үчүн М.Склодовская-Кюри (1903, 1911), Л.Полинг (1956, 1972) гана эки мертебе берилген.

Кандидаттар жеке адамдар гана (Нобель сыйлыгынын лауреаттары) тарабынан көрсөтүлүп, кийинки жылдын 1-февралына чейин тийиштүү комитеттерге жиберилет. Көрсөтүлгөн иштерди талкулоо жана аларга добуш берүү өтө жашырын өтөт. Басма сөзгө Нобель сыйлыгын ыйгаруу жөнүндөгү чечим менен мотивировка гана жарыяланат. Даттануулар чечимге таасир тийгизе албайт жана чечим жоюлбайт.

Нобель сыйлыгын тапшыруу салтанаты 10-декабрда, Нобель каза болгон күнү, Стокгольм менен Ослодо өткөрүлөт. Салт боюнча Швед королу Стокгольмдо лауреаттарга алтын медаль тапшырат, ал эми Норвегия королу Ослодо салтанатка катышып отурат. Нобель сыйлыгынын жаңы лауреаты алты ай аралыгында Стокгольмдо же Ослодо өз тематикасы боюнча популяр лекция окууга тийиш.

**ТАЛКУУЛОО**

**Тапшырма 1.** Төмөнкүдө берилген балдардын ой пикирлерине силер да кошуласыңарбы? Өзүңөрдүн пикириңер кандай?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Айбек:** 1968- жылы Швециянын мамлекеттик банкы өзүнүн 300 жылдык тоюнда Нобелдин урматына жыл сайын экономика илим жаатына да берилчү сыйлык бекитти , муну билесиңер да.

**Ариет:** Албетте, Нобель сыйлыгын ыйгаруу А.Нобелдин керээзине ылайык физика, химия, экономика боюнча Стокгольмдогу Король ИАга тапшырылган.

**Надырбек:** Ооба, ошондой, ал эми физиология же медицина боюнча Король Каролин мед хирургия институтуна тапшырылганын уктуң беле?

**Айгерим:** Аны мугалимден уккам. Нобель сыйлыгы кандидаттардын расасына, улутуна, динине жана жынысына карабастан ыйгарылышын интернеттен окудум.

**Асел**: Кандидаттыкка көрсөтүлгөн иштерди талкуулоо жана аларга добуш берүү өтө жашырын өтөт турбайбы?

**Асыл:** Бул иштер тартип боюнча жашыруун өтүү керектигин билбейт турбайсыңбы? Ошондо Нобель сыйлыгын тапшыруу салтанаты 10-декабрда, Нобель каза болгон күнү, Стокгольм менен Ослодо өткөрүлүшүн баарыбыз билебиз да.

**Эрбол:** Нобель сыйлыгын тапшыруу салтанатында Норвегия королу да катышабы?

**Эмир:** Салт боюнча Швед королу Стокгольмдо лауреаттарга алтын медаль тапшырганда ал да албетте катышат.

**Арсен:** Нобель сыйлыгынын жаңы лауреаты алты ай аралыгында Стокгольмдо же Ослодо өз тематикасы боюнча популяр сөзсүз лекция окушу керек экен.

**АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ** — **ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТТИК ТАПШЫРМАЛАР**

**1-суроо** **Нобель фондусу түзүлгөн каражат акцияга, заёмго жана облигацияга айландырылып, алардан түшкөн киреше эмне үчүн тептең бешке бөлүнөт?**

А сыйлык беш тармак боюнча берилгендиги үчүн

Б сыйлык беш жерде берилгендиги үчүн.

В Альфред Нобелдин сүрөтү бар алтын медаль, диплом жана акча берилгендиги үчүн.

Г Швециянын мамлекеттик банкы өзүнүн 300 жылдык тоюнда Нобелдин урматына жыл сайын экономика, илим жаатына да берилчү сыйлыкты бекиткендиги үчүн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**2-суроо** **Тексттен чыгара алчу эң негизги тыянагыбыз кайсы болушу мүмкүн?**

- **А** Нобель сыйлыгын берүү тартиби
- **Б** Нобель сыйлыгынын алгандар жөнүндө
- **В** сыйлыкка ким тарабынан негиз салынгандыгы
- **Г** сыйлыкты берүү жайлары

**Тапшырма 2.** Төмөнкүдө берилген маалыматтардын туура же ката экендигин аныктагыла.

| Маалыматтар | Туура | Ката |
|---|---|---|
| Нобель сыйлыгы Альфред Нобелдин сүрөтү бар алтын медаль, диплом жана акчадан (30-70 миң доллар) турат | | |
| Нобельдин керээзи боюнча калган казынасынан Нобель фондусу түзүлгөн каражат акцияга, заёмго жана облигацияга айландырылып, алардан түшкөн киреше тептең алтыга бөлүнөт. | | |
| Нобель сыйлыгы кандидаттардын расасына, улутуна, динине жана жынысына карап ыйгарылат. | | |
| Басма сөзгө Нобель сыйлыгын ыйгаруу жөнүндөгү чечим менен мотивировка гана жарыяланат. | | |
| Нобель сыйлыгы 1905-жылдан бериле баштаган. 1978-жылга чейин 340 тан ашуун адамга ыйгарылган. | | |

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма 3.** Текстти окуп чыгып, энчилүү аттарды ажыратып жазгыла жана алардын жазылуу эрежелерин айтып бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



| | |
|---|---|
| Энчилүү аттар | Кандай энчилүү аттар( адамдын, шаарлар ж.б.) |
| Альфред Нобель | адамдын аты |

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

**КЫРГЫЗ ЛЕКСИКАСЫНДАГЫ АКТИВДҮҮ ЖАНА ПАССИВДҮҮ СӨЗ КАТМАРЛАРЫ**

Күнүмдүк жашоо-турмуштагы ар дайым колдонулуп туруучу буюмдардай, дайыма пикир алышуунун негизин түзүп турган сөздөр бар: кел, кет, тур, суу, нан, жаша, айт, сүт, аба, тамак ж.б. көптөгөн сөздөр дайыма биздин пикирлешүүбүз катары активдүү катмарга кирет.

Коомдун өнүгүшү менен айрым бир түшүнүктөр учурдун талабына жооп бербей калгандыктан, алар эскирип, кээ бирлери такыр колдонуудан чыгып калса, кээлеринин аталышы башка сөздөргө орун бошотот. Мындайлар көөнөргөн сөздөр деп аталат да, пассивдүү катмарга кирет. Көөнөргөн сөздөрдү эки топко бөлүштүрүүгө болот, алар – архаизмдер, историзмдер.

Архаизмдер – колдонуудан биротоло чыгып калган түшүнүктөр болбостон, түшүнүгү бар, аталышы учурга жооп бербестен, башкача аталышка ээ болуп калган сөздөр.

Историзмдер же тарыхый сөздөр деп аталган катар коомдук тарыхый шартка карата келип, колдонулуш чөйрөсү зарылчылыкты түзбөй калганда колдонуудан чыгып кете берген сөздөр болуп саналат.

**Тапшырма 4.** Төмөнкү архаизмдерди, тарыхый сөздөрдү түшүнүү менен ар бирине ылайык чакан түшүндүрмө жазгыла. Түшүнүгүңөрдүн аныктыгын билүү үчүн сөздүктөргө кайрылгыла.

Хан, бек, нөөкөр, ордо, элүү башы, эмир, шах, султан, аталык, кыр көрсөтүү, кесипчилик уюм, дилде, от араба, кол араба, айдакчы.

### КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 5.** Тексттин көк түстөгү ажыратылып көрсөтүлгөн бөлүгүнөн активдүү сөздөрдү ажыратып жазгыла жана аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

**Үлгү:** *көрсөтүлүп, адам*

### ТОПТУК ЫКМА


**Тапшырма 6.** «Кластер» методунда төмөнкү тапшырмаларды аткаргыла



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






**Тапшырма.** Х. Карасаевдин «Накыл сөздөр» сөздүгүнөн алынган тексттен көөнөргөн сөздөрдү таап, талдоого алгыла, сөздүгүн түзгүлө.

Алыска минсе чарчабас,
Кара байыр казанат.

*(«Манастан».)*

Калгандыр дүйнө кыйладан. Казанат минип ойноткон.

*(Элдик ырлардан.)*

«Казанат, кааназат» — эл адабиятында айтылуучу буудан, күлүк, чыдамкай аттардын сапаты.

Ушул күнгө чейин чыгып келген сөздүктөрдүн биринде да, «казанат» деген сөздүн теги ачыла элек. «Казанат» – эки сөздөн биригип калган. Иран тилдеринде *«хане» – үй, «зад» – бала* деген маанини туюндурат. Демек, «ханезад» – үйдө туулган жылкы.

«Кара байыр» – мыкты аттын сапаты. Биздин оюбузча, *«кара» – мал, «байыр» – үйүр* деген маанide, *казанат // каназат* синонимдер.

Калем тарткан сыядай,
Кашыңды бир пас ырдайын.
Каз элечек жарашкан,
Башыңды бир пас ырдайын.

*(Элдик ырлардан.)*

«Каз элечек» — койкойто оролгон жакшы, апакай элечек. Кээ бирөөлөр кадимки каз сыяктуу апакай жана койкойгон деп түшүндүрөт. Бул туура эмес.

«Каз» сөзүнүн төркүнү — Өзбекстанда чыгарылган ак жибек кездемеге барып такалат. Аны көбүнчө селдеге, аялдардын баш кийимине колдонушкан. Ошентип фабрикада токула баштагандан кийин бул кездеме колдон токулбай калган, ошол жибектин аты «каз» деп аталар эле. «Каз» — кыргыз, өзбек тилдеринде «каса, хоса» делинип, каз эле-чек — жибектен оролгон элечек деген түшүнүктү берет.

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Тексттен лексиканын пассивдүү катмарын түзгөн терминдик, кесиптик жана неологизм сөздөрдү аныктап көчүрүп жазгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**3-СААТ**

## НОБЕЛЬ СЫЙЛЫГЫ: ФИЗИКА СЫЙЛЫГЫ КЛИМАТТЫК ӨЗГӨРҮҮНҮ БОЖОМОЛДОО АРАКЕТИНЕ БЕРИЛДИ



Сюкуро Манабе | Клаус Хоссельман | Джорджо Паризи

Стокгольмдагы Нобель комитети 2021-жылдын физика боюнча жаңы лауреаттарынын ысымын атады. Алар – Сюкуро Манабэ, Клаус Хассельман жана Джорджо Паризи – Жердин климатын моделдештиргени жана татаал физикалык системаны түшүнүүдөгү чоң ачылыштары үчүн Нобель сыйлыгына татыктуу болушту.

Алар жалпысынан 10 млн швед крону (бир миллион еврону чамалайт) суммасындагы сыйлык алышат. Каражат Альфред Нобелдин 1896-жылы дүйнөдөн кайтар алдында түзүп кеткен фондунан бөлүнүп берилет.

Климаттык өзгөрүүлөрдү компьютердик моделге салган япон-америкалык климатолог Сюкуро Манабэ менен океанология, метеорология, климатология жана статистика боюнча адис Клаус Хассельман глобалдык жылуулануунун өзгөрүмдүүлүгүн жана ишенимдүү божомолдоонун сандар аркылуу баалоодогу жетишкендиги үчүн 2021-жылдын Нобель сыйлыгынын бир теңине ээ болушту.

Ал эми италиялык физик-теоретик Джоржио Паризиге сыйлыктын экинчи жарымы тийди. Анын илимий жетишкендиги «физикалык системалардагы башаламандык менен флуктуациянын атомдон тартып планетардык масштабга чейинки байланыштарын ачкандыгы үчүн» деп аталды.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Адистер биздин планетанын климаты сыяктуу татаал физикалык системалардын кыймыл-аракеттерин узак убакытка божомолдоо кыйын экенин таанышат.



Нобель сыйлыгынын жаңы лауреаттары өмүрүндө бирге иштешкен илимпоздордон эмес. Анын үстүнө, алардын изилдөөсү физика илиминин бири-биринен алыс турган тармактары. Ошондуктан жеңүүчүлөр жарыяланган жыйында журналисттер аларды эмне бириктирип турат деп баары кызыгышты.

Анын жообу Нобель сыйлыгынын расмий аныктамасында жазылып турат. Бул жылдын сыйлыгы «Татаал физикалык системаларды түшүнүүгө кошкон чоң салым үчүн» ыйгарылды.

Ошону менен катар окумуштуулар биздин планетада болуп жаткан климаттык өзгөрүүлөрдүн тагыраак моделин түзүүгө мүмкүнчүлүк алышты. Адамзат ишмердиги планетанын жылуулук айланган глобалдык механизмин өзгөрүп, кургактыктын чоң бөлүгү чөлгө айлануу коркунучу турат.

1960-жылдардан бери эле климатты физикалык моделдештирүү менен алектенген Сюкуро Манабе атмосферадагы углерод двуокисинин катышы көбөйүп, жер үстүндөгү температуранын жогорулашына алып келгенин кашкайта көрсөтө алды.

1970-жылдары Клаус Хассельман аба ырайын климат менен байланыштырган биринчи компьютердик моделди түзгөн эле. Анын изилдөөлөрү аба ырайы тез өзгөрүп жаткан чакта узак мөөнөттүү климаттык моделге карап жашасак болорун көрсөттү.

Ал эми Паризи ачкан илимий ачылышка келсек, Нобель сыйлыгынын өкүлдөрүнүн айтымында, ал көптөгөн ар кандай, бири-бири менен байланышпаган субстанциялар менен көрүнүштөрдү түшүнүүгө жана жазып алууга мүмкүнчүлүк түздү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## МЭЭ ЧАБУУЛУ:

**Тапшырма 1.** Текстке карата суроолуу тапшырмалар.

1. 2021-жылдын физика боюнча жаңы лауреаттары кимдер, атын атагыла.
2. Алар кандай кызматтары үчүн ушул сыйлыкка ээ болушту?
3. Италиялык физик-теоретик Джоржио Паризинин Нобель сыйлыгына ээ болгон илимий иши эмне деп аталган?
4. Бул окумуштуулардын негизги максаттары жөнүндө айтып бергиле.

## АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ — ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАРЫ

**1-суроо**

**Сюкуро Манабэнин кесиби эмне жана ал кайсы эмгеги үчүн Нобель сыйлыгына татыктуу болду?**

- **А** климаттык өзгөрүүлөрдү компьютердик моделге салган япон-америкалык климатолог
- **Б** океанология, метеорология, климатология жана статистика боюнча адис
- **В** глобалдык жылуулануунун өзгөрүмдүүлүгүн жана ишенимдүү божомолдоонун сандар аркылуу баалоодогу жетишкендиги үчүн
- **Г** физик -теоретик физикалык системалардагы башаламандык менен флуктуациянын атомдон тартып планетардык масштабга чейинки байланыштарын ачкандыгы үчүн

**2-суроо**

**Нобель сыйлыгынын жаңы лауреаттарын бириктирип турган нерсе эмне болуп жатат?**

- **А** татаал физикалык системаларды түшүнүүгө кошкон чоң салымдары
- **Б** физика илимин кеңейтиришкендиги
- **В** планетанын жылуулук айланган глобалдык механизмин өзгөрүүгө кошкон салымы
- **Г** алардын физик окумуштуу экендиги



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Тапшырма 2.** Текстти окуп, сүйлөмдөрдү толуктагыла.

1. Америкалык физик Джон Бардин бул сыйлыкка эки жолу ___________ ________________________________________.
2. Адистер биздин планетанын климаты сыяктуу татаал физикалык системалардын _______________________________________________.
3. Нобель сыйлыгынын жаңы лауреаттары өмүрүндө______________ _____________________________________.
4. Анын үстүнө, алардын изилдөөсү________________________________.
5. Адамзат ишмердиги планетанын жылуулук айланган глобалдык механизмин өзгөрүп___________________________________________________.
6. _______________________________________________ Нобель сыйлыгынын өкүлдөрүнүн айтымында, ал көптөгөн ар кандай, бири-бири менен байланышпаган субстанциялар менен көрүнүштөрдү түшүнүүгө жана жазып алууга мүмкүнчүлүк түздү.

**СҮРӨТТӨР МЕНЕН ИШТӨӨ**

**Тапшырма 3.** Нобель сыйлыгынын лауреаттары алган медаль, диплом жана белгиленген акча жөнүндө айтып бергиле.









*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### КЫРГЫЗ АДАБИЙ ТИЛИ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ДИАЛЕКТИЛЕР МЕНЕН КАРЫМ-КАТЫШЫ

Адабий тил жалпы элдик тилдин негизинде калыптанат. Ал бардык диалектилер үчүн түшүнүктүү болгон, тилдик нормаларга (фонетикалык, орфографиялык, грамматикалык ж. б.) баш ийген, мамлекеттик, коомдук иштерди жүргүзүүгө ийкемдүү болгон орток тил болуп саналат.

Жергиликтүү тилдик өзгөчөлүктөрдү диалектилер деп айтабыз. Кыргыз тилинде түндүк жана түштүк диалекти деген эки чоң топ бар экендигин билесиңер. Ал эми территориялык жактан анча чоң эмес аймактагы тилдик өзгөчөлүктөр говорлор деп аталат. Кыргыз тилинде Чүй, Талас, Ысык-Көл, Нарын, Тогузторо, Чаткал ж. б. говорлор бар.

Тилдик өзгөчөлүктөрдү адабий нормадан айырмалап турган фонетикалык, лексикалык, грамматикалык белгилери боюнча бөлөбүз. Эгерде адабий нормадан айрым бир тыбыштык жагынан гана өзгөчөлөнүп турса, ал фонетикалык диалектизм деп аталат.

Адабий нормадан түшүнүктү атоо учурунда сөз катары айырмаланып калган болсо, анда лексикалык диалектизмдер деп аталат.

Адабий нормадан айрым бир грамматикалык категориялардын колдонулушу боюнча айырмачылыкка ээ болсо, ал грамматикалык диалектизмдер деп аталат.

**Тапшырма 4.** Текстти окуп, андагы кээ бир сөздөрдүн түштүк диалектиде кандайча колдонулушун жазгыла.

**Изден**

**Үлгү:**

| Адабий тилде | Түштүк диалектиде |
|---|---|
| Алар | Олор |
| | |
| | |
| | |
| | |
| | |

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма 5.** Төмөнкү диалектилик кепте жазылган сүйлөмдөрдөгү диалектизмдерди түрлөргө (фонетикалык, лексикалык, грамматикалык өзгөрчөлүктөрү) ажыраткыла. *(Бул материал Б.М. Юнусалиевдин «Тандалган эмгектер», Фрунзе, 1985, 270-б. илимий монографиясынан алынды).*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



| Диалект сөздөр | Лексикалык өзгөчөлүктөр | Фонетикалык өзгөчөлүктөр | Грамматикалык өзгөчөлүктөр |
|---|---|---|---|
| | | | |

1. Ушуйетте туилуп, ушуетте катта болгон^уз, ич жакка барган эмеспиз.
2. Эми шалыны /күрүчтү/ мына эки айдап, көң салдык, су^ камдадык, ылаймач /баткак/ кылып септик.
3. Муну гала гөч' менен жэнчтик (гал *гө^* (гал -майда гөл-өгүз) майдалап, топурагын жанчтык деген мааниде).
4. Чаар-Таш, Ак-Сери *йлө^* лөрдө мал баккамын.
5. Ол *у^бакта* курулуш болгон эмес, талаада жатып, талаада багып, кечеси менен, күндүзү менен күтүп баккамбыз.
6. Анан жайл^мө-жайлө^ багып, дал шул өтөктөргө багып, Орто-Төбөдө келевиз.
7. Ак эмгек иштечи эдек да.
8. Ана шуларду багып кегеммин да.

**ТОПТУК ЫКМА** **Тапшырма 6.** Биринчи топтун окуучулары төмөнкү тексттеги диалектизмдердин стилдик колдонулуш максатын байкагыла ал эми экинчи топтун окуучулары, синонимин аныктагыла.

– Ошого ичим күйөт да, кайсы күнү кызым ол эжекейлердин үйүгө сулалып келип бериптир. Мен шунча алаам кылып, ону жекирип койдум.

– Бардык аялдар Ажар эжени кетире койбой тегеректеп алышты.
– Жанындагы шеригичи?
– Нуржандыкы таңды-кеч тиктегени эле китеп, кагаз. Ачкосун тагып алат көзүнө. Менин тилим да кебейт аспирантур беле, бир балаа деген окуу бар имиш, шондо окууга барат имиш.
– И-и, баса, ол эжекей өзүям раса күчтүү деп калышат, аа?
Оо, келиндер, – деп бек улантты сөзүн Ажар эже, – онон көрө, шол эки мейман эжекейди колдон келишинче сыйлап жүргөн дурус. Бирөлдүн элиде мусаапыр болуп жүрөттөр.
– Ырас, ыймандуу, акыл-эстүү кыздар, болосо биздин шу толташтарыбыздын арасында иштегени келибатты эле, шартыга көнүп, – дешип жаймажай сөздөр сүйлөнө баштады. *(Б.С.)*

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Өзүңөр жашаган аймакта адабий нормадан айырмаланган тилдик өзгөчөлүк барбы? Болсо, аларды жазып ал сөздөрдү фонетикалык грамматикалык лексикалык өзгөчөлүктөрү боюнча талдап келгиле.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

4-СААТ

## СИЛИКОН ӨРӨӨНҮ – ДҮЙНӨЛҮК ДЕНГЕЛИНДЭЭГИ IT ТЕХНОЛОГИЯНЫН БЕШИГИ



Силикон өрөөнү – экономикалык ири электроника өнөр жайында техникалык жана илимий дареметинин жарымынан көбү топтолгон эбегейсиз метрополитен аймак болуп саналат. Бул California San Francisco жарым аралынын аймагында жана батыштан чыгышты карай созулуп жайгашкан.

Силикон өрөөнү – салыштырмалуу түшүнүк. Азыркы учурда, бул термин Пало, Сан-Хосе, Суннйвале, Лос-Алтлос, Санта-Клара негизги шаарларды топтолгон каржылык аймак деп аталат. Биринчи жолу бул сөз журналист Дон Хофлеру үчүн 1971 урматында пайда болгон.

Америка Кошмо Штаттарынын Силикон өрөөнү IT-технологиялар тармагында иштеген кызматкерлердин саны Америка үчүнчү технологиялык очогу болуп саналат. Маалымат тутумдарын тармагында иштеген инженер дээрлик 40% үй-бүлөсү менен жашайт. Мындан тышкары үч негизги борборлор, компаниялар, баштоочу ишкерлер, новатордук компаниялар бул аймакта топтолгон.

**Калифорниянын Силикон өрөөнү – бул техникалык жана геиктердин мекени.** Тактап айтканда, анын аталышы электрондук шаймандарды жасоодо эң көп колдонулган элементтердин бири болгон. Кремний өрөөнүн билдирет жана бул жерде 80-жылдарда болуп өткөн компьютерлерге, технологияга жана электр энергиясына арналган компаниялардын тез гүлдөп өсүшүнөн келип чыккан.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Кремний өрөөнү Сан-Франциско булуңунда жайгашкан жана учурда бардык башталгыч компаниялар отурукташкан инновациялык борбор болуп саналат жана Google, Apple, HP же Facebook сыяктуу компаниялар жайгашкан.

## ОЙ КЫЛЧОО

**Тапшырма 1.** Текстти окуп төмөнкү тапшырмалар боюнча талдагыла.

1. Биринчи топтун окуучулары тексттин негизги темасы эмнеде экендигин аныктагыла.
2. Экинчи топтун окуучулары тааныш эмес сөздөрдү аныктап, аларды чечмелеп бергиле.
3. Үчүнчү топтун окуучулары бул аймак эмне үчүн Силикон өрөөнү деп аталышы, бул жерде кандай иштер алып барышын түшүндүрөт.
4. Төртүнчү топтун окуучулары Силикон өрөөнү кайсы жерде жайгашканы жана аянты жөнүндө айтып, бул жерде жашоочулардын максатын айтып беришет.
5. Бешинчи топтун окуучулары Калифорниянын Силикон өрөөнү эмне үчүн техникалык жана геиктердин мекени экендигин түшүндүрүп беришет.

## КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 2.** Текстти окуп төмөнкү тест суроолоруна жооп бергиле.

**1. Бул эмне?**
а) макала  в) жомок
б) интервью  г) очерк

**2. Силикон эмне?**
а) өрөөн  в) арал
б) мамлекет  г) ишкана

**3. Силикон кайсы жерде жайгашкан?**
а) Америкада  в) Канадада
б) Австралияда  г) Африкада

**4. Силикон өрөөнү кандай түшүнүк?**
а) салыштырмалуу  в) илимий
б) фантастикалык  г) физикалык

**Тапшырма 3.** Тексттеги сүйлөмдөрдү аяктагыла.

**Изден**

1. Силикон өрөөнү – экономикалык ири электроника өнөр жайында_________.
2. Азыркы учурда, бул термин Пало, Сан-Хосе, Sunnyvale, Лос-Altos, Санта-Клара_____________.
3. Мындан тышкары үч негизги борборлор, компаниялар,___________________.
4. Калифорниянын Силикон өрөөнү________________________________________.
5. Кремний өрөөнү Сан-Франциско булуңунда жайгашкан жана учурда бардык башталгыч компаниялар отурукташкан________________________________.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

**ОНОМАСТИКА ЖАНА АНЫН КОЛДОНУЛУШУ**

Ономастика – энчилүү аттар жөнүндөгү илим. Энчилүү аттар бир канча түргө бөлүнөрү силерге белгилүү. Адам аттары, жер-суулардын, жылдыздардын, мекемелердин, мамлекеттердин, басылмалардын ж. б. аттары атайын коюлуп, өзүнчө бир мааниге ээ. Ар бир аттын коюлушу белгилүү бир коомдук, тарыхый же дагы бир шартты туюндурат.

Ошентип, ономастика жалпысынан энчилүү аттар жөнүндөгү илим болуу менен, бир канча тармакка бөлүнөт. Адам аттары – антропонимика, суу аттары – гидронимика, жер аттары – топонимика, жылдыздардын аттары – космонимика илимдери болуп аталат.

**Тапшырма 4.** Текстти окуп чыгып, Силикон өрөөнүнө мындай топонимикалык ат коюлушунун себебин түшүндүрүп бергиле.

## ОЙ КЫЛЧОО

**Тапшырма 5.** Чолпон-Ата деген жердин аты тууралуу легендага көңүл бургула. Бул сыяктуу легендалардын варианттарын чогултуп, класста талкуу, аңгеме-дүкөн кургула.

Азыркы Чолпон-Ата шаары турган жерде бир кедей адам жашаган экен. Ал байдын малын багып оокат кылуучу дейт. Көпкө чейин балалуу болбой, жашы улгайып бара жатканда, бир кыздуу болот. Ал абдан сулуу, эстүү болуп бой тартат. Кызы чоңоюп келе жатканда, апасы дүйнөдөн көзү өтөт. Абышка менен кызы катуу кайгырат, бирок айла жок, тирүүчүлүк өтө берет, кызы Чолпон экөө эптеп күн өткөрүп оокат кечирет.

Күндөрдүн биринде ошол тегеректеги бай адам Чолпондун сулуулугуна, акылдуулугуна суктанып, бой тартып келе жаткан кызга куда түшөт. Атасы да ага каршы болбойт. Кыязы, жетишпеген жашоодон өзү да кыйналса керек, кызым кыйналбаса деп ойлогон го. Кызы ары айтып, бери айтып, байга, анан калса, жашы өтүп калган адамга баргысы келбегенин түшүндүрсө, атасы көшөрүп болбой коёт. Ошентип, ата-баланын ортосу сууй түшөт.

Күндөн күн өтөт. Атасына түшүндүрө албаган кыз бир күнү атасы мал артынан кеткенде, тоого чыгып, көз жашын көлдөй төгүп, бул жашоодон аша кечип, тоодон боюн таштамакчы болот. Энкейип секире берер абалында ал ташка айланат да, калат.

Кечинде атасы үйгө келсе, кызынан дайын жок. Ана келет, мына келет менен кыйла убакыт өтөт. Айылдагылардан сураса, эртең менен тоого бет алганын айтышат. Атасы күйүгүп тоого чыкса, таш болуп катып калган Чолпон эңкейип турат. Картайганда көргөн кызынын абалын көргөн атасы сакалынан жаш агызып ыйлап турат. Же кемпири болбосо, кызынан тирүүлөй ажыраса,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



айласы куруган чал да секирип өлгүсү келет. Ошол учурда жалгыз кызынан ажыраган абышка да ташка айланат.

Күн ачык турганда Чолпон-Ата шаарынын үстүндөгү тоонун кырында эңкейип турган кыз жана секирип келе жаткан сакалдуу адамдын элеси катып турат дейт. Мына ушул жерди айылдагылар Чолпон жана атасынын элесинен Чолпон-Ата деп атаган экен байыркы заманда. *(Жомок.)*

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Өзүңөр жашаган жерлердин, суулардын аты эмне үчүн ушундай аталгандыгын айыл адамдарынан сурап тактагыла.



**Чечен сөз топтому**

**Азуусун кайроо** кекенүү, кек сактоо, каршыгып калуу. Ички-тышкы душмандар жаш бийликке азу усун кайрап жаткан кез.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 5-СААТ

### ИЙГИЛИКТИН АЧКЫЧЫ ЭМНЕДЕ?

Силикон өрөөнүнө дүйнө жүзү боюнча атак-даңк алып келген көптөгөн аспектилери бар, аны инвесторлор үчүн чоң ой жүгүртүү жана тартуу борборуна айландырган көптөгөн жактары бар. Чындыгында эле кереметтердин жана аны жаратуучулардын мекени болуп саналат. Анткени бул жерде ой менен ойдун, капитал менен капиталдын тынымсыз күрөшү жана атаандашуусу жүрүп жатат. Бул жерде укмуштуудай идеялар, сунуштар жана долбоорлору менен күлкүдөн коркпогон адамдар абдан көп.

Өрөөндө тобокелчиликке баруудан, инновацияларды жаратууга жана аны турмуш чындыгына айлантууга инвестиция салуудан коркпойт. Технологиялык борбордо сен кайсы улуттун өкүлү экениң маанилүү эмес, мында профессионал катары өз потенциалыңызга канчалык ишенгениңиз маанилүү. Алар жылына 365 күн, жумасына 7 күн жана суткасына 24 саат иштешет. Бул жерде боло турган жана болбой турган нерселерди чыдамсыздык менен күтөт. Силикон өрөөнүнүндөгү инсандар түзүлгөн жогорку технологиялар жашоону жакшы жакка өзгөртө тургандыгына жана адамзаттын «Санариптик доорунун» келечеги кең болоруна бекем ишенишет.

Электроника жана компьютер техникасы өнөр жай объектилери, билим жана илимий борборлор топтолгон, жогорку квалификациялуу адистер, бул тармакка инвестиция салган биргелешкен ишканалар жайгашкан аймакка кирген ар кандай инсан өзүнүн фантастикалык кинонун каарманы катары элестете турганы талашсыз.

### ТЕКСТ БОЮНЧА СУРООЛУУ ТАПШЫРМАЛАР

1. Силикон кимдердин мекени болуп саналат?
2. Бул жердеги адамдар эмнелери менен катышат?
3. Окумуштуулар бул жерде инвестицияны салуудан эмне үчүн коркушпайт?
4. Бул өрөөндө алар үчүн эмне маанилүү?
5. Силикон өрөөнүнүндөгү инсандар эмнеге ишенишкен?
6. Аймакка кирген ар кандай инсан өздөрүн ким катары элестете алышат?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Тапшырма 1.** Текстти окуп, төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктоо боюнча тест тапшырмаларын аткаргыла.

**Изден**

**1. Селикон өрөөнүнө дүйнө жүзү боюнча атак-даңк алып келген көптөгөн ____бар.**

а) аспектилери в) өнөр жай объектилери
б) ишканалары г) компьютер техникасы

**2. Чындыгында эле кереметтердин жана аны жаратуучулардын ______ болуп саналат.**

а) мекени в) орду
б) жайы г) мамлекети

**3. Бул жерде укмуштуудай идеялар, сунуштар жана долбоорлору менен күлкүдөн коркпогон ______абдан көп.**

а) адамдар в) окумуштуулар
б) элдер г) инвесторлор

**4. Бул жерде боло турган жана болбой турган _____ чыдамсыздык менен күтөт.**

а) нерселерди в) долбоорлорду.
б) илимий ачылыштарды г) ийгиликти

**5. Силикон өрөөнүнүндөгү инсандар түзүлгөн жогорку технологиялар жашоону жакшы жакка өзгөртө тургандыгына жана адамзаттын «Санариптик доорунун» келечеги _____ болоруна бекем ишенишет.**

а) кең в) ийгиликтүү
б) жакшы г) жарык

## ЧЫГАРМАЧЫЛ ИШ

**Тапшырма 2.** Төмөнкү сөздөрдүн жана сөз айкаштардын айрымдарын колдонуп, «Менин кызыгуум» деген темада эссе жазгыла.

*(эмнеге? кимге?) кызыгып артынан түшүү, берилүү, кызыгуу; (эмнени?) талкуулоо, талкуу жүргүзүү; (кимге? эмнеге?) чынын айтып, билдирүү, моюнга алуу; (эмнеге?) убакыт өткөрүү, убакыт коротуу, бир нерсеге убакыт керектөө; (кимди? эмнени?) жактыруу; (эмне менен?) машыгуу, алектенүү; (кимди? эмнени?) эрмек кылуу, эрмектөө; (ким менен?) сырдашуу, баарлашуу, сүйлөшүү, ойноо; (эмнеден?) ырахат алуу.*

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### ГРАММАТИКАЛЫК МААНИ, ГРАММАТИКАЛЫК ФОРМА

Грамматикалык маани сөздүн лексикалык маанисинен тышкары пайда болгон жана белгилүү бир грамматикалык форма аркылуу туюнтулган өзүнчө маани болуп саналат. Маселен, айылдын багы деген сөз айкашындагы айыл, бак деген сөздөр бул жерде өзүнүн керт башына



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



таандык лексикалык маанисин жоготпостон туруп, ушул сөз айкашында бактын айылга таандык экендигин көрсөткөн грамматикалык маанилер да пайда болду. Алар илик жөндөмөнүн мүчөсү **-нын** жана үчүнчү жакка айтылган таандык мүчө **-ы** аркылуу туюнтулду.

Лексикалык маанисине назар салып көрсөк, *окуучу, мектеп, кел* деген сөздөрдү семантикалык жактан төмөнкүчө аныктоого болот; окуучу – мектепте окуган, мектеп жашындагы бала же кыз; мектеп – жаш жеткинчектерге (окуучуларга) билим, тарбия берүүчү окуу мекемеси; кел – бир жерден экинчи жерге баруу, белгилүү бир жайга кирүү.

## КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 3.** Сөздүн лексикалык жана грамматикалык маанилери деген эмне? Грамматикалык форма жана грамматикалык категория жөнүндө эмнелерди билесиңер? Тексттеги берилген кара тамга менен берилген сөздөрдүн ар биринин лексикалык жана грамматикалык маанилерин айрым-айрым тандап дептериңерге жазып келгиле.




**Өз алдынча иштөө**

Төмөнкү берилген сөздөрдүн лексикалык маанисин аныктап жазгыла жана аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

Силикон, инвесторлор, капитал, долбоорлору, инновацияларды, инвесторлориция, технологиялык, проффесионал, электроника, компьютер техникасы, кваликациялуу адистер

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Текстте ажыратылып берилген бөлүгүндөгү кара тамга менен берилген сөздөрдүн грамматикалык маанисин аныктап жазгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Электроника жана компьютер техникасы өнөр жай объектилери**, билим жана илимий **борборлор топтолгон, жогорку квалификациялуу адистер, бул тармакка инвестиция** салган биргелешкен ишканалар **жайгашкан аймакка кирген ар кандай инсан** өзүнүн фантастикалык кинонун каармандары катары элестете турганы талашсыз.

**Үлгү:**

| | |
|---|---|
| **Жөндөмө категриясы** | |
| **Сан категориясы** | |
| **Таандык категориясы** | |
| **Жак категориясы** | |
| **Чак категриясы** | |
| **Ыңгай категориясы** | |
| **Мамиле категориясы** | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 6-СААТ

## СЫЙКЫРДУУ МАМЛЕКЕТ

**Маалыматтарга** ылайык (siliconvalley.com), акыркы кырк **жылдын** ичинде Силикон өрөөнү **дүйнөнүн** электроника жана **компьютер** өнөр жайынын борборуна айланды.1990-жылдарга келип Силикон өрөөнүндөгү ишканалар заманбап компьютердик технологияларды изилдөөгө жана өнүктүрүүгө, ошондой эле санариптик аппараттык жана программалык камсыздоо маркетингине көңүл бура башташты.Бүгүнкү **күндө технопаркта** (өрөөндүн башка аталышы) 2,5 миллионго жакын адам жашайт**, алардын** 25 пайызы жогорку технологиялык **секторду** иштешет. Карнеги Меллон, Сан-Хосе, Санта-Клара, Стенфорд жана Нордвестерн политехникалык университеттери, 7000ден ашык техникалык жабдуулар жана программалык **камсыздоону** чыгарган дүйнөнүн алдыңкы өндүрүүчүлөрү (Apple Inc., AMD, Dolby Laboratories Inc., Hewlett-Packard, Google, Intel, Juniper Networks, NVIDIA Corporation жана башкалар) да бар. **Тагдырдын** буйругу менен негизги мекемеси башка аймакта жайгашкан. Microsoft, Netscape, Silicon Graphics, Fujitsu, Hitachi Global Storage Technologies сыяктуу бир катар белгилүү мекемелердин жетекчилери **өрөөндүн** өзүндө филиал ачууну милдет жана сыймык деп эсептешет. Кыскача айтканда, отуз шаарды өз ичине камтыган Силикон өрөөнү эл арасында «Кереметтердин өлкөсү» деген **наамга** ээ болду.

Компьютерлештирүү жараяны глобал дүйнөлүк масштабда ишке ашыруу өрөөндүн элине пайда алып келет. Айтмакчы, америкалык атактуу миллионерлердин көбү ушул аймакта жашашат, ошондуктан бул жерди “Миллионерлер өрөөнү» деп да атаса болот. Кызыгы, бул аймак бир кезде «Өлүм өрөөнү» деп наам берилген эле, анткени 1985-86-жылдары жумуш орундарында компьютерлердин кеңири колдонулушу жумуш орундарынын кыскарышына алып келген. Бүгүнкү күндө маалыматтык технологиялардын өнүгүшү Америка Кошмо Штаттарынын гана эмес, бүткүл дүйнөлүк экономиканын кыймылдаткыч күчү экендиги эч кимге жашыруун эмес. Америка Кошмо Штаттарында гана жеке компьютерлерди жана жарым өткөргүчтөрдү чыгаруунун эсебинен өнөр жай өндүрүшү 45 пайызга өстү. Бул маалымат расмий netvalley.com сайтында көрсөтүлгөн. Ошол эле учурда, Силикон өрөөнүнүн кызматы чоң экени талашсыз жана аймактагы электроника жана программалык камсыздоо компаниялары мурункудай эле дүйнө жүзү боюнча жогорку технологиялык өнүгүүгө зор таасирин тийгизип келет.

## ОЙ КЫЛЧОО

**Тапшырма 1.** Текстти окып чыгып сүйлөмдөрдү аяктагыла.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1. Карнеги Меллон, Сан-Хосе ______________________________.
2. Тагдырдын буйругу менен ______________________________.
3. Компьютерлештирүү ______________________________.
4. Кызыгы, ______________________________.
5. Ошол эле учурда, ______________________________.

**Сынчыл ойлом**

**Тапшырма 2.** Төмөнкүлөр туурабы? Ойлонуп жооп бергиле.

1. Маалыматтарга ылайык (siliconvalley.com), акыркы кырк жылдын ичинде Силикон өрөөнү дүйнөнүн электроника жана компьютер өнөр жайынын борборуна айланганы туурабы?

2. Отуз шаарды өз ичине камтыган Силикон өрөөнү эл арасында «Кереметтердин өлкөсү» деген наамга ээ болбогону чынбы?

3. Бул аймак бир кезде «Өлүм өрөөнү» деп наам берилгени туурабы?

4. Бул маалымат расмий netvalley.com сайтында көрсөтүлбөгөнү чынбы?

**АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ** — **ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАР**

**1-суроо.** **Силикон өрөөнү эмне деген наамга татыктуу болду?**

А Кереметтердин өлкөсү

Б Технопарк

В Компьютерлештирүү өлкөсү

Г Технологиялык сектор

**2-суроо.** **Эмне үчүн бул өрөөн «Миллионерлер өрөөнү» деп да аталат?**

А американын атактуу миллионерлердин көбү ушул аймакта жашагандыгы үчүн;

Б компьютерлештирүү жараяны глобал дүйнөлүк масштабда ишке ашыруу өрөөндүн элине пайда алып келгендиги үчүн;

В жумуш орундарында компьютерлердин кеңири колдонулгандыгы үчүн;

Г жогорку технологиялык өнүгүүгө зор таасирин тийгизип келгендиги үчүн;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**ТОПТУК ЫКМА** **Тапшырма 3.** Тексттерде кара тамга менен берилген сөздөргө жана сөз айкаштарга комментарий берип жазгыла.

**1-топко:**
электроника, заманбап, санариптик аппарат, маркетинг

**2-топко:**
программалык камсыздоо компаниялары, сайтында, филиал

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### ГРАММАТИКАЛЫК КАТЕГОРИЯ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ ТҮШҮНҮК

Бирдей типтеги грамматикалык маанилердин жалпылаштырылган жыйындысы грамматикалык категория деп аталат. Грамматикалык категориялар кыргыз тилиндеги төмөнкүдөй сөз түркүмдөрүнө мүнөздүү:

1) зат атоочтун жогоруда айтылып өткөн жөндөмө категориясынан тышкары сан, таандык жана жак категориялары бар.

2) Этишке тиешелүүсү — мамиле, ыңгай, чак жана жак категориялары

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма 4.** Текстти окуп чыгып, биринчи абзацтагы ажыратылып берилген сөздөр кайсы жөндөмөдө экендигин аныктагыла.

| Сөздөр | Атооч | Илик | Барыш | Табыш | Жатыш | Чыгыш |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | | | | |

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма 5.** Тексттин биринчи абзацын окуп чыгып, таандык мүчө уланган сөздөрдү аныктагыла жана аларды уңгу жана мүчөгө ажыраткыла.

**Үлгү:** *ичинде; уңгусу – ич, мүчөлөрү: – и таандык мүчө, -нде жатыш жөндөмөнүн мүчөсү (-да);*

**Тапшырма 6.** Тексттин биринчи абзацын угуп, көптүк санда айтылган сөздөрдү уңгу мүчөгө ажраткыла.

**Үлгү:** *маалымат-тар - га; - тар - көптүк мүчө(-лар), - га барыш жөндөмөнүн мүчөсү;*

Тексттин экинчи абзацын окуп чыгып, грамматикалык категорияларды чак жана ыңгай, мамиле категорияларын аныктагыла.

**Үлгү:** *алып келет; келер чакта, баяндагыч ыңгай;*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Коммуникативдик тапшырма

**Тема: «Сыйлыктар»**

| | |
|---|---|
| **Максаты** | Катышуучулардын оозеки пикир алышуу, байланыш көндүмдөрү, маселелерди чечүү сыяктуу коммуникативдик көндүмдөрдү өнүктүрөт. |
| **Убакыт** | 15–20 мүнөт |
| **Катышуучулардын саны** | Окуучулардын бардыгы, эки топко бөлүнүшөт. |
| **Жабдылышы** | Сүрөттөр |
| **Тапшырманын шарты** | Ар бир топко суроо берилет.<br>1-топко: Сыйлык деген эмне? Аны кандай адамдар алышат?<br>Сыйлыктын кандай түрлөрүн билесиңер?<br>2-топко: Сыйлануу деген эмне?<br>Сыйлыктын кандай түрлөрү бар?<br>Өзбекстандагы жогорку сыйлыктарды алган кандай адамдарды билесиңер? |
| **Тапшырма** | Ар бир топтун окуучулары өз билгендери боюнча жазма түрдө баяндап берүү. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# VIII БӨЛҮМ

# БАЙ БОЛСОМ

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 1-СААТ

## БАЙЛЫК ДЕГЕН ЭМНЕ?

Байлык деген эмне? Ал татыктуу жашоого жардам береби?
Мал-мүлк качан өзүн актайт?
Бай болуу үчүн негизги себеп – максатты ойлогон белең?
Байлыктын артынан кубалоо керекпи же бакыттынбы?

«Байлык» дегенде, адатта, жеке инсан, жамаа, компания же мамлекетке тиешелүү болгон бардык мал-мүлктүн баасын түшүнөбүз. Бирок экономикалык байлыктын артында экономикалык эмес байлык турарын билесиңби?

Эмне үчүн кээ бир адамдар бай, башкалар кембагал?

Бир аздан кийин биздин кандай жашашыбыз эмнеге байланыштуу?

Булардын бардыгы турмуштук жагдайларда чыгаруучу чечимдерибизге байланыштуу. Чечимдерибиз болсо кулк- мүнөзүбүздүн жемиши болуп саналат. Биздин турмушубуз – биздин адаттарыбыздын ыктыярында.

## ОЙ КЫЛЧОО

Биз күн сайын төмөнкү иш-аракеттерге таандык кандай чечимдерди кабыл алабыз?

1. Акча табуу жана сарптоо;
2. Жеп-ичүү;
3. Физиологиялык активдүүлүк;
4. Эс алуу;
5. Бош убакытты уюштуруу;
6. Иш убактысындагы адаттар;
7. Окуу жана үйрөнүү;
8. Адамдар менен мамилелер;
9. Ойлоо жана таанып-билүү менен байланыштуу адаттар.

Сен булардын кайсы бирине амал кыласың?

1. Эрте ойгонуу, жуунуу, физзарядка кылуу, таңкы чай ичүү;
2. Туура тамактануу, жөө жүрүү, түшкү тамакты жегенден кийин бир аз эс алуу;
3. Китеп окуу, үй-бүлө менен убакыт өткөрүү, сейилдөө, кийинки күнгө план түзүү;

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Чыгармачыл иш**

**Тапшырма 1.** Төмөнкү берилген маалыматтардан «Менин акчага болгон мамилем» деген темада чакан текст түзүп, өз ой пикириңерди билдиргиле.

Акчага туура мамиле жасоо – бай болуунун маанилүү кепили.

Акча менен байланыштуу төмөнкү адаттар турмушта бай жана кедей болушубузда маанилүү орун алат экен.

Акчаны сарптоо жана үнөмдөө адаттарыбыз.

Акчага карата терс адаттар

Чыгашалардын тизмесин түзбө.

Майда жана маанисиз чыгашаларга көңүл бурбоо;

Чоң мааракe жана иш-чараларды уюштуруу;

Карыз алуу жана карздар болуп жүрүү;

Ар күнү түшкү тамак үчүн тамак сатып алуу(чындыгында үйдөн да даамдуу тамактарды алып келүүгө болот).

Көп акча таап, азыраак сарптоо жана чогулган акчаны пайдалуу ишке сарптоо – акчага карата туура адат болуп саналат. Убакыт өткөн сайын чогулган акча жана капитал өз жемишин берет.

Миллионерлердин көпчүлүгү ата-энеси же устаттарынан акча менен байланыштуу акылдуу адаттарды үйрөнүү аркылуу бай болушкан экен.

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### ГРАММАТИКАЛЫК ЖАНА МЕЙКИНДИК ЖӨНДӨМӨЛӨР

Кыргыз тилиндеги алты жөндөмөнүн үчөө (атооч, илик, табыш жөндөмөлөрү) грамматикалык жөндөмөлөр деп аталат. Калган үч жөндөмө (барыш, жатыш, чыгыш)мейкиндик жөндөмөлөргө жатат.

Мейкиндик жөндөмөлөр кыймыл-аракеттин багытын, турган же жаралган, келип чыккан ордун ж.б. туюнтуп негизинен, мейкиндикке катышы бар мамилени билдирет

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма 2.** Жогоруда берилген биринчи маалымат аркылуу андагы грамматикалык жана мейкиндик жөндөмөдөгү сөздөрдү аныктап жазгыла.

| Грамматикалык жөндөмөдөгү сөздөр | Мейкиндик жөндөмөдөгү сөздөр |
|---|---|
| | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Тапшырма 3.** Жогоруда берилген маалыматтардан атооч жана илик жөндөмөдөгү сөздөрдү аныктап жазгыла жана аларды катыштырып сүйлөмдөр түзгүлө.

| Атооч жөндөмөдөгү сөздөр | Илик жөндөмөдөгү сөздөр |
| --- | --- |

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Төмөнкү берилген текстти окуп чыгып, суроолор түзгүлө, андагы мейкиндик жана грамматикалык жөндөмөлөрдү аныктагыла.

### Агартуучу миллиардер

Балалыгында үй-бүлөсү менен Шотландиядан Америкага көчүп келген Эндрю күндүз күнү көчөдө жолоочулардын бут кийимдерин аарчып акча тапчу. Ал тапкан акчасына жакшы китептер сатып алып, түнү менен чырактын жарыгында окуйт эле. Арадан жылдар өтүп Эндрю Карнеги «болот өнөр жайынын атасына» жана дүйнөнүн эң бай адамына айланды. Мал-дүйнөсү көбөйгөндөн соң, Эндрю Карнеги өмүрүнүн акырына чейин өз аты менен аталуучу 2811 китепкана курдурган. Ал буга 26 миллион АКШ доллорун сарптаган. Бүгүн америкалыктардын 40 пайызы ошол китепканадан пайдаланып жатышат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 2-СААТ

### МИЛЛИАРДЕРДИН БЕРЕШЕНДИГИ

Алишер Усманов берешендиги менен дүйнөгө таанылган. Ал чоң байлыкка ээ болсо да, өзүн жөнөкөй адам деп эсептейт. «Мен үчүн акчалар, бул–каражат, алардын жардамында көп дегенде эмнегедир гана жетишүү мүмкүн», дейт ал.

Анын оюнча, бакыт байлыкта эмес, тескерисинче, бактылуу жашай алуу жөндөмүндө, бактылуулук акчанын өлчөмү менен ченелбейт.

Алишер Усманов 2008-жылдан «Искусство, илим жана спорт» кайрымдуулук уюмун түзүп, оорукчан балдар, театр жана искусство, музей жана спорт мекемелерине ак ниеттүү жардам берип келет.

2014-жылы атактуу окумуштуу Жеймс Уотсонго жаңы изилдөөлөр үчүн акча керек болот. Ал өзүнө тиешелүү Нобель медалын аукционго койгондо, берешен өзбек медалды 4,1млн. доллорго сатып алып, аны кайра окумуштуунун өзүнө кайтарат.

Алишер Усмановдун фонду журтубуздагы кайрымдуулук иш-чараларына да салым кошуп келүүдө.

**ТОПТУК ЫКМА**

**Тапшырма 1.** Ишкер Алишер Усмановдун төмөнкүдө берилген пикирин талдагыла.

> Тартиптүү адам болсоң гана, сага берилген байлык өзүн актайт. Бактылуу болуу үчүн байлыкты изги иштерге сарптоонун өзү жетиштүү.
>
> Бизнестеги чындык төмөнкүдө: канча көп берсең, сага ошончо көп кайтат.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### «Кластер» методу

**Тапшырма 2.** Алишер Усманов жөнүндө кандай маалыматтарды билесиңер? Кластерди толтуруп, жупта бири-бириңерге окуп бергиле.







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Төмөнкү сөздөрдү сөздүктөргө карап, маанисин өз алдыңарча түшүндүргүлө.

берешен, каражат, бакыт, искусство, аалым, аукцион, фонд, кайрымдуулук

Угуп түшүнүү

**Тапшырма 3.** Төмөнкү берилген маалыматтардан «Менин акчага болгон мамилем» деген темада чакан текст түзүп, өз ой пикириңерди билдиргиле.

1. Алишер Усманов кандай адам?
2. Анын акчага болгон мамилеси кандай?
3. Бакыт, бактылуулукту белгилүү ишкер кандай түшүнөт?
4. Алишер Усманов кандай уюмду түздү жана кимдерге жана кандай мекемелерге жардам берип келет?
5. 2014- жылы окумуштуу Жеймс Уотсонго кандай жакшылык кылды?
6. Алишер Усманов жөнүндө жана кандай маалыматтарды билесиңер?

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### ЖАКТАЛЫШ ЖАНА АНЫН ТҮРЛӨРҮ

Жак категориясы кыймыл-аракеттин жана анын субъектисинин сүйлөөчү жакка карата болгон катышын билдирет. Жак жөнүндөгү түшүнүк атайын мүчөлөрдүн жардамы менен туюнтулат. Кыргыз тилинде бул грамматикалык категориянын жалпы мазмунун түзгөн төмөнкүдөй үч жак бар: 1–жак-сүйлөөчүнүн өзү; II-жак–анын сөзүн тыңдоочу; III-жак сөзгө (аңгемеге) катышпаган, сүйлөөчү ага кайрылып, анын өзү менен тикеден-тике сүйлөшпөгөн, бирок жалпы эле сөздүн (аңгеменин) жүрүшүндө бул жөнүндө сыртынан айтылуучу, кеп болуучу тарап.

Зат атоочтун жакталышы. Сүйлөмдүн ээси жактама ат атоочтордон турса, анын зат атоочтор менен келген баяндоочу жак мүчөлөр аркылуу айтылат. Мындай учурда сүйлөмдүн ээси менен анын зат атоочтон турган баяндоочу жак боюнча да жана сан боюнча да толук ээрчишет.

**Тапшырма 4.** Текстти окуп, төмөнкү көрсөтүлгөн сөздөргө жак мүчөлөрдү улап жазгыла.

*Берешен адам, эсептейт, таанылган, бактылуу, түзүү, келет,аалым, койгондо*

ТОПТУК ЫКМА

**Тапшырма 5.** Биринчи топтун окуучулары зат атоочторго. Экинчи топтун окуучулары этиш жак мүчөлөрдү улап жазгыла жана аларды катыштырып, сүйлөм түзгүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 3-СААТ

## ЧЫНЫГЫ БАЙЛЫК ДЕГЕН ЭМНЕ?

Атактуу автор Роберт Киёсаки «байлык» сөзүнө мүнөздөмө берип, аны «Киреше келтирүүчү мүлк» дейт. Анын оюнча, көпчүлүк байлык үчүн өлчөм деп заңгыраган үй, кымбат машина же акча – байлык эмес. Роберт Киёсакинин пикиринде, жашоону коздогон фактор, бул – экономикалык эмес байлык. Мисалы, адамдын жөндөмдөрү – чыгармачылык, күч-кайрат жана максат. Алардын чыгармачылыгы, күч-кайраты жана максаты өзүн жана башкаларды бай кылат.

Адамдын канча киреше табуусу түздөн-түз иш-аракеттеринин мааниси менен байланыштуу. Мисалы, программист жараткан продукциянын баасы ашса, анын кирешеси да артат. Кимдир бирөөнүн аракеттеринин мааниси болсо, анын жөндөмү менен байланыштуу. Ал эми жөндөмгө ээ болуу үчүн адам окуп, билим алууга муктаж. Башкача айтканда, жакшы билим алып, кандайдыр бир жөндөмгө ээ болсо, кирешеси башкалардыкынан көбүрөөк болот. Экономикалык эмес байлык деп эсептелген билим жана жөндөм адамдагы экономикалык мал-мүлктүн көбөйүшүнө кызмат кылат. Демек, бүгүнкү доордо бай болууну каалаган ар бир инсан үчүн эң жакшы чечим– жакшы билим алуу болуп саналат.

### КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 1.** Текстти окуп, байлык деген түшүнүк жөнүндө берилген маалыматтын кайсы бири маанилүү экендиги боюнча пикириңерди билдиргиле.

**Үлгү**: – Байлык дегенибиз..... Сен кандай деп ойлойсуң?
– Мен макулмун. (Албетте.Ооба. Мен да ушундай ойлоймун).
– Мен каршымын. (Мен макул эмесмин. Мен андай ойлобойм. Силер пикириңерди айткылачы.)

### УГУП ТҮШҮНҮҮ

**Тапшырма 2.** Текстти угуп, калтырылган боштуктарды толуктагыла.

Адамдын канча ________ табуусу түздөн-түз иш-аракеттеринин мааниси ________ байланыштуу. Мисалы, программист жараткан ________ ашса, анын кирешеси да артат. Кимдир бирөөнүн ____________ мааниси болсо, анын ____________ байланыштуу. Ал эми жөндөмгө __________ адам окуп, билим алууга муктаж. Башкача айтканда, ___________ билим алып,________________ ээ болсо, кирешеси башкалардыкынан __________ болот. Экономикалык эмес ____________ деп эсептелген билим ___________ жөндөм адамдагы экономикалык мал-мүлктүн ____________ кызмат кылат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## МЭЭ ЧАБУУЛУ

**Тапшырма 3.** Төмөнкү суролорго жооп берип, өз пикириңерди талкуулагыла.

– Бүгүнкү доордо чыныгы бай болуу үчүн эң маанилүү чечим кайсы деп ойлойсуңар? Эмне үчүн?

– Бай болуу үчүн эмне кылуу керек?

– Байлык менен бай адамдын ортосунда байланыш барбы? Адамды кандай сапаттар бай кылат?

– Байлык үй-бүлөлүк бюджетке канчалык деңгээлде пайдалуу деп ойлойсуңар?

– Эмне үчүн бай болуу керек?

**Ой кылчоо**

**Тапшырма 4.** Текстти окуп чыгып, төмөнкү берилген тесттердин туура жообун аныктагыла.

**1. Атактуу автор Роберт Киёсаки «байлык» сөзүнө мүнөздөмө берип, аны эмне деп атаган?**

а) Киреше келтирүүчү мүлк
б) Заңгыраган үй, кымбат машина же акча
в) Экономикалык эмес байлык
г) Экономикалык мал-мүлк

**2. Роберт Киёсакинин пикиринде, жашоону коодогон фактор деген эмне?**

а) Адамдын жөндөмдөрү –чыгармачылык, күч- кайрат жана максат.
б) Адамдын канча киреше табуусу
в) Адамдын жөндөмдүүлүгү
г) Жакшы билим алып, кандайдыр бир жөндөмгө ээ болуу

**3. Адамдын канча киреше табуусу эмне менен байланыштуу?**

а) Табуусу түздөн-түз иш-аракеттеринин мааниси менен байланыштуу
б) Чыгармачылыгы, күч-кайраты жана максаты менен байланыштуу
в) Жакшы билим алуусуна байланыштуу
г) Адамдагы экономикалык мал-мүлктүн көбөйүшүнө байланыштуу

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

Этиштин жакталышы. Жак мүчөлөр менен өзгөргөн этиш сөздөр кыймыл-аракеттин белгилүү бир мезгил, убакыт менен байланышта өтүп жаткан, өтө турган же өтүп кеткен процесс катарында көрсөтөт. Ал этиш сөздөр сүйлөмдө баяндоочтук милдет аткарып, сүйлөмдүн ээсин



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



жак жана сан боюнча ээрчип, аны менен толук грамматикалык байланышта айтылат. Мисалы: *Мен үйгө сенин астыңда эле келдим. (С.К.) Ошол бойдон оюндун аягын көрбөстөн, биз да үйгө кайтып келдик. (Ш.Б.) Мен ушул кишинин учкуч инисин издеп жүрөмүн. (А.Т.)*

Бул сүйлөмдөрдөгү этиш сөздөрдөн турган *келдим, кайтып кеттик* сыяктуу баяндоочтор жактама ат атоочтон турган ээни (мен, биз) жак жана сан боюнча ээрчип, кыймыл-аракетти өтүп кеткен (башкы сүйлөмдө) жана өтүп жаткан (кийинки сүйлөмдө) процесс катарында көрсөттү.

## ОЙ КЫЛЧОО

**Тапшырма 5.** Текстти окуп чыгып, төмөнкү этиш сөздөрдү аныктап, аларды жак мүчөлөрдү улап жазгыла.

**Үлгү:** *дейт; деймин, дейсиң, дейт, дейбиз, дейсиңер, дейишет.*

## КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 6.** Тексттеги этиш сөздөргө III жактын көптүктү билдирүүчү **-ыш** мүчөсүн жалгап жазгыла жана аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

**Үлгү**: *бай кылат; бай кылышат, Жакшы иштеп, үй-бүлөсүн бай кылышат.*

### ҮЙГӨ ТАПШЫРМА

Этиштин III жактын учур чагы менен келер чагы үчүн өзүнчө жак мүчө (-т) формасында колдонулган төмөнкү сөздөрдү катыштырып, «Биздин өлкө – бай өлкө» деген темада дил баян жазып келгиле.

*Иштейт, табат, изденет, барат, окуйт,болот, өнүгөт, иштеп чыгат, өстүрөт. жасайт ж.б.*



**Чечен сөз топтому**

**Азуусун айга жаныган.**

Каарын төккөн, жаалданган, заарын чачкан. Байымбет уулубуз азуусун айга жаныган чоң болушка жакты.

*(Ш.Бейшеналиев.)*

Кайраттуу, эч нерседен кайра тартпаган, өткүр, өктөм. Азуусун айга жаныган эр-азаматтарыбыз мелдеште жеңип чыгышты. *(Т. Сыдыкбеков.)*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 4–5-СААТ

## ИЛОН МАСК ДҮЙНӨНҮН ЭҢ БАЙ АДАМЫ: АНЫН ЖАШООДОГУ НЕГИЗГИ АЛТЫ ПРИНЦИБИ



2017-жылдан бери Амазон негиздөөчүсү Жеф Безос тизменин сап башынан түшпөй келе жаткан эле. Илон Масктын ийгилик сыры эмнеде? Бир нече жыл мурун Би-Би-Си кабарчысы Жастин Роулетт аны менен дээрлик бир сааттай маектешкен.

Анын ишмердүүлүгүндөгү негизги ийгиликтер мына ушулардын арты менен жаралган.

**Илон Масктын жашоодогу негизги алты принциби**

1. Кеп акчада эмес

Бул Масктын бизнес жүргүзүүдөгү негизги көз карашы. 2014-жылдагы Би-Би-Сиге маегинде ал өзүнүн каржылык абалы боюнча билбей турганын айтканы бар.

Бул эми капта турган акчалар эмес да. Болгону менин Tesla, SpaceX, SolarCity сыяктуу компанияларда үлүшүм бар. Ал эми базар анын баасын аныктайт, – деген ал.

Байлыкка умтулууга эч кандай каршылыгы жок. Бирок аны башка нерсе жетектейт деп эсептейт. Мындай мамилеси кайсыл бир деңгээлде өзүн актады. 2014-жылы биз маектешкен маалда анын байлыгы 10 млрд доллар эле. Азыр 185 млрд долларга жетти.

Жашы элүүгө келип калган Маск дүйнөдөн бай киши катары жашап өткүсү келбейт. Ал өзүнүн каражатынын чоң бөлүгүн Марста база курууга жумшай турганын айткан. Каражатынын баары ушул долбоорго кетсе дагы өкүнбөй турганын билдирген. Ал акчалары жөн эле банкта жатышын каалабайт. Аны кызыктуу жана пайдалуу нерсеге сарптоону көздөйт.

2. Эмне кызыктырса, ошонун артынан түшкүлө

Дал ушул Марстагы базаны Маск ийгиликтин ачкычы деп билет. «Келечекте баары жакшы болушун каалайм. Биздин жашоону жакшырта турган кызыктуу жана жаңы нерселердин болушун каалайм», – деген ал маегинде.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



«Биз Жерден башка жактарга дагы кишилерди жөнөтө турган учурду, Марска база курууну күтүп келдим», – деген ал.

**3. Масштабдуу тапшырмаларды койгондон коркпогула**

Масктын компанияларындагы өзгөчөлүктөрдүн бири – алдыга коюлган өтө татаал тапшырмаларды жандыруу. Ал автоунаа индустриясына ыңкылап кылууну, Марсты өздөштүрүүнү, өтө ылдам поезд жасоону, жасалма интеллект, индустрияны күн энергиясына өткөрүүнү көздөйт. Булардын баары фантазия сыяктуу. Ошондуктан Масктын үчүнчү кеңеши – өзүңөрдүн амбицияңарды ичке катпагыла. Ошондуктан күчтүн баарын «өтө маанилүү» саналган нерсеге сарптоо керек деп кеңеш берет ал.

**4. Тобокелчиликтен коркпогула**

Бул жерде эми баары белгилүү. Ийгиликке жетүү үчүн тобокелчиликке баруу керек. Бирок бул жерден дагы Масктын мамилеси өзгөчө. 2002-жылы, ал өзүнүн алгачкы бизнес башталышы болгон - Zip2 жана PayPal компанияларындагы үлүштөрүн сатып жиберген. Ал кезде отуз гана жашта эле жана эсептеринде дээрлик 200 миллион доллардай каражаты бар болчу.

**5. Сынга көңүл бурбагыла**

2014-жылы көптөгөн эксперттер жана баяндамачылар анын ийгиликсиз аракеттерин катуу сынга алган.

«Либералдуу караңгылык өтө таң калаарлык эле. Көптөгөн блогерлер күн сайын «Тесланын» кыйрап баратканы боюнча хроникаларды чыгарып турду», – дейт Маск.

Илон Масктын кийинки бизнес кеңешинин бири ушул – силерди сындагандарды укпагыла.Ошентсе деле Маск алдыга жыла берген. Эмнеге?

Ал үчүн негизгиси – маанилүү идеяларды ишке ашыруунун жолун табуу.

**6. Канааттануу алгыла**

Масктын өтө эмгекчил экени жалпыга маалым. Ошол эле маалда көптөгөн чуулгандуу иштердин каарманына айланган учурлары болду.

Анын жүрүм-турумундагы мындай өөн көрүнүштөр бизнесине тоскоолдук жараткан жок. Анын амбициясы адаттагыдай эле дайыма бийикте. Өткөн жыл ал үчүн эсте калаарлык болду. Декабрда сыноодон өткөн «Старшип» ракетасы учуп чыккандан алты минутадан кийин жарылды. Ал бул ракета менен кишилерди Марска жөнөтүүнү пландаган. Илон Маск бул сыноону «өтө ийгиликтүү» деп баалады.

**Ой кылчоо**

**Тапшырма 1.** Төмөнкү берилген окуучулардын Илон Маск боюнча айткан пикирлери анын жашоодогу кайсы принцибине тиешелүү экендигин аныктагыла.

**Арсен:** Илон Масктын күткөнү ишке ашпай жаткандан улам ага жаңы идея келген.

**Эмир:** Ийгиликке жетүү үчүн ар кандай ишке барууга аракеттенген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Максат**: Ал үчүн эң негизгиси жакшы керектүү идеяларды ойлоп табуу болгон.

**Асыл:** Анын иштерине терс көрүнүштөр тоскоолдук кыла албады.

**Асел:** Илон Маск күн энергиясынан пайдаланууну иштеп чыгууну көздөгөн.

**Эрбол:** Байлыкты туура жолдо пайдаланууну эң маанилүү деген.

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма 2.** Текстти кунт менен окуп, төмөнкү берилген суроолорго жооп бергиле.

1. Илон Масктын жашоодогу негизги алты принцибинин кайсы бири силерге жакты? Алардын кайсыларын колдоно аласыңар?
2. Илон Маск үчүн биринчи орунда эң маанилүү нерсе эмне болгон?
3. Төмөнкү берилген сөздөрдүн лексикалык маанисин чечмелегиле жана бул сөздөр кайсы тексттен алынгандыгын аныктагыла.

**1-топко:**
фантазия.каржылык абалы, база курууга, космос программасы, миссия уюштурууну, алгачкы бизнес

**2-топко:**
хроникалар, космостук изилдөөлөргө, эксперттер, өтө ылдам поезд, күн энергиясы, анын амбициясы, ракетасы

4. Илон Масктын кайсы сапаттары жана аракеттери өзгөчө таасир калтырды?
5. Ал өз алдына кандай максат койгон?
6. 5-текст менен 6-тексттин ортосунда маанилик жактан кандай окшоштуктар жана айырмачылыктар бар? Түшүндүрүп бергиле.

## АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ — ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАР

**1-суроо** **2014-жылдагы Би-Би-Сиге маегинде Илон Маск өзүнүн каржылык абалы жөнүндө кандай пикирди айткан?**

А кеп акчада эместиги, акчанын баасын базар аныкташын айткан;

Б анын байлыгы 10 млрд доллар экендигин айткан;

В дүйнөдөн бай киши катары жашап өткүсү келбегендигин айтат;

Г өзүнүн каражатынын чоң бөлүгүн Марста база курууга жумшай турганын айткан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**1-суроо** **Илон Масктын кийинки бизнес кеңешинин бири кайсы?**

А сындагандандардын сөзүнө кулак салбоо;

Б компаниялар киреше алып келет;

В маанилүү идеяларды ишке ашыруу;

Г ар дайым алдыга жылуу.

## ОЙ КЫЛЧОО

**Тапшырма 3.** Төмөнкү таблицада берилген пикирлердин кайсы бири Илон Маскка тиешелүү экендигин аныктагыла.

| Сүйлөмдөр | Илон Масккка тиешелүү | Илон Масккка тиешелүү эмес |
|---|---|---|
| 1. Бул эми капта турган акчалар эмес да. | | |
| 2. Каражатынын баары ушул долбоорго кетсе дагы өкүнбөй турганын билдирген. | | |
| 3. Ал эми базар анын баасын аныктайт. | | |
| 4. Булардын баары фантазия сыяктуу. | | |
| 5. Келечекте баары жакшы болушун каалайм. | | |
| 6. Силерди сындагандарды укпагыла. | | |
| 7. Ошол эле маалда көптөгөн чуулгандуу иштердин каарманына айланган учурлары болду. | | |
| 8. Кайсыл бир кезде булар киреше алып келет деген ой менде болгон эмес. | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Угуп түшүнүү

**Тапшырма 4.** Тексттин 6-бөлүгүн угуп, тексттеги калтырылган сөздөрдү толуктап жазгыла.

Масктын өтө ________ экени жалпыга маалым. Ошол эле маалда көптөгөн _________ иштердин каарманына айланган __________ болду.

Анын жүрүм-турумундагы мындай өөн ________ бизнесине тоскоолдук жараткан жок. Анын ________ адаттагыдай эле дайыма бийикте. Өткөн жыл ал үчүн ________ болду. Декабрда бул ракета менен кишилерди _________ жөнөтүүнү пландаган. Илон Маск ______ «өтө ийгиликтүү» деп баалады.

## МЭЭ ЧАБУУЛУ:

**Тапшырма 5.** Тексттерди окуп чыгып, Илон Масктан интервью алгыла. Илон Масктын жоопторун тексттен таап жазгыла.

1. Сиздин акча боюнча пикириңиз кандай? ______________________________
2. Сиз байлыгыңыз менен сыймыктанасызбы? Бул байлыктарыңызды эмнеге жумшамакчысыз? _____________________________________
3. Күткөнүңүз ишке ашпай калса кандай абалга түшөсүз?________________
4. Күчтүн баарын эмнеге сарптоо керек деп ойлойсуз? ___________________
5. Ийгиликке жетүү үчүн эмне кылуу керек? Кандай кеңеш бересиз? _______________________________
6. Сизди сындагандарга болгон көз карашыңыз кандай? ________________
7. Сиз үчүн эң негизгиси эмне? _________________________________________
8. Сиздин жүрүм-турумуңуздагы өөн көрүнүштөр бизнесиңизге тоскоолдук кыла алабы? ____________________________________________________________

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

Негизги жана жардамчы этиштер маанилик жана грамматикалык жактан өз ара ажырагыс болуп уюмдашып келип, кеңири маанидеги кыймыл-аракетти билдирсе, этиштин татаал формалары деп аталат.

Этиштин татаал формалары эки же андан ашык этиш сөздөрдүн бир мааниге бириккен тобу аркылуу уюшулат. Бирок алардын тутумун түзүп турган бөлүктөрү берген маанилери боюнча бирдей даражада болбойт. Алардын бири кыймыл-аракеттик негизги маанини билгизет да, калгандары анын маанисин толуктайт, грамматикалык жактан ал маанини жыйынтыктайт.

Ушул өзгөчөлүгүнө байланыштуу алар өз ара негизги жана жардамчы этиштер болуп бөлүнөт: *1. Көк майсаңдан жай алган чакан айылдан анча алыс эмес жердеги капчыгайдан салт атчан киши чыга келди.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма 6.** Биринчи жана экинчи тексттерди окуп чыгып, татаал этиштерди аныктагыла, алардын мүнөздүү белгилерин айтып бергиле?

а) тутумундагы негизги жана жардамчы этиштерди ажыраткыла;

б) негизги жана жардамчы этиштердин ар бирине кеңири мүнөздөмө бергиле.

**Үлгү**: жумшай турганын айткан.

### ТОПТУК ЫКМА

**Тапшырма 7.** Биринчи топтун окуучулары 3-тексттен, экинчи топтун окуучулары 4-тексттен жөнөкөй этиштерди аныктап, аларды татаал этиштерге айландырып жазгыла жана аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

**Үлгү:** *көздөйт; көздөп жатат, Илон Маск Марска ракета учурууну көздөп жатат.*

### КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 8.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөгү татаал этиштер сөздөрду аныктап, астын сызгыла жана алардын грамматикалык белгилерин айтып бергиле.

1.Кеч кирип келе жаткан. 2. Жоломан экөөбүз коюбузду бөлүп алдык да, жон ылдый куюлтуп жөнөй бердик. 3. Жер алай-дүлөй түшүп, кардуу бороон ышкырып турган. 4. Бети-башыбызды тумчулап, араң жүрүп келебиз. 5. Бир кезде мен артыма бурулуп карай калдым. 6. Үч карышкыр булак этип, жонго чыга түштү да, так Жоломандын койлорунун тушунан качырып сала берди.

### САЛЫШТЫРМАЛУУ ТАПШЫРМА

**Тапшырма 9.** 5-жана 6-тексттерди окуп чыгып, этиш сөздөрду аныктап, аларды жөнөкөй жана татаал этиштерге ажыратып жазгыла.

| Жөнөкөй этиштер | Татаал этиштер |
|---|---|
| | |

### ҮЙГӨ ТАПШЫРМА

Көп чекиттин ордуна сүйлөмдүн маанисине ылайык келүүчү этиштин татаал формасынын тиешелүү түгөйүн койгула.

1. Экөө караңгыда темселеп жүрүп, куурап түшкөн чегедектерден бир далай чогултуп.... 2. Булактын боюна жакын шамал тийбеген ыктоого от... салышты. 3. От алоолоп күйгүчөктү сууган аттарды суунун боюна тушап ... бериշти. 4. От барган сайын алоолонуп, денеге жагымдуу бир аптап таратып ... . 5. Абага көтөрүлгөн түтүн көөдөй асманга житип көрүнбөй ... жатты. 6. Бекежан тилке-тилке болуп кесилген сан этти чегедектин үстүнө калап таштап ... . *(И.М.)* 7. Кош-беш айтышып жөнөгөнү ... алиги жигит. 8. Күлсүн да ордунан ... баштады. («КМ») 9. Профессор колун ... берди эле, спиртке малынган марлини кармата ... . 10. Кыздын акырегинен тартып, киндигине чейин эки-үч жолу дыкаттап сүртүп ... . *(М.С.)*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Коммуникативдик тапшырма

**Тема: «Көз караш»**

| | |
|---|---|
| **Максат** | Каршылашын белгилүү бир маселе боюнча өз көз карашына көндүрүү, каршылаш пикир менен иштөө жөндөмү. |
| **Убакыт** | 10–15 мүнөт |
| **Катышуучулардын саны** | Бардык окуучулар |
| **Тапшырманын шарты** | Окуучулар эки экиден бөлүнүшөт.Баарына баарлашуу темалары берилет. Алардын бири-бир көз карашта болсо, экинчиси – экинчиси карама-каршы болушу керек. Негизги принцип – талшып-тартышпай маектешүү. |
| **Темалардын үлгүсү** | 1. «Байлык керекпи же керек эмеспи?» |
| | 2. «Келечекте ишмер болуу керекпи?» |
| | 3. «Акчаны байлык деп атаса болобу?» |
| | 4. «Бизнесте достук барбы?» |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




# IX БӨЛҮМ




## КИНО ИСКУССТВОСУ

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 1-СААТ

## КИНО ИСКУССТВОСУ

Кинофильм өнөрү качан башталган?
Кинофильм кантип жаралат?
Фильмди жаратуу учурларын ким жетектейт?
Кинодогу берилген окуя адамга кандай таасир этет?
Дүйнөлүк актёрлорду атап бергиле?
Кандай өзбек фильмдерин билесиңер?
Белгилүү өзбек актёрлорун атап бере аласыңарбы?
Өзүңөрдүн эң жакшы көргөн кинофильмиңер жана андагы киноактёрлор жөнүндө ангеме түзүп, айтып бергиле.

**Кино искусствосу** – көркөм чыгармачылыктын бир түрү; өзүнүн өзгөчөлүгүнө ылайык адабият менен театрдын, сүрөт өнөрүнүн музыканын көркөм касиеттерин сиңирип пайда болгон жана өнүккөн синтездүү искусство. Искусствонун башка түрлөрүндөй эле кино искусствосу да турмуш чындыгын чагылдырат. Жаңы фильмди жаратууда кинодраматург, режиссёр, актёрлор, оператор, сүрөтчү, композитор, түрдүү аппаратура, аспаптарды башкарган техникалык адистер катышат. Кино искусствосу негизинен көркөм фильм, документ кино, мультипликациялык фильм жана илимий-популярдуу кино болуп бөлүнөт. Фильм чыгаруу жана аны көрүүчүлөргө тартуулоо – чыгармачылык жана уюштуруу ишин талап кылган татаал процесс. Кино искусствосунун өнүгүү тарыхы шарттуу түрдө 4 мезгилге бөлүнөт. Биринчи мезгил бир тууган Люмьерлер «жандуу фотографияны» ойлоп тапкандан тартып (1895) биринчи дүйнөлүк согуш (1914-18) бүткөнгө чейинки учурду камтыйт. Алгачкы фильмдерде окуя бир жерде тартылып, актёрлор театр техникасын, адабият менен театр тажрыйбасын, цирк аттракционунун ыкмасын пайдаланган. Кино искусствонун алгачкы өнүгүшүнө режиссёр Ж. Мельес, М. Линдер (Франция), Я. Протазанов, В. Гардин (Россия), Д. Гриффит, Ч. Чаплин (АКШ) чоң салым кошкон. Экинчи мезгили 1920-жылдары «үнсүз» кино өз алдынча искусство катары калыптанган. Хроникалуу документ фильм менен тарыхый революциялык монтаждуу фильм чыгарылган. Үчүнчү мезгил 1930-40-жылдарды камтыйт. Бул мезгилде кинотасмага үн жазуу техникасы киргизилген. Кинодраматургия өсүп, үндүү кинонун пайда болушу актёрлордун чыгармачылыгына кеңири жол ачкан. Төртүнчү мезгили Экинчи дүйнөлүк согуш аяктагандан кийин кино искусствосунун өнүгүшүнүн жаңы мезгили менен башталган. Бул жылдары кинотехниканын мүмкүнчүлүгүнүн кеңейиши менен көркөм каражаттар көбөйгөн. Түстүү кино тартуу башталып, кең экрандуу жана панорамалуу фильмдер пайда болгон. Кең экрандуу фильмдерде стерео үн колдонулат. Фильм, эреже катары, коллективдүү эмгектин натыйжасы болуп саналат, ага

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



сценарист, режиссёр, оператор, сүрөтчү, композитор, монтаждоочу, көркөм фильмде актёрлор, ошондой эле бир катар чыгармачылык, техникалык жана административдик кызматкерлер катышат. Чыгармачылык процессте негизги роль режиссёрго таандык.

**Тапшырма 1.** Сөздөрдү тиешелүү жерге коюп, сүйлөмдөрдү толуктагыла. Сүйлөмдөрдөгү ойду өз сөзүңөр менен айтып бергиле.

**Изден**

| Сүйлөмдөр | Сөздөр |
|---|---|
| 1. Искусствонун башка _____ эле кино искусствосу да турмуш чындыгын чагылдырат.<br>2. Кино искусствосу __ көркөм фильм, документ кино, ____ фильм жана илимий-популярдуу кино болуп бөлүнөт.<br>3. Кино искусствосунун ___ тарыхы шарттуу түрдө 4 мезгилге бөлүнөт.<br>4. Экинчи мезгили 1920-жылдары «үнсүз» кино өз алдынча искусство катары ______.<br>5. Бул _____ кинотехниканын мүмкүнчүлүгүнүн _____ менен көркөм каражаттар көбөйгөн.<br>6. Түстүү кино тартуу башталып, кең экрандуу жана _____ фильмдер пайда болгон.<br>7. Кең экрандуу ______ стерео үн колдонулат. | Калыптанган, негизинен түрлөрүндөй, өнүгүү, кеңейиши, панорамалуу, жылдары, мультипликациялык, фильмдерде |

## АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ — ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАР

**1-суроо** **Жаңы фильмди жаратууда кайсы кесиптеги адамдар катышат?**

А кинодраматург, режиссёр, актёрлор, оператор, сүрөтчү, композитор, түрдүү аппаратура, аспаптарды башкарган техникалык адистер;

Б кинодраматург, режиссёр, актёрлор, оператор, мугалимдер, композитор, түрдүү аппаратура, аспаптарды башкарган техникалык адистер;

В кинодраматург, режиссёр, актёрлор, оператор, сүрөтчү, инженерлер, түрдүү аппаратура, аспаптарды башкарган техникалык адистер;

Г кинодраматург, режиссёр, актёрлор, журналисттер, сүрөтчү, композитор, түрдүү аппаратура, аспаптарды башкарган техникалык адистер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**2-суроо**

**Кинодраматургия өсүп, үндүү кинонун пайда болушу актёрлордун чыгармачылыгына кеңири жол ачышы кино искусствосунун өнүгүү тарыхынын кайсы мезгилине туура келет?**

А үчүнчү мезгил

Б биринчи мезгил

В төртүнчү мезгил

Г экинчи мезгил

**3-суроо**

**Кино искусствосунун өнүгүү тарыхынын биринчи мезгили кайсы жылдарды өз ичине камтыйт?**

А 1895-1918-жылдарды

Б 1918-1920- жылдарды

В 1930-1940-жылдарды

Г 1947-1945-жылдарды

## КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма. 3**. Текст боюнча берилген маалыматтардын туура жана катасын белгилегиле. Катасын ондогула

| Маалыматтар | Туура | Туура эмес |
|---|---|---|
| Искусствонун башка түрлөрүндөй эле кино искусствосу да турмуш чындыгын көп чагылдырбайт. | | |
| Кино искусствосу негизинен көркөм фильм, документ кино, мультипликациялык фильм жана илимий-популярдуу кино болуп бөлүнөт. | | |
| Кино искусствосунун өнүгүү тарыхы шарттуу түрдө 5 мезгилге бөлүнөт. | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



| | | |
|---|---|---|
| Чыгармачылык процессте негизги роль актёрго таандык. | | |
| Алгачкы фильмдерде окуя көп жерде тартылып, актёрлор театр техникасын, адабият менен театр тажрыйбасын, цирк аттракционунун ыкмасын пайдаланган. | | |
| Кең экрандуу фильмдерде стерео үн колдонулат. | | |

Угуп түшүнүү

**Тапшырма 4.** Тексттен ажыратылып берилген бөлүгүн угуп, калтырылып кетилген боштуктарды толтургула.

Бул жылдары __________ мүмкүнчүлүгүнүн кеңейиши менен көркөм __________ көбөйгөн. Түстүү _____ тартуу башталып, кең экрандуу жана панорамалуу фильмдер ________. Кең экрандуу фильмдерде стерео үн колдонулат. Фильм, эреже катары, коллективдүү эмгектин _______ болуп саналат, ага сценарист, режиссёр, оператор, сүрөтчү, композитор, монтаждоочу, көркөм ______ актёрлор, ошондой эле бир катар чыгармачылык, техникалык жана административдик __________катышат. Чыгармачылык процессте _______ роль режиссёрго таандык.

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### НЕГИЗГИ ЖАНА ЖАРДАМЧЫ ЭТИШТЕР

Татаал этиштер адатта эки же андан көп түгөйлөрдөн туруп, кыймыл-аракеттик маани ар дайым биринчисине, негизги этишке таандык болот. Акыркы түгөй болуп келген этиш сөздүн өзүнүн нукура лексикалык мааниси солгундап, көпчүлүк учурда биротоло жоголуп да кетет. Ошондуктан буларды жардамчы (көмөкчү) этиштер дейбиз. Жардамчы (көмөкчү) этиштер негизги этиштердин маанисине тактык, кандайдыр толуктоо алып келет да, ар кандай грамматикалык маанилерди туюндурууга жардам берет: *тура тур, келе жатат, сүйлөй бериңиз, уктап кетти ж.б.*

Ошентип, татаал этиштин тутумундагы нукура этиштик маанини толук сактап турган сөз негизги, ал эми этиштик мааниси солгундап же биротоло жоголуп, негизги этиштин маанисине толуктоо алып келген сөз жардамчы этиш деп аталат.

**ТОПТУК ЫКМА** Текстти окуп чыгып, этиш сөздөрдү аныктап көчүрүп жазгыла, биринчи топтун окуучулары аларды татаал этиштерге айландыргыла, ал эми экинчи топтун окуучулары аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

**Үлгү:** *чагылдырат; салыштырып чагылдырат, Өзбек кинолору күндөлүк турмуштун тарбиялуу жактарын салыштырып чагылдырат.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма 5.** Төмөнкү берилген татаал этиштерди катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө жана негизги жана жардамчы этиштерди аныктап астын сызгыла, алардын кыймыл–аракет ичинде кандай кызмат аткарышын түшүндүрүп бергиле:

Тура тур, келе жатат, сүйлөй бериңиз, уктап кетти, бакыра кетти, басып барды, жазып берди, эгип жатышты, сала кетти.

**Тапшырма 6.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла жана татаал этиштерди аныктап.негизги жана жардамчы этиштерге ажыраткыла.

1. Бир күнү айылдагы адамдар Жакшылык ырчынын ырын угуу үчүн келип жатышты. *(С.К.)* 2. Киноаппарат лентаны бир калыбында имерип, согуш өз алдынча күчөй берди. *(Ч.А.)* 3. Ана, жаңыдан келген Эдил папкесинен күндөлүгүн сууруп чыкты. *(О.А.).* 4. Чал жолдун алдын көрсөтө берди. *(О.А.)* 5. Денеси өтө күчтүү чыңалууда болсо да, Адилеттин кайсыл бир ички сезимдери тымызын апкаарып жатты. *(К.А.)* 6. Кишинин башын оорутпай кете бергиле. *(Ж.Т.).*

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла жана татаал этиштердин кайсы чакты билдирип жаткандыгын аныктагыла.

1. Мен көрө коюп, чыйылдаган жапыз үнүм менен кыйкырып калдым эле, бирөө жалт кайра тартты. 2. Жоломан болсо көрбөйт, тебетейин көзүнө баса кийип алыптыр, жерди карап келет. 3. Мен чуркап жеткиче, эки карышкыр экиүч койдун куйругун жулуп жиберип, бирден койду бөлүп алып, сайды карай зыркыратты. 4. Жоломан ошондо гана көрүп калды да, узап кеткен карышкырдын артынан кыйкыра жөнөдү. *(Э.М.)* 5.Ортодо илинген кооз люстра үйдү жарык кылып турат. 6. Биздин мектептин класс бөлмөлөрү дайыма таза болуп турат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 2-СААТ

### С. ЧОКМОРОВ – АКТЁ ЖАНА СҮРӨТЧҮ

**Тапшырма 1.** Текстти окугула. Суйменкул Чокморовдун эрки күчтүү, керемет актёр жана сүрөтчү экендигин 4–5 мисал менен айтып бергиле

**Изден**

Суйменкул Чокморов (09.11.1939–26.09.1992) – дүйнөгө белгилүү сүрөткер, залкар киноактёр, Кыргыз эл сүрөтчүсү, Кыргыз эл артисти, Кыргыз эл депутаты, көптөгөн Эл аралык, Бүткүл союздук, Республикалык сыйлыктардын, баш байгелердин ээси, жыйырмадан ашык кинотасмаларда башкы ролдорду ойногон. Ал көркөм сүрөт (пейзаждык жана портреттик жанр) жана графика түрүндөгү 800гө жакын чыгарманын автору 27 полотносу дүйнөнүн атактуу музейлеринде илинип турат. Ленинграддагы көркөм сүрөтчүлөр академиясын 1964-жылы бүтүргөн. Волейбол боюнча спорт чебери, Кыргызстандын жана Ленинград шаарынын курама командасында ойногон.

Суйменкул Чокморов 15 жашына чейин муун оорусу менен ооруган. Туулгандан баштап бир бөйрөгү болгон эмес (поликистоз). Ушуга карабай өзүн аябастан иштеп, ролдорду дублёр-каскадёрсуз ойногондуктан, 1982-жылы апрель-май айларында бөйрөктүн катуу оорусуна чалдыгып, өпкөсүнө суук тийген. 1992-жылдын сентябрына чейин жалпы наркоз менен бөйрөгүнө, кан тамырларына 56 жолу оор операция жасалган.

С. Чокморов оорун кыйналганына карабай, сүрөт жаратты, киного тартылды. Ал-Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан кинотасмаларын дүйнөлүк аренага алып чыккан инсандардын бири. Эркектин ролун мыкты аткаргандыгы үчүн Эл аралык кинофестивалдарда беш жолу катары менен биринчи байгени жеңип алган. Оорунун азабынан С. Чокморовдун көп кырдуу таланты толугу менен ачылбай кетти. Манас, Чыңгызхан, Темирландын ролдорун аткарсам деген ойлору ишке ашкан жок. Бул тууралуу кинорежиссёр Т. Океев: «…Суйменкул экөөбүз кино өнөрүнүн күлүгүн узакка чабабыз деп ойлочумун, … оорунун дартынан ал кинодон алыстай түштү, … Чыңгызхандын ролун аткармак, …Манасты да Суйменкулга ойнотсом деп болжогом» деген.

«Караш-Караш окуясы» (1968) фильминде Бактыгулдун, «Жамийла» фильминде (1969) Даниярдын, «Атайын комиссарда» (1970) Хожаевдин, «Касиеттүү Ысык-Көлдө» (1971) Карабалтанын, «Дерсу Узала» (1975) фильминде Чжан Баонун, «Кызыл алмада» (1975) Темирдин, «Улан» фильминде (1977) Азаттын, «Каныбекте» (1978) Жолойдун ж. б. образдарын жараткан.

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма 2.** Көп чекиттин ордуна **-га** мүчөсүн улап жазгыла.

1992-жылдын сентябрь айына чейин жалпы наркоз менен бөйрөгү…, кан тамырлары… 56 жолу оор жана кымбат операция жасалган. С. Чокморов

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



оорук кыйналганы… карабай, сүрөт жаратты, кино… тартылды. Ал-Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан кинотасмаларын дүйнөлүк арена… алып чыккан инсандардын бири. Сүймөнкул экөөбүз кино өнөрүнүн күлүгүн узак… чабабыз деп ойлочумун. Чыңгызхан, Темирландын ролдорун аткарсам деген ойлору иш… ашкан жок.

**Чыгармачыл иш**

**Тапшырма 3.** «Сүймөнкул Чокморовдун ден соолугу чың болгондо…» деген темада ой жүгүртүү эссесин жазгыла.

**Эссеге нускама:**

Киришүү бөлүгүндө С. Чокморовдун ооруларына карабай, кино жана сүрөт искусствосуна кошкон салымы тууралуу;

Негизги бөлүгүндө С. Чокморовдун ден соолугу чың болгондо сүрөт жана кино искусствосуна кандай салымдарын кошо тургандыгын, андан эл кандай таасирленерин жана ага берер баасы жөнүндө;

Жыйынтык. Таланттуу актёр, чебер сүрөтчү боюнча жалпы жыйынтык чыгаргыла.

## КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 4.** Жуптарда аңгемелешип, бири-бириңер менен пикир алышкыла.

Кинону жакшы көрөр-көрбөсүн, кайсы фильмдер жагар-жакпасын, кайсы актёр сүйүктүү экенин, акыркы учурда кайсы фильмди көргөнүн, анда маанилүү эмнелер болгонун сурап бил.

## ТОПТУК ЫКМА

**Тапшырма 5.** С. Чокморовдун сүрөттөрүнөн биринчи топтун окуучулары бештен кем эмес окшоштук, экинчи топтун окуучулары бештен кем эмес айырмачылыкты тапкыла.





| Окшоштуктар | Айырмачылыктар |
|---|---|
| **Үлгү:** 1-окшоштук. Эки сүрөттө тең Сүймөнкул Чокморов – чыгармачыл адам. | Биринчи сүрөттө С.Чокморов сүрөт тартып жатат. Экинчи сүрөттө роль аткарууда. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### ЖАРДАМЧЫ ЭТИШТЕРДИН ТҮРЛӨРҮ

Татаал этиштин тутумунда турган жардамчы этиштердин колдонулушундагы кошумча маанилери бирдей эмес. Мына ушул өзгөчөлүктөрү боюнча алар кыймыл-аракеттин узакка созулушун багытталышын жана толук иштелишин билдирүүчү жардамчы этиштер болуп, үчкө бөлүнөт.

1. Кыймыл-аракеттин узакка созулушу: *жүрүп отурду, бара жатты, окуп жүрдү.*
2. Кыймыл-аракеттин багытталышы: *кирип келди, жөнөп кетти, айта бар.*
3. Кыймыл-аракеттин толук иштелип бүткөндүгү: *окуп чыктык, карай калды, ырдап жиберди, айтып салды.*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма 6.** Текстти окуп чыгып, андагы жардамчы этиштердин кандай маанилерде колдонулганын аныктагыла жана аларды маанилик түрлөрү боюнча көчүргүлө.

**Үлгү:** *27 полотносу дүйнөнүн атактуу музейлеринде илинип турат. (Кыймыл-аракеттин узакка созулушу).*

**ТОПТУК ЫКМА** **Тапшырма 7.** Тексттеги жөнөкөй этиш сөздөрдү аныктап, биринчи топтун окуучулары татаал этиш сөздөргө айландырып жазгыла, ал эми экинчи топтун окуучулары аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

**Үлгү:** *ойно; ойноп келген, Сүймөнкул Чокморов бир канча кинолордо жакшы ролдордо ойноп келген.*

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ** **Тапшырма 8.** Тексттеги жөнөкөй этиш сөздөрдү жардамчы этиштердин үч түрү боюнча өзгөртүп жазгыла.

| Кыймыл-аракеттин узакка созулушу | Кыймыл-аракеттин багытталышы | Кыймыл-аракеттин толук иштелип бүткөндүгү |
|---|---|---|
| | | |

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

*Кал, жат, бер, кел, бол* деген сөздөрдү жардамчы этиш катары пайдаланып, алар менен айкалышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон бардык чакчыл формаларды маанисине ылайык келген негизги этиштерге жалгоо аркылуу адегенде этиштин татаал формаларын жасагыла, андан кийин аларды катыштырып, чакан аңгеме түзгүлө. Аңгемедеги ар бир жардамчы этиштин ар башка чакчыл формадагы негизги этиштер менен айкалышуусундагы маанилерине байкоо жүргүзгүлө. Эгерде алардын ортосунда маанилик айырма болсо, анын пайда болуу себептерин түшүндүргүлө.

**Үлгү:** *Кал* жардамчы этиш катары (таблицада көрсөтүлгөндөй) төмөнкүдөй чакчыл формалуу этиш менен айкашып, татаал формалуу этишти түзөт: көрө калды, карай калды, карап калды, жеткени калды



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 3-СААТ

## «СУЛУУ КЫЗСЫҢБЫ?»

Ошентип, бир күнү уй сарайга деген шиферди жүктөп бир колхозго бараткам. Жол тоорсуп калыптыр. Айылга жакын калган. Мына ошерде бир кичинекей эле арыкка тыгылып туруп калдым. Ары – бери жүткүнтө айдап көрдүм, чыгар эмес. Кайра сормо баткак машинени ого бетер соруп барат. Анын үстүнө кыжырланып жатып рулду катуу толгоп алган экем,дөңгөлөк бурулбай калды. Машиненин астына сойлобоско болор эмес…Чекемен аккан тер кулагыма сарыгат, ансайын жолду тилдейм. Бир маалда бирөөнүн келаткан шыбырты угулду. Машиненин астындагы мага резина өтүк гана көрүндү.Эки өтүк келип,туруп калды. «Эмне, бул жер цирк бекен,эмнеге кызыгып туруп калды» деп жиним келди.

– Өпкөдөн баскансып эми туруп калдың, өтүп кете бербейсиңби! – деп корс эттим машиненин астынан.

– Көз кыйыгым менен өтүктөн өйдө,тизе ылдый кыкка булганган көйнөктүн этегин көрдүм. «Айылга жеткирип кой» дечи кемпирлердин бири го дедим кыязымда.

– Кете бер,чоң эне! – дедим мен. – Менин жумушум көп али, чыдап күтө албассың.

– Мен чоң эне эмесмин, – деди анда тиги.

– Анда кимсиң?

– Кызмын.

– Кызмын? – деп өтүгүн дагы карап алдым да, оюнга чаптырдым.

– Сулуу кызсыңбы?

Эки өтүк тыбырап алды да,кетүүгө ыңгайлангандай четтей басты.Ошондо мен ашыгып машиненин астынан сойлоп чыктым. Карасам,маңдайымда тал чыбыктай буралган кыз турат. Башында кызыл жоолук,кабагы түйүнкү. Үнсөзсүз телмире тиктейт.

Өзүм бети-башыман бери баткак болуп жерде отурганымды унутуп да коюпмун.

– Ырас, сулуу дегенчелик экенсиң – деп мен жылмайып койдум.

Кыз терс бурулду да,кылчайбастан жөнөп берди.

*(Ч.Айтматовдун «Делбирим» повестинен.)*

**Тапшырма 1.** Текстти окуп чыгып, төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Чыңгыз Айтматовдун бул чыгармасы боюнча кайсы кино иштеп чыгылган?
2. Бул кинодогу башкы ролдорду кайсы актёрлор ойногон?
3. Жазуучунун ушул чыгармасы боюнча өзбек кинометаграфиячылары кайсы кинону иштеп чыгышкан жана башкы ролдордо кайсы актёрлор катышкан?
4. Бул кинону көргөн болсоңор мындагы башкы көтөрүп чыккан проблемасы китептеги чыгарма менен дал келеби же жокпу? Өз пикириңерди билдиргиле.
5. Бул кинодо негизинен кайсы тема көтөрүлүп чыккан?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



6. Көркөм чыгарма менен кинонун ортосунда кандай айырмачылыктар жана окшоштуктар бар?
7. Чынгыз Айтматовдун жана кайсы чыгармалары боюнча кино иштелип чыккан, бул кинолор өзбек тилине которулганбы? Силер бул кинолорду кайсы тилде көргөнсүңөр?

**Тапшырма 2.** Жогорудагы берилген текстке таянып, сүйлөмдөрдү бүтүргүлө.

**Изден**

1. Мына ошерде бир кичинекей эле ______________________________.
2. Анын үстүнө кыжырланып жатып рулду катуу толгоп алгам экем, ____________________________
3. – Менини жумушум көп али, _________________________________.
4. Эки өтүк тыбырап алды да, __________________________________.
5. Карасам, ___________________________________________________.

## ОЙ КЫЛЧОО

**Тапшырма. 3.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү тексттен таап, көп чекиттердин ордуна туура келүүчү сөздөрдү аныктагыла.

**1. Ошентип, бир күнү үй сарайга деген шиферди жүктөп бир _______ бараткам.**
а) колхозго, б) айылга, в) жолдо, г) шаарга


**2. Мына ошерде бир кичинекей эле _______ тыгылып туруп калдым.**
а) арыкка, б) ташка, в) жолдо, г) сууда

**3. Бир маалда биреөнүн келаткан _______ угулду.**
а) шыбырты, б) добушу в) үнү, г) караанды

**4. Машиненин астындагы мага резина _______ гана көрүндү.**
а) өтүк, б) галош, в) туфли, г) колкап

## МЭЭ ЧАБУУЛУ:

**Тапшырма 4.** Ч. Айтматовдун бул чыгармасына иштелген кинофильмди талдоо менен төмөнкү тапшырмаларды аткаргыла.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**Тапшырма 5.** **Тексттен алынган үзүндүнү угуп, төмөнкү боштуктарды толтургула.**

Эки _____тыбырап алды да, кетүүгө _________ четтей басты. Ошондо _____ ашыгып машиненин ______ сойлоп чыктым. Карасам, маңдайымда тал _____ буралган кыз турат. Башында, _________ , кабагы түйүнкү. Үн-сөзсүз телмире _________.

Өзүм бети-башыман бери _______ болуп жерде отурганымды ______ да коюпмун.

– Ырас, _____ дегенчелик экенсиң – деп мен_____ койдум.

Кыз терс бурулду да, ______ жөнөп берди.

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### ЭТИШТИК ТАТААЛ ФОРМАЛАРДЫН ТҮРЛӨРҮ

Чакчыл формасындагы негизги этиштер менен жардамчы этиштердин тутумунан турган этиштин татаал формалары өзүлөрүнүн берген маанилери боюнча ар түрдүү болушат.

Мисалдардагы этиштик татаал формалар кыймыл-аракеттин маанисин биринчи учурда күтүлбөгөн жерден тезинен өткөндүгүн, экинчиде жасалма мүнөздө экендигин, үчүнчүдө анын созулушун билдиришине карай бир канча төмөнкүдөй топторго бөлүнөт:

1. Кыймыл-аракеттин узакка созулушун билдирүүчү этиштик татаал формалар: *Жайлоонун салкын жели бир калыпта эбелектеп ойнай берди.*

2. Кыймыл-аракеттин тездик менен капыстан болуп өткөндүгүн билдирүүчү этиштик татаал формалар: *Артыкча сак, этият келаткан Батийна сестейе калды.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



3. Кыймыл-аракеттин аз жерден ишке ашпай калгандыгын билдирүүчү этиштик татаал формалар: *Боз чаңгыл тартып албуутанган тоо суусу Гафуну ат-маты менен көмөлөтүп коюп кете жаздады.*

4. Кыймыл-аракеттин максатка багытталгандыгын билдирүүчү этиштик татаал формалар: *Алардын көпчүлүгү жайынча оюн-шоок көргөнү келгендер болсо, айрымдары – атайын кыз көргөнү, кыз жактырганы келгендер.*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма 6.** Текстти окуп чыгып, этиштен татаал формаларын аныктап. аларды маанилик жактан түрлөргө ажыраткыла.

**Үлгү:** Мына ошерде бир кичинекей эле арыкка тыгылып туруп калдым.

*Тыгылып туруп калдым – кыймыл-аракеттин тездик менен капыстан болуп өткөндүгүн билдирүүчү этиштик татаал формалар*

## КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 7.** Текстти окуп чыгып, жөнөкөй этиштерди көчүрүп жазып, аларды татаал этиштин формаларына айландырып жазгыла жана аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

**Үлгү:** бараткам; Барып жүрдү; Асан көпкө чейин чоң энесине барып жүрдү.

## ҮЙГӨ ТАПШЫРМА

Тексттен этиштин татаал формаларын таап, аларды маанилик түрлөргө ажыраткыла жана ажыратуунун себептерин түшүндүргүлө.

1. Жунгар аскерлеринин ач кыйкырыгы кыргыз айылын үч көтөрүп кеткендей болду.
2. Ниязбек баатыр болбосо, ойроттор кыргыз айылын тыйпыл кылып чапканы турат.
3. Бирок алардын алы эмнеге жетмек.
4. Кечке чейин талашып олтуруп, ойроттун ханы акыры байгеден үлүшүн бөлдүрүп алып, конок болуп бербей, тоо таянып кетип калышты.
5. Кыргыздар болсо жай-жайына эс алганы тарады.
6. Арадан эки күн өттү.
7. Кыргыз айылында той дагы эле уланып жатты.
8. Аңгыча майдандын борборуна кула айгыр минген карыя чыга келди.
9. Эл тымтырс боло түштү.
10. Аксакал кула жоргону салдырып четке чыга берди. *(Ч.Н.)*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 4-СААТ

### ТЕМИР АЯЛ

Өзбек драматургу Шараф Башбеков жетектеген топ «Темир аял» драмасын коюу менен элдин алкоосуна ээ болушту деп ойлойм. Мындай комедияны ойлоп табыш өзүнчө эле бир чоң эмгек да. А биз эмне, көрүүчүлөр келип көрүп, күлүп, кол чаап коюп кетип калабыз. Ал эми **көшөгөнү артында** кандай турмуш жаткандыгын билбейбиз, байкабайбыз.

Мында азыркы техниканын жетишкендиги, кээ бир адамдардын буга түшүнбөстүгү чагылдырылган. Бир адам бир окумуштуудан сураптыр: «Сиз 2000-жылды кандай элестетесиз? – деп. Анда ал: «Жалаң роботтордун дүйнөсү болот», – дептир. Демек, азыркы учур ошол дүйнөнүн башталышы болуп жаткан турбайбы, Чын эле азыр адам жалаң компьютер, электрондук машиналар менен иштеп калган.

Менин оюмча бул комедия башкы каарман Кочкор акенин эки-үч күндүк түшү сыяктуудай сезилет. Мында эненин түйшүгүн айта кетүү керек. Байкуш эне кандай гана азаптарга чыдап жүрөт. Мына бүгүн эле Кумри апаны алалычы, анын **жүрөгү жумшак, назик** жатат. Жада калса балдарынын атасынын ушундай кордугуна чыдап жүрүп, балким оңолоор деген ниетте ажырашабыз деп коркутат, бирок ал айласыздан гана ушундай иш кылып жатат. **Эне жүрөгү** такыр жаман иштерди кабыл албайт, эртели-кеч ал күйөөсүнүн кылыгын кечирмек.

Кумри апа план толтуруш үчүн жумушка да барып, 8 баланы да багып чоңойтуп отурат. Ал эми Алимжан жасаган **жогорку деңгээлдеги робот** деле ал жасаган жумуштарды эле жасап жүрүп,акыры бузулуп калдыбы. Демек, темир аялдын сулуулугу, акылмандыгы **Кумри апанын чыпалагына** тең келбес.

Ал эми экинчи оң образга «Аламат–1»ди коёр элек. Ал тирүү жан эмес, кайсы кассетаны салса, анда эмне жазылса, ошону гана айтып берет. Негизи бардык роботтор кул сыяктуу, кандай тапшырма болсо да баарын аткарууга даяр.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**Тапшырма 1.** Текстти окуп, сөздөргө мүнөздөмө берип, төмөнкү таблица боюнча иштегиле. Жоопторду тексттен таап жазгыла.

**Изден**

| | |
|---|---|
| Алимжан жасаган робот | |
| Биринчи оң образ | |
| Сизлер 2000-жылды кандай элестетесизңер? | |
| Кумри апа | |
| Экинчи оң образ | |
| Темир аял | |

**Тапшырма 2.** Тексттеги кара тамга менен берилген сөздөргө комментарий бергиле:

Элдин алкоосуна ээ болушту, чоң эмгек, жүрөгү жумшак, назик, жогорку, деңгэ элдеги робот, Кумри апанын чыпалагына, эненин жүрөгү.

**Угуп түшүнүү**

**Тапшырма 3.** Тексттен алынган үзүндүнү угуп, сөздөрдү тиешелүү жерге коюп, сүйлөмдөрдү толуктагыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



| | |
|---|---|
| Менин _______ бул комедия башкы каарман Кочкор акенин ___ күндүк түшү сыяктуудай сезилет. Мында эненин _______ айта кетүү керек. Байкуш эне кандай гана _____чыдап жүрөт. Мына бүгүн эле Кумри апаны алалычы, анын _____ жумшак, назик жатат. Жада калса балдарынын атасынын _____ кордугуна чыдап жүрүп, _____ оңолоор деген ниетте коркутат, бирок ал _____ гана ушундай иш кылып жатат. Эне жүрөгү такыр жаман ______ кабыл албайт, эртели-кеч ал күйөөсүнүн _____ кечирмек. | Оюмча, эки-үч, түйшүгүн, азаптарга, жүрөгү, ушундай, балким, айласыздан, жаман, кылыгын |

**ОЙЛОН**

Жогорудагы берилген текстти окуп чыгып, төмөнкү текст боюнча сүйлөмдөрдү түгөйүн таап толуктагыла.

| | |
|---|---|
| Кумри апа план толтуруш үчүн жумушка да барып | Ал жасаган жумуштарды эле жасап жүрүп, акыры бузулуп калдыбы. |
| Ал тирүү жан эмес, кайсы кассетаны салса. | Өзүнчө эле бир чоң эмгек да. |
| Демек,темир аялдын сулуулугу, акылмандыгы | Кандай тапшырма болсо да баарын аткарууга даяр. |
| Мындай комедияны ойлоп табыш | 8 баланы да багып чоңойтуп отурат. |
| Ал эми Алимжан жасаган жогорку деңгээлдеги робот деле | Анда эмне жазылса, ошону гана айтып берет. |
| Негизи бардык роботтор кул сыяктуу, | Кумри апанын чыпалагына тең келбес. |

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

**КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТИН МАКСАТКА БАГЫТТАЛГАНДЫГЫН БИЛДИРҮҮЧҮ ЭТИШТИК ТАТААЛ ФОРМАЛАР**

Мындай маанини билдирүүчү этиштик татаал формалар аркылуу аткарылган кыймыл-аракет толук иштелип бүткөн болот: *Алардын көпчүлүгү жайынча оюн-шоок көргөнү келгендер болсо, айрымдары – атайын кыз көргөнү, кыз жактырганы келгендер. (Т.С.)*

**КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТИН ИШКЕ АШУУГА ДАЯР ЭКЕНДИГИН БИЛДИРҮҮЧҮ ЭТИШТИК ТАТААЛ ФОРМАЛАР**

Кыймыл-аракеттин башталууга же ишке ашууга даяр экендигин билдирет: *Оттун алоолонгон жалыны кичине басаңдаса эле, карышкырлар кол салганы турат. (К.Б.)*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТИН ЖАСАЛМА МҮНӨЗДӨ ЭКЕНДИГИН БИЛДИРҮҮЧҮ ЭТИШТИК ТАТААЛ ФОРМАЛАР**

Жасалма мүнөздөгү кыймыл-аракет уюшулат: *Ал ыйлаганын сездирбеске тырышып, көзүн жеңи менен басып, демин ичине алып олтуруп, кууну тыңшамыш болду. (Т.К.).*

**КЫЙМЫЛ-АРАКЕТТИН БҮТКӨНҮН, ТОЛУК ИШКЕ АШКАНЫН БИЛДИРҮҮЧҮ ЭТИШТИК ТАТААЛ ФОРМАЛАР**

Кыймыл-аракеттин толук иштелиши, аякталышын билдирет: *Кабыл айтканы жатса, кемпир анын сөзүн бүтүрбөй жулуп кетти. (Ш.А.)*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма 4.** Текстти окуп чыгып, этиштин татаал формаларын аныктап, аларды маанилик жактан түрлөргө ажыраткыла.

**Үлгү:** деп ойлойм; – кыймыл-аракеттин толук иштелиши, аякталышын билидирүүчү татаал формалар.

### КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 5.** Тексттеги жөнөкөй этиш катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, аларды татаал этиштик формаларга айландырып жазгыла.

**Үлгү:** *Менин оюмча бул комедия башкы каарман Кочкор акенин эки-үч күндүк түшү сыяктуудай сезилет.*

*Бул комедияда Кочкор акенин Кумри апаны алдаганы сезилип калды.*

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Тексттеги этиштин татаал формаларынын жасалыш жолдорун аныктап, ошого ылайык алардын кандай мааниде колдонулганын айтып бергиле. Ал маанилердин кандай каражаттар аркылуу уюшулганын түшүндүргүлө

1. Мына! Кырдын жогорку мизи оттук тийгендей чачыла түшкөнсүдү.
2. Тоонун кырбуусун бирөө тиретип жаткандай, чачыраган оттуу нур өрөөнгө аба жарып төгүлүп түштү.
3. Күндүн нуруна адеп чайынган кыркырлар кызара бөртүп күлүп жибергенсиди.
4. Заматта тоо арасына өмүр-жашоонун жылуу демин үйлөп кеткенсиди. *(И.М.)*
5. – Деле унута албай койдуң,– деди эркек таарынгандай.
6. Аял эмне кылам дегендей улутунуп койду.
7. Экөө эмне жөнүндө сүйлөшүштү билбей туруп калышты.
8. Сөздөрү ушуну менен бүтүп калгандай болду.
9. – Менин бөлөм бар эле. Тиш доктор болчу. Ошко кетип калыптыр, – өкүнүмүш болду. Аял үндөбөдү. *(Б.У.)*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 5-СААТ

## КИНО ЖАНА АДАБИЯТ

Кино менен адабияттын өз ара байланыш маселеси каралып, кинонун көркөм сөз кенен болгон чек аралары талданган. Ар кандай өлкөлөрдө жана ар кандай учурда адабият жана кинонун өз ара аракеттенүүнүн процессинде жакындашууларга жана айырмачылыктарга карабай бул процессте ар дайым бири бирине умтулуу сакталып келген.

Бирок, сөздү иликтөө кинематограф үчүн принципиалдуу мааниге ээ, себеби таланттуу адабиятка терең психологизм, характерлерди кылдаттык менен изилдөө, окуяларды философиялык жактан аңдоо мүнөздүү. Бүгүн адабият жана кинематограф диалектикалык биригүү жана түртүлүү мейкиндигинде турушат. Адамдык ой жүгүртүүнүн эки тепкичинин диалектикалык мүнөздөгү байланышын жеткире ал боо – эмоционалдык сезүү кабылдоонун тиби аңдап билүү тибинен ажыроо азыркы маданий абалды баалоодогу эң бир кооптуу жаңылыштык болуп эсептелинет.

Сөз эки искусствонун тең ички структурасында болушу искусстволордун ортосунда окшоштук бар экенин далилдейт. Ал окшоштуктар кабылдоо дэңгээлинде өзгөчө байкалат. Адабий образды кабылдоодо жалпылыктан (сөз) конкреттүүлүккө (сүрөттөө) көздөй жүрөт, ал эми экрандык образды кабылдоодо тескерисинче – конкреттүүлүктөн (сүрөттөө) жалпылыкка (сөз) карай жүрөт. Башка сөз менен айтканда, кинематографиялык жана адабий образдардын өз ара катышы алардын диалектикалык байланыштарынын мүнөзүн аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Адабиятта сүйлөө речинин эки тиби болот – баяндоочу(кыйыр) жана персонаждын кеби(түздөн-түз), ал эми көркөм тасмада сөз менен персонаждын кеби гана берилет, а баяндоочу кеп тасмада обьективдүү көрүнүштүн физикалык конкреттүү картина формасында берилет.

Экранда сөз менен сүрөттөөнүн ортосунда татаал жана ийкемдүү байланыш байкалат. Бул багытта адабият менен кинонун бир чек арасы өтөт. Кино образдын элестеп көрүү жөндөмдүүлүгү жана адабияттагы баяндоо кеби – булар эки искусствонун көзгө көрүнөр чек ара белгилери.

**Талкуулоо**

**Тапшырма 1.** Төмөнкүдө берилген балдардын ой пикирлерине силер да кошуласыңарбы? Өзүңөрдүн пикириңер кандай?

**Айгерим:** Кино менен адабияттын өз ара байланыш маселесине келсек, кинонун көркөм сөз менен ортосундагы айырмачылыктары да бар.

**Асыл:** Адабият жана кинонун өз ара аракеттенүүнүн процессинде жакындашууларга жана айырмачылыктарга карабай бул процессте ар дайым бир бирине умтулуу сакталып келген.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Эрбол:** Таланттуу адабиятка терең психологизм, характерлерди кылдаттык менен изилдөө, окуяларды философиялык жактан аңдоо мүнөздүү.
**Эмир:** Сөз эки искусствонун тең ички структурасында болушу искусстволордун ортосунда окшоштук бар экенин далилдейт.
**Надыр:** Кинематографиялык жана адабий образдардын өз ара катышы алардын диалектикалык байланыштарынын мүнөзүн аныктоого мүмкүнчүлүк берет.
**Асел:** Экранда сөз менен сүрөттөөнүн ортосунда татаал жана ийкемдүү байланыш байкалат.

## АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ — ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАРЫ

**1-суроо**

**Бүгүнкү күндө адабият жана кинематограф кандай абалда турушат?**

А диалектикалык биригүү жана түртүлүү мейкиндигинде
Б өз ара аракеттенүүнүн процессинде жакындашууларга
В ар дайым бири-бирине умтулууда
Г диалектикалык мүнөздөгү байланышын жеткире баалабоо

**2-суроо**

**Экранда сөз менен сүрөттөөнүн ортосунда кандай байланыш байкалат?**

А татаал жана ийкемдүү
Б философиялык
В диалектикалык мүнөздөгү
Г принципиалдуу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 2.** Төмөнкүдө берилген маалыматтардын туура жа ката экендигин аныктагыла.

| Маалыматтар | Туура | Ката |
|---|---|---|
| Кино менен адабияттын өз ара байланыш маселеси каралып, кинонун көркөм сөз кенен болгон чек аралары талданбай келе жатат. | | |
| Адабий образды кабылдоодо жалпылыктан (сөз) конкреттүүлүккө (сүрөттөө) көздөй жүрөт. | | |
| Адабиятта сүйлөө речинин үч тиби болот. | | |
| Экрандык образды кабылдоодо тескерисинче – конкретүүлүктөн (сүрөттөө) жалпылыкка (сөз) карай жүрбөйт. | | |
| Көркөм тасмада сөз менен персонаждын кеби гана берилет. | | |
| Кинообраздын элестеп көрүү жөндөмдүүлүгү жана адабияттагы баяндоо кеби – булар ар кандай искусствонун көзгө көрүнөр чек ара белгилери. | | |

**Тапшырма 3.** Текстти угуп, төмөнкү сөздөрдүн маанисин чечмелеп бергиле жана аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө:

*Кинеметограф, принципиалдуу, диалектилик, эмоционалдык, адабий образ, персонаж, көркөм тасма, кинообраз, искусство.*

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### ЭТИШТИН ӨЗГӨЧӨ ФОРМАЛАРЫ

Өзгөрмөлүү кыймыл-аракетти заттын белгиси катары көрсөтүп, сүйлөмдө көбүнчө аныктоочтук милдетти аткарган чак, мамиле категорияларынын маанилерин билгизип, оң, терс формада айтылган сөздөр атоочтуктар деп аталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Атоочтуктар, чакчылдар, кыймыл атоочтор этиштин өзгөчө формалары болуп саналат.

Атоочтуктар бир жагынан этишке, экинчи жагынан сын атоочко окшошкон туунду формалар: *окууга барган кыз, иштен келген киши, эрте (тактооч) бышкан өрүк, таза (сын атооч) жуулган көйнөк.*

**Тапшырма 4.** Текстти окуп чыгып, этиштин өзгөчө формасы болгон атоочтуктарды көчүрүп жазгыла.

**Изден**

**Үлгү:** *болгон  чек аралары  – ган мүчөсү аркылуу жасалды.*

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

### МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Кулактан кирген суук сөз,
Жүрөккө жетип муз болот.

Билимдүү билгенин иштейт,
Билбеген бармагын тиштейт.

Жоголгон байлыктын орду толсо да
Жоголгон убакыттын орду толбос.

Кези келсе кетмен чап.
Кайрылбаган — кайрылсын,

Ийилбеген ийилсин.
Эгиндин жайын эккен билер,

Арабанын жайын чеккен билер.
Айтылган сөз акыл болсо,

Уккан кулак макул болот.
Жакшы кошунаң — бөксөрбөгөн казынаң.

Жалгыздын колунан келбеген,
Жаамы журттун колунан келет.

Көп жашагандан сураба,
Көптү көргөндөн сура.

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Текстте берилген этиш сөздөргө атоочуктарды жасоочу мүчөлөрдү жалгап, аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө

**Үлгү:** *талданган; Талданган чек аралары аныкталды.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Коммуникативдик тапшырма

### Тема: «Түшүн»

| | |
|---|---|
| **Максат** | Окуучулардын суроолорду бере билүү, оозеки пикир алышуу, маселелерди чечүү жөндөмү сыяктуу коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрөт. Текст боюнча ой жүгүртүп, берилген суроого туура жооп табуу. |
| **Убакыт** | 15–20 мүнөт |
| **Катышуучулардын саны** | Окуучулардын баары катышат. |
| **Шарты** | (Мунун жообун табуу үчүн, тапшырманын аягындагы негизги суроодон бөлөк, кандай гана суроо болбосун берүүгө уруксат.Окуучулардын кээ бирлери божомолго салат, башкалары көргөн фильмдериндеги окшош окуяларды эстешет. Акыры суроо бергенди бардыгынан мыкты билгени утат.) Текстти улантып жазуу. |
| **Текст** | «Арыба, ак кеме мен келдим!». «...балык болуп сүзүп кетем, балык болуп сүзүп кетем...» деп дирилдеп ыйлап турган делдең кулак, бакырaң көз бала көпкө чейин көңүлүмдөн чыкпай жүрөт.<br>Ыйманы жок Орозкулду, момун десе ыксыз момун баланын таятасын, жан бакты Сейдакматты, таштап кеткен ата-энесин, дайыма урушуп жүргөн таенесин, Орозкулга жагынып жашаган Бекейди, кордондо эмне болуп жатканын байкабаган коомчулукту, деги койчу, бардыгын баланын тагдырынын ушундай аякташына айыптуу деп эсептешти. Чыныгы айыптуу ким? Өз пикириңер менен текстти уланткыла. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# X
# БӨЛҮМ

## ТАБИЯТ ЖАНА ИНСАН

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 1-СААТ

## ТАБИЯТ ЖАНА БИЗ

Эч кимге жашыруун эмес, биздин дүйнө экологиялык катастрофанын босогосунда турат. Жаратылыштын абалы адамзаттын тиричилик кылуусуна коркунуч алып келүүдө. Адам биосферанын мыйзамдарын бузгандыгы үчүн, өзүнүн ден соолугу аркылуу төлөп келүүдө. Бирок, эң негизги коркунуч, келечектеги муун аны төлөйт. Жаратылышты кризистен куткарып калуунун жападан жалгыз аракети – жаратылыштын үнүн угуу, анын мыйзамдарына баш ийүү, жерге жана анын байлыгына керектөө мамиледен арылуу, экологиялык маданиятты өстүрүү.

Биз көргөндөй, жаратылыш, анын мыйзамдарын аткарбагандарды, өтө катуу жазалайт. Анын төрт мыйзамы бар. Аларды оңой эске тутуп алса болот! Мына ошентип, экологиянын төрт мыйзамы. Аларды америкалык окумуштуу Баари Коммонер таап чыккан. Бул мыйзамдар төмөнкүлөр:

Биринчи мыйзам «Бардыгы баары менен байланышта». Бул мыйзамдын иш-аракетин биз мисалдарда айтып өттүк. Экинчи мыйзам мындай аталат: «Баары бир жакка жок болушу керек». Эч нерсе дайынсыз жок болуп кетпейт, анын ичинде таштандылар да, аны көмүп салат же өрттөп жиберишет. Бир заттан башка зат пайда болот, ал абага көтөрүлөт, климат өзгөрүп, адамдар ооруй башташат. Үчүнчү мыйзам «Эч нерсе бекер берилбейт». Жаратылыштан алган бардык нерсени, жаратылыш башка жолдор менен өзү тартып алат. Таранчыларды жок кылдыкпы зыянкечтер бардык түшүмдү жеп койду, жырткыч куштарды атып жок кылдык – чилдер (кекилик) жоголуп кетти. Бардыгы үчүн төлөшүбүз керек. Төртүнчү мыйзам «Жаратылышка маалым». Адам өзүм билемдик менен жаратылышты «жакшыртам» деп, табигый процесстердин жүрүшүн бузуп жатат. Жаратылышта эч бир калдыктар болбойт: жаратылышта бардык органикалык заттардын өзүнүн ферменти болот, бул заттарды жайына коюуга адамзат көптөгөн сандагы химиялык заттарды жана материалдарды жаратты жана жаратып жатат, алар табият чөйрөсүнө түшүү менен, жок болуп кетпей, чогулуп, жаратылышты бузуп жатат. Экологиялык маданияттын жыйынтыгы болуп, аны билүү жана бул мыйзамдарды аткаруу саналат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**ТОПТУК ЫКМА**

**Тапшырма 1**. Текстти окуп чыгып төмөнкү тапшырмаларды аткаргыла.

Келгиле, виртуалдуу дүйнөгө кирип көрөлү. Биз Ташкентте экенибизди элестетели. Биз азыр Ташкент шаарынын көчөлөрүнө рейд жасайлы, шаардын жашоочулары экологиялык мыйзамдарды сакташабы же жокпу, көрөбүз.

**1-топко:**

Завод иштелип чыккан уулуу заттардын суусун, дарыяга төгүп салды. Топ төмөнкү суроолорго таянып, өзүнүн презентациясын даярдайт: • Шаардын жашоочуларына жана көлмөлөргө кандай коркунуч алып келет? • Кайсы экологиялык мыйзам бузулган?

**Болжолдуу жооптор:**

Уулуу заттар, дарыяда жашаган өсүмдүктөрдө жана балырларда сөзсүз олтуруп калышы мүмкүн. Уулуу заттар өсүмдүктөрдү жана балырларды жеген балыктардын ашказанына кирет. Эгерде, чөп жеген балыкты жырткыч балык жесе, уулуу заттар анын организимине отуруктaшат. Бул балык, балык кармаган адамдын кайырмагына илинсе, анда бул адам мыйзам боюнча тамак аштан ууланат;

• Экологиялык мыйзамдын биринчи жана экинчи мыйзам бузулду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**2-топко:**

Жашоочулар жалбырактарды шаардан сыртка алып чыкпай, жеринде өрттөштү. • Бул бизге кандай коркунуч алып келет жана жашоочулар кайсы экологиялык мыйзамды бузуп жатышат?

**Болжолдуу жооптор:**

Дарактардын жалбырактары автомашиналардан чыккан өтө көп сандагы уулуу заттарды өзүнө топтойт. Аны сөзсүз жок кылуу керек;

• Экинчи мыйзамдын бузулуусу көрүнүп турат: жашоочулар жалбырактарды өрттөп салсак, ал өзүнөн өзү жок болуп кетет деп ойлошот, бул андай эмес: жалбырактар өрттөнүп, абага көп сандагы уулуу заттарды чыгарат, бул адамдардын ооруусуна алып келет;

• Жалбырактарды өрттөөгө болбойт, аны шаардын сыртына алып чыгуу керек.

**3-топко:**

Гүл саткан дүкөндөн «биогумус» жазуусу бар жер семирткичин сатып алабыз. Анын сыртында жазуусу бар эле, бул жер семирткич жөнөкөй таштандыдан жасалган, аны таң каларлык сөөлжан иштеп чыккан, сөөлжан калифорниялык окумуштуу тарабынан ойлонуп чыгарылган! Дагы окуйбуз. Бул сөөлжан кандай гана органикалык материал болбосун жейт: таарынды, кагаз, картон, чирип калган жашылчалар ж.б. у.с., буларды ал баалуу органикалык жер семирткич кылып чыгарат–аны биогумус деп аташат. Полиэтиленди, темирди жана айнекти сөөлжан жебейт, аны ал сиңире албайт. Сөөлжан таң калгандай соргок болот: салмагына караганда, ал күнүнө эки эсе көп жейт, ал анча тандабайт жана +4 С дан +40 градуста өзүн абдан жакшы сезет. Бул иштерман сөөлжан 16 жыл жашайт. Кандай деп ойлойсуңар, бул сөөлжанды чыгарган адамдар экологиянын мыйзамын буздубу же жокпу?

**Болжолдуу жооптор:**

Бул, тескерисинче, экологиянын мыйзамын туура аткарды.

• Бул жерде экинчи мыйзам аткарылып жатат: «Баары бир жакка жок болушу керек». Таштанды уулуу заттарга айланган жок, сөөлжанга тамак жана баалуу жер семирткич болуп жатат.

• Дагы төртүнчү мыйзам аткарылып жатат: «Жаратылыш жакшы билет» деген. Сөөлжан жаратылыштын маңызы, ал калдыктарды кайрадан иштеп чыгарып жатат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**4-топко:**

Бир кезде бул жер саз болгон, бакалар көңүлдүү чардашкан, чиркейлер көбөйгөн. Дачасы барлар саздан арылууну көздөшүп, аны кургата башташкан. Токойго жана дарыяга анын кесепети кандай болушу мүмкүн эле? Жаратылышты түзөйбүз деп, адамдар кайсы мыйзамды бузушту?

**Болжолдуу жооптор:**

Аны жасабаш керек эле! Сазды кургатып, балыктарды жана өсүмдөктөрдү жоготуп алабыз! • Төртүнчү мыйзам бузулуп жатат: «Жаратылыш абдан жакшы билет» деген. Эгерде, жаратылыш сазды ушул жерде жаратса, анын орду ушул жерде болушу керек; • Экологиялык тең салмактуулук болушу үчүн бул жер сазга дал келет, бакаларга да, чиркейлер үчүн да, антпесе ал жер кургап кетет.

**Тапшырма 2.** Ар бир топтун окуучулары айлана-чөйрөнү сактоо үчүн кайрылуу жазышат.

Биринчи топтун окуучулары бизнесмендерге, экинчи топтун окуучулары базар жана дүкөн ишкерлерине, үчүнчү топтун окуучулары фермерлерге жана дыйкандарга, төртүнчү топтун окуучулары айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине, бешинчи топтун окуучулары мектептин окуучуларына кайрылуу жазышат.

Кайрылуунун үлгүсү: Урматтуу мектеп окуучулары! Карагылачы шаар жана айыл айланасын таштанды таштоочу жайга айландырып жатышат. Эгерде, ар күнү таштанды таштай берсек жана таштандыларды албасак, айланабызда таштанды тоолору эртерээк өсүп кетүүсү ыктымал. Жаратылышта таштанды айлампасы пайда болот. Жаңы жыл убагында көз жоосун алган аппак кардын ордуна асмандан банкалар, түтүктөр, кабыктар жана айрылган баштыктар түшөт. Эч качан кесиндилерди, кабыктарды, таякчаларды, күн караманы жана башка таштандыларды туш келди таштабагыла! Тазалыкты сактагыла!

**АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ** — **ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАР**

**1-суроо**

**Жаратылышты кризистен куткарып калуунун жападан жалгыз аракети кайсы вариантта туура эмес берилген?**

А өз пикирлери менен талашуу

Б жаратылыштын үнүн угуу, анын мыйзамдарына баш ийүү;

В жерге жана анын байлыгына керектөө мамиледен арылуу,

Г экологиялык маданиятты өстүрүү;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**2-суроо**

**«Эч нерсе дайынсыз жок болуп кетпейт» бул пикир жаратылыштын канчанчы жана эмне деген мыйзамына тиешелүү?**

- **А** Экинчи мыйзам мындай аталат: «Баары бир жакка жок болушу керек».
- **Б** Биринчи мыйзам «Бардыгы баары менен байланышта».
- **В** Үчүнчү мыйзам «Эч нерсе бекер берилбейт».
- **Г** Төртүнчү мыйзам «Жаратылышка маалым».

## ОЙ КЫЛЧОО

**Тапшырма 3.** Жогорудагы окумуштуулардын илим жөнүндөгү айткан сөздөрүн окуп чыгып, төмөнкү текст боюнча сүйлөмдөрдүн түгөйүн таап толуктагыла.

| | |
|---|---|
| Жаратылышта бардык органикалык заттардын өзүнүн ферменти болот, | |
| | Өзүнүн денсоолугу аркылуу төлөп келүүдө. |
| Биз көргөндөй, жаратылыш, | |
| Адам өзүм билемдик менен жаратылышты «жакшыртам» деп, | |
| | Жаратылыш башка жолдор менен өзү тартып алат. |

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### ЧАКЧЫЛДАРДЫН ЭТИШТИК БЕЛГИЛЕРИ

Кошумча кыймыл-аракетти негизги кыймыл-аракеттин ар кандай шарты катары көрсөткөн, жөнөкөй сүйлөмдүн тутумунда мүнөздүү түрдө бышыктоочтук милдетти аткарган, чак, жак маанисин өзүнчө турганда билгизе албаган этиштик формалар чакчылдар деп аталат.

Чакчылдар бир жагынан тактоочторго, экинчи жагынан этиштерге окшошот. Чакчылдар башка этиштердей эле кыймыл-аракеттик маанини билдирет. Бирок чакчылдар аркылуу туюндурулган кыймыл-аракет көбүнчө башка бир кыймыл-аракетти мүнөздөө үчүн колдонулгандыктан, кошумча кыймыл-аракет катары саналат.

Мисалы: *Ишти акылдашып иштеди* деген сүйлөмдө эки кыймыл-аракет бар: акылдашып – кошумча кыймыл-аракет, *иштеди* – негизги кыймыл-аракет. Атоочтуктардагы этиштик касиеттер чакчылдарга да тиешелүү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма 4.** Текстти окуп чыгып, чакчылдарды көчүрүп жазгыла жана алардын белгилерин айтып бергиле.

**Үлгү:** *Адамдар ооруй башташат.*

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма 5.** Тексттеги чакчылдардын этиштик белгилерин мүнөздөгүлө, чакчылдар аркылуу кыймыл-аракет кандайча туюндурулуп жатат?

### ЖАЙСАҢ КОМУЗЧУ

Жайсаң комузчу өзүнүн шакирти Каражигит менен эл аралап, күү чертишип, айылдан айылга аласасы бардай шашып келет. Азыр да кеч калбайлы дегендей, алдындагы карагерин үстөккө-босток камчыланып, туу белди эңкейишти. Тээ алыстан көл көрүнду мелтиреп... Жай толугунда айлана кандай кооз...

Күн чыгышты беттеп жүрүшкөндүктөн жүздөрүндө жаңы чыгып келаткан күндүн нуру ойноп, көздөрүн уялта тиктейт. Аттардын таноолору бырылдап, тердик алды булоолоп, сааркы шүүдүрүмдө буу асманга көтөрүлүп, алтын нурга көгүш-жашыл болуп чагылышат... Жылгадан агып түшкөн сууларды шимирип жаткан көлгө жел жүргөн сайын нурлар сынып, жээктеги узун шырыктай камыштардын көлөкөсүнө жашынып көрүнбөй калат.

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Көп чекиттин ордуна чакчылдарды жасоочу мүчөлөрдү улап, көчүрүп жазгыла. Алар кандай мүчөлөр экенин (сөз жасоочу, сөз өзгөртүүчү) далилдегиле. Сүйлөмдөрдөн негизги кыймыл-аракет менен кошумча кыймыл-аракетти билдирген этиш сөздөрдү тапкыла.

1. Сен муну сууга сал... анан кургат... буласын чыгарып ал... кездеме токууга тийишсин.
2. Өлбөс хан ордунан турайын деп жатканда, төркү үйдөн Саламат хан тур... жүтүрдү.
3. Экөөбүз бир үйдө жан сактагандан бери мага алая кара..., тил тийгиз..., көңүлүмдү калтырган жоксуң.
4. Анархан менен Сакадай келе жаткан экөөнү тааныса да, утурла... басышпады.
5. Акырын тур... эки жакты кара... короого эки киши кирип келди.
6. Аюу чоң таштарды бийик аскадан кулат... мен жашынып калып, дабышын ук... тур... бердим.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 2-СААТ

### ТАБИЯТТЫ КОРГОО – АР БИРИБИЗДИН МИЛДЕТИБИЗ

Уулуу химиялык заттардын айлана-чөйрөгө туруктуулугу жана дайыма көчүп жүрүшү инсандардын саламаттыгына чоң зыян келтирет. Жер шаарында жылына 20 миллиард тоннадан ашык көмүр жагылат. 2.5 миллиард тонна нефтиден жанылгы катарында пайдаланылат. Алардан абага 200 миллион тонна ис газы, миллиондогон тонна бензин буусу жана башка уулуу газдар ажыралып чыгат.

Атмосфераны уулантуучу заттардын 40%ы транспорттон, 20%ы түрдүү жанылгылардан 15%ы өндүрүш жараяны жана 25%ы башка булактардан чыгат.

1960-жылдарга чейин Арал, Каспий деңизи, Виктория жана Жогорку көл катарында дүйнөнүн төрт эң ири, ички суу бассейндеринин бири болгон. Арал бою суу басссейнинде жылына 35миң тоннага чейин балык кармалган. Дүйнөлүк океанга чыгууга мүмкүнчүлүгү болбогон суу бассейнинде балыктардын сейрек түрлөрү жашаган жана алар дүйнө илимий коомчулугунда чоң кызыгууну ойготкон.

Аралдын тереңдиги кээ бир жерлерде 68 метрге жетип, айлана-чөйрөгө, климатка, адамдар жана жаныбарлар дүйнөсүнө оң таасир тийгизген.

Азыр болсо Арал деңизинин кургап калган бөлүгүнүн ордунда 5,5 миллион гектардан ашык аянтта жаңы Аралкум чөлү пайда болду. Балыктардын бардык түрлөрү, өсүп турган өсүмдүктөрдүн жарымы, анын ичинде кыргоол, үкү, чочко, кашкулак жана жайра жашаган токойзар, кыргак асты токойлор жок болуп кеткен.

Амударыя менен Сырдарыя суусунун Аралга куюлуучу жалпы көлөмү кийинки элүү жыл ичинде 5 барабар, Арал деңизинин суусу болсо 14 барабардан көбүрөөк азайды. Арал деңизи суусунун шордонуу даражасы 25 эсе жогорулашы балык жана башка деңиз жаныбарларынын бүтүндөй кырылып кетишине алып келди.

### ОЙ КЫЛЧОО

**Тапшырма 1.** Текстке карата суроолуу тапшырмалар.

1. Табият жана инсан саламаттыгынын ортосунда кандай байланыштуулук бар?
2. Атмосфераны ууландыруучу заттар кайсылар?
3. Арал трагедиясынан эл кандай жабыр көрүшү мүмкүн?
4. Төмөнкү темалар боюнча презентация даярдагыла.

а) «Мен жашаган аймактагы экологиялык көйгөйлөр»
б) «Инсан табияттын куткаруучусубу же ...?»

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Тапшырма 2.** Сүрөттөр менен иштөө. Төмөнкү берилген сүрөттөр боюнча өз пикириңерди билдиргиле.




**Тапшырма 3.** Текстти окуп, төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктоо боюнча тест тапшырмаларын аткаргыла.

**Изден**

**1. Уулуу химиялык заттардын айлана-чөйрөгө...... жана дайыма көчүп жүрүшү инсандардын саламаттыгына чоң зыян келтирет.**

а) туруктуулугу в) чыдамдуулугу
б) пайдалуулугу г) зыяндуулугу

**2. Дүйнөлүк океанга чыгууга мүмкүнчүлүгү ....... суу бассейнинде балыктардын сейрек түрлөрү жашаган жана алар дүйнө илимий коомчулугунда чоң кызыгууну ойготкон.**

а) болбогон в) болгон
б) бар г) кеңири

**3. Аралдын тереңдиги кээ бир жерлерде 68 метрге жетип, айлана-чөйрөгө, климатка, адамдар жана жаныбарлар дүйнөсүнө .... таасир тийгизген.**

а) оң в) терс
б) жакшы г) жаман

**4. Азыр болсо Арал деңизинин кургап калган бөлүгүнүн ордунда 5,5 миллион гектардан ашык ..... жаңы Аралкум чөлү пайда болду.**

а) аянтта в) аймакта
б) жерде г) кургактыкта

**5. Арал деңизи суусунун шордонуу даражасы 25 эсе жогорулашы балык жана башка деңиз жаныбарларынын ..... кырылып кетишине алып келди.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



а) бүтүндөй
б) массалык түрдө
в) бардыгы
г) жок болуп

**Тапшырма 4.** Текстке таянып аткаргыла.

Төмөнкүлөр чынбы?
Ойлонуп, жооп бергиле.

1. Уулуу химиялык заттардын айлана-чөйрөгө туруктуулугу жана дайыма көчүп жүрүшү инсандардын саламаттыгына чоң зыян келтириши чынбы?
2. Жер шаарында жылына 20 миллиард тоннадан ашык көмүр жагылышы чынбы?
3. 2.5 миллиард тонна нефтиден жанылгы катарында пайдаланбастыгы чынбы?
4. Алардан абага 200 миллион тонна ыш газы, миллиондогон тонна бензин ажыралып чыкпастыгы чынбы?
5. Дүйнөлүк океанга чыгууга мүмкүнчүлүгү болбогон суу бассейнинде балыктардын сейрек түрлөрү жашаган жана алар дүйнө илимий коомчулугунда кызыгууну ойгот олбагандыгы чынбы?
6. Азыр болсо Арал деңизинин кургап калган бөлүгүнүн ордунда 5,5 миллион гектардан ашык аянтта жаңы Аралкум чөлү пайда болгондугу чынбы?
7. Ал жерде балыктардын бардык түрлөрү, өсүп турган өсүмдүктөрдүн жарымы, анын ичинде кыргоол, үкү, чочко, кашкулак жана жайра жашаган токойзар, кыргак асты токойлор бар экендиги чынбы?

**Угуп түшүнүү**

**Тапшырма 5.** Тексттен алынган үзүндүнү угуп, сүйлөмдөгү боштуктарды толтургула.

1960-жылдарга _____ Арал, Каспий деңизи, Виктория жана Жогорку көл катарында _____ төрт эң ири, ички суу бассейндеринин _____ болгон. Арал бою суу басссейнинде жылына 35 миң тоннага чейин __ кармалган. Дүйнөлүк _____ чыгууга мүмкүнчүлүгү болбогон суу бассейнинде балыктардын _____ түрлөрү жашаган жана алар дүйнө _____ коомчулугунда ___ кызыгууну ойготоалбагандыгы.

Аралдын терендиги кээ бир _____ 68 метрге жетип, айлана-чөйрөгө, климатка, адамдар жана жаныбарлар _____ оң таасир тийгизген.

Азыр болсо Арал деңизинин кургап калган бөлүгүнүн ______ 5,5 миллион гектардан ашык аянтта ______ Аралкум чөлү пайда болду.

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### КЫЙМЫЛ АТООЧТОРДУН ЭТИШТИК БЕЛГИЛЕРИ

Кыймыл-аракеттин атын билгизип, белгилүү даражада жөндөмө, таандык, көптүк мүчөлөр менен өзгөргөн, этиштик белгилерге да ээ



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



болуп көбүнчө ээлик, толуктоочтук милдетти аткарган өзгөчө формалар кыймыл атоочтор деп аталат.

1. Кыймыл атоочтор зат атоочко жана нагыз этишке окшоп айтылат. Атоочтуктар, чакчылдар үчүн мүнөздүү болгон этиштик белгилердин көпчүлүгү кыймыл атоочторго да мүнөздүү.

Мисалы: *Акылдуу адам өз теңин табууга умтулат.*

Кыймыл атоочтогу этиштик белгилер канчалык азайган сайын, ал сөздүн зат атоочтук касиети ошончолук айкын сезилет. Ал акы- ры зат атоочко толугу менен өтүп да кетет.

Мисалы: *Китеп окууну жакшы көрбөгөндөрдүн ой жүгүртүүсү да начар болот.*

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма 6.** Текстти окуп чыгып, кыймыл атоочтор катышкан сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

**Үлгү:** *Уулуу химиялык заттардын айлана-чөйрөгө туруктуулугу жана дайыма көчүп* ***жүрүшү*** *инсандардын саламаттыгына чоң зыян келтирет.*

### КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма 7.** Тексттеги кыймыл атоочторду уңгу мүчөгө ажыратып, аларга кандай мүчөлөр улангандыгын айтып бергиле

**Үлгү**: *чыгууга; – уңгусу чык, мүчөлөрү – уу кыймыл атоочту жасоочу мүчө, -га барыш жөндөмөнүн мүчөсү;*

### ТОПТУК ЫКМА

**Тапшырма 8.** Биринчи топтун окуучулары эмне үчүн кыймыл атоочтордо этиштик белгилер басымдуулук кыларын далилдегиле, ал эми экинчи топтун окуучулары кыймыл атоочтун зат атоочко окшош белгилерин түшүндүргүлө.

1. Акылсыз менен табышуу абдан кыйын.
2. Анын дайыма кечикмей адаты азыр калды.
3. Сабактан жакшы окумакка убадасын берди.
4. Шахмат ойноого да убакыт табуу керек.
5. Эс алууну ойлогон командир ары-бери басып турду.
6. Жамийла жарашыктуу кийинүүнү, тырмактарын боёнууну, киного көп барууну жактырчу.
7. Бул оор ишке белсенип иштемек болдум.
8. Сабактан жакшы окуу — биздин негизги милдетибиз.

### ҮЙГӨ ТАПШЫРМА

Төмөнкү берилген этиш сөздөргө кыймыл атоочту жасоочу мүчөлөрдү жалгап жазгыла жана аларды катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө.

Бар, кел, оку, кел, кечик, жуун, жаз, бак, жолук, жайыл, өстүр, сүйлө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 3-СААТ

### ГЛОБАЛДЫК КӨЙГӨЙЛӨР

Глобалдык көйгөйлөр – эң курч, турмуштук маанилүү, дүйнөлүк жана жалпы адамзаттык маселелердин жыйындысы. Аларды чечүү бардык элдердин жана мамлекеттердин биргелешкен аракеттерин талап кылат.(согуш жана тынчтык, эл аралык коопсуздук, экология ж.б.)

Азыркы учурда негизги глобалдык көйгөрлөргө: ядролук коркунуч, экологиялык кризис, иммун жетишсиздик оорусунун синдрому («СПИД») эпидемиясы, саламаттыкты сактоо абалы, дүйнө калкынын санынын кескин өсүшү, сабатсыздык, экономикалык кризис, азык-түлүк, каада – салттарды жокко чыгаруу, конверсия жана терроризм проблемалары кирет. Бул глобалдык проблемалардан 20-кылымдын аягында экологиялык көйгөрлөр айрыкча курч мүнөзгө ээ болду. Алар адамдын жаратылышка жана өзгөргөн табияттын кайра адамга таасир этиши менен байланышкан.

Азыркы учурдагы глобалдык экологиялык көйгөрлөргө дүйнөлүк океандын булганышы, минералдык ресурстардын түгөнүшү, озон катмарынын жукарышы (озон тешиги), өсүмдүк менен жаныбарлар түрлөрүнүн жоголушу, климаттын глобалдык деңгээлде жылышы (күнөсканалык эффект), эл аралык кырсык каптаган аймактардын (Арал, Чернобыль, Амазонка токойлору ж.б.) пайда болушу, кылым оорулары (рак, ковид түрлөрү ж.б.) кирет.

Дүйнөлүк океандын булганышы биринчи кезекте антропогендик зыяндуу заттардын (нефть, көмүртектүү суутек бирикмелери, пестициддер, оор металлдар, детергенттер, радионуклиддер жана башкалар) океан акваториясына түшкөнү боюнча эсептелинет. Зыяндуу заттар деңизге жана океанга дарыя агымдары, атмосфералык аба (таштандыларды деңиздерде жок кылууда), деңиз транспортторунун жана танкерлердин авариясында келип түшөт.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







**Тапшырма 1.** Текстке таянып таблицаны толтургула.

**Изден**

| | |
|---|---|
| Глобалдык көйгөйлөр......... | |
| Азыркы учурда  негизги глобалдык проблемалар..... | |
| Бардык элдердин жана мамлекеттердин биргелешкен аракеттери | |
| Азыркы учурдагы глобалдык экологиялык көйгөрлөр | |
| Дүйнөлүк океандын булганышы | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



АКЫЛДЫ КУРЧУТУУ

## ТЕКСТ БОЮНЧА ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАРЫ

**1-суроо**

**Азыркы учурда негизги глобалдык көйгөйлөргө кайсы бир туура келбейт?**

А) кылым оорулары (рак, ковид түрлөрү);

Б) ядролук коркунуч;

В) каада салттарды жокко чыгаруу;

Г) дүйнө калкынын санынын кескин өсүшү.

**2-суроо**

**Дүйнөлүк океан эмненин эсебинен булганат?**

А) нефть, көмүртектүү суутек бирикмелери океанга түшүшү менен;

Б) климаттын глобалдык деңгээлде жылышы менен;

В) эл аралык кырсыктардын болушу менен;

Г) минералдык ресурстардын түгөнүшү менен.

**ТОПТУК ЫКМА**

**Тапшырма 2.** «Кластер» методунда төмөнкү тапшырмаларды аткаргыла

| 1-топко | 2-топко |
|---|---|
| Эл аралык кырсык каптаган аймактар | Кылым оорулары |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

**БАШ МҮЧӨЛӨРДҮН (ЭЭ МЕНЕН БАЯНДООЧТУН) ОРТОСУНА СЫЗЫКЧАНЫН КОЮЛУШУ**

Ээ 3-жакта туруп, баяндоочтун милдетин атооч жөндөмөдөгү зат атоочтор же заттык маанидеги башка атоочтор аткарса, аларга баяндоочтук белги болгон жак мүчөлөр уланбайт. Мындай учурда баяндоочтун ээден кийин алган соңчул орун тартиби баяндоочтук белгиси катары келет. да алардын арасына сызыкча коюлат.

Мисалы: *Ал – жазуучу. Эмгек – бакыт*

Оозеки кепте бул түзүлүштөгү сүйлөмдөрдүн ээ, баяндоочунун ортосунда кыска тыным болот. Ал эми жазууда ал тыным болгон жерге, ээ менен атоочтук баяндоочтун ортосуна сызыкча коюлат. Сызыкча андай сөз тизмектеринин сүйлөмдүк касиетке ээ болушуна жардамдашып турат.

## ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма 3.** Текстти окуп чыгып, ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкча коюлган сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма 4.** Төмөнкү накыл кептерди жатка билип алгыла. Ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлушуна көңүл бургула. Сызыкча кайсы учурда коюла тургандыгын эстегиле.

### НАКЫЛ КЕПТЕР

Дүйнө – улуу жол,
Заман – соккон жел.
Алдыдагы толкун – агалар.
Арттагы толкун – инилер.
Атаң өлсө – агаң ата,
Энең өлсө – эжең апа.
Киреше – тоскон суудай,
Чыгаша – аккан суудай.
Эли байдын – дили бай.
Жакшы келсе – кут,
Жаман келсе – жут.
Бал – аарыдан,
Мээрим – аялдан

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Ээ менен бандоочтун ортосуна сызыкча коюлган сүйлөмдөрдү жыйнагыла. Аларды катыштырып, чакан текст түзгүлө. Ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлушунун себебин аныктагыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 4-СААТ

## КОЖОЖАШ МЕРГЕН БАЯНЫ

Илгери-илгери байыркы өткөн заманда кыргыздар тоо - тоодо көчүп-конуп жашаган кезде Кожожаш деген көзгө атар мерген чыгыптыр.

Ал аткан жаанын жебеси эзели сая кетпей, түз эле мээлеген жерине кадалчу экен. Кожожаш мерген күн сайын аң уулап, тоодон жаныбарларды атып келип, бир айыл элди багып жүрүптүр. Бара-бара мергенчилигин улантып,тоо эчкилердин көбүн кырып жоготот.

«Балам, кайберендин тукумун көп кырбасаңчы?! Бизди каргап койбосун», – деп акылман карыялар ага насаат айтышат. Кыргыздар жапайы кой-эчкилердин түпкү атасын кайберен деп аташчу. Кайберен бирде адамга айланып, бирде кой-эчки түспөлүнө кубулуп турат деп элестетишчү.Кайберен көзгө көрүнбөй жапайы кой-эчкилерди коргоп жүрөт деп ойлошчу.

Мергенчилер 999 жаныбар аткандан кийин курал-жарагын таштаган. Менимче окту аткан эмес.Миңинчи жаныбарды атса, ал өлөрдө башы менен жерге тикесинен сайылып оңко турат. Демек, эми атканды токтот деген белги бергени. Аңчылыкты дагы улантса, анда анын үйүнөн кырсык кетпейт, оору-сыркоо көбөйөт. Ошондуктан элдер ачкадан өлбөс үчүн гана , айла жок аңчылыкка чыгышчу.

### ОЙЛОН

Текстти окуп, сөздөргө мүнөздөмө берип, төмөнкү таблица боюнча иштегиле. Жоопторду тексттен таап жазгыла.

1. Текстте эмне жөнүндө ой төгүндөлдү?
2. Адамдар эмне үчүн жаныбарларды атышкан?
3 «Кожожаш» эпосун окудуңарбы? Ал кандай эпос?
4. Кыргыздар эмне үчүн тоо-тоодо көчүп-конуп жашашкан?
5. Мергенчилер эмне үчүн 999 жаныбар аткандан кийин курал-жарагын таштаган?
6. Башы менен жерге сайылып оңко турат деген эмне? Маанисин чечмелеп бергиле.

### СҮРӨТТӨР МЕНЕН ИШТӨӨ

**Тапшырма 1.** Кожожаш мерген, аскада турган элдердин сүрөтү жана балдарын коргоп турган жаныбарлар (түлкү, карышкыр, эчки, кыргоол ж.б,)

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE













## МЭЭ ЧАБУУЛУ

**Тапшырма 2.** Төмөнкү суроолор боюнча Кожожаштан интервью алгыла.

1. Сиз эмне үчүн мергенчилик кесипти тандагансыз?
______________________________________________

2. Сурэчки менен эрегишип калганыңыздын себеби эмнеде?
______________________________________________



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



3. Ал сизге кандай шарт койду?____________________________________.

4. Сиз жаратылыштын жазылбаган 999 мыйзамына кандай карайсыз?

_______________________________________________________

5. Өзүңүздү бул мыйзамдын эрежелерин сыйлап, ага жараша иш тутам деп ойлойсузбу?__________________________________.

6. Балаңыз Молдожаштын сизге окшоп мергенчилик кесипти тандашын каалар белеңиз?_______________________________________________

7. Сиз үчүн биринчи кезекте элби же жаныбарлар дүйнөсүбү?

_______________________________________________________

Сурэчкинин «Сага мен энелигимди тааныттым», – деп айтканда кандай абалга түштүңүз?_______________________________________________

**Тапшырма 3.** Текстти окуп корутунду чыгаргыла жана төмөнкү суроолорго ойлонуп жооп бергиле.

| Суроолор | Жообу |
|---|---|
| Сага мергенчилик кесип жагабы? | |
| Сен жаныбарларды уулоого кандай карайсың? | |
| Жаныбарлар дүйнөсү дегенде эмнени көз алдыңа келтиресиң? | |
| Жаныбарларды атып, оңкого турган жана кандай мергенчилер жөнүндө билесиңер? | |
| Эгер сен Кожожаштын ордунда болсоң кандай жол тутмаксың?<br>Алдыңда балдарынын жанын сурап жалдырап турган Сурэчки, артыңда сени эле карап турган ачка элиң. Кайсы бирин тандамаксың? | |
| Азыркы кезде жаныбарларды коргоо боюнча өлкөбүздө кандай иштер алып барылууда? | |

**ТОПТУК ЫКМА**

**Тапшырма 4.** Кожожашка мүнөздөмө бергиле. Биринчи топтун окуучулары Кожожаштын оң сапаттарын, экинчи топтун окуучулары терс сапаттарын жазгыла.

| 1-топко | 2-топко |
|---|---|
| Кожожаштын оң сапаттары | Кожожаштын терс сапаттары |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма 5.** Текстти угуп, төмөнкү сүйлөмдөрдү толуктагыла.

| Сүйлөмдөр | Сөздөр |
|---|---|
| «Балам, кайберендин .....көп кырбасаңчы?! Бизди...... койбосун», – деп акылман карыялар ага..... айтышат. Кыргыздар жапайы ............... түпкү атасын кайберен деп аташчу. Кайберен ..... адамга айланып, бирде койэчки түспөлүнө ..... турат деп элестетишчү. Кайберен көзгө көрүнбөй.... кой-эчкилерди .... жүрөт деп ойлошчу. | Кой-эчкилердин, бирде, жапайы, тукумун, каргап, коргоп, насаат, |

## КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК ГРАММАТИКАСЫ

### СҮЙЛӨМДҮН БАШ МҮЧӨЛӨРҮНҮН ТОЛУК ЭЭРЧИШҮҮСҮ

Сүйлөмдүн баяндоочу грамматикалык жактан ээге баш ийип, аны жак жана сан боюнча ээрчип байланышат.

1. Сүйлөмдүн ээси 1, 2-жактагы жактама ат атоочтордон болсо, баяндоочуна да ошол жактын мүчөлөрү жалганып, ээни дайыма жак боюнча толук ээрчийт.

Мисалы: *Биз келечекке карыздарбыз. Мен медицина тармагында иштейм. Силер бейпилчиликте жашайсыңар.*

2. Ээнин милдетин аягына I, II жакка таандык мүчөлөр жалганган өз, баары деген ат атоочтор жана жамдама сан атоочтор аткарышса да, баяндоочтору дайыма ээни жак боюнча толук ээрчип, I же II жакта айтылат.

Мисалы: *Табышмактын жандырмагын өзүм табам. Баарыбыз студентпиз. Бешөөңөр шаарга барасыңар.*

### СҮЙЛӨМДҮН БАШ МҮЧӨЛӨРҮНҮН ТОЛУК ЭМЕС ЭЭРЧИШҮҮСҮ

Сүйлөмдүн баяндоочу ээ менен жак уландылары боюнча дайыма эле толук ээрчише бербейт. Айрым учурда баяндооч ээ менен жак мүчөсү уланбай туруп эле, мааниси боюнча ээрчишип байланышат. *Мисалы: Сен шаарга окууга тапшырганы бар. – Ой, жолоочу, сен токтой тур! Өзбекстан – эгемендүүлүккө ээ болгон өлкө.*

**Өз алдынча иштөө**

**Тапшырма 6.** Текстти окуп чыгып, баш мүчөлөр толук ээрчишкен сүйлөмдөрдү көчүрүп жазгыла.

**Үлгү:** *Мергенчилер 999 жаныбар аткандан кийин курал-жарагын таштаган.*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма 7.** Тексттеги толук ээрчишкен баш мүчөлөрдү толук эмес ээрчишкен түргө салып көчүрүп жазгыла.

**ТОПТУК ЫКМА**

**Тапшырма 8.** Төмөнкү берилген тексттен биринчи топтун окуучулары ээ менен баяндоочтун толук ээрчишүүсүнө, экинчи топтун окуучулары ээ менен баяндоочтун толук эмес ээрчишүүсүн белгилеп көчүрүп жазгыла.

**ЭНЕ**

Перзентке эненин мээр-махабаты атаныкынан да көбүрөөк болот. Айрым перзенттер баарынан ыйык, ары мээрбан эненин кадыр-сыйын билишпейт. Бир жаш жигит энесинин сөзүнө кулак салбады. Кыйкырып-өкүрүп, анын дилине азар берди. Мээрбан эне уулунун кылыгынан көңүлү сууп, көзүнө жаш алды. Анан уулунун наристе кезинде жаткан бешигин анын алдына алып келип коюп мындай деди:

– Эй, жаштыгын, наристе чагын унуткан уят-сыйытсыз акмак! Мына бул бешикти көрдүңбү? Наристе кезиңде сени ушул бешикке бөлөп, кечкисин таң атканча уктабай терметээр элем. Адеп ыйлай берсең бешиктен чечип алып, бооруңа басып сооротоор элем. Өтө көптөгөн машакаттарды көрүп, сени тарбияладым. Сен деп күч-кубаттан тайдым. Сен деп көп кыйынчылыктарга моюн сундум. Мына эми эр жетип, күч-кубатка толдуң, бирок жаштыгыңды жана наристелик дооруңду унутуп, мээрбан энеңе баш ийбейсиң! Анын көңүлүн жаралап, көз жашын төктүрөсүң. Андай кылбагын уулум, эненин махабаты канчалык зор жана чексиз экендигин унутпагын.



**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн толук жана толук эмес ээрчишүүлөрүн камтыган өзүңөр тандаган экологиялык темада чакан текст түзгүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Коммуникативдик тапшырма

**Тема: «Экология»**

| | |
|---|---|
| **Максат** | Оозеки пикир алышуу, маселерди чечүү жөндөмү сыяктуу коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрөт. |
| **Убакыт** | 15–20 мүнөт |
| **Катышуучулардын саны** | Окуучулардын баары катышат. Төрт топко бөлүнүшөт. |
| **Шарты** | Окуучулар төрт топко бөлүнүшүп, берилген цитаталар боюнча өз пикирлерин билдиришип, презентация даярдашат. |
| **1-топ** | «Дарактар – бул жердин кулак төшөп турган асман менен сүйлөшүү аракети». *(Рабиндранат Тагор).* |
| **2-топ** | «Табият – чындыктын мыкты окутуучусу» *(Сан-Августин).* |
| **3-топ** | «Биз адамдардын мыйзамдарына каршы тура алабыз, бирок табигый мыйзамдарга каршы тура албайбыз» *(Хулио Верн)* |
| **4-топ** | «Жаратылышты изилдөө, жаратылышты сүйүү, жаратылышка жакындоо бул эч качан көңүлүңүздү түшүрбөйт» *(Франк Ллойд Райт).* |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ЖЫЛ БОЮНЧА ӨТҮЛГӨНДӨРДҮ КАЙТАЛОО

### 1-2-саат

Чыңгыз Айтматовдун буга чейин кыргыз окурмандарына таптакыр белгисиз болуп келген «Чоор жана жер» («Флейта и земля») аттуу жаңы чыгармасы табылды. Ал чыгарма болгар тилинде жарык көргөн. Окурмандар бул чыгарма жөнүндө бир нече жылдар мурда кабардар болгон эле. Бирок анын мааниси жана мазмуну жөнүндө кол жазманы алгач академик Абдылдажан Акматалиев окуп чыгып, өз пикирин билдирген.

Жакында А. Акматалиев «Чоор жана жер» чыгармасынын үзүндүлөрү Болгариянын «Пламьк» (1973), «Литературный фронт» (1974) аттуу журналдарында жана болгар тилинде **жарык** көргөн **чыгармала**р жыйнагынын 2-томунда 1974–76-жылдары басылып чыккандыгы тууралуу маалыматты таап чыкты. Бул тууралуу Айтматов таануучу академик мындай дейт: «Чоор жана жер» орус тилинде жазылып, бирок орус тилинде да, кыргыз **тилинде** да жарык көргөн эмес. Жазуучу **өзүнүн** макалаларында, маектеринде же сүйлөгөн **сөздөрүндө** бул чыгармасы жөнүндө бир да жолу эскерген эмес. Чыгарма орус тилинен **болгар** тилине которулган.

Болгар окурмандары кырк жылдан бери Ч. Айтматовдун аталган повести жөнүндө **билишет**, а бизде али күнгө чейин колубузга жете элек. Анын үстүнө бул факт – «Чоор жана жерди» Ч. Айтматов жазган эмес деген кээ бир ишенбегендердин ойлорун жокко чыгарды. Чыгарма Чоң Чүй **каналынын** курулушуна байланыштуу окуяларды камтыйт. Мен бул повесттин болгар тилинде жарык **көргөнүн** үч жылдай издеп, акыры Болгариядан таап, алдырттым».

Мындан сырткары А. Акматалиев **аталган** чыгарманын башкы каармынынын прототиби Бейше Асакеевдин Улуу Ата Мекендик согуш **учурунда**

Сталинградда баатырларча курман **болгондугун** да тактап чыкты.

Айта кетсек, «Элдик маданият» сериясына чыккан Ч. Айтматовдун бул жыйнагына «Кош, Гүлсарат», «Бетме-бет», «Ботогөз булак», «Эрте келген турналар», «Чоор жана жер» повесттери жана «Атадан калган туяк», «Уулу менен көрүшүү» деген аңгемелери кирген.*«Де-факто» гезити, № 43, 2016*

*Текстке тема койгула.*

**1. Текстте негизинен эмне жөнүндө айтылат?**

а) Ч. Айтматовдун чыгармалары жөнүндө.

б) Жазуучунун бизге белгисиз болгон чыгармасы жөнүндө.

в) Айтматов таануучу А. Акматалиевдин изилдөө иштери жөнүндө.

г) Ч. Айтматовдун «Чоор жана жер» чыгармасынын болгар тилинде жарык көргөндүгү тууралуу.

**2. «Чоор жана жер» кыргыз тилинде жарыкка чыкканбы?**

а) Жок, алгач болгар тилинде чыккан.

б) Орус тилинде жазылып, болгар тилине которулган.

в) «Элдик маданият» сериясына чыккан жыйнакка камтылган.

г) Болгариянын «Пламьк» (1973), «Литературный фронт» (1974) журналдарында болгар тилинде жарык көргөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**3. Тексттин мазмуну бизге эмне жөнүндө эскертет?**
а) жазуучунун чыгармаларын изилдөө керектиги тууралуу
б) жазуучунун чыгармаларын окуп жүрүү керектиги жөнүндө
в) жазуучунун чыгармаларынын айрымдары бизге жетпегендиги тууралуу
г) жазуучунун чыгармалары али чет өлкөлөрдө көп экендиги жөнүндө

**4. Жазуучунун бул чыгармасы алгач кайсы тилде жазылган?**
а) кыргыз тилинде
б) орус тилинде
в) болгар тилинде
г) англис тилинде

**5. Аталган чыгарма жөнүндө кыргыз окурмандарын ким кабардар кылган?**
а) жергиликтүү басылмалар
б) академик А. Акматалиев
в) болгар журналынын редакциясы
г) «Де-факто» гезити

**Тапшырма** 1. Текстти окуп, суроолорго жооп бергиле.

Мезгил өнүгүп, жашоо-турмушубуз күн санап өзгөргөн сайын, экономика, адабият, маданият, саясат жана башка тармактарга «коммерция», «бизнес» деген жаңы түшүнүкөр аркылуу күндөлүк ишибизге мурда колдонулуп жүрбөгөн көптөгөн атоолор кирип, орун-очок алып келатат. Аларды бүгүнкү күнү бирибиз билип, бирибиз билбей бушайман болуп жүрөбүз. Ошондон улам биздин Улуттук комиссиянын курамында атоолор тобу иштеп келе жатат. Анын курамында эне тилибиздин касиети, байлыгы, бузулбашы жана өркүндөтүү, өстүрүү, байытуу багытында билимдерин көпчүлүк эл-журтка жеткирүүгө арнаган өз кесиптеринин азаматтары, мурдагыча айтканда, коомдук башталышта, азыркыча айтканда, бир тыйын акы албай иштеп келе жатышканын эрдикке тете десек болот. Атоолор тобундагы кызуу талаш-тартыштардан кийин, массалык маалымат каражаттары аркылуу элдин талкуусуна коюлган атоолордун кыргызча жаңы варианты жарыяланып, жалпыга сунушталууда.

Албетте, жаңы атоолор менен таанышкандан кийин, алардын айрымдары менен макул болбогон сунуштар, кээде тескерисинче, макул болуп колдогондордун каттары бизге үзгүлтүксүз



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

келип турат. Окурмандардын макул болбогон сунуштары атоолор тобунда кайрадан талкууга коюлуп, окурманга түшүнүктүү, жеңил- желпи жеткидей формадагысын издеп табуу аракети улантылат. Бизди өкүндүргөнү – айрым атуулдар кээде курулай атаандаштык менен биз коомчулукка сунушталган атоолордун туура эмес кыргызчаланганын сындап чыгышат да өздөрүнүн варианттарын бере алышпайт. Айрымдары андай эмес, мындай деп көпчүлүккө жакпаган варианттарды таңуулашат. Айрымдары чындап эле ошол атоонун генезисин, башка элдердеги айтылышын, эмнени түшүндүрөрүн баяндап беришин, биздин топтун ишин кыйла жеңилдетишет.

**1). 10-сатагы «анын» деген сөз эмнени билдирди?**

а) Улуттук комиссияны
б) Улуттук комиссиянын курамын
в) Улуттук комиссиянын курамындагы атоолорду
г) Улуттук комиссиянын курамындагы атоолор тобун

**2). Тексттен коомдук башталышта (15-сап) иштеген адамдардын кандай сапатка ээ болгонун билүүгө болот?**

а) эр жүрөктүк
б) жоомарттык
в) патриоттуулук
г) улутчулдук

**3). Автордун ачуулануусун кайсы саптардан түшүнүүгө болот?**

а) 23-27-саптарда
б) 27-31-саптарда
в) 31-37-саптарда
г) 37-41-саптарда

**4). Тексттин 23-41-саптарындагы башкы ой кайсы вариантта берилген?**

а) Окурмандардын макул болбогон сунуштары атоолор тобунда кайрадан талкууга коюлат;

б) Айрымдар андай эмес, мындай деп көпчүлүккө жакпаган башкача атоолорду таңуулашат;

в) Элдин арасында жаңы атоолорду жактырбагандар абдан көп жана алардын өзсунуштары да жок

г) Бизге жаңы атоолордун жагып-жакпаганы тууралуу маалыматтар элден келип турат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**5). Текстке эң ылайыктуу мүнөздөмө   кайсы вариантта берилген?**

а) берилген текст – жаңы атоолорду түзүү иштери тууралуу кыска маалымдоо;

б) берилген текст – кыргыз тилине кирген айрым атоолордун тарыхы жөнүндөгү макала;

в) берилген текст – кыргыз тилиндеги атоолордун пайда болуу жолдорун аныктаган толук илимий чыгарма;

г) берилген атоолорду туура кыргызчалоону көрсөткөн нускама.


### Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы

Фонетика деген эмне?

1. Тыбыш жана тамгалар. Үндүү жана үнсүз тыбыштар.
2. Үндүү тыбыштырдын классификациясы.
3. Үнсүз тыбыштардын классификациясы
4. Үндүүлөрдүн үндөштүк закону

Фонетикалык талдоо

**Венн диограммасы. Тапшырма.** Үндүү жана үнсүз тыбыштарга тиешелүү өзгөчөлүктөрдү экөөнө тең бирдей белгилерди атап, Венндин диаграммасын түзгүлө.




ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма.** Жогоруда берилген текстти окуп чыгып, көк түстө берилген бөлүгүндөгү тыбыштарды үндүү жана үнсүз тыбыштарга ажыраткыла.

**Үлгү:** Чыңгыз; Ч-үнсүз, ы-үндүү, ң-үнсүз, г-үнсүз, з-үнсүз;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма.** Тексттеги жашыл менен ажыратылып берилген бөлүгүндөгү сөздөрдү үндүү тыбыштар боюнча бөлүштүрүп чыккыла.

| кыска | созулма | эрин | эриндүү | кең | кууш | жоон | ичке |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |

## ТОПТУК ЫКМА

**Тапшырма.** Төмөнкү тексттен алынган үзүндүдөгү көп чекиттин ордуна тиешелүү үнсүз тыбыштарды коюп жазгыла.

Бол..ар окурмандары кырк жыл..ан бери Ч. Айтматовдун а..алган повести жө..үндө би..ишет, а бизде а..и күнгө чейин ко..убузга же..е элек. Анын үс..үнө бул ..акт – «Чоор жана ..ерди» Ч. Айтматов ..азган эмес де..ен кээ ..ир ишен..еген..ер..ин ой..орун жо..ко чыгарды. Чыгарма Чоң Чүй кана..ынын ку..улу..уна бай..аныш..уу окуяла..ды кам..ыйт. Мен бул повес.....ин болгар ти..инде жа..ык көргө..үн үч жы..дай из..еп, а..ыры Бол..ария..ан таап, ал..ыртты..».

**Тапшырма.** Тексттеги ажыратылып берилген бөлүгүндөгү сөздөрдү үнсүз тыбыштардын катышуусу боюнча бөлүштүрүп жазгыла.

| Жалаң жумшак үнсүздөр катышкан сөздөр | Жалаң каткалаң үнсүздөр катышкан сөздөр | Жумшак жана каткалаң үнсүздөр катышкан сөздөр |
|---|---|---|
| | | |

Мындан сырткары А. Акматалиев аталган чыгарманын башкы каармандынын прототиби Бейше Асакеевдин Улуу Ата Мекендик согуш учурунда Сталинградда баатырларча курман болгондугун да тактап чыкты. Айта кетсек, «Элдик маданият» сериясына чыккан Ч. Айтматовдун бул жыйнагына «Кош, Гүлсарат», «Бетме-бет», «Ботогөз булак», «Эрте келген турналар», «Чоор жана жер» повесттери жана «Атадан калган туяк», «Уулу менен көрүшүү» деген аңгемелери кирген.«Де-факто» гезити, № 43, 201

### ҮЙГӨ ТАПШЫРМА

Тексттеги кара тамга менен берилген сөздөргө фонетикалык талдоо жүргүзгүлө жана андагы сингармонизм эрежелери боюнча өзгөрүүлөрдү айтып бергиле.

**Үлгү:** жарык; жа-рык эки муундуу сөз;
ж-үнсүз, жумшак, түгөйлүү,
р-үнсүз, уяң
к-үнсүз, каткалаң, түгөйлүү,

жа-ачык муун, рык- туюк муун:
а-үндүү, кыска, жоон, кең, эринсиз;
ы-үндүү, кыска, жоон, эринсиз, кууш;



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 3-4-саат

Силер, албетте, кышында оңой эле грипп болуп ооруп калса боло турганын билесиңер. Анан да бир нече жумалап ооруп жүрө беришиңер мүмкүн.

Грипптин вирусу менен күрөшүүнүн эң мыкты жолу – бул денени чыңдоо болуп саналат. Күн сайын гимнастика жасоо жана көп жашылча-жемиштерди камтыган белгилүү бир рацион, баарынан мурда, иммундук системага ушул вирус менен күрөшүүдө жардам берүү үчүн сунушталат.

Көп таралган ушул ооруга каршы кошумча профилактикалык каражат катары «Шербет» фирмасы өз кызматкерлерине гриппке каршы эмдөө жасоону сунуштоону чечти. Медайым менен бүгүндөн баштап бир жума бою жумуш убагында күндө эки жолудан эртең менен жана түштөн кийин эмдеп туруу макулдашылды. Фирманын бардык кызматкерлерине эмдөө жеткиликтүү жана акысыз жүргүзүлөт.

Кызматкерлер өз ыктыяры менен эмделишет. Өз ыктыяры менен эмделе турган ар бир кызматкер өзүнүн аллергиясы жок экенин жана эмдөөнүн анча-мынча терс таасири болушу мүмкүндүгүн түшүнгөнүн тастыктаган документке кол коюшат.

Медиктердин айтканы боюнча, иммунизациялоо грипп оорусуна чалдыктырбайт. Бирок ал чарчоо, дененин бир аз ысытмалоосу жана колдун ооруксунушу сыяктуу терс таасирлерди бериши мүмкүн.

**КИМ ИММУНИЗАЦИЯЛООДОН ӨТҮШ КЕРЕК?**





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өзүн вирустан коргогусу келген ар бир адамга сунушталат. Айрыкча 65 жаштан ашкан адамдарга сунушталат. Бирок иммунизациялоо адамдардын жаш курагына карабастан, өнөкөт оору менен ооруган адамдарга, айрыкча жүрөк, өпкө оорусу менен ооруган, бронхит астмасы же диабети бар ар бир адамга керек. Бир адам грипп болуп ооруп калса, бир жамаатта иштеген адамдардын бардыгы андан грипп жугузуп алышы мүмкүн.

**КИМГЕ ИММУНИЗАЦИЯЛОО ТУУРА КЕЛБЕЙТ?**

Жумуртка жегенге өтө сезгич келген адамдарга, денеси чыйрыгып турган адамдарды, боюнда бар аялдарды иммунизациялоого болбойт. Эгерде сиз дарыланып жаткан болсоңуз, алып жаткан дарыларыңызга байланыштуу иммунизациялоо туура болобу же жокпу, ошондой эле гриппке каршы мурунку алган эмдөөлөрдүн натыйжасы жаман болуп чыккан эмес беле, врачыңыз менен кеңешиңиз.

Эгерде сиз иммунизациялоодон өтүүнү бүгүндөн баштап бир жума ичинде пландаштырып жатсаңыз, жума күнгө чейин медайым Кайымова Асыл Абдуллаевнага кайрылыңыз. Ал өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө, «Шербет» фирмасынын көпчүлүк кызматкерлерине ыңгайлуу убакытка карап, сизди тизмеге киргизет. Эгерде сиз иммунизациялоодон өтүүнү кыш башталганга чейин пландаштырып жатсаңыз, бирок белгиленген убакыт сизге туура келбесе, бул жөнүндө Асыл Абдуллаевнага айтып коюңуз, сураныч. Дагы каалоочулар болсо, алар үчүн кошумча убакыт белгиленет.

**Сак-саламаттык каалайбыз!**

Кайымова Асыл Абдуллаевна «Шербет» деп аталган фирманын кызматкери. Ал ушул уюмдун кызматкерлери үчүн жогорудагы эки бет маалымат барагын даярдаган. Бул маалымат силерге төмөнкү суроолорго жооп берүүдө керек болот.

**1. Төмөнкү аталган кызматтардын кайсынысы иммунизациялоо программасы тарабынан сунушталат?**

а) Кыш бою күн сайын гимнастика менен машыгуу

б) Жумуш убактысында иммунизациялоодон өтүү

в) Эмделгендерге чакан сыйлык берүү

г) Кызматкерлерди догдур өзү эмдейт

**2. Маалымат баракчада мындай деп айтылат: сиз грипп вирусунан сактангыңыз келсе, анда гриппке каршы эмдөө… .**

а) гимнастика менен тамактануу рационуна караганда эффективдүү, бирок кооптуу.

б) пайдалуу, бирок гимнастика менен тамактануу рационун алмаштырбайт.

в) гимнастика менен тамактануу рациону сыяктуу эле эффективдүү, аз аракет талап кылат.

г) талап кылынбайт, эгерде гимнастика менен машыгып, рацион менен тамактансаңыз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**3. Маалымат баракчасынын мазмунун пайдаланып, «Шербет» фирмасынын кызматкерлеринин кимиси Асыл Абдуллаевнага кайрылыш керектигин** көрсөткүлө**.**

а) Эмделгиси келбеген, дүкөндө иштеген Анвар кайрылыш керек, себеби ал өзүнүн табигый иммунитетине көбүрөөк ишенет.

б) Эмдөө ар бир адам үчүн милдеттүү түрдө болуп эсептеле турганын билгиси келген сатуучу Динара кайрылыш керек.

в) Ушул кышта эмдөөдөн өтөйүн деген, бирок эки айдан кийин ымыркай төрөй турган, почта бөлүмүндө иштеген Назира кайрылыш керек.

г) Эмдөөдөн өтөйүн деген, бирок бүгүндөн баштап бир жуманын ичинде эмгек өргүүгө чыга турган, бухгалтерияда иштеген Адылбек кайрылыш керек.

**Тапшырма.** Текстти окуп, суролоруна жооп бергиле.

Теориялар менен илимий тажрыйбалардын натыйжасында жер кыртышынын астындагы магманын бар экендиги тастыкталганда, вулкандардын табигаты түшүнүктүү болгон. Вулкан – бул жер кыртышын түзгөн тектердин аракетинен улам басым алдында болгон магманын сыртка атылып чыгышы. магманын аракетинен улам энергиялык чыңалуу болот да, акырындап отуруп ал чегине жеткенде тышка карай жол издей баштайт. Ошентип, көпкө «уктаган» вулкандар атылып чыгат. Көптөгөн вулканологдордун айтуусуна караганда, вулкандын кыймылга келишини ички себептерине таасир эткен тышкы себептер да бар. Алар –ар кандай асман телолорунун салыштырмалуу жакындап келишинен улам жердин тартылуу күчүнө таасир этиши же болбосо Күндө болуп өткөн кубулуштардын таасири. Күндүн массасы жердин массасынан 330 000 эсе чоң болгондуктан, андагы болуп өткөн кубулуштар жердин ички катмарындагы процесстерге өз таасирин тийгизет.

Күндүн активдүүлүгү күчтүү электромагниттик нурдануулары чыгарат да, ал жердин магниттик талаасына таасир этип, кубаттуу магниттик бороондорду пайда кылат. Жердин айланасында бороондогон магниттик талаа өз кезегинде анын өз огунда айлануусуна таасир этет да, анын кыртышына физикалык жактан күч келет, башкача айтканда, жердин катмарындагы тоо тектердин, плиталардын,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

гидросферанын, атмосферанын таасирленишине алып келет. Жердин ички тектоникалык катмарынын сырткы күчтүн таасири менен деформацияланышы жана ички басымдын көбөйүшү, жер кыртышында кубаттуу толкундарды пайда кылат да, вулкандардын аракетке келүүсүнө себеп болот. Натыйжада жер титирейт . Айрым учурда, тескерисинче, жер титирөөдөн улам вулкандар аракетке келип, атылып чыгат. Литосфералык плиталардын бөлүнгөн жана бириккен жерлери – ар кандай жер титирөөлөрдүн жана вулкандардын кыймылга келүүчү активдүү жери. Бул аймактар миңдеген чакырымдарга созузган жердин сейсмикалык зоналарын түзөт. Көпчүлүк вулкандар жана жер титирөөлөр ушундай аймактарда жайгашкан:

Тынч океандын, Атлантика океанынын жана Жер Ортолук деңизинин жээктери.

**1). Төмөндөгү ырастоолордун кайсынысы тексттин темасы боло алат?**

а) Вулкандын натыйжалары
б) Вулкандын келип чыгыш теориясы
в) Жер титирөөнүн негизги себептери
г) Вулканологдордун ой-пикирлери

**2). Текст боюнча вулкандын атылышына таасирин тийгизген сырткы себептер кайсы?**

а) Күндө болуп өткөн кубулуштар
б) Магманын аракетинен улам энергиялык чыңалуусу
в) Магманын чегине жеткенде тышка карай жол издөөсү
г) Асман телолорунун Күнгө таасирин тийгизүүсү

**3). Тексттин контекстинен 28-саптагы «анын» деген сөз эмнени билдирүүдө?**

а) Магниттик талааны
б) Жер плнетасын
в) Күндү
г) Магниттик бороондорду

**4.) Тексттин 2-32-37-саптарындагы берилген негизги ой кайсы?**

а) Вулкандын аракетке келүүсү ички басымдын көбөйүшүнө себеп болот
б) жер кыртышындагы кубаттуу толкундар жердин катмарын деформациялайт



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

в) Жер титирөөдөн улам вулкандар аракетке келет
г) Жер планетасынын тышындагы күчтөр вулкан пайда кылат

**5). 34-саптагы «деформацияланыш» деген сөз эмнени билдирет?**

а) жаңы бир нерсенин курулуусун
б) бир нерсенин жаңы формага келүүсүн
в) бир нерсенин формасынын бузулуусун
г) бир нерсенин жок болуп кетүүсүн

## Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы

**Синтаксис эмнени үйрөтөт?**
1. Сөз айкаштары жана анын түрлөрү.
2. Сөз айкаштарынын байланышуу жолдору
3. Сүйлөм мүчөлөрү
4. Баш жана айкындооч мүчөлөр
5. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү

Текстти окуп чыгып, көк түстө ажыратылып берилген бөлүгүндөгү сүйлөмдөрдү сөз айкаштарына ажыраткыла.

**Үлгү:** силер билесиңер – этиштик сөз айкашы, ээрчишүү байланыш;
оңой эле грипп – зат атоочтук сөз айкашы, ыкташуу байланыш;
грипп болуп – этиштик сөз айкашы, ыкташуу байланыш;
кышында оңой – сын атоочтук сөз айкашы, башкаруу байланыш.

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма.** Текстти окуп чыгып, жашыл түстө ажыратылып берилген бөлүгүндөгү сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрүн аныктагыла жана астын сызгыла Сүйлөмдө бир өңчөй мүчөлөр болсо өз алдынча көчүрүп жазгыла.

Көп таралган ушул ооруга каршы кошумча профилактикалык каражат катары «Шербет» фирмасы өз кызматкерлерине гриппке каршы эмдөө жасоону сунуштоону чечти. Медайым менен бугундөн баштап бир жума бою жумуш убагында күндө эки жолудан эртең менен жана түштөн кийин эмдеп туруу макулдашылды. Уюмдун бардык кызматкерлерине эмдөө жеткиликтүү жана акысыз жүргүзүлөт.

Кызматкерлер өз ыктыяры менен эмделишет. Өз ыктыяры менен эмделе турган ар бир кызматкер өзүнүн аллергиясы жок экенин жана эмдөөнүн анча-мынча терс таасири болушу мүмкүндүгүн түшүнгөнүн тастыктаган документке кол коюшат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма.** Текстти окуп чыгып, жашыл түстө ажыратылып берилген бөлүгүндөгү сүйлөмдөрдүн баш мүчөлөрүн аныктагыла жана астын сызгыла Сүйлөмдө бир өңчөй мүчөлөр болсо  өз алдынча көчүрүп жазгыла.

Көп таралган ушул ооруга каршы кошумча профилактикалык каражат катары «Шербет» уюму өз кызматкерлерине гриппке каршы эмдөө жасоону сунуштоону чечти. Медайым менен 17-ноябрдан баштап бир жума бою жумуш убагында күндө эки жолудан эртең менен жана түштөн кийин эмдеп туруу макулдашылды. Уюмдун бардык кызматкерлерине эмдөө жеткиликтүү жана акысыз жүргүзүлөт.

Кызматкерлер өз ыктыяры менен эмделишет. Өз ыктыяры менен эмделе турган ар бир кызматкер өзүнүн аллергиясы жок экенин жана эмдөөнүн анча-мынча терс таасири болушу мүмкүндүгүн түшүнгөнүн тастыктаган документке кол коюшат.

Медиктердин айтканы боюнча, иммунизациялоо грипп оорусуна чалдыктырбайт. Бирок ал чарчоо, дененин бир аз ысытмалоосу жана колдун ооруксунушу  сыяктуу терс таасирлерди бериши мүмкүн.

**Тапшырма.** Тексттеги берилген бөлүгүн  окуп чыгып,   айкындоочу мүчөлөрдү төмөнкү таблица боюнча жайгаштыргыла.

| Аныктооч | Толуктооч | Бышыктооч |
|---|---|---|
| Коргогусу  келген, ар бир | Өзүн, вирустан,  адамга | |

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Тексттин акыркы бөлүгүн окуп чыгып, сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзгүлө жана  андагы  бир өңчөй мүчөлөрдүн кайсы сүйлөм мүчөлөрүнө таандык экендигин аныктагыла.

**Үлгү**: Жумуртка жегенге өтө сезгич келген адамдарга, денеси чыйрыгып турган адамдарды, боюнда бар аялдарды иммунизациялоого болбойт.

*адамдарды,  аялдарды –  бир өңчөй топуктоогтор;*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 5-6-саат

### ТЕКСТТИН НЕГИЗГИ ТЕМАСЫН АНЫКТОО БОЮНЧА ТЕСТ ТАПШЫРМАЛАРЫ МЕНЕН ИШТӨӨ

Түндүк Кипр туризм тармагы менен атагы чыгып, казынаны ушуну менен толтурган өлкө. Саясий жактан Түркияга көз каранды болгону менен, кадимкидей эле өзүнүн бардык мамлекеттик, мисалы президент, өкмөт, сот системасы сыяктуу структуралары бар. Эл аралык деңгээлде гректер менен чырдуу аймак болсо да, убакыт өткөн сайын алга карай гана өнүнгүп келе жатат. Мына ушул Түндүк Кипрди сегиз жыл байырладым.(2006-2014). Башкача айтканда алгачкы максаттарым ушул жерден орундалды. Иштедик, окудук, тажрыйба алдык, үйлөндүк, бала-чакалуу болдук, кыскасы болгон мүмкүнчүлүктү колдонууга аракет кылдык.

**Суроо: Берилген үзүндүдөгү негизги ой кандай?**

а) Түндүк Кипр өз алдынча өнүгүүдө.
б) Түндүк Кипрде бардык мамлекеттик структуралар бар.
в) Түндүк Кипрдин тышкы саясаты анча жакшы эмес.
г) Түндүк Кипр туризм аркылуу өз алдынча өнүгүүдө.

**Текст суроосуна туура жооп берүү үчүн текстти кыскартуу ыкмасын колдонуу:**

1). «Сөөктү этинен» ажыраталы, башкача айтканда, керектүү гана сөздөрдү иргеп алалы.

*Түндүк Кипр туризм казынаны толтурган Түркияга көз каранды , өзүнүн президент, өкмөт, сот, гректер чырдуу,өнүгүп, сегиз жыл байырладым. Иштедик, окудук, тажрыйба алдык, тажрыйба алдык, үйлөндүк, бала-чакалуу болдук.*

2). Тандалган сөздөрдүн маанисин туура сактап калуу үчүн аларга туура мүчөлөрдү жана жардамчы сөздөрдү улап, өзгөртүлөт:

*Түндүк Кипр казынасын туризм менен толтурат. Туркияга көз каранды, бирок өзүнүн президенти, өкмөтү, соту бар. Гректер менен чырдашса да, өнүгүүдө. Ал жакта сегиз жыл байырладым. Иштедик, окудук, тажрыйба алдык, үйлөндүк, бала-чакалуу болдук.*

3). Жаңы тексттеги сөздөрдү өз сөздөрүбүз менен алмаштырып дагы кыскартылат:

Түндүк Кипр туризм аркылуу өнүгүүдө.Өзүнүн бийлиги бар.Мен ал жакта сегиз жыл жашадым.

4). Жыйынтыктоочу ой чыгарылат:
*Түндүк Кипр туризм аркылуу өз алдынча өнүгүүдө.*
*Демек, тексттин туура жообу Г варианты*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма.** Төмөнкү берилген текстти жогоруда берилген текст сыяктуу туура жообун аныктагыла.

Түштүк уюлда түбөлүк муздун эришинин ылдамдыгы эки эсеге көбөйдү. Антарктидада жылына 160 миллиард тонна муз эрип жатканын Geophusical Research Letters илимий басылмасы кабарлады. Окумуштуулар мындай тыянакка «Криосат» спутниги жүргүзгөн изилдөөдөн кийин келишти. Сателлит муздун тереңдигин, бийиктигин, салмагын, тыгыздыгын жана температурасын өлчөйт.

**Суроо: Жогорудагы үзүндүнүн башкы ою кандай?**

а) Түштүк уюлда түбөлүк муздун эришинин ылдамдыгы эки эсеге көбөйдү
б) Geophusical Research Letters илимий басылмасы Антарктидагы музга байкоо жүргүзүп турат.
в) «Криосат» спутниги муздун тереңдигин, бийиктигин, салмагын, тыгыздыгын жана температурасын өлчөйт.
г) Окумуштуулар «Криосат» спутнигинин изилдөөсүнө таянышат.

## Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы

Сөз жасоо жана морфология
Морфология эмнени үйрөтөт?
Сөздүн составдык бөлүктөрү. Уңгу жана мүчө.
Сөз жасоочу жана сөз өзгөртүүчү мүчөлөр жана анын түрлөру

### ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма.** Төмөнкү берилген сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыраткыла.

тоолор балалык, мезгилдери, жигитти, үйгө, жерлерди, сөздөрү, суулуу, толкундай, алмалар, бакчаны, асманда, шаардык, мектепте, класссташым, бөбөктөрү, жылкычы, китепкана,айласыз, окуучу, жардамчы.

### КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма.** Тексттеги көк тамга менен берилген сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыратып, төмөнкү таблица боюнча сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн кайсы түрү экендигин аныктагыла.

| Сөздөр | Көптүк мүчө | Жөндөмө мүчө | Жак мүчө | Таандык мүчө |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма.** Тексттеги кызыл тамга менен берилген сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыратып, сөз жасоочу мүчөлөр боюнча аныктагыла.

| Сөздөр | Атоочтон атооч жасоочу мүчө | Атоочтон этиш жасоочу | Этиштен атооч жасоочу мүчө | Этиштен этиш жасоочу мүчө |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Төмөнкү берилген тексттеги сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыратып мүчөлөрдү түрлөрү боюнча талдап жазгыла жана сөз өзгөртүүчү мүчө менен сөз өзгөртүүчү мүчөнүн айырмасын айтып бергиле.

Түрк калктарына ортоку руханий мурастардын бири – «Коркут ата китеби». Тарыхый маалыматтар боюнча, Коркут ата VIII-IX кылымдарда жашаган. Ал Сырдарыянын орто жана төмөнкү агымында жайгашкан огуз-кыпчак урууларынан чыккан баатыр, атактуу акын жана кеменгер улама болгон. Даректүү маалыматтарда айтылгандай, ал өзүнүн даанышмандыгы менен узак жылдар бою эл башкарган көсөм, үч ханга вазирлик кылган акылман, коомдук масштабдагы тарбиячы, «элдик педагог» болгон. Анын мурастары бизге «Коркут ата китебинин»эки нуска китеби аркылуу жетти. Алардын бири азыр Германиянын Дрезден шаардык китепкананын кол жазмалар фондусунда, экинчиси Италиядагы Аростолика китепканасында сакталып турат. Аны В.В.Бартольд 1922-жылы орус тилине которгон. («Ш»).



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 7-8-саат

### ТЕКСТТЕН ТЫЯНАК ЧЫГАРУУ БОЮНЧА ТЕСТ ИШТӨӨ ЫКМАЛАРЫ

Бул шаарды таштандылардан тазалап, имараттарын оңдоо керек. Анткени бул жакка чет өлкөлүк туристтер келбей калды. Шаардын тургундары жумушсуз калып, ачка кала башташты.

**Суроо: Жогорудагы тексттен эмнелерди түшүнүүгө болот?**

I . Бул шаардын эли бир гана туризм менен оокат кылат.
II. Бул шаарга мурда көп турист келчү экен.
III. Шаардын тургундары туристтерге жакшы көңүл бурбай калган.

а) I гана
б) I менен IIгана
в) II менен IIIгана
г) I, II, III

**Тексттеги ачык маалыматтар:**
1) Чет өлкөлүк туристтер келбей калды.
2) Шаардын тургундары жумушсуз калды.
3) Шаардын тургундары ачка кала башташты.
4) Бул шаарды таштандылардан тазалаш керек.
5) Бул шаардын имараттарын оңдоо керек.

Ушул ачык маалыматтардан төмөнкүдөй кыйыр түрдөгү маалыматты келтирип чыгарабыз:

1*). Бул шаардын эли бир гана туризм менен оокат кылышат.Себеби туристтер келбей калганда, алар жумушсуз калышты. Мындай болбогондо, башка иш менен алек болуп, жумушсуз калышмак эмес.*

*2). Бул шаарда мурда көп туристтер келчү экен.Себеби шаардын бардык тургундары турист тосуу менен гана жашашчу экен.Алар келбей калганда, ачка калышты.Эгер аз эле турист келгенде, шаардын элин толук «тойгуза» алмак эмес.*

*3).Таштандынын турист келбей калганчалык көбөйүп кеткенине караганда, шаардын тургундары туристтерди тосуп, алардын кызыктырууга жакшы көңүл бурушкан эмес, өзүлөрү дагы таза жашоо керектигин түшүнүшкөн эмес.*

*4). Имараттарды оңдош керек деген түшүнүккө караганда, же туристтер эски имараттарга кызыкпай калган, же жергиликтүү эл имараттарды оңдоо менен туристтер көбөйөт деген жаңылыш пикирде, же бул шаардын имараттары өзүнүн эскилиги эмес, эң жаңы, эң заманбап стилде салынганы менен белгилүү болду.*

Демек, туура жообу Г варианты берилген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма.** Төмөнкү берилген текстти мазмунунан тыянак чыгаруу боюнча тест түзүп, жообун аныктагыла.

Монгол малчылары ооруган кашка тиштерди жана биринчи кылкыйма тиштерди алып салганын аттардын скелеттеринин калдыктары тастыктаган. Ветеринардык стоматология боюнча бул археологиялык ачылыш болжол менен б.з.ч. 1150- жылдары көчмөн элдерде жылкы асыроонун жаңы усулдары аттарды мингенде жана согуш үчүн пайдаланууну мурдагыдан бир кыйла жакшыртууга мүмкүнчүлүк түзгөнүн күбөлөйт.

**Суроо: Жогорудагы үзүндү негизинен эмне жөнүндө?**

а) монгол аскерлеринин кыйын аскер болгону жөнүндө
б) илгерки көчмөндөрдүн жылкы тишин дарылаганы жөнүндө
в) жылкы асыроонун жаңы усулдары жөнүндө
г) ооруган кашка тиштин жулунушу керектиги жөнүндө

## Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы

Сөз түркүмдөрү деген эмне?
Кыргыз тилинде канча сөз түркүмү бар?
Маани берүүчү сөз түркүмдөрү жөнүндө маалымат бергиле.
Маани берүүчү сөз түркүмдөрүнүн морфологиялык жана синтаксистик белгилери.

**Тапшырма.** Жогоруда берилген тексттерди окуп чыгып, маани берүүчү сөз түркүмдөрүн аныктагыла.

**Изден**

| Зат атооч | Сын атооч | Сан атооч | Ат атооч | Этиш | Тактооч |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

**ТОПТУК ЫКМА**

**Тапшырма.** Биринчи топтун окуучулары тексттердеги зат атоочторду, экинчи топтун окуучулары сын атоочторду өз алдынча алып, алардын морфологиялык жана синтаксистик белгилерин аныктагыла.

**Үлгү:** 1-топко:

| Зат атооч сөздөр | Морфологиялык белгилери | Синтаксистик белгилери |
|---|---|---|
| Таштандылардан үңгүсу-таш, мүчөлөрү-та(-ла) зат атоочтон этиш жасоочу мүчө, - ынды, этиштен зат атооч жасоочу мүчө, -лар– көптүк мүчө, -дан– чыгыш жөндөмөнүн мүчөсү | Жөнөкөй зат, жалпы ат, көптүк санда, туунду сөз, | Толуктоочтук милдети аткарды |
| | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

2-топко:

| Сын атооч сөздөр | Морфологиялык белги-лери | Синтаксистик белгилери |
|---|---|---|
| *Жумушсуз* уңгусу- жумуш, -сыз ( зат атоочтон сын атооч жасоочу мүчө). | Туунду сын,катыштык сын, жай сын | Аныктоочтук милдетти аткарды |

**КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ**

**Тапшырма.** Төмөнкү берилген ат атооч жана сан атооч сөздөрдү аныктап, алардын морфологиялык жана синтаксистик белгилерин айтып бергиле.

ОБОН

Мен мына бул кырдан аша бергенде, тетигил кой жайылып жаткан бадалдуу бийиктен кимдир бирөө заңгырап, сайды көтөрүп коё берди. Мен тааныймын, ал – Жоламан. Бул өзөндө мындай обон салган эч ким жок. Мунуку өзгөлөрдөй жалгыз гана жашытып, ичке муң түшүргөн кайгылуу, карандай арман эмес. Кайта көңүлдү көтөрүп, ар кандай кайгыдан алып чыгып, кайрат бергендей эркин эле.

Ал бадалдуу бетке миң койду жайып таштап, өзү тоонун кылда башына таягын таянып, эңиштеп алып, эч бир теңи жок бийик, уккулуктуу, коңур үнү менен сайды жаңыртып, кээ бирде калтыратып барып салып кеткенде дүйнөдөгүлөрдүн баары мырс этпей, жалгыз ошону тыңшап тургандай көрүнөр эле. (М. Э.)

Төмөнкү берилген тактоочторду катыштырып, сүйлөмдөр түзгүлө жана тактоочторду маанисине карай кайсы түрү экендигин аныктагыла.

*Жогору, илгери, ылдам, кыргызча, көп, бүгүн, эртең, жазды-жаздай, өзүнчө, эртели-кеч, анда-мында.*

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Жогоруда берилген тексттердеги этиш сөздөрдү аныктап алардын морфологиялык белгилерин айтып бергиле. Текстте этиштин кайсы өзгөчө формалары катышты?

**Үлгү:** *келбей калды; татаал этиш, кыймыл-аракеттин толук ишке ашканын билдирүүчү татаал формасы, өткөн чакта;*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 9-10-саат

### ТЕКСТТЕРДЕГИ МААЛЫМАТТАРДАН ЖЫЙЫНТЫК ЧЫГАРУУ БОЮНЧА ТЕСТТИК ТАЛДОО

Дүйнөлүк каржы каатчылыгы бир топ адамды **каражаттан** ажыратты. Буга биринчи кезекте ипотека насыялары **өбөлгө** болду.

**Суроо: Тексттеги «каражат» деген сөз кандай мааниде колдонулду?**

а) курал
б) ал-күч
в) акча
г) байлык

Жообу: жогорудагы текст каржы каатчылыгы жөнүндө болгондугу үчүн каражат сөзү акча маанисинде колдонулду. Туура жообу – в варрианты

**Тексттеги «өбөлгө» деген сөз кандай мааниде колдонулду?**

а) булак
б) себеп
в) колдоо
г) жөлөк

Жообу: Негизинен, өбөлгө сөзүнүн *белек, жөлөк, колдоо* дег ен маанилери бар. Бирок бул тексттин контекстинде ал *түртку, себеп* деген мааниге келгендиктен, туура жообу б варианты болот.

**Тапшырма.** Төмөнкү берилген үзүндүдөгү ажыратылылып көрсөтүлгөн сөздөрдү маалыматтан жыйынтык чыгаруу боюнча талдап, жообун аныктагыла.

Колундагы акчасы жолго каражат кылууга гана жетет. Жумушунан алган акчалай өбөлгөсүн да дароо түгөттү.

**Суроо: Тексттеги «каражат» деген сөз кандай мааниде колдонулду?**

а) курал
б) байлык
в) акча
г) жол кире

**Тексттеги «өбөлгө» деген сөз кандай мааниде колдонулду?**

а) акы
б) себеп
в) колдоо
г) жөлөк



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы**

## Өзгөчө сөз түркүмдөрү

Тууранды сөздөр жана алардын морфологиялык жана синтаксистик белгилери.

Сырдык сөздөр жана алардын морфологиялык жана синтаксистик белгилери.

### ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, тууранды сөздөрдү аныктап, түзүлүшүнө карай ажыраткыла, табыш тууранды сөздүн маанисине карай кайсы түрү экендигин айтып бергиле.

1. Шынгыр-шынгыр шынгыраган, дөңгөлөктөр ырдаган. 2. Каак-каак каргалар, камыш түбү жорголоор. 3. Аңкыган таза сыдырым жалбырактар дир-дир. 4. Айлана-тегеректи коркунуч басып, чуру-чуу, күрү-күү күчөдү. 5. Ак куулар заматта кубулат, шарп-шырп добуштар угулат..6. Кызыл кумдуу жээктен шарп-шарп майда дабыш басылбайт.

### ТОПТУК ЫКМА

**Тапшырма.** Төмөнку берилген сүйлөмдөрдөгү элес тууранды сөздөрдү аныктап астын сызгыла жана алардын жазылыш эрежесин түшүндүргүлө. Элес тууранды сөздөрдүн мааниси боюнча эки топко бөлүп жазгыла.

| 1-топко | 2-топко |
| --- | --- |
| Кыймыл-аракеттин же элестин тездигин билдирүүчү элес тууранды сөздөр | Заттардын сырткы көрүнүшү, кыймыл-аракети жөнүндөгү элести билдирүүчү элес тууранды сөздөр |

1. Адатынча солк этпеген Шамбет шып-шып басат.
2. Атын бойпоң-бойпоң желдирип, Ыманбай чеп-чеп сүйлөй келет.
3. Түлкү кылчак-кылчак каранды да, балдарды көздөй салды.
4. Суукка чыйрыккан чоң тору элтең-селтең басат.
5. Мырзакул карагерди чолтоң-чолтоң теминди.
6. Чаргын үйүнө жете бергенде, шарт бурулду.
7. Дмитрий багжаң-багжаң сүйлөп жатат.
8. Султанмурат Мырзагүлдү жал-жал тиктейт.
9. Гүлнардын кийген көйнөгү жалт-жулт этет.
10. Тигилер шып-шып кирип келишти.
11. Ажар арт жагын элең-селең каранат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Төмөнкү мисалдарды окуп, анын үлгүсүндө бир нече варианттагы сырдык сөздөрдү (СС) жазгыла.

**Тапшырма.** Көп чекиттин ордуна ылайыктуу сырдык сөздү таап жазгыла. Алардын кандай мааниде колдонулгандыгын түшүндүргүлө.

Ушундай да мээ кайнаткан ысык болот экен... ... мынча кечикти десең. Эмгек сүйгөн кишилер, ... алп экен го. (Т.С). Ишенген балдарыңыз ушинтип отурса, ... жумуш качан бүтөт? ... тоонун эртең мененки салкын жели көңүлдү кандай сергитет! (К.Б.) ..., шумдуктуулугун карасаң. (А.К.) ..., ай муну карачы. (К.Б) ...., түшүндүм, эми түшүндүм.(Ш.Б.) ... кайран Осекем, деген үндөр чыкты.(К.Б.) ..., чиркин, биздин күндөр кандай таттуу. Бүгүнкүсүнөн эртеңкиси ырахаттуу.(А.О.) .., куштардын сайраганын угуп туруу өзүнчө чоң керемет.

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

Өзүңөр сырдык сөздү сүйлөмдүн баш жагына коюп үч сүйлөм, ортосуна келтирип үч сүйлөм жана аягына келтирип үч сүйлөм жазып, алардын тыныш белгилерин түшүндүрүп бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 11-12-саат

### ТЕКСТ БОЮНЧА ТӨМӨНКҮЛӨРДҮН КАЙСЫНЫСЫ АНЫК?

1). ...Эл болгондон кийин ар бир элдин өзүнө таандык маданияты, каада-салты, көөнө-тарыхы, тили болот. Ошон үчүн эл, улут аталабыз. Байыркы замандарда араб бодуиндеринде аттарын башка элге сатууга же аргындаштырып тукумун бузууга катуу тыюу салынган. Ал үчүн өлүм жазасына тартышчу. Араб аргымактарынан көзү күйгөн башка мамлекеттердин хандары алтынга да ала алышчу эмес. Ушунун өзү араб жылкысынын көп кылымдарга чейин таза кандуу калышына шарт түзгөн. Европага кийин кресттүүлөрдүн бул өлөлөргө болгон чабуулунан кийин гана жайылган. Азыркы англис тукумундагы жылкылардын атасы да ушул. Байкадыңарбы асылдын кадырын билген элдин салтын...

**Суроо: Жогорудагы үзүндүдө берилген маалымат боюнча төмөндөгү айтымдардын кайсынысы анык?**

а) Дүйнөдөгү бардык падышалар араб аргымактарына кызыкчу.

б) Араб жылкысына ээ болуу дегеле мүмкүн болгон эмес.

в) Арабдар жылкысын Европада жаюуну максат кылышкан эмес.

г) Арабдарда аргымактын баасы адамдын өмүрүнөн жогору болгон эмес.

Жыйынтык чыгаруу: Үзүндүдө арабдардын кандай болсо да, өз жылкыларын эч кимге бербей аргындаштырбай, таза кандуу кылып жаратkандары айтылды. Бирок кийинчерээк аны Европага аргасыздан, европалык кресттүүлөрдүн чабуулу болбогондо, араб жылкысы алардан чыкмак эмес деген тыянакка келсек болот. Ошондуктан туура жообу–В арабдар жылкысын европалыктарга берүүнү каалашкан эмес, жаюуну максат кылышкан эмес.

А) варианты туура эмес, себеби дүйнөдө араб жылкысына көз арткан падышалар болгон, бирок текстте дүйнөдөгү бардык падышалардын кызыккандыгы тууралуу маалымат болгон жок.

Б) варианты дагы ката болуп калат, анткени акырында арабдардын жылкысы дүйнөгө тараган. Демек, араб аргымагына ээ болуу дегеле мүмкүн эмес деген пикир туура эмес.

Г) вариантында айтылгандар дагы тексттеги маалыматка каршы келет, себеби аргымакты саткандар өлүм жазасына тартылган. Демек, аргымактын баасы адамдын өмүрүнөн жогору болгон десек болот.

Тапшырма. **Төмөнкү берилген текстти окуп, тесттик суроолордун кайсы бири анык экендигин талкуулоо менен жооп бергиле.**

2) Эми атактуу Кытай аскер башчы Ли Линь аркылуу эки ооз сөз. Бул легенда эмес, турмушта болгон окуя. Бул тууралуу Кытай тарыхында ар кандай пикирлер, жоромолдор айтылып келет. Аны гунндардын колуна түшүп берген саткын, чыккынчы деген пикир бар. Тескерисинче, согуш ишинде ар дайым боло келген жаңылыштыктардын курманы болгон пикирлер да жок эмес.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ал эми түрк элдеринин тарыхында да жомокторунда, болбосо эпосторунда ушундай легенда же болмуш сакталып калганбы? Биз билгенден андай уламыш бир гана «Манас» эпосунда бар. «Манаста» кытайлардан качып чыгып, кыргыздын айкөл баатырына келип кошулган Алмамбет тууралуу легенда азыр да ар бир кыргыздын тилинин учунда. Алмамбет айкөл Манас менен достшконуна эч бир өкүнбөйт. Бээжинге карата жортуулда Манас баатырдын көлү да, кулагы да, эң биринчи жардамчысы да, чоросу да болот. Акыры ошол Бээжиндин түбүндө Чубак, Сыргак сыяктуу чоролор менен катар баатырларча курман болот....

**Суроо: Үзүндүдө айтылгандар боюнча кайсы варианттагы туюнтма туура эмес.**

а) Ли Линь гунндардын тараптары катары согушкан;
б) Ли Линдин тагдыры Алмамбеттикине окшош;
в) жортуулдан курман болуу –баатырдык;
г) уламыштар тарыхый чындыкка дал келиши мүмкүн.

## Кыргыз тилинин практикалык грамматикасы

Кызматчы сөз түркүмдөрү
Жандоочтор
Байламталар
Бөлүкчөлөр
Модалдык сөздөр

Бөлүкчөлөр
Модалдык сөздөр

### ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТӨӨ

**Тапшырма 1.** Текстти окуп, кызматчы сөздөрдү аныктагыла жана эмне үчүн кызматчы сөз экендигин айтып бергиле.

| Жандоочтор | Байламталар | Бөлүкчөлөр | Модалдык сөздөр |
|---|---|---|---|
| | | | |

### КИЧИ ТОПТОРДО ИШТӨӨ

**Тапшырма.** Төмөнкү берилген жандоочторду катыштырып сүйлөмдөр түзгүлө жана жандоочтун кайсы түрү экендигин айтып бергиле.

*ары, кийин, аркылуу, жөнүндө, менен, сайын, тууралуу, көздөй, карата, мурун, соң, боюнча, караганда, дейре, бери, сыяктуу, үчүн*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тапшырма.** Төмөнкү берилген сүйлөмдөрдөгү байламталарды түзү-лүшү жана маанисине карай аныктап, морфологиялык белгилерин айтып бергиле.

**Изден**

1. Бетме-бет сүйлөшкөнсүп, катар кыналып отургансып сезет, ошон үчүн анын кашынын үстүндө сеңселген жалгыз тал чачынын учу дирилдейт. 2. Коногу Батыш, ары жалгыз, ары кыз бала болсо, томуктай этти түгөтөт беле. 3. Дмитрий акем айткандай, музоо көп ичсе, ичи көбөт да, бош койсо, чакадагы сүттү төгөт. 6. Чаргын муну түшүндү, бирок катуураак ызаланды. 7. Чаргын ордунан турду да, башкалардан мурда эшикке чыкты. 8. Айша да, Асан да, Керим да келди. 9. Антсе оройлук кетирген болор эле, себеби ага Акия душмандын кебин айткан жок. 10. Зуура бечарада эмне жазык, же ал мындан мурун азык камдап, киши жөнөтүп көрбөптүрбү? 11. Зарылдын айткандарын укту, эгер укпаса, кайталап айтпайт болчу. 12. Бир акырга байланган аттар экинчи акырдын аттарына куйруктарын төгүлтүп, сооруларын салып турушат, анткени ыңтайы ошондой. 13. Силер эми өз сапарыңарды билгиле, найза сунуп, жоо качырышты билгиле, ал эми Чаргын болсо силердин катарга кирбеген, жоопкерчиликке жарабаган киши.

## ТОПТУК ЫКМА

**Тапшырма.** Төмөнкү берилген бөлүкчөлөрдү катыштырып, «Жаратылыштын сырлары» деген темада текст түзгүлө. Бул бөлүкчөлөрдү маанисине карай ажыраткыла.

| 1-топко | 2-топко |
|---|---|
| эң, ооба, ээ, кадим, так, тим эле, дагы, белем | абдан, түк, эч, такыр, деле, ыя, бейм, куду, абдан |

**Тапшырма.** Сүйлөмдөрдү окуп чыгып, бөлүкчөлөрдүн астын сызгыла жана алардын морфологиялык белгилерин айтып бергиле.

1. Батыйна чоңойгон так ошол жылы кыздарга таандык жакшы сапатын көрсөттү.
2. Дүйшөн да ошондо оюна келгенин бир иштеп койду да.
3. Колунан келбей жатат го.
4. Оо, эпчил турмуш, азыр баштагыдан да ачуу, өкүнүчтүү, ызалуу иштин ыңгайын келтирди белем.
5. Деги сенин жылыр күнүң болобу, ыя?
6. Дал ушул буйрукту күтүп турган Балбак жанына эки-үч киши алып жөнөдү.
7. Ынтымакты деле өздөрү курат, ырыскыны деле өздөрү табат.
8. Энеңди сыйласаң, акыл кебин көңүлгө гана түйүп кой.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**ҮЙГӨ ТАПШЫРМА**

**Тапшырма.** Төмөнкү сүйлөмдөрдү көчүрүп жазып, модалдык сөздөрдү аныктагыла жана алардын кандай мааниде колдонулуп жаткандыгын төмөнкү таблица боюнча бөлүштүргүлө.

1. Уурдалган бөлтүрүктөрүн жоктоп, кыязы, карышкырлар улуп жатса керек.
2. Менин үйдө жогумду карачы, үйдө болсом, балким, Базарбай бөлтүрүктөрдү уурдабайт эле.
3. Улуу тоолор калыбынан жазбай, суз гана карап турган сыяктанат.
4. Бөлтүрүктөрүн бербесе, карышкырлар дагы кол салууга тийиш.
5. Чындыгында, бөрүлөр улуй берип, тынчыбызды алат окшойт.
6. Кыскасы, Базарбайдын бөлтүрүктөрдү аракка сатканы, албетте, бизди кайгыга салды
7. Биздин ишибиздин да оңунан чыгышы мүмкүн.
8. Анын келгени ырас болду.
9. Мүмкүн, айылдагылар Ысмайылдан шекпшип калышкан чыгар.
10. Кана, айткылачы, айланайындар, качан жардам бересиңер.
11. Даниярдын эрте келип калышы да ыктымал.

| Айтылуучу ой-пикирди ырастоо, кубатттоо, бекемдөө маанисин билдирүүчү модалдык сөздөр | Айтылуучу ой-пикирге күнөм саноо, болжолдоо, божомолдоо, ишене бербөө маанисин билдирүүчү модалдык сөздөр | Ой-пикирди тактоочу модалдык сөздөр |
|---|---|---|
| | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кыргыз тили 10 [Матн] : 10-класс үчүн окуу китеби / Ш.К. Уринова, Г.Э. Шерматова .-Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022.-224 б

ISBN 978-9943-8457-9-4

УЎК 811.512.154(075.3)
КБК 81.2(5Қир)я72

*O‘quv nashri*

# QIRG‘IZ TILI

**Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining 10-sinfi uchun darslik**

***Qirg‘iz tilida***

*Редактору* А. Юнусалиева
*Техникалык редактору*
*Дизайнери*
*Компьтерде даярдаган*

Басууга 2022-жылы 00 уруксат этилди.
Форматы 60x84 $^1/_8$. Ариал гарнитурасы.
Кегли 11 шпондуу. Офсеттик басма ыкмада.
Шарттуу басма табагы---- Учёттук басма табагы-----
Нускасы 00. Заказ------

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ижарага бериле турган окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты, жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |

## Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлеринин негизинде толтурулат:

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебин алгачкы жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, китептин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, көчпөгөн, беттеринде жазуу жана сызыктар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, четтери тытылган, китептин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, бирок канааттандырарлык. Көчкөн барактары кайра ордуна желимделген, айрым беттерине чийилген. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабасы жыртылган, үстүнө чийилген, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлык эмес калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, чийип, боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE